Оморбек АБДИРАИМОВ

# ЭЛИМ менен ЖАШОО КЕРЕМЕТ

***Дил маектер, ырлар, аңгемелер, публицистикалар, очерктер, интермедиялар, мыскыл-тамашалар, юморлор жана архивдик сүрөттөр.***

Ош 2012

УДК 821.51.
ББК 84 Ки 74
А13

*А 13* Абдираимов Оморбек. Элим менен жашоо керемет. Ош. 2011. 254 б.

ISBN 978-9967-03-735-9

*Бул китепке автордун турмуштагы оош-кыйыштарды келекелеген азил-чыны аралаш куйкумдуу интермедиялары, мыскылдары, тамашалары, миниатюралары, юморлору. Учурдун омоктуу маселелерин козгогон курч публицистикалары, очерктери. Жагымдуу жашоо, татыктуу турмушка арзуу сезим берген ырлары, аңгемелери, котормолору. Ишкердиктин ибараты тууралуу дил маектери топтолгон. Тарых далили катары өздүк архивде сакталган айрым сүрөттөр да сүйлөйт.*

А 4702300100-11

ISBN 978-9967-03-735-9

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
© Абдираимов О., 2011

**Дил маектер**

# ЭЛИМ МЕНЕН ЖАШОО КЕРЕМЕТ

**БЫЙЫЛКЫ жылдын күзүндө «Керемет» телерадио компаниясынын президенти Оморбек Абдираимов Кыргыз Республикасынын маалымат жана басма сөз кызматкерлеринин күнүнө карата Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланган.**

**Кабарчыбыз ага жолугуп, 8-декабрь Кыргыз Республикасынын теле көрсөтүү жана радио уктуруу күнүнө карата өзү жетекчилик кылган компания жөнүндө айтып беришин өтүндү.**

«Керемет» көзкарандысыз телерадио компаниясы журналист, СССР журналисттер Союзунун жана Кыргыз Республикасынын журналисттер Союзунун мүчөсү, жеке ишкер, маданияттын мыкты кызматкери, Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасынын ээси Оморбек Абдираимовдун демилгеси жана каржылоосу менен 1995-жылдын 10-февралында түптөлгөн, 18-февралда штат бирдиги түзүлгөн, ал эми 21-февралда Ош областтык юстиция башкармасында каттоодон өткөн. 1-март күнү биринчи эфири Кыргыз Республикасынын мамлекеттик телерадио компаниясынын каналы аркылуу өлкөбүздүн аймагына обого чыккан. Ошондой эле Россиянын коомдук телевидениесинин (ОРТ) жана Россиянын мамлекеттик телерадио компаниясынын (РТР) каналдары аркылуу да көрсөтүүлөрүн элге таркаткан, 2001-жылдын 21-сентябрында Кыргыз Республикасынын юстиция министрлигинен кайрадан каттоодон өткөн.

2003-жылдын 29-августунда теле берүү аппараттарын ишке киргизип, 31-августунан тартып 29-ДМВ өз каналынан көрсөтүүлөрүн улантууда.

2010- жылдын 1-мартында пайдубалы башталып, 10-июль күнү «Акөргө» студиясы пайдаланууга берилип,

телекөрсөтүүлөр обого чыга баштады. Ал эми 13-августта саат 20:00-20:45те орозонун биринчи күнү «Ыйман сабактары» аттуу биринчи түз көрөтүү элге тартууланган.

«Керемет» деген аталышты компаниянын ээси жана президенти Оморбек Абдираимов койгон. Анткени, өлкөбүз эгемендүүлүккө ээ болуп, элибиз эркиндикте, теңдикте келечекке ишенимдүү кадам таштоосу керемет экени сезилди. Демек, көзкарандысыздык -керемет, Кыргызстан өзү керемет өлкө, эли да, жери да керемет. Ошондуктан компаниянын урааны «Элим менен жашоо керемет»,-деп аталат. Ал эми эн белгиси тулпар менен алтын така. «Ат адамдын канаты» экени ата- тегибизден аздектелип, өзгөчө бааланып келет. Алысты жакындаткан, сезимди сергиткен, оорду жеңилдеткен, адамга байоо жаралган тулпарды ташыркатпай туйлаткан алтын така-кеменгердиктин, айкөлдүктүн, жоомарттыктын, жароокерликтин, берекенин, акылмандыктын, даанышмандыктын, биримдиктин, ынтымактын, достуктун, бейпилдиктин символу.

«Кереметтин» түптөлүүсүнө оболу колдоо көрсөткөндөр: Аттокур Акматов, Мамат Орозбаев, Хамид Мухамедов, Эркин Абдыразаков.

Эфирге чыккан программалары: «Сармерден», «Даанышман», «Айылдашым-акылдашым», «Кедейликтен кутулууга болот», «Сулайман-Тоо», «Алтынчы күнү кечинде, ыр күлкү толсун сезимге», «Ырдагым келет, ырдагым», «Обон», «Эл арасы- өнөр казынасы», «Азилчыны аралаш», «Ишкер инсандын ибараты», «Элим менен жашоо керемет», «Чарбакер чабыты», «Кутуча», «Талант», «Көңүлдүү маанай», «5 жылдыз», «Аймак» ж.б.

Өнөктөш достору: «Америка үнү» (Америка Кошмо Штаты), «Азаттык» радиосу (Чехия), «Немец толкуну» (Германия), «Мир», «ДТВ» (Россия), «Манас жаңырыгы» (Бишкек), «ДДД» (Ош) телерадио компаниялары,

«Интерньюс Нетуорк» Кыргыз Республикасындагы өкүлчүлүгү, Америка Кошмо Штатынын Кыргызстандагы элчилигинин Демократиялык комиссиясы, «Максатка жол».

**Жетишкендиктери:**

Алтын медаль-«Ишкердүүлүктөгү мыкты сапат үчүн», Июнь, 2004-жыл. Эл аралык фонд, Женева, Швейцария.

Алтын сертификат- «Мыкты сапат үчүн». Декабрь, 2005-жыл, Бүткүл дүйнөлүк Ассамблея, Женева, Швейцария.

Ардак белгиси - «Улуттук экономиканын лидери-2006». Октябрь, Эл аралык ишкерлер Кеңеши, Москва, Россия.

Туруктуу кардарлары: «Бета Кыргызстан» жабык типтеги акционердик коому, «Саса Интернешнл» канадалык жоопкерчилиги чектелген коому, «Кара, кызыл, ак» мебель дүкөнү, «Динь Чэн» көз айнек дүкөнү, «Lion» бут кийимдер дүкөнү, «Акцент» парда салону.

***Даярдаган: М.ТУРСУНБЕКОВА***
***4.XII.2010-ж.***

## «КЕРЕМЕТТИ» БАШКА ӨЛКӨЛӨР ДА КӨРӨТ

Кыргызстандын кыйырына белгилүү «Керемет» көзкарандысыз телерадио компаниясы 1995-жылдын 1-мартынан бери жашайт. 2003-жылдын 31-августунан баштап өз каналына (29-ДМВ) ээ болгон. Ош аймагынын жаңылыктарынан баштап, Гиннестин укмуш рекорддоруна чейин кызыктарды көрсөтүп, өзүнчө чыгармачылык менен аракеттенген бул каналды күн сайын карабай кое албайбыз.

Өлкөнүн телерадио кызматкерлеринин майрамы алдында «Кереметтин» жетекчиси Оморбек Абдираимов менен маектешип олтурабыз.

- Оморбек мырза, чыгармачылык жамаатыңардын «Элим менен дүйнө керемет» деген урааны жүрөккө дем бергендей угулат.

- Азыркы маалымат кылымынын жагдайында биздин көрүүчүлөргө дүйнө кереметин тез жеткирип, элибиз менен бирге бололу деген ниетибиз менен изденебиз.

Республикабыздын жана жакынкы-алыскы чет өлкөлөрдүн коомдук, саясий жана социалдык, экономикалык турмушун обьективдүү чагылдырып турсак деген жоопкерчиликти өзүбүзгө милдет кылганбыз.

Биздин берүүлөрдү түштүк Кыргызстандын калкы, Өзбекстандын Фергана өрөөнүнөн 2 миллион адам көрүп келет экен. Алар үчүн «Сулайман тоо» жаңылыктары жумасына 2 жолу жалпылап маалымат берет. Анан чет өлкөлүк эң олуттуу кабарлар экранга чыгат.

- Ошол жагы кандай уюштурулат? Кабарчыларыңар барбы?

- Баштатан эле чет өлкөлүк теле компаниялар менен байланышып, алардан жаңылыктарды оперативдүү алып жүргөнүбүзгө эл деле көнүп калган. Мисалы, «Америка үнү», «Немец толкуну» ж.б. компаниялар дүйнө кабарларын өтө кызыктуу даярдап беришип жүрүшөт. Ал эми иштиктүү кызматташып келаткан компаниялар улам көбөйүүдө. АКШнын демократиялык комиссиясы, ЮСИС маалымат кызматы, «Сорос-Кыргызстан», Россиядагы «ДТВ», «ТВ-3», «МИР» теле компаниялар жана биздин өлкөдөгү гезиттер менен өтө тыгыз байланыштабыз. Көрүүчүлөрүбүз негизинен интеллигенция, ишкерлер, прогрессивдүү жаштар,

фермерлер болгондуктан ушулардын көмөгү менен көрүүчүлөрүбүз сураган материалдар кеңири табылат.

Ал эми өзбек калкынын өкүлдөрүнүн теле көрүүчүлөрү көп болгондуктан улам биз өзбек тилинде чыгуучу «ДДД» теле компаниясы менен да шериктеш болуп иштеп келатабыз. Алар шаардагы ишкерлердин ар кыл жарнама-рекламаларын оперативдүү тааныштырат. Суроолор боюнча көрсөтүү уюштурушат. Бишкекте турган «Интерньюс-Кыргызстан» өкүлчүлүгү «Злое перо» жана «Мейкин Азия» аттуу көрсөтүүлөрдү бизге сунуш кылганы жакшы болду. Республикабыздагы курч маселелерге андан жооп алып жүрөбүз.

- Оморбек Абдираимович, көз каранды эмес теле көрсөтүү уюмдары да маалымат берүү жагынан жакшы бааларга арзып келатканын угуп жүрөбүз.

- Албетте ал чындык. Биздин ишибизди дүйнөлүк коомчулук байкап турат экен. 2004-жылы Женевадагы эл аралык фонддон ишкердүүлүктүн жогорку сапаты үчүн Алтын медаль алганбыз. Өткөн жылы Бүткүл дүйнөлүк сапат Ассамблеясынын Алтын сертификатын тапшырышты. Быйыл Эл аралык ишкердүүлүк Кеңеши (Москва) «Лидер национальной экономики-2006 г.» - деген Ардак белгиси менен сыйлады.

Эл аралык ушул уюмдар бизди Спутник телебайланышына алып чыкмакчы. Жаңы жылда Борбордук Азиянын тутумундагы маалымат каражаттары бир каналга кирип, бүткүл дүйнө көрө турган жагдайга туш болуп жатабыз.

-Анда Оморбек мырза, Оштун «Керемет» компаниясын бүткүл дүйнө көрөт экен да.

-Ош жаңылыктарын көрүүнү дүйнө элине насип этет.

-Ылайым эле жаңы жылда жакшылык ыроологон ооматыңарга береке берсин.

***Маектешкен К.Токон***
***8.XII.2006-ж***

# ОШ ЕВРОПАНЫ КӨРӨТ

Куттуу Ош шаарында 1995-жылдын 1-мартынан бери эфирге чыгып келаткан көзкарандысыз «Керемет» телерадио компаниясынын көрсөтүүлөрүн республиканын чар тарабы билип калышкан. Кесиптик майрам алдында анын президенти О.Абдираимовду кепке тарткан элек.

-Оморбек Абдираимович, «Керемет» эркин чыгармачылык уюм болсо да, өзүңөр тандаган негизги багытты окурмандарга айтсак болобу?

-Албетте, «Керемет» тутунган нуска-түштүк жергесиндеги жаңылыктардан обьективдүү, оперативдүү маалымат берүү. Көбүнчө анализи ачык болушуна умтулабыз. Республикалык маанилүү жаңылыктар да биздин экрандан чыгып жүрөт. Алар «Сулайман-тоо» программабыздын негизги максаты.

-Ошого улай башка рубрикаңарды да тааныштыра кетсеңиз.

-Жакшы болот. «Элим менен жашоо керемет» деген түрмөгүбүз теманы анализдеп, публицистикалык жаңырыгы менен чыгып келатат. Бүгүнкү көйгөйдү көрүүчү да кошо чечүүгө кызыгууда. «Жашоо – өмүр» аттуу түрмөктө очерк сындуу көркөм сюжеттер жана жеке инсан, окуя тууралуу документалдуу фильм катары даярдалган материалдарыбыз экранга чыгып келатат. Анан көңүл ачуучу маанайдагы рубрикаларыбыз бар...

-Айтмакчы, Оморбек мырза, силерде чет өлкөлүк өнөктөштөрүңөрдүн материалдары такай кеткен себеби...

-Ал атайы максаттуу ишибиз. Буякта жүргөн волонтерлор жана чет тилин жакшы билгендер үчүн «Немецкая волна» теле көрсөтүүсүнүн англис, немец тилиндеги жаңылыктарын үч жылдан бери спутник аркылуу түз алып көрсөтөбүз. «Европа сегодня» деген көрсөтүүсүн кассетага жазып, орус тилинде жиберишет.

Ал эми Европалык союздан айына бир жолу «Контакт» берүүсү келет. Орус тилиндеги ал материал дүйнө окуяларын талдайт. Булар Европанын турмушун оперативдүү маалымдайт. Ал эми быйыл майдан бери айына бир жолу «Голос Америки» компаниясынын «Окно в мир» деген программасын алып көрсөтүп жүрөбүз. Россиядан болсо «НТВ», «ТНТ» студияларынын берүүлөрүн алып жатканыбызды көрүүчүлөр жакшы билет дейм.

-Булар көрүүчүлөрдүн кызыгуусун, дүйнө таанып билүүсүн арттырат деп ойлойм. Эми өзүңүз чет өлкөдө болгондо ошондой тажрыйбаларды көргөн болсоңуз керек?

-Ошондой десем болот. Вашингтондо, Лондондо болгонумда көп ТВ менен тааныштым. Быйыл Красноярскиге барып «Афон ТВ» деген эркин теле студиянын ишин көрүп, абдан суктандым. Ал шаардын базарында отурган 10 миң кыргыз да анын көрсөтүүлөрүн макташат.

-Оморбек мырза, «Кереметти» ОРТ, РТР каналдарынан көргөндө канааттанып калабыз. Анан «27 дециметровый канал» дегениңерде кээде таппай калабыз да?

-Жаңы жылда биз өзүбүзчө каналга ээ болобуз буюрса. 29-канал биздики болот. Ошондо эфир убактыбыз кеңейт. Эл көбүрөөк көрөт бизди.

-Ошол эл менен байланышыңыз кандай азыр?

-Кээде арыздары менен кайрылышат. Дыйкан чарба, фермерлер жакшы ишин көрсөтүүгө өздөрү келишет. Анан жакындарын, тууган-уруктарын жакшы күндөрүндө куттуктоо үчүн келгендер арбын. Бул кызматыбызга ыраазычылык көп. Келечекте убакыт да көп, кызыктуу көрсөтүүбүз да көп болмокчу.

-Ылайым, ошондой күндөр насип этсин!

***Т.Кенжеев***

***8.XII.2001-ж.***

## АЛА-ТООНУ ШАҢГА БӨЛӨ, «КЕРЕМЕТ!»

### («Керемет» эркин телерадио компаниясына 4 жыл)

1995-жыл, 1-март. Көзкарандысыз «Керемет» телерадио компаниясынын алгачкы эфири. Жакшы тилек менен атын «Керемет» деп тогуз толгонуп жатып «Кереметтин» президенти Оморбек мырза койгон. Анын үстүнө жаз жакшылыкка төлгө болду. Бүтүндөй аалам жазда көктөйт. Демек, көз карандысыз телерадио компаниянын атынын коюлушу, ишинин башталышы эл-журтубуздун жакшылыгына жорулган. Калктын кызматын аткарган, жакшылыгын ааламга жар салып, кемчилигин айтып, төгөрөктүн төрт бурчунан түрдүү кабарларды көрсөтүү керемет эмей эмне?!

«Көрүнгөн тоонун ыраагы жок»-дейт элде. Адегенде эфир Фергана өрөөнүнө чыккан. Кийин «Керемет» тушоосун кесип, кемине жеткен 1996-жылдын июль айынан баштап республикалык деңгээлде өз көрөрмандарын тапты.

Материалдык-техникалык базасы жок, нөлдөн баштап тобокелчилик менен иш баштаган «Кереметке» ошол кезде колдоо көрсөткөн инсандар «Керемет» канча өмүр кечирсе, ошончо анын тарыхында түбөлүк калат. Алар Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин эл өкүлдөр жыйынынын депутаты Мамат Орозбаев, аны менен бирге иштеген Хамид Халматович Мухамедов, телерадио берүү боюнча Республикалык радиорелейлик магистралдардын аймактык №1-түйүнүнүн жетекчиси Аттокур Акматов, убагында «Кыргызстан» АКБнын өнөр жай бөлүмүнүн башкаруучусу болгон Эркин Абдыразаков жана башкалар.

Элдин чоң жакшылыктарынын арасында дүйнөгө даңкы чыгып белгиленген «Манас» эпосунун миң жылдык мааракеси да «Кереметтин» көгүлтүр экраны аркылуу калкка жетти. Кыргыз улуттук мамлекеттик телекомпаниясы менен катар берилип жаткан маараке

салтанатын бүтүндөй журтчулугубуз өз үйлөрүндө көрүштү. Теле компаниянын материалдык-техникалык базасынын чыңдалышына эл аралык фонддордун көрсөткөн жардамы чоң болду. «Кереметтин» максат-мүдөөсүн белгилеп, атайы жазылган долбоорлордун негизинде эки жолу (1996-1998-ж.) АКШ өкмөтүнүн (ЮСИС) Демократиялык комиссиясынын, Эл аралык кайрымдуулук (1996-ж.) фондунун гранттарын алууга мүмкүндүк түзүлдү.

Мына ушул гранттар аркылуу компания жабдуулар менен толукталды. Ал эми чыгармачылыгыбыздагы жетишкендик бүтүндөй дүйнө кезип кызматташуу болду. Азыр Америка Кошмо Штаттатынын жана Улуу Британия өлкөлөрүнүн массалык маалымат каражат-тары, ошондой эле «Интерньюс» эл аралык уюму, шайлоо системасынын Эл аралык фонду сыяктуу көптөгөн дүйнөлүк уюмдар менен байланышуу мүмкүнчүлүгүнө жетишти.

«Керемете» тематикасы түрдүү телеберүүлөрдөн сырткары, ордолуу Ош шаарынын 3 миң жылдык мааракесине арналган «Сармерден» телефестивалы, мектеп окуучуларына арналган «Оромпой», «Төлгө» телеоюндары зор кызыкчылыктарды пайда кылды. Ал эми «Кутуча», «Ырда жигит, бийле кыз», «Жаш тилек», «Обон», «Алтынчы күнү кечинде, ыр-күлкү толсун сезимге», «Кереметтин күлкү казынасынан», «Сармер-дендин сыр сандыгынан», «Азил-чыны аралаш», «Керемет телетеатры» сыяктуу көркөм музыкалык берүүлөрү элдин социалдык, саясий-экономикалык жана маданий абалын чагылдырган программалык көрсөтүүлөргө айланды.

«Эркин эл адабияты» газетасы жана анын миңдеген окурмандары «Кереметтин» керемети улам арта беришине, анын көп кырдуу берүүлөрү Ала-Тоо аймагын шаңга бөлөп, калайык калкыбыздын руханий

дүйнөсүн жайылтуунун бирден-бир касиеттүү булагына айланышына тилектештигин билдиришет.

## «КЕРЕМЕТ» УЛУУ БРИТАНИЯДА

«Керемет» телерадио компаниясынын Президенти Оморбек Абдираимов былтыр АКШ өкмөтүнүн чакыруусу менен Америкада бир ай иш сапарында болсо, ушул жылдын башында Улуу Британия өкмөтүнүн чакыруусу менен Лондондо бир жарым ай болуп, чет элдик коллегалары менен чыгармачылык тажрыйба алмашып кайтты.

Төмөндө, сиздерге журналисттин эки өлкөдөн көргөн-билген таасирлери тууралуу маегибизди сунуш кылабыз.

- Оморбек Абдираимович, былтыр апрелде Америкада элеңиз, быйыл Англияга барып келдиңиз. Сиз барган эки мамлекеттеги кесиптештерибиздин ишин айтуудан алдын, андагы капиталисттердин, анын арасында жөнөкөй элдин турмушу жөнүндө бири-бирине, бизге салыштырып айтып берсеңиз?

- Америка 1783-жылдын төртүнчү июлунан тартып көз карандысыз мамлекет. Демек, 216 жыл аралыгында анын турмушу түптөлүп калган. Алардын өзгөчөлүгү - демократиялуулугу, бул аларга өөн эмес. Мисалы, ал жерде президент аткаруучу бийлик катары кызмат кылат. Анан ар бир адам жеке турмушундагы оош-кыйышты өзү чечиш керек. А бизде жетекчилерге асылып калышат. Ал жерде дагы, англис тилинин биздегидей эле түндүк-түштүк диалекти бар. Эли абдан иштерман, жетиштүү турмуш кечиришсе да, «жетиштик» деген түшүнүк жок. Дем алуу менен ишти дайыма айкалыштырышат экен. Ушундан эле алардын турмуш деңгээлин көрүүгө болот.

- Жумушсуздары да бардыр?

- Бар, майыптары, жалкоолору. Алар өкмөттөн пособия алышат.

- Жумушсуз калууну Америкада да, Лондондо да коомдон четтөө деп билишет экен. Ишке орношуу чоң нерсе. Балдары эмгекти эрте үйрөнүшөт.

- Үй-бүлөдө бизден өзгөчөлөнгөн мамилелери бар бекен?

- Балдарды ата-энелери мектеп жашына чейин карайт. Андан соң өзүнчө коюшат. Анан жаштары турмуш курууга эрте бел байлашпайт. Эсеп менен мүмкүн болушунча ата-энесине түйшүк артпаганга аракет кылышат. Эң эрте турмуш кургандары 25 жаш, калганы 30-35тен нары.

Ал эми Англияда Америкага караганда дагы катуураак, балдар ата-энелерине көз каранды болбогонго аракет кылышат. Чыгымдарын да өздөрүнчө төлөшөт. Эгер жигит бийкечти тамактанууга чакырса, ал кыз үчүн төлөбөйт. Ал үчүн төлөө, аны кемсинткенге барабар. Дагы кызыгы, Англиядагылар америкалыктарга караганда өздөрүн бийигирээк коюшат. Көп нерсе Англияда жабык, ачык эмес.

- Ашканаларында кандай тамактар даярдалат экен?

- Англияда улуттук тамак куурулган балык, кайнатылган картошка, балык шорпо, гамбургер. Америкада да ошондой, негизинен деңиз жаныбарларынан даярдалган тамактар көп. Англияда болсо, жапайы айбанаттарды уулоого катуу тыюу салынган.

- Эки өлкөнүн элдери кандай кийимди баалашат?

- Англияда да, АКШда да жүндөн, пахтадан, дегинкиси нукура кийинишет. Баш кийимдери көбүнчө кепкалар ар кыл жиптен токулган. Баалуу норка, ондатыр, булгаарыдан жасалгандарын кийишпейт. Ал эми синтетикалык материалдардан тигилген кийимдерди жумушка, көбүнчө ремонт учурунда кийишет. Нукура таза буюмдарды баалашат.

- Эли ааламда эмнеге көңүл бурушуп, күндөлүк турмушунда эмнеге кызыгышат?

- Негизинен калк саясый жаңылыктарга көңүл бөлүшөт. Нью-Йоркто 20 млн. киши жашайт. Америкалыктарды англичандар далдаңбай, ашыкча демократтар деп эсептешет. АКШда да, Англияда да бизнеске көп кызыгышат. Эки өлкөдө тең медицина баалуу, медициналык персоналдардын кадыры бийик. Тейлөө кымбат. Алар биринчи кезекте өзү кыйналбай, кор болбой жашаганга багыт алышат. Биринчи планга ден соолукту коюшат.

- Ушундай өлкөлөрдөгү массалык маалымат кызматы, басма сөз рыногу кандай экен?

- Ал калыпка түшүп калган. АКШдагы «Си-Эн-Эн», «Си-Би-Эс», «Голос Америки» өңдүү телерадиолорунун материалдык базасы жаңы техникалар менен жабдылган, компьютерлештирилген, техникалык проблемалары жок. Алар бизде жомок болуп эңселген техникалар менен иштешет.

АКШда 1 мүнөттүк рекламасы 1 млн. доллар экен. «Си-Эн-Эн» теле компаниясында 1500 кызматкер эмгектенет. 31 станциясы бар. Тогузу Америкада, калгандары чет өлкөлөрдө. Күн сайын 12 канал менен эфирге чыгышат. 150 млн. көрүүчүбүз бар деп эсептешет.

Англиядагы «Би-Би-Си» теле компаниясында 20 миң киши иштейт. «Би-Би-Синин» жалпысынан 44 тилде көрсөтүүлөрү бар. Бул коомдук телевидение, калгандары менчик телекомпаниялар. Коомдук телевидениеде рекламаларга, коммерциялык көрсөтүүлөргө уруксат жок. Ал белгиленген өлчөмдө элден жыйналган каражаттын эсебинен каржыланат. Ага ар бир үй-бүлө 100 фунддан (1-фунд -50 сом) телекөргөндүгү үчүн төлөшөт. «Би-Би-Си»нин 12 студиясы бар. Анда орус, кыргыз, казак, өзбек, азербайжан тилдеринде радио берүүлөр эфирге чыгат. Кыргыз редакциясында 6 адам иштейт экен. Күнүнө жарым сааттан эфирге чыгышат.

Эми келечекте 1 сааттан чыгабыз деп пландаштырып жатышыптыр.

- Журналисттердин айлыгычы?

- Эң төмөнкү маяна 2000 фунддан. «Рейтер» агентствосунун Лондондо уюшулганына 150 жыл болуптур. Алар информациялык маалыматтарды берүү боюнча лидер. Аны 24 тилде 350 миң кардарга сатышат. 14 миң киши иштесе, анын 2 миңи гана журналисттер. «Капитал» деген дагы бир Англиядагы радиодо 25 радио станциясы, 50 рестораны бар. Англияда спонсорлор берген сумманын 40 пайызы компанияда калат да, 60 пайызы алардын рекламасына кетет. Анан «Ski» телерадио компаниясында 14 миң адам иштейт. Анын 300 кызматкери жаңылык менен отурушат. Бул спутниктик телевидение.

- Оморбек Абдираимович, сиз былтыр апрелде Америкада элеңиз, быйыл Улуу Британиянын тузун татып келдиңиз. Ал өлкөдө биздин саясый ишмер эжекебиз Роза Исаковна бар эмеспи, жердештерине кандай таасир калтырды?

- Кыргызстандын Британиядагы элчилигинде Отунбаева Роза Исаковнанын 7 кызматкери бар экен. Албетте, биз алар менен жолугушуп, эженин үйүндө конок да болдук. Мен байкагандан Роза Отунбаеванын эл аралык деңгээлдеги коомдук аброю абдан жогору. Ал өлкөдө кандай окуя болсо да, эже менен байланышып, кабарлап турушат экен. Англис тилин өтө таза билгенине англичандар өздөрү таң калышат тура. Мага өзгөчө жакканы, элчиликтин штаб-квартирасын, өзү жашаган үйдү улуттук жасалгалар менен кармайт экен. Дубалдарда чий, ар кандай оймо-чиймеде укмуш куурактар, шырдак, ала кийиз жерде төшөлгөн. Англиянын королу мененби, же ар кандай салтанаттуу окуяларга улуттук кийим менен барат экен, буга түшкөн сүрөттөр далил болуп турат.

- Лондондун көчөлөрүнөн эмнелерди байкадыңыз?

- Ал жерде жаан-чачындуу, нымдуу болгондуктан, туюмга жылуулук тартуулаш үчүн кызыл, кырмызы түстү көп пайдаланышат. А түгүл, көп кабаттуу үйлөрдүн көбү кызыл бышык кыштан. Кар жаабайт, январда жапжашыл. Анан сууну атайын приборлордон өткөрүшүп, бөтөлкөлөп пайдаланышат. Америкага караганда Англияда чайды көбүрөөк ичишет.

- Телерадиолорунан кабардар болдук, эми басма сөздөрү жөнүндө?!

- Англияда 79 беттен турган «Sun» гезити күнүгө 4 млн. 78 миң нуска менен түстүү чыгат. Гезиттеринин көпчүлүгү чоң тираж менен, «Sunдун» жекшемби күнкү номери 200 бетке чейин чыгат. Бир номери 2 фунт. Беттерине рекламаларды көп беришет. Андан сырткары саясый, аналитикалык, сенсациялык материалдар болот. Адамдар телерадиого, гезитке акчасын бир жыл мурун төлөп коюшат, же ишеним каттын негизинде бөлүп төлөшөт.

- Кабинеттеринде кимдердин сүрөттөрү турат?

- АКШ менен Лондондогу кабинеттерде көбүнесе өздөрүнүн, үй-бүлөсүнүн сүрөтү турат. Аларда дагы бир жакшы жери, сөзсүз жанында үй-бүлөсүнүн сүрөтү жүрөт. Эгерде сиз бирөөгө салам айттырып жиберсеңиз, анын сүрөтүн көрсөтүп, «ушул адам салам айтты»- дейсиз.

- Чоң өлкөнүн борборлорунда калк абдан жыштыр?

- Лондон шаарынын өзүндө эле 36 кичи район бар. Анын ар биринде 200-300 миңден калк жашайт. Жалпы Британияда 60 млн. Лондондо 8 млн. калк бар. Ал эми көчөлөрүндө эки кабат кызыл түстөгү автобустар жүрөт. Таксилери болсо, илгери Англиядан чыккан кара түстүү.

- Ушундай чоң шаарларды, чет жерди кыдырып жүрүп эмнени ойлодуңуз? Дилиңизде не турду?

- Ар бир күнүмдө Ата журтумду ала жүрдүм. Эмнени көрсөм, дароо салыштырам. Жакшы-жамандарын салыштырдым. Жакшылары көп, аны

айтсаң бизде «И көрүп келген киши болуп»-деп жактырышпайт. А чыны, ошол жакшы нерсе бизде да болсо дейм. Канткен менен биздин жерди салыштырып болбойт, бизде 4 мезгил бар, жаратылышыбыз кандай сонун. Бирок, жалкоолук туягыбызды тушайт. Лондондо болсо ар күнү жамгыр, алар ага карабайт, үйрөнүп калышыптыр, бизге окшоп жамгырдын бүтүшүн күтүшпөй эле, иштей беришет экен. Ишкерлерге тоскоол болбой, аларды колдосок, жакшы нерселерди алардан алсак, биз деле үйрөнүп кетебиз.

- Кандай маданий жайларына бардыңыз?

- Альберт атындагы театрында болдум. Ал Викториянын- Королеванын күйөөсүнүн атында экен. Алгач королдун резиденциясы болгон, маңдайында анын мемориалы бюсту турат.

- Убактыңызды бөлүп, маектешкениңиз үчүн чоң ырахмат, сапарыңыздын жемиши «Кереметке» чыгармачылык ийгилик алып келсин.

***1999-ж.***

***«КЕРЕМЕТ»***
***КАЛЕМГЕРЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ БАЯН***

## ИШИБИЗДИ ЖЕҢИЛДЕТКЕН ЖЕҢЕБИЗ

ЗУУРА ХАМЫТОВА-өндүрүштүк-финансылык бөлүмдүн директору, бухгалтер, катчы, адистер бөлүмүнүн башчысы, редактор, машинистка, (кесиби журналист) айтор, санаса беш манжасы жетпеген универсал адис. А бирок, бир эле кызматынын маянасына ыраазы. Баарыбыз аны жеңе дейбиз.

Чү дегенде эле, бул инсандын кесибин айтып баштаганыбыздын да жөнү бар. Анткени, XXI кылымдын кадрлары дал ушундай болушу шарт эмеспи. Кандай, эмне кызмат болбосун, «жок» деген жообу жок, дароо ишке киришет. «Менин эсепчиден көрө,

чыгармачылык ишим жеңил. Башка түшсө, эмне болсо дагы үйрөнүүгө туура келет экен, мынтип эсеп менен баш оорутам деп ойлоп да койгон жок элем»- дейт, күлө бага, универсалдыгына маашырланып.

Ырас, эсептин кыйыны банктагыдай айланткан, тегереткен, жүгүрткөн, дагы кандай дейт эле, акчанын көптүгүнөн эмес, салык отчетунун көптүгүнөн болсо керек, качан болсо эле отчет деп башын кызыл, ак гүлү бар жоолук менен таңып олтурат, кабагын чытып, жооптуу окшойт. Иши кылып, салыкка, отчетко, соцфондго кагаз толтурат, көрөбүз да. Айлык алганда болсо «жээниңе», «атаңа», «энеңе», «жолуңа», «ооруңа», «кийин ишке жараксыз болгонуңда», «өлгөнү жатканыңда»-деп олтуруп, кой союп колкесер алгандай эле тыйын менен кетебиз үйгө. Анан ушул адистиктин оңою болобу! Азыр жакшы материалдар кымбат да, аны алсам салыктарды төлөй албай калам. Ошондуктан мен көбүнчө халат тиктирем, халаттын материалына алым жетет. Кол акысына койгон чайын кошо ичишем шерик болуп. Рахмат айтам, мактабайм, ыр токуп койбосун деп. Уят да, шарж болуп, майрамда токулуп, көрнөктө илинип турсам.

Хамытованын дагы бир өзгөчөлүгү ушу ыр токуганы да. Ыр жазат дейин десең, аны ойлонуп, эргип жазат го, а жеңебиз колуна кагаз алса эле ыр токуп коет, дароо эле, коридордо баратып да, чай үстүндө да, машинке басып олтуруп да. Анан жана түймө түйгөндөй ыр жазса, ыр токуйт дебей не деш керек.

## МИКРОФОНСУЗ ЖҮРБӨГӨН МИТАЛ

Олжобай экөө теңтуш, бири-бирине күйүп турат. Ушуга көз тийбесин деп Олжош көбүрөөк коркот, досу эмеспи. Кудай сактасын, шыпылдап ишти эле уюштурбастан, майрамдык салтанаттарды да көркүнө чыгарат. Дайым эле жакшы тилек менен анын аман

болушун каалайбыз, антпесек өткөн арапа гана Митал жок белгиленбей калды. Болбосо, 1-Март «Кереметтин» туулган күнү, 8-Март аялдардын эл аралык майрамы, Нооруз - жаңы жылдын келиши бизде жакшы камылга менен тосулган. Анан айт-арапаны уюштурууну Митал эсинен чыгарып койгонбу алаксып, көр тиргилик да, баарыбыз үй-үйүбүздө өткөздүк, чогула албай. И баса, Митал микрофонду сүйөт. Кадимки биз интервью алчу микрофонду Митал жанындай жакшы көрөт. Дайыма аны кутусуна да салбай, колуна көтөрүп жүрөт. Анан анын колуна тийсе барбы жакшы көрөт да, адегенде суроо берет, кайра микрофонду каарманын көздөй алып баратып, ал микрофон өзүнөн алыстай түшкөндө, кайра өзүнүн оозуна тийгизип «жыттап», дал кагып жаткан жүрөгүнүн тушуна коюп дагы сүйлөйт. Эмне деппи? Ошо берген суроосуна кандай жооп бериш керектигин түшүндүрөт.

Эмнеси болсо да, уюштургуч кесиптешибиз жакшы инсан, суук көздөн алыс болуп, аман жүрсүн.

## КАЛЫСТЫН КАЛЫСТЫГЫН АЙТ

КАЛЫС АПИЕВА-эсепчинин жардамчысы, машинистка, кабарчы. «Дүйнө бүткөн дүйшөмбүдө» Калыс эже, адегенде эле «Кереметтин» апталык программаларын Бишкекке, областка жөнөтөт. Андан соң, эсеп-кысап иштерин тактап, анан кабар издеп жөнөйт.

Атына заты жарашып иште да, даярдаган материалдарында да, жок дегенде чай үстүндө да калыс. Кимибиз келбей калсак, же кечигип калсак, бизге окшоп сүйүнүп, алардын ырыскысын ашказанга жайгаштырып койбостон, өзүнчө бөлүп алып коет. Мындай калыстыгы үчүн абдан сыйлайбыз, атүгүл, теңтуштары урматтап «эже» деп алышкан. Аялзатын сыйлаган кем болбойт, ал эне да, чын эле эже деген эки жигит менен Калыс эженин балдарынын бойлору тепетең.

## ЭГИЗ КОЗУДАЙ ЭКИ БИР ТУУГАН

ЖЫЛДЫЗ, ВЕНЕРА-режиссер-топтоштуруучулар, дикторлор. Айтор, бизде бир эле менин кесибим жалгыз, уялам. Венера эфирге тартылганы **6**-кабатка студияга чыгып кетсе, Жылдыз монтаж жасай берет. Жылдыз эфирге чыгам десе, Венера аны тартып коет да, компьютерде каалагандай жасалгалап элге берет.

Венера сүрөттү жакшы тартат, анан көбүнчө орусча берүүлөрдү даярдайт, «городская» да. Жылдыз мыкты оператор, бирок компьютерде иштегенди өзү жакшы көрөт. Ошого камера көтөрүп жүргөндөн көрө деп, столдо олтуруп, биздин тартип боюнча эч кимди уруксаты жок кийирбеген монтаж бөлмөсүнөн чыкпайт. Аны өзү айтпайт, биз сезебиз да. Олжобай көбүнчө Жылдыздын үнүн жактырган үчүн, менеджер эмеспи, реклама, жарыя, куттуктоо тексттерин ага окутат. Менин үнүмө Жылдыздын үнү окшош, жагымдуу дейт.

## АДМИНИСТРАТОР

Дайыма жылмайып, катуу үнү чыкпаган шыңга бойлуу жигитибиздин ысмы Батыр. Ал администратор катары биздин ар бирибиз менен иштешүүгө туура келет. Анан оператор дагы. Өңү тазалыгынанбы, көзгө жакын да, Түрк калкынын өкүлдөрү аны менен көп кызматташат. Балким ичтери жылып, өздөрүн окшоштурушабы, алар компанияга чейин артынан ээрчип келишип, бизге айтпай сьемкага алып кетишет. Түрк элинде мусулманчылык менен улуу Чыгыштын салттары өтө бекем сакталгандыктанбы, бизчилеп баарын эле жоорай беришпей, сылык-сыпаа, сый кеп урушат экен. Батырдын кулк-мүнөзү аларга жакты.

# ОЛЖОБАЙ БАЯНЫ

«Кереметтин» тең жүгүн өзүм көтөрөм деген маркетинг боюнча менеджери Олжобай Бубатаевдин мүнөзү, жүрүш-турушу далдактап, так ошол бабаларын элестеткен жигит. Кең далылуу, бойчоң болгону менен, карап турсаң баладай балпаңдап калса, бойго жеткен житит ата-энесине жаш баладай кылык көрсөткөнсүп, ууртуңуз аргасыздан ачылып, акак тиштериңиз кенен аба жута калат.

Көрсө, Олжобай кадимки калкыбыз кадырлап, алардын талантына таазим, өнөрүнө урмат кылган профессионал артист. Ал Ташкенттеги искусство институтун бүтүргөн соң, Ош кыргыз драма театрында эмгектенет да, кийин тележурналистика адистигин жактырып калып, кесибин оштурат. Албетте, өз чыгармачылыгында өз кесибинин пайдасы тийип, ошон үчүн да анын алып баруусунда (автору Зуура Хамытова) «Алтынчы күнү кечинде, ыр-күлкү толсун сезимге» аттуу музыкалык көркөм көрсөтүүбүз көрөрмандарыбыз жантыгынан жата калып көргөн телеберүүлөргө айланды. Мына ушундай чыгармачылык ийгиликтеринин бири 1998-жылы Кыргызстандагы телерадио компаниялардын 1-телефестивалында жумуриятыбыздагы 6 областтын арасынан «Дүйнө -өмүр» түрмөгүнүн алдында ал даярдаган телеберүүсү фестивалдын дипломуна ээ болгон.

Муну айтканыбыз - Олжобайдын журналисттик көрөңгөсүнө өзүңүздөр тараза болуңуздар, кадырман окурмандар.

Ал эми «Олжобай атанын жомогу» аттуу балдарга арналган автордук программасында, ал негизинен элдик макал-лакаптардын, эски накыл сөздөрдүн маани-маңызын «жиликтеп», жаш өспүрүмдөргө түшүндүрүп берүүнү көздөйт. Мындай көрсөтүүлөрдү азырынча улуттук телеберүүлөрдө учурата элекпиз.

Учуру келгенде, сурап калуу парз.-Олжобай, сен көптөн бери Ош мамлекеттик телерадио комитетинде иштедиң. Насип тартып, тузу буйруп эми «Кереметтесин». Мамлекеттик теле менен эркин теленин айырмасы кайсы?

-Мен кыскача мындай дейт элем, мамлекеттик теленин кызматкери колуна «кислород» толтурулган баштыкты алып жүрөт. Ал эми «кислород» түгөнгөндө эмне болот билесиңби?! Көз карандысыз теледе эркин, кенен дем аласың, кылчактап 7-кабатты карабайсың. Анан 1-кезекте кызматкерлер өздөрүнүн материалдык базасын чыңдоого чоң мүмкүндүк болот. Мен муну өзүмдөн эле мисал келтирип айтып жатам да.

## КАЛЕМИ КУРЧ КАЛЫЯ

Мына бул биздин телерадио компания тууралуу жазылгандар, баарлашуулар, баян башкы редакторубуз Калыя Карыбековага таандык. Насили теледе болсун, гезитте болсун баарынан күчтүү жоопкерчилик башкы редакторго жүктөлөт. Ош студиясынын босогосун аттагандан, эс алууга чыкканга дейре радиону жетектеген ардагер журналист Токтогул Кенжеев айтты эле «Мен бүт чыгармачылыгымды радиодо иштеген редакторлорго сыгып бере-берип өзүмө эч нерсе калтырбапмын», деп.

Ырасында кийинки учурда «Кереметтин» көрсөтүүлөрү айрыкча маалымат, жекшембиде жети кабар жакшырып бараткандыгы да Калыянын эмгегинин жемиши. Тынымсыз түйшөлөт.

Журналист өзү насили жаштайынан мен акын, жазуучу болом, анан..анан.. деп кыял кемесин минип жүрүп, теле, гезиттин тегирменине түшкөнүндө баягы, акын-жазуучу болом деген ой-чабыты унут калат. Эртең жазам, эртең бүтүрөм деп жүрө бересиң, а өмүр закымдай берет. *Биздин* Калыя да ыр, аңгеме, новелла

жазат. Жарык көргөнү, сыр сандыгында кезек күтүп жатканы бар.

## «АНДАЙ ЖИГИТ МЫРЗАСЫ ЭМЕС, КЫРГЫЗЫМДЫН»

Ушундай обону менен калкка таанылган обончу жана аткаруучу Маматмуса Бакиров «Кереметтин» үн режиссеру. Өзүнүн чыгарган обондору, аны аткарышы менен биздин эле эмес, бүтүндөй журтчулугубузга жаккан. Раматылык Азада Бегимкулованын ырларына Маматмуса көп обон жаратты.

Көрсөтүүлөрдүн үн, музыка жагынан «жабдылышы» Маматмусанын милдети. Кээде «чийки» тартымдарыбызды музыкалаштырып, кулакка жагымдуу үн, жүрөккө жаккан музыка менен айрым кызматкерлерибизден кеткен кемтикти толтура коюу колунан келет. Андайда айыбын сезгендер бөйпөлөктөп, Муса аке дешип калганын айтып эле коеюн. Албетте алардан тил угуп «энчи» алам дечи, бирок калыстык үчүн ал жөнүндө ооз ачпасам айыптыр. Же тескерисинче Маматмуса мырза кечирип кой, сен кээде үн салып жатпайсыңбы колуң бошобой калганда, биз деле түшүнүп коебуз го.

Маматмуса «Кереметти» музыка жагынан өксүтпөйт. Айрыкча, алтынчы, базар күндөрү өзүбүз Мусага буйрутма берип коебуз. Антпесек, областтагы ар кыл эмгек жамааттары, жеке ишкерлер, той өткөрүүчүлөр жакшылыктарынын көркүн чыгарып, мукам музыканын коштоосунда оюн-зоок уюштурууга тилеги барлар Муса деп турушат. Заманга жараша ар кандай нерсени, Миталдын тили менен айтканда түшүнүү керек, анын үстүнө Муса үй куруп бүтөйүн деп калды. Буйрутма алган жардам да ага, же биздин колубуздан кыш куюшуп, пайдубал түптөгөндөн башка келбесе. Ал жардамга барсак да, тамагыбыз андан ашып

түшөт экен. Ушуну түшүнгөндөн кийин ар ким өзүбүз эптейли деп чечтик, ичибизден түшүнүп турабыз да. Баса, быйыл үй тоюна барабыз, жай бышканда, жаратылыш көркүнө келгенде. Бул биздин «Кереметтин» жалпы кубанычы, жакшылыгы. Ар бирибиздин сүйүнүчүбүз баарыбызга тегиз, президент ушинтип айтат. Биз да ушинтип айтабыз. Менин чоң энем да ушинтип айтчу. Ырас да, биздин кызматкерибиздин үй тою биздин той.

## ЭРКИНГҮЛ БИШКЕКТЕН

Көз карандысыз «Керемет» телерадио компаниясынын жер-жерлерде кабарчылар борбору иштейт. Адегенде Бишкекте ачылган борборду азыр Эркингүл Мамбетакунова жетектейт. Эркингүл айым мурун башкы режиссер болсо, азыр ага кошумча аталган борбордун башчысы, редактор, зарыл учурларда диктор, алып баруучу, уюштуруучу-кабарчы. Көбүнесе, ал Ысык-Көл, Нарын, Талас областтарында жаңылыктарды, жакшы жөрөлгөлөрдү даярдайт.

Азыр ал кичинекей сүймөнчүгүн алпештеп, энелик ыйык милдетин өтөп, бала багуу отпускасында. Чыгармачыл адам да, мүмкүндүгү боло калганда, жаркылдап эфирдин көркүн ачып чыга калат. Ишин сагынып калат го, Толгонай тез эле басса экен, - деп кызынын кадамын санап олтурат.

## «ОРОМПОЙ»

ЖАМИЛА АРЫКБАЕВА-чынында эле Айтматовдун Жамийласы. Бирок, анын Данияры Казахстандан эмес, Оштун Кара-Суусунан. Жакшы жигит Даниярга окшогон, арабасы («жигулиси») да бар. Жамиланы Таластан алып келген.

Жамила адегенде оператор болуп кызмат кылды. «Кереметке» келгенден бери бул кызыбыздын чыгармачылыгы гүлдөп-өсүп, азыр өспүрүмдөргө арналган улуттук «Оромпой» теле-оюнун, «Кереметтин күлкү казынасынан» калкка жылмаю тартуулаган автор. Ошон үчүн да аны тамашалап «Оромпой» дейбиз. Кесиби-бухгалтер, оператор, редактор, режиссер, кесиптик кошундун башчысынын уюштуруу иштери боюнча орун басары.

Үйүндө 4 чүрөктүн мээримдүү апасы, Жапардын Жамиласы. «Кереметтин» абройлуу, айрыкча кызматы менен президентке жаккан кызы.

## АЙТИКАН, АЛМАЗ БИР АДАМ

Дагы бир борборубуз Жалал-Абад шаарында. Айтикан Эшенкулова деген кызыбыздын жардамы менен бүтүндөй Жалал-Абад областынан кабар алабыз. Ага жолдошу Алмаз Аданов жардам берип, операторлук кызматты аткарып жүрөт. Адегенде «аксап» барып ишке эми кадимкидей такшалып баратышат. Алмазга караганда Айтикан «чыйрак» деп калышат жердештери, эмнеси болсо да бир үй-бүлө, коюндан акса, кончко дегендей. Иш дегенде ичкен ашын жерге койгон жубайлар үчүн баары али алдыда.

## АЖЫРАГЫС ЭКИ ДОС

Алмазбек Матаев, Анвар Байзаков-экөө дос. Кесиптери кабарчы-операторлор. Алмаздын дагы бир кызматы-студиялык аппарат комплексинин начальниги. Анвар «криминалист». Анткени, криминалдык темадагы телеберүүлөрдүн бардыгын Анвар тартып, даярдайт. Ички иштер кызматкерлеринен да тааныштары көп.

Алар келсе эле, Анварды алып кетишет, ичпейт экен дешип, же түштөнүүбүз жеңил түшөт дешеби.

Анан студияда эмне техникабыз болсо, ошонун баарынын «тагдыры» Алмазбектин колунда. Кичине көз салбай койсо эле жоголуп, «аксап» -сынып, үзүлүп, чийилип, «жөтөлүп» калат. Кыргызбыз да, заряды болбой калса да Алмаз! - дейбиз күп этип. Ал чоң, жоопкерчиликтүү программаларда иштейт, тажрыйбасы башкалардан аксакал эмеспи. Анан маалыматка тыпылдап Акылбекти, Алымбекти моюн бурдурбай жумшайт. Балдарыбыз кудая шүгүр, элпек, кичипейил жигиттер.

## АКЫЛБЕК МЕНЕН АЛЫМБЕК

Акылбек Нышанов «Кереметтин» эфирдик оператору, өзү Ош технологиялык университетинин мамлекеттик башкаруу жана бизнес факультетинде окуйт. Иш менен билим алууну айкалыштырган бул жигиттин үнү коңур болгондуктан, алып баруучулук ишине жардам бере калат. Ишинин кыйкымы жок. Алымбек болсо кабарчы-оператор, жаштыгына карабай ишке дилгир, зирек. Узакка уктаганды жаман көрөт, келечекте кино-оператор болом деген сонун кыялдары бар.

Жаштын тилегин берет дейт, ылайым Алымбек келечекте кыргыздын Чаплиндерин тарткан чыгармачыл, чоң оператор болоруна шек жок. Чоң иштер дайыма майдадан башталат, балким Алымбектин келечекке жолу дал «Кереметтен» башталып, аткарган иши, чеберчилиги үчүн Оскар сыйлыгын утуп албайт деп ким айта алат. Баары алдыда, азыр иштеш гана керек, өзү айткандай.

***Баарлашып, баяндаган: Калыя Карыбекова***
***1999***

## «ИМЕЮ ПРАВО ПО ВСЕЙ АМЕРИКЕ ЛЕТАТЬ БЕСПЛАТНО!»

По приглашению директора информационной службы США (ЮСИА) в Кыргызстане г-жи Келли Кайдерлинг, в Америке побывала группа кыргызстанских журналистов. Поездку нашим коллегам (всего их было 7 человек) профинансировало Правительство США. В числе этой группы был президент незасивисимой телерадиокомпаний «Керемет» Оморбек Абдираимов. Его мы и попросили рассказать о том, как прошла стажировка за океаном.

- В начале расскажу о том, как начиналось развитие радио и телевидения в США. 1920-е годы американцы увидели рождение нового средства массовой информации – радио. К 1928 году в Соединенных Штатах действовали три национальных радиосети – две принадлежали Эн-Би-Си (Нэшнл бродкастинг компани) одна – Си-Би-Эс (Коламбиа бродкастинг систем). Хотя радио слушали больше для развлечения, мгновенные радиорепортажи с места событий собирали огромные аудитории в 30-е годы и во время второй мировой войны.

Развитие радио также привело в сферу массовой информации меры государственного регулирования. Первые радиостанции выходили в эфир и шарили по разным волнам, часто забивая передачи других станций и вызывая недовольство слушателей. Для решения этой проблемы Конгресс наделил правительство полномочиями регулировать и лицензировать деятельность радиостанций. С тех пор эфир–как радио так и телевидение-классифицируется как дефицитное национальное достояние, используемое в общественных интересах.

После второй мировой войны в дома американцев вторглась новая могучая сила – телевидение (далее ТВ – прим.авт). Идея «живого» шоу прямо у себя в гостиной

поправилась сразу. Развитие ТВ пришлось на те времена, когда американцы становились богаче и подвижнее. Распадался традиционной семейный быт. Вскоре просмотр телепередач превратился в общественный ритуал. Миллионы людей строили планы, дела и образ жизни вокруг программы ТВ.

ТВ, как до него радио сосредотачивало усилия на массовых развлечениях, что бы обеспечить широкую аудиторию рекламодателям. Производство телепрограмм быстро сконцентрировалось в руках трех основных компания – Си-Би-Эс, Эн-Би-Си и Эй-Би-Си. Тридцать секунд рекламы сегодня стоит 1 миллион долларов США! Производство получасовой программы стоит несколько сот миллионов. Зрители могут также сделать выбор в пользу программы некоммерческого ТВ финансируемого Федеральным правительством и за счет пожертвований частных лиц и корпораций.

Наша программа входившая в рамки международных визитов в США, длилась ровно месяц и называлась она «Работа теледариокомпаний в США». То есть целью нашей стажировки было ознакомление с работой наших зарубежных коллег. Всего в Америке существуют 250 телестанций (не путать с телевышками – прим авт) и 12 тысяч радиостанций. Как такого государственного ТВ сейчас в США нет, зато есть частные, общественные и муниципальные. Из частных телекомпаний сегодня самыми влиятельными являются Си-Эн-Эн, Си-Би-Эс и Эн-Би-Си.

- Что для американцев значит ТВ?

- Для них ТВ превратилось в основной источник информации. Его природа наиболее приспособлена для передачи драматических, насышенных действием событий, будь то высадка человека на Луну или война в Чечне. Здесь телезритель становится непосредственным свидетелем событий. Гвоздем телепрограмм служат шоу

новостей больших телесетей, которые по статистике каждый вечер смотрят более 60 миллионов американцев.

- Вы упомянули об общественном и муниципальном ТВ...

- Что касается общественного – это те же частные каналы, но специализирующиеся по одной тематике, будь это спорт или политика, новости или развлекательные шоу. Телепередачи муниципального ТВ как я говорил выше, финансируются за счет бюджета города или штата. Спутники и кабели расширяют сферу действия ТВ. Уже большинство американских домов абонировано на кабельное ТВ работающее на десятках каналов, предлагающее информацию и развлечение на все вкусы.

- Стажировка наверняка была насыщенной. Где вы были конкретно?

- Наша командировка началась 6 апреля (округ Колумбия) и завершилась 5 мая в Гринвиле (штат Южная Каролина). Программа пребывания в США была плодотворной, поэтому я остановлюсь только на некоторых из них.

В столице Америки Вашингтоне мы посетили международный центр «Мередиан», Американский Университет, а также Джорджтаунский. Побывали в Палате и Галерее для представителей ТВ и радио. Ознакомились с работой государственного департамента и Конгресса США. Нам рассказали о том, как освещают их деятельность вещательные средства массовой информации. Нужно отметить, что работу сессии Конгресса транслируют в прямом эфире полностью несколькими стационарными телекамерами. Весь процесс контролируется лишь одним специалистом, остальные функции выполняются автоматически.

Удалось побывать в головном офисе радиостанции «Голос Америки» и Службы телевидения и кино «Уорлд нет» (Всемирная сеть) которая выходит в эфир через

спутниковую связь. Особенность информслужбы «Голоса Америки» в том, что эта радиостанция вещает только за пределы США, т.е. за границу. Например, русская редакция этой станции вещает 8,5 часов в сутки, когда узбекская всего 30 минут, правда по выходным дням – 45 минут в сутки. К сожалению, кыргызской редакции там нет, потому что нет кадров, хотя финансы оказывается найти можно тем более что «Голос Америки» в этом заинтересован.

Помимо этого мы побывали в таких городах, как Арлингтон, Фолс-Черч (штат Вирджиния), Сент-Луис, Колумбия (штат Миссури), Сан-Франциско (Штат Калифорния), Солт-Лейк-Сити (штат Юта) и других. Санта-Роза считается городом виноделия, здесь производят более восьми видов этого благородного напитка.

- Что вас больше всего удивило в этой сказочной стране?

- Если одним словом, то -все! Но главное то, что американцы умеют и хотят всегда трудиться. В этом и заключается смысл их жизни. Прежде всего для них – работа. Все у них на должном уровне.

Даже обычные телекомпании могут себе позволить приобрести качественную технику. Наибольшим спросом пользуется телерадиовидеоаппаратура произведенная в Японии.

Еще мы были приятно удивлены как работает коллектив Си-Эн-Эн, состоящий из 1500 человек. Вещает эта компания 24 часа в сутки о мировых новостях событийного характера, имеет 31 станцию: из них 9 в США, остальные за границей.

- Интересно, не было ли какого-либо курьезного случая с кем нибудь из вашей группы?

- Далеко за примером ходить не надо. Это случилось со мной, когда мы были должны вылетать из одного аэропота в другой. По ошибке компьютерная

сеть мне не выдала авиабилет. Тогда руководство местной авиакомпании извинившись, выдала мне годовой билет, по которому в течении года я могу теперь летать в пределах США бесплатно. И это только за то что ошибся компьютер.

***Беседовал Б.Ибраимов***
***30.05.1998 г.***

# КЕЛЕЧЕКТҮҮ «КЕРЕМЕТ»

Оморбек Абдираимов – Көзкарандысыз «Керемет» телерадио компаниясынын президенти.

Кыргыз Мамлекеттик Университетинин Журналистика факультетин бүтүргөн. 1970-жылы облустук «Ленин жолу» гезитине корректор болуп иштөө менен алгачкы эмгек жолун баштаган. Андан кийин бир катар жылдар ички иштер бөлүмүндө инспектор болуп эмгектенген. Журналисттик чыгармачылык жолу облустук телекөрсөтүү жана радиоуктуруу комитетинде кабарчы болуу менен кайрадан уланды. Ошол мезгилден бери өз кабарчы, радиодо редактор, башкы редактор болуп иштөө менен тепкичтен-тепкичке жогорулап отуруп, бүгүнкү күндө областта алгачкылардан болуп көзкарандысыз телекомпания ачууга жана аны бутуна тургузууга жетише алды.

Ал облустун телерадио компаниясында бир топ үзүрлүү эмгектенип, көпчүлүктүн көзүнө «жарк» деп көрүнө алган «Сармерден» телефестивалын уюштуруп, ондогон өнөрпоздорду эл алдына алып чыгып, таланты таанылды. Анан да «Даанышман» зирек-зээндүүлөр телеконкурсунун автору.

- Оморбек Абдираимович, «Керемет» сыяктуу эркин, көз карандысыз телекомпанияны ачуу жөнүндөгү ой сизге качан келди эле? Бул көптөн бери ойлогон купуя максатыңыз беле, же демократия заманынын жемишиби?

- Мүмкүн биринчи айткан сөзүң туура. Себеби мамлекеттик телерадио компаниясында көп жылдар бою иштеп калдым. Чектөөлөр болбой койбойт. Кээде ушунчалык берейин деген оюңду, айтайын деген сөзүңдү көмөкөйүңдө турса да ачык-айрым айтууга мүмкүн эмес эле. Аттиң дечүмүн ошондо. Демек, «Керемет» ошол кездерде эле жаралган менин купуя максатым экен көрсө. Анын үстүнө «Эркин Ала-Тоо» ачылып калды ошол тушта. Ага кеңеш айтып, жардам берип жүрдүм.

Эл менен жүрөк өйүгөн нерселерди, көйгөйлөрдү башка толуп жаткан маселелерди ачык сүйлөшсөк, эркин иштеп көрсөк кандай болоор эле деген ойлор дайыма туткундап алчу.

- Телекомпаниянын атын «Керемет» деп коюп алууга эмне негиз болду?

- Ал жөнүндө өзүм дагы түшүнүк берип койсом деген ойдо жүргөм. Укмуш деген сөздүн синоними керемет чынында эле кудуреттүү сөз. Ойлоп көрсөңүз ар нерсенин, адамдын, ойдун, кыялдын, жашоонун бардык нерсенин керемети бар. Бул ат менин жекече фантазиям. Төгөрөктүн төрт бурчунан түрдүү кабарларды эшитип, ар кандай укмуштарды көрүп олтуруунун өзү керемет эмей эмне?

-Алгачкы кадамдарды жасоодо бир топ кыйын-чылыктар болгондугун айттырбай эле сезип турам?

- Албетте. Биринчи жолу эфирге чыгуу бактыбыз 1995-жылдын 1-мартына туш келди. Материалдык-техникалык базабыз дээрлик жок эле. Кыйынчылык убактарда биринчилерден болуп жардамга келип, жылуу жумшак түздөн-түз материалдык жактан кубаттаган адамдар эсимден эч качан кетпейт. Алардын катарына ошондогу обл.керек-жарак коомунун (азыркы «Кооператор» Ассоциациясы), жетекчиси Мамат Орозбаев, анын биринчи орун басары Хамид Халматович Мухамедов, телерадио уктуруу боюнча республикалык радиорелейлик магистралдардын аймактык №1-түйүнүнүн жетекчиси Аттокур Акматов, «Кыргызстан» АКБнын өнөр жай бөлүмүнүн башкаруучусу Эркин Абдыразаков, ОшТВ телекомпаниясынын жетекчиси Халил Кудайбердиев, «Эркин Ала-Тоо» телестудиясынын башчысы Нурдин Исаков сыяктууларды кошо алам.

- Сиз менен эфирге биринчи чыккандар кимдер эле?

-Башкы редактор Маматжусуп Калыбеков, Абдиашым Осмонкулов менеджерибиз. Дагы бир тобу, операторлор.

- Көксөп жүргөн ички максатыңыз орундалган күнү кандай абалда болдуңуз?

- Журналист үчүн а түгүл өзүнүн ар бир чыгармасы да чоң мааниге ээ болот эмеспи. Ал эми бүтүндөй бир телекомпанияны уюштуруп, көптөгөн кыйынчылыктар менен эл алдына чыгуу учурунда кантип кубанбай кое аласың. Эфирге чыгуу мага көптөн тааныш болсо да өтө эле толкунданып кеткен жокмун, бирок ичимден сыймыктанып турдум.

-Эл арасында дагы бир көз карандысыз телекомпания пайда болду. Андан бери убакыт закымдап учуп, «Керемет» кадимкидей тапталып, түптөлүп күчкө толуп облус эмес, республикага башы көрүнө баштады. Өзүңүздүн ой-тилегиңизди, көксөөңүздү ачык айта ала турган эркин телени каалагам деген элеңиз. Максатыма жеттим деп ойлойсузбу?

- Ооба. Адегенде Фергана өрөөнүнө чыгып жатканбыз. 1996-жылдын июль айынан баштап республикалык деңгээлге чыктык. Бизде жекече ишкерлерди, фирмаларды, фермерлерди ж.б.у.с. өкмөттүк эмес уюмдарды, жеке адамдарды эфирде чагылдыруу дээрлик дың жаткан эле. Эркин телекомпанияны ачканыбыздын бекер кетпегенинин дагы бир далили эл аралык деңгээлде байланышуулар күчөдү. Американын Кыргызстандагы элчилигинин, мисалы, «Интерньюс» эл аралык уюму, шайлоо системасынын эл аралык фондусу менен кадимкидей эфирге чыгып байланыша алабыз. Айына 60 мүнөттөн турган эң жакшы телематериалдарды ошолорго берип жаттык. Андан тышкары Латвиянын «Благая весть» телекомпаниясы менен тыгыз байланыштабыз.

Жакында мени ЮНЕСКОнун Түштүк региону боюнча маалымат борборунун координациялык Кеңешинин төрагалыгына шайлашты. Мында негизги ишибиз Түштүктөгү бардык массалык-маалымат каражаттарынын иштерин координациялап туруу, бул боюнча көптөгөн эл аралык семинарларды, практикалык иштерди өткөрөбүз. Шаардагы облустук китепканада борборубуз бар. Ал жерге массалык-маалымат каражаттарынын кызматкерлери барып электрондук почта байланыштары аркылуу өздөрү кызыккан кандай гана суроо болбосун жооп ала алышат. Анда дүйнөнүн 14 өлкөсүнөн, ошондой эле ааламдагы эң чоң Си-Эн-Эн телекомпаниясынан маалымат ала турган парабаликалык антенна бар. Ушундай чоң мүмкүнчүлүк дайым эле боло бербейт, ошондуктан аны пайдаланып калууга биз журналисттер аракеттенүүбүз керек.

- «Кереметтин» жамааты жөнүндө сөз козгосоңуз?

- Оштогу телекомпанияда азыр 15ке жакын адам эмгектенет. Бишкекте кабарчылар борборубуз бар, аны Эркингүл Мамбетакунова, Жалал-Абадда Айтикан Эшенкулова, Ноокатта Рахат Жумабай кызы, Өзгөндө Абдимитал Эралиев жетектешет.

- Эфирге чыгуу убактыңыздар кандай?

- Жумасына 7 саатка чейин республикалык деңгээл-де шаршемби, бейшемби, жума күндөрү, ал эми Фергана өрөөнү боюнча ишемби күнү таңкы берүүлөр жана түштөн кийин саат 16.00дөн 18.00гө чейин, радио берүүлөр шейшембиден башка күндөрү дайыма 4 сааттан. Азырынча 2 саат кыргызча, 2 саат орусча. Телеберүүлөр 3 тилде кыргыз, орус, өзбек тилдеринде жүргүзүлөт.

«Сулайман-тоо», «Жекшембиде жети кабар» сыяктуу журналисттер тарабынан кылдат даярдалган маалымат блогубуз бар. «Сармерденди» дагы кайрадан улантсакпы деп турабыз, андан тышкары «Чебер», «Оомат» телеконкурстарын уюштурганбыз. «Азил-чыны

аралаш», «Кереметтин күлкү казынасынан» деген адамдарды жылмаюуга мажбур кылган сатиралык берүүлөрүбүз бар. «Эл пикири» түрмөгүн берүү менен калктын ой-пикирин эркин, кеңири чагылдырабыз. Музыкалык берүүлөргө да айрыкча көңүл бурулат. Айталы «Ыр куржундан» элдик музыкалык аспаптар комуз, кыяк, кыл кыяк менен ырдала турган ырлар, өлөңдөр, дастандар аткарылат. Кыргыз эстрадасынан баштап, чет өлкөлүк эстрада жылдыздарынын ырлары аткарылган «Ырда жигит, бийле кыз» музыкалык берүүбүз да менимче купулга толорлук.

Жалаң обончулар менен аткаруучулар үчүн «Обон» жана «Куттуктоолор», маараке, тойлор үчүн коммерциялык «Ыр десте», мектеп жашындагы өспүрүм балдардын ар кандай өнөр шыгын өркүндөтүүгө багытталган «Кутуча» берүүлөр бар. Ишемби, жекшемби күндөрү видеофильмдер көрсөтүлөт. Быйыл кыргыз телеберүүлөрдүн ичинен биринчилерден болуп шайлоочулар менен теледебат уюштурдук. Ал бир жарым саатка созулду, борбордук шайлоо комиссиясынын өкүлдөрү күбө болуп студияда олтурушту.

- Дагы эмнелерди кошумчалайсыз?

- Финансы каражат жагынан кыйынчылык болсо да эптеп анын жолдорун таап жатабыз. Өзүбүзчө менчик телеканал алсак деген оюбуз бар. Эгерде ушул иш жүзөгө ашып калса бизге чоң мүмкүнчүлүктөр ачылаар эле.

-Оморбек Абдираимович, ылайым жакшы ойлоруңуз ишке ашып, «Керемет» атына заты жарашкан белгилүү телекомпания боло беришине тилектешпиз.

***6.XII.1997-ж.***

## «КЕРЕМЕТ» – ЭТО ЧУДО

Прошло немногим более месяца, как с 1 марта с г.начала свою деятельность независимая телерадио компания «Керемет». Трансляция программ новым телевидением осуществляется дважды в неделю: по средам и пятницам с 7 до 8 часов утра по каналу «ОРТ» (Общественное российское телевидение). «Керемет» сегодня смотрят не только ошане, но и жители всего южного региона Кыргызстана. В перспективе независимая телерадио компания планирует выходить в эфир по всей республике.

Президентом «Керемета» является известный тележурналист О.Абдираимов, который любезно согласился ответить на вопросы нашего корреспондента.

- Оморбек Абдираимович, прежде чем начать нашу беседу, расскажите немного о себе и семье?

- Я родился и вырос в селе Тоо-Дыйкан Узгенского района Ошской области. В 1969 году закончив среднюю школу, приехал в г.Ош. Трудовую деятельность начал в городе, работая корректором в областной газете «Ленин жолу», ныне «Ош жаңырыгы». Затем работал в Управлении внутренних дел Ошской области и после окончания факультета журналистики Кыргызского Госуниверситета в 1983 году в областной государственной телерадио компании, где до 27 февраля 1995 года был главным редактором.

Супруга Хамытова Зуура Абдуллаевна – член Союза журналистов Кыргызстана и СССР, работает вместе со мной. С ней воспитали четверых детей. Трое из них взрослые, у них свои семьи и дети.

-Какую основную цель и задачи преследует независимая телерадио компания «Керемет»?

-Согласно нашему Уставу, «Керемет» создан с целью обеспечения государственной политики, освещения социально экономического и культурного

развития республики, решения вопросов межнационального характера, воспитания граждан в духе высокой нравственности...

-Как давно телерадио компания юридически зарегистрирована?

- 21 февраля 1995 г. независимой телерадио компании «Керемет» выдано свидетельство о регистрации за №20, согласно которому наши передачи будут выходить в эфир и по ТВ, и по радио на кыргызском, русском и узбекском языках.

- Что побудило вас создать свое собственное детище, дав ему оригинальное название?

- Как известно в любой цивилизованной демократической стране больше преобладают независимые телекомпании, радиовещательные корпорации, частные газеты, нежели государственные. У нас же средства массовой информации носят в основном государственный характер, то есть учредителями их являются областные администрации и Кенеши.

Государственная пресса, например, зачастую находится под контролем, что негативно отражается на подаче материалов. Идентичная картина и на госТВ, в связи с чем можно констатировать, что цензура у нас все же есть. Этот пробел восполняют средства массовой информации, независящие от властей. Одним из них является и телерадио компания «Керемет, коллектив которой с позиции нейтральности будет осуществлять освещение материалов обьективно и достоверно.

- В связи с этим не могли бы привести наглядный пример, на основе которого читатели могут почувствовать разницу между государственным и независимым ТВ?

- Эхо прошедших выборов отзывается и по сей день. Сатыбалды Жээнбекова, выдвинувшего свою кандидатуру в депутаты Законодательного собрания по Сузакскому-Макмальскому избирательному округу №7,

некие силы стараются не допустить к депутатской деятельности в Жогорку Кенеше. Обратимся к фактам. В первом туре голосования С. Жээнбеков набрал свыше 16 тыс.голосов, что составило 38 процентов от числа избирателей. Во втором туре он вновь набирает больше голосов, чем его конкурент. Но под различными предлогами, комиссия назначает 19 марта третьи по счету выборы. И опять он опережает своего соперника, набрав 18.156 голосов, то есть 69 процентов. Теперь же соперники С.Жээнбекова стараются признать выборы недействительными, к чему и прислушивается избирательная комиссия.

Во время этой парадоксальной ситуации в Джалал-Абадскую область приезжает госсекретарь Жумабек Ибраимов и вместе с акимами области и Сузакского района пытается решить эту проблему, но безрезультатно.

Обо всем этом никакое государственное ТВ не пожелало поведать телезрителям, хотя доверенные лица С.Жээнбекова просили. После отказа, они были вынуждены обратиться к независимому ТВ. Наши телеоператоры побывали в соседней области и о таком неоднозначном событии наше независимое ТВ рассказало телезрителям 29 марта с.г.

- Независимое ТВ, - это нужно и необходимо, но не случится ли так что за этим скрывается все дозволенность?

- То, что мы никому не подчиняемся, не говорит о том, что будем делать все что захотим. Соблюдать основной закон Конституции – это наше правило и противоречить ему не собираемся.

- Само слово «Керемет», что в переводе с кыргызского означает «чудо», звучит несколько загадочно и таит в себе притягивающее действие. Есть ли взаимосвязь между названием телерадиокомпании и теми передачами, которые уже транслируются в эфире?

- Несомненно. Наш молодой творческий коллектив будет стараться делать передачи разнообразными и непохожими. Это один из главных принципов «Керемета». Вообще телевидение я уже считаю чудом. Человек не выходя из дома, удобно устроившись перед экраном телевизора, может узнать много полезного и интересного, или просто отдохнуть, не так ли? Это уже чудо, и название «Керемет» вовсе не случайное слово.

- У нынешнего телезрителя большая возможность выбора телевизионных программ, каналов. Не опасаетесь ли вы конкуренции со стороны других региональных телестудий, телекомпаний?

- Действительно у телезрителей широкий выбор. Трудно конечно сравниться например, с первым каналом Российского ТВ, но конкуренция нас не пугает, так как нашей задачей является удовлетворение запросов жителей южного региона Кыргызстана решение насущных проблем народа и актуальных вопросов современной жизни.

- Начинать всегда нелегко, поэтому наверняка есть у вас спонсоры. Какова сегодня материально-техническая оснащенность независимой телерадио компании «Керемет»?

- Без поддержки извне нам пришлось бы гораздо труднее. Поэтому пользуясь случаем от имени коллектива особо хочу поблагодарить наших генеральных спонсоров: Территориальный узел радиорелейных магистралей телевидения и радиовещания №1 (А.Акматов), Ошский облпотребсоюз (М.Орозбаев), Промышленный отдел Акционерно-коммерческого банка «Кыргызстан» (Э.Абдразаков). Мы не отказались бы от помощи других предприятий, организаций города Оша и области.

Для плодотворной успешной работы нам необходимо компьютерное оборудование, стоимость которого оценивается как минимум в 30 тыс.

американских долларов. Имея такую аппаратуру наши программы не уступали бы по качеству передачам европейского масштаба. Ведь не секрет, что благодаря компьютерному обеспечению можно достичь ярких эффектов и т.д. на ТВ. А пока приходится пользоваться обычной техникой.

- Думаю, найдутся и другие спонсоры, желающие помочь в улучшении оснащения материально-технической базы независимой телерадио компании «Керемет». Поэтому будущим спонсорам необходимо знать ваши координаты:

- Телерадио компания «Керемет» находится в здании Ошского облпотребсоюза по адресу: г. Ош, ул. Ленина, 428. Наш телефон: 2-40-43. Мы также ждем рекламодателей и частных лиц. Ведь наши программы собирают почти 11 тыс. телезрителей. Оплату можно производить перечислением, наличными, бартером.

- Вашему коллективу желаю творческих успехов, популярности и процветания!

- Спасибо.

***Б.Ибраимов***
***8.04.1995 г.***

## КЕРЕМЕТ ДҮЙНӨ ТАРТУУЛАГЫБЫЗ КЕЛЕТ...

Бир айдан ашык убакыттан бери Түштүктүн эли көз карандысыз «Керемет» телерадио компаниясынын теле берүүлөрүн көрүп, ар кандай пикирлерди айтып жүрүшкөнүнөн кабарыбыз бар. Жакында «Ош жаңырыгынын» атайын кабарчысы «Кереметтин» президенти Оморбек Абдираимовго жолугуп, аны түзүүнүн максаты тууралуу ой бөлүштү. Төмөндө ошол маекте козголгон маселелер.

- Мындай көзкарандысыз телерадио компания түзүү идеясы кечээ, бүгүн эле чыга калган жери жок, - деп баштады президент – Жалал-Абаддагы «Нур», «Эркин Ала-Тоо» телестудияларынын түптөлүшүнө көмөктөш болгомун. Кийинки убактарда өзүм да аябай дилгирленип, кантсе да көз карандысыз, мамлекеттик телерадиого атаандаш компанияны иштетүү оюм бышып жетилди. Мурдатан ойдо турган маселелер камтылган уставын жазып каттоодон өттүк. Ушул тапта 9 адамдан куралган топ жан үрөп иштөөдө.

Албетте ар кандай иштин башталышы шыр кете бербеши турган кеп. Баарыдан мурда идеялаштарды табуу керек. Анан ойлогон мүдөөнү жүзөгө ашыруу үчүн өтө көп каражат талап кылынары белгилүү эмеспи. Мында биздин башкы демөөрчүбүз Ош облустук керек-жарак коомдор башкармасы (төрагасы Мамат Орозбаев), №1 –телекөрсөтүү жана радио уктуруу боюнча республикалык радиорелейлик магистралдардын аймактык түйүнү (начальниги Аттокур Акматов) жана «Кыргызстан» акционердик коммерциялык банкынын өнөр жай бөлүмү (башкаруучусу Эркин Абдыразаков) иштөө үчүн жай, эфирге чыгуу үчүн убакыт, банктык операцияларды жүргүзүүгө жардам берип, ак пейилден колдоо көрсөткөндүктөрүнө ыраазылык гана билдиребиз.

- Азырынча аптасына эки жолу – шаршемби, жума күндөрү эртең мененки саат 7ден баштап бир сааттык эфирге чыгып жатабыз. Кадр, каражат маселени жолго койгондон кийин күн сайын чыгууга аракет жасайбыз. Ал гана турсун радио уктурууну да баштайбыз.

- Кантсе да жаңы, анын үстүнө көзкарандысыз телерадио компаниянын пайда болушу мамлекеттик түзүмдөргө көп эле жага бербеши мүмкүн...

- Ооба, Кызык жери илгери-кийин үзөңгүлөш жүргөн айрым кесиптештеримдин жүз буруп, ич тарыганын адегенде эле сездик. Эфирге чыгуу үчүн үн жаздыруу, тасмаларды монтаждоо, ал гана турсун музыкалык концерттерден жардам беришпей коюшту. Ошого карабастан «Нур», «ОшТВ» жана «Эркин Ала-Тоо» студияларынын жогорудагы иштерге чын ниеттен кол сунушу ишибизди баштап алууга мүмкүнчүлүк түздү.

Ал эми башынан маалымат каражаттарынын элдин трибунасы болуусун чектеп келген бийликтердин чочулоосун да пайда кылды окшойт. Биздин максатыбыз бирөө гана – элдин кызыкчылыгы үчүн канчалаган мыйзамдар, токтомдор чыгарылганы менен анын жер-жерлердеги аткаруучу бийликтер тарабынан жүзөгө ашырылбай жатканын, карапайым элдин көйгөйлөрүн жогору жактагыларга жеткирүү. Мында жөнү жок асылууларга, же болбосо кимдир бирөөлөрдүн жеке көз карашын таңуулоого жол берилбейт. Ошол эле учурда башка компаниялардын ишине ичи тардык кылуу бизге жат. Бүгүнкү күндө кандай маалымат, кайсы көрсөтүү алымдуу экенин эл өзү ылгап алат. Ошондуктан бири-бирибизден жөнсүз чочулоонун кажети жок деп ойлойм.

- Албетте максатсыз жашоо болбойт эмеспи. Силерде да келечекте аткарчу ой-мүдөөлөр бардыр...

- Башкы демөөрчүбүз – облустук керек-жарак коомдор башкармасы карамагындагы ресторанды, 300 орундуу концерттик студияны, Мамакеев атындагы

санаторияны бизге пайдаланууга бериши ишибиздин жанданып кетишине өбөлгө түзөт деп ойлойм. Бул – эки тараптын кызыкчылыгы экени айтпаса да түшүнүктүү. Ал эми биздин күйөрмандарыбыз менен тыгыз байланышта болуп, алардын кызыкчылыгын мүмкүн болушунча жогорку деңгээлде аткарууга аракет жасайбыз. Акы төлөөлөр алардын дараметине жараша болорун белгилөөнү туура көрүп турам. Антпесе, баары эле каражат таба бербейт эмеспи. Алды-сатты иштери менен алектенген бизнесмендерге көмөктөш болууга даярбыз. Кызматташ болууну каалагандар Ош шаарынын Ленин көчөсүндөгү 428-имаратка жайгашкан көз карандысыз «Керемет» телерадио компаниясына келип же 2-40-43 телефону аркылуу байланышса болот.

Акырында айтарым: Ош облустук телерадио компаниясында 15 жыл иштеп кесиптештеримден, өзгөчө Толтой Алдыраков, Токтогул Кенжеев, Тамара Жаманбаева өңдүү насаатчыларымдан турмуштук да, журналисттик да тажрыйба алганым үчүн аларга ыраазычылык билдирем.

***Аңгемелешкен: К.Сатимов.***
***15.04.1995-ж.***

## ЖЕР ЫЙЫ

Акыл айтсам Акмак дебе,
Кеңеш берсем Келесоо дебе.
Жол көрсөтсөм Жинди дебе.
Не арганң бар кыямат келсе?

Жүрөгүмдөн кан агыздың,
Билбей жүрүп менин баркым.
Азапка салар күн келет,
Акылга көнбөй айкырдың.

Денемди тыттың бомбалап,
Кенимди саттың соодалап.
Тоо, токойду кыйраттың,
Эртеңкиңе не калат?

Ынтымаксыз ыркыраштың,
Ырыскы качып тыркырадың.
Таш боордуктун чеги жетип,
Ашып кетти күлкүңдөн кайгың.

Келатасың кубалашып,
Колуңда мылтык ок атып.
Аң-сезимдин көрөңгөсүн.
Бийлик, байлык калабы басып?

Күч алды го **түлкү** заман.
Андан өтөт **бөрү** заман.
Мээ мыкчыган **Маңкурттуктан**,
Алыстачы эсен-аман.

Пейилиң качан оңолот?
Тирешүүң качан жоголот?
Бириңе-бириң кас болбой,
Жашасаң анан кут конот.

Түгөл бердим берекени.
Түгөтө албай эсиң кетти.
Каракчыдай тоной бербей,
Суранарым аячы мени.

Атылган октор басылбай,
Кан жуткурдуң байма-бай.
Кескиленди тамырларым,
Карманып турам багынбай.

Онтогонум сезбедиң,
Кемирилди келбетим.
Бөксөрүлүп бир күнү,
Омкорулуп кетемин.

Келип калды Кыямат,
Кагылайын Адамзат.
Алдыңда турат Алаамат,
Айланайын Адамзат.

***Июнь, 2011***

## ӨМҮР КЕНИ

*(Жубайым Зуурага)*

Ардактап, аздектедик ата-энени,
Жараткан бул дүйнөгө сени-мени.
Бөксөрүп баратпайбы тыным албай,
Экөөбүзгө энчиленген өмүр кени.

Жетинип-жетинбесек кайгырбадык,
Таттуусу-ачуусуна кайрылбадык.
Жуурулуп бир бирине мээримибиз,
Жупташкан сүйүүбүздөн айрылбадык.

Боорукер дос-тууганга байырладык,
Басынып душмандарга багынбадык.
Жүрөктө аруу сезим айгай салып,
Турмушта туңгуюкка кабылбадык.

Бар тапкан дүнүйөбүз балдар болду,
Үйүбүз түбөлүктүү ордо болду.
Жароокер неберелер-баары менен,
Конушубуз кут конгон бардар болду.

Жашоодо ыйык туттук намыс-арды,
Бийик болуп ата-эненин кадыр-баркы.
Ыймандуу өссүн дедик балдарыбыз,
Таанылып ак эмгектен атак-даңкы.

Көкөлөп көйрөндөрдөй кийинбедик,
Бакылдап байларга окшоп чиренбедик.
Нур чачкан күн-ай сымал түгөй болуп,
Алтымыштын ашуусуна жетип келдик.

***15-декабрь, 2011-ж.***

## КУРУУЧУЛАР ЭМГЕКЧИНИН АЛПЫ ДА

*(Инженер-куруучу Кожомуратов Нуралы Таировичке)*

Көркккө бөлөп шаар менен айылды,
Эрме чөлдү, ээнсиреген адырды.
Куруучунун кабарсыган колунан,
Нечен-нечен эскиликтер жаңырды.

Кайраты мол, балбан билек,
Күжүрмөн, тынымсыз ишке жиреп,
Социалдык жүрөгү доорубуздун,
Куруучулар турмушту келет тиреп.

Ак  тилеги кең таалайлуу калкына,
Мурас кылып калтырганы артына –
Заңгыраган турак үйлөр, кооз жайлар,
Куруучулар эмгекчинин алпы да!

Далай ойлор көөдөнүндө батпаган,
Көбүн анын ар-намысы актаган.
Куруучулук кесип накта сыймыктуу,
Эли сүйүп кадырлаган, барктаган.

***15-август. 2010-ж.***

## САРМЕРДЕН

Жаңырып бүгүн салтыбыз,
Маарыдык мында баарыбыз.
Сармерден айтып ырдайлы,
Жазылсын биздин жарпыбыз.

Ташкындап турган талантты,
Таанытып келген Сармерден.
Буулугуп жаткан шумкарды,
Шаңшытып келген Сармерден.

Суурулуп чыккан байгеден,
Дулдулду тапкан Сармерден.
Сайраган сайын элирген,
Булбулду тапкан Сармерден.

Ынтымак элге ыр, күлкү,
Тартуулап келген Сармерден.
Өркүндөп өскөн өнөрдүн,
Майрамы экен Сармерден!

***12.XII.1993-ж.***

## ДААНЫШМАН

Эл тагдырын ойлогон,
Ой-сезими орошон.
Айкөлдүгү теңдешсиз,
Ар-намыска бек болгон –
Даанышман ал, даанышман.

Зирек-зээндүү элде бар,
Акыл кенчтүү пенде ал.
Калың журттун калысы,
Турмуш көркү залкарлар –
Даанышман ал, даанышман.

Шайыр-шаттуу мүнөзү,
Санаат-насаат ар сөзү.
Үмүт гүлүн нурданткан,
Урпактарга сүрөөнчү -
Даанышман ал, даанышман.

***11.03.1991-ж.***

## САГЫНДЫМ

*Обону: Маматмуса Бакировдуку*

Булбулдай мукам үн салган,
Авазыңды сагындым.
Маралдай басып суйсалган,
Караанынды сагындым.

Чынардай сөйкө тагынган
Чырайыңды сагындым.
Мажүрүм талдай сеңселген,
Саамайыңды сагындым.

Ак куудай жайган канатын,
Кучагыңды сагындым.
Күкүгү болуп санаанын,
Турпатыңды сагындым.

Үзүлбөй сенден үмүтүм,
Көксөттү мени турагың.
Табалбай издеп күнү-түн,
Муңканып мында турамын.

## «АРАШАНДАГЫ» ТОЛГОО

Атыңды угуп алыстан,
Келдим сага «Арашан».
Көрөңгөм кандай экенин,
Калыстап өзүң бааласаң.

Сезилбейт менден уу-дуу, шаң,
Ага сен болбо айраң-таң.
Басыгын көрүп, көнгүм бар,
Байгеде жүргөн тулпардан.

Тажабай кыйын толгоодон,
Түйшөлүп тынбай толгоном.
Үлгү алып калуу үмүтүм,
Мындагы мыкты жоргодон.

Кайраты кетпей колумдун,
Ачылып алды жолумдун.
Көтөрүп алып «жүгүмдү»,
Калемдештерге жолуктум.

Бөлүнүп бирден бөлмөгө,
Сүзгөндөй бейпил көлмөдө.
Калемдер шыдыр шилтенет,
Бой бербей чектүү көлөмгө.

Уясы болуп таланттын,
Кубаты болуп канаттын.
Жүрөктө жүргөн ойлорду,
Чыгарма кылып жараттың.

Жазуучу, акын, сынчыдан,
Түйүндүү даалай сыр угам.
Көңүлүм турат тынчытпай,
Белекке сага ыр сунам.

Кыялга минип баратам,
Талантым экен балапан.
Талпынтып койдуң обого,
Сырдашым менин «Арашан».

***«Арашан» чыгармачылык үйү.***
***1-апрель, 1987-жыл***

## ТҮБӨЛҮК ЧАКЫРЫК

*Обону: Эген Талиповдуку*

Планетада адам жашаган –
Бакыт шамы өчпөй жагылсын!
Тирүүлөргө бул түбөлүк чакырык –
Тынчтыктын добулбасы кагылсын!

Карегиндей көздүн-келбети,
Мээримдикти сүйөт жер бети.
Медер тутуп аны жашабай,
Согуштун да кимге кереги?!

Токтобосун бөбөк жүрөгү!
Бузулбасын куштун түнөгү!
ЖЕР-ЭНЕНИ канга каптатпай –
Таазим этип тизе бүгөлү!

Бардык элдин болуп бүлөсү,
Сайран курган эрдин мүдөөсү.
Достук үчүн кучак жаябыз,
Эркиндиктин ушул күбөсү!

Ай-ааламда адам жашасын!
Таалай гүлү жыпар аңкысын!
Адамзатка бул түбөлүк чакырык –
Тынчтыктын добулбасы кагылсын!

***28.X.1984-ж.***

## ТУРМУШ НЕГЕ КЫЗЫКТУУ?

Бул турмуш неге кызыктуу?
Бир кыл эмес көп кырдуу,
Бирөөлөр дайым кайгылуу,
Бирөөлөр шаттуу жашаса?

Мелт-калт толуп күлкүгө,
Майрам болуп күнүгө,
Түшкөн бар кийин бүлгүнгө,
Көкөлөп жүрүп ченемсиз,
Ошондо турмуш үңкүрдө.

Турмуштун ачуу-таттуусун,
Эрме чөл, бийик ашуусун.
Жүрөктүн сырдуу кагуусун,
Акыл-эс менен сезген бар.
Кызыгы ушу турмуштун.

Болбостон эч бир айрылуу,
Көбөйбөй көксөп сагынуу.
Өмүрлөр өтсө жагымдуу,
Чалчыктап турбай агынсыз.
Ошондо турмуш кызыктуу.

***20.X.1984-ж.***

## КҮН ӨЛКӨНҮН БАЛАСЫ

*Обону: Маматибраим Бостонкуловдуку*

**Кыз:** Көздүн нурун аласың,
Кайдан келген баласың?
Тааныштырчы өзүңдү,
Таанып, билип алайын?

**Бала:** Күн өлкөдөн келгенмин,
Тынчтык менин тилегим.
Катарыма кошулуп,
Ойноп-күлгүн, бийлегин.

**Кыз:** Айтчы турмуш жагдайын,
Арсар болбой баамдайын?
Силерде кандай баалашат,
Мендейлердин таалайын?

**Бала:** Бейпил заман бийлеген,
Согуш эмне билбеген.
Күн өлкөдө жашаймын,
Шайыр-шаттуу эл менен.

**Кыз:** Кандуу согуш болбосун!
Жер бетинде, коркомун!
Адамзаттын өмүрүн,
Жалмабасын коргошун!

**Бала:** Касташпастан чуу салып,
Достошолу кубанып.
Азаттыкта жаркыган,
Бир басалы туу алып!

**Экөө:** Эркиндикте, теңдикте,
Бактылуубуз бирдикте!
Тынчтык кушун көтөрүп,
Кол бергиле, келгиле!

***1.X.1984-ж.***

## КАРА-ШОРО ЧАКЫРАТ

Кара-Шоро жайлоосуна баргылачы,
Бал кымыз ичип анан кайткылачы.
Ырахат тартуулабай, иренжитсе,
Кайрылып мага келип айткылачы.

Жылкычы агаларым, жеңелерим,
Керилтип тартып койгон желелерин.
Ойноктоп туйлап турса кулундары,
Сезесиң балкыганын делебеңдин.

Күлкү чыгат күүгүм талаш чатырдан,
Дасторкондо жайнайт боорсок, токоч нан.
Балдар тыңдайт, абам тынбайт кеп салып,
Өткөн турмуш, байыркы бабалардан.

Атка мин, алкынтып бир камчылачы,
Улак тарт, бешене тер тамчылатчы.
Кыргыздын жигитисиң тулпар минген,
Шумкардай суурулуп чык, топту жарчы.

Кумарыңды жайлоодо кандырасың,
Эки келбес өмүрдө жашарасың.
Касиетин билесиң, дартка даба,
Кара-Шоро сууларын татсаң даамын.

Кара-Шоро жайлоосуна баргылачы,
Көңүл ачып кушубак кайткылачы.
Ошондо да чериңер жазылбаса,
Түз эле мага жетип айткылачы!

***8.07.1984-ж.***

## ТҮБӨЛҮКТҮҮ ТҮНӨГҮМ

Коздукка бай, көзгө сүйкүм көркөмүң,
Кереметтүү коюнуңда өскөнмүн.
Баскан изим, бала күнүм сенде бар,
Өркүндөй бер, өрүш алган Өзгөнүм!

Көп нерсеге куштарланып, көксөдүм,
Жакшыны да, жаманды да тең көрдүм.
Ата жыты бир өзүңдө, канбадым,
Жадырай бер жагалданган Өзгөнүм!

Дүк-дүк согот күндүр-түндүр жүрөгүм:
«Бул жашоодо түбөлүктүү түнөгүм!».
Эне сүтүн кучагыңда эмгенмин,
Шаңдана бер, шайыр калктуу Өзгөнүм!

Сугу түшүп көргөн сайын өзгөнүн,
Көрө албадым кыя басып өткөнүн.
Бакыт-таалай байыр алган элимди,
Кулпуна бер, кутка толгон Өзгөнүм!

***24.06.1984-ж.***

## ТЫНЧТЫК БОЛСУН ДҮЙНӨДӨ

*Обону: Маматпазыл Дубанаевдики*

«Жогол согуш!» жалпы улуттан угулду,
«Каргыш сага!» жолуң сенин буулду.
Каракчылык, зомбулукта өрдөгөн,
Жексур болсун кан кечүүнү көксөгөн.

Ырыс чачкан кутмандуу күн бүгүнкү,
Тынчтык, достук жүрөктөрдү сүйүнтчүү!

Өмүр улайт наристелер күлгөнү,
Алар өзү жердин жандуу гүлдөрү.
Безеленип булбул, куштар сайраган,
Бейпил турмуш – берекеси жайнаган.

Ынтымактуу эмгектенип ыр менен,
Тилегибиз азаттыкты эңсеген.

Бүт ааламдан согуш оту арылсын!
Адам уулу эркиндикте маарысын.
Жер онтобой, жашыл кымкап жамынсын.
Бардык элде бакыт шамы жагылсын!

Биз биригип, толгон күчтү коштук да,
Максатыбыз – Тынчтык жана Достукта!

***6.04.1984-ж.***

*Ырдын премьерасы 1984-жылдын 6-октябрында «Ош» телекөрсөтүүсүнөн Өзгөндүк өнөрпоздордун хордук аткаруусунда берилди. Ушунун эле өзү 7-октябрда «Ош» радиосунан уктурулду.*

## КУСАЛЫК

Жүрөгүм дегдейт сени мүнөт сайын,
Жалжылдап келсең боло эркетайым.
Саргайып күзүндөгү жалбырактай,
Жүрбөстөн кумарымды кандырайын.

Сагындым көздөрүңдү моймолжуган,
Көңүлсүз күндөр өтөт улам-улам.
Ар күнү ак таңдарды тосомун да,
Сен үчүн кылгым келет жанды курман.

Сарсанаа ойго батам букка толуп,
Сайрачы бутагымда булбул болуп.
Жетпестен ак сүйүүмө арман күчөп,
Калбайын мөл булактай эрте соолуп.

***1983-ж.***

## МЕН СЕНИ САГЫНАМ

Бир бүтүн болуп жарашып,
Жүрсөк да күндө жанашып.
Мен сени сагынам.

Канганча кумар жытташып,
Жатсак да бирге ыкташып.
Мен сени сагынам.

Күлсөк да сүйкүм карашып,
Жүрөктөр турат самашып,
Мен сени сагынам.

***1978-ж.***

## СЫНАГАНЫМ

Билгизип сагынганым жыттабадым,
Ал, менин сени дагы сынаганым.
Өтүнөрүм агызып көздөн жашың,
Оо, жаным өзүңдү-өзүң кыйнабагын.

Дейсиң да «мендей болсоң билер элең»,
Билбесем сени кантип сүймөк элем.
Күнү-түн медер тутуп караанынды,
Мээриңден кубат алып жашап келем.

А балким жүргөндүрсүң сагынбайт деп,
Ойлобочу алтыным, бул бекер кеп.
Тигилем көзүмдү албай ак жүзүңдөн,
Дайыма жүзү жаркып жүрсө экен деп.

*26.07.1974-ж.*

## КҮЛҮП КЕЛЧИ

Ойлонуп өткөн ишке кекенбечи,
Бүркөбөй кабагыңды күлүп келчи.
Колуңду арта салып моюнума,
Оо, гүлүм мурункудай эркелечи.

Сүйлөсөм сумсайбачы жерди карап,
Калбачы биротоло менден жадап?
Турмушта көп кездешер бурулуштар
Жүрбөйлү бул жашоодон такыр тажап.

***1973-ж.***

## КУПЛЕТТЕР

Күлмүңдөй мага карап мээриң чачып,
Келесиң күнүгө көңүлүм ачып.
Ошондон кубат алып сергип келем,
Жабыркаткан оорунун баары качып.

***

Дүйнөдө жароокерим – сен болбосоң,
Жашоомдо жазгы гүлүм – сен болбосоң.
Өмүрүм өксүк менен өтүп кетмек,
Жанымда жан түгөйүм сен болбосоң!

## СҮЙҮҮНҮН ОБОНУН СОЗОЛУ

Ардактай төрөлгөн күнүңдү,
Толкундап жүрөгүм сүйүндү.
Келипсиң дүйнөгө жаз гүлүм,
Атайын мага арнап сүйүүңдү.

Кадырлап кымбат ошону,
Сүйүүнүн обонун созолу.
Турмуштун тизгинин бир кармап,
Түбөлүк жан бирге бололу.

Сүйүктүүм менин пейли кенен,
Куттуктаймын туулган күнүң менен.
Жадырай бер жалжалым жагалданып,
Бактылуумун дайыма сени менен.

## БАЛАМ-БАКТЫМ

Көзүңөр бактылуу балбылдап,
Турсаңар жанымда жаркылдап.
Балалык жытыңар жыпар аңкып,
Элжирейт жүрөгүм, денем балкып.

***

Балбылдаган көздөрүңдөн кагылайын,
Көрбөсөм бир мүнөткө сагынамын.
Жылмайып ууртуңдан күлүп койсоң,
Ташкындап тоо суусундай агыламын.

***

Кагылайын сүйкүмдүү жалбырагым,
Өмүрүмдү нурданткан шам чырагым.
Күндө жаңы жоругуң чыга келсе,
Кубанам, ысып денем албырамын.

Сен күлсөң – ачылганы гүлдөрдүн,
Сен күлсөң – жүзү жарык дүйнөнүн.

## СҮЙҮҮ ИШЕНИМИ

Обону: Абдыкулан Машаевдики

Күнүгө уктай албай толгономун,
Дайыма таттуу уйкумдан ойгономун.
Билбедим, айткылачы замандаштар,
Дүйнөдө кандай сүйүү ак болорун?

Сагынып көрбөй калсам издей берем,
Өзүңө айланчыктап күндө келем.
Кантсем да мээрим чачып койбойсуң да,
Айтчы өзүң жароокерим таш боор белең?

Сүйүү да эскиреби түсү качып?
Сүйүү да калат беле таштай катып?
Кечээги назик мүнөз, таттуу сүйүүм,
Кетеби бурулбастан тетир басып?

## ТҮШҮМӨ КИРДИҢ...

Түшүмө кирдиң кечинде,
Бирок, айтпайм эч кимге.
Кабак чытып турганың,
Азыр да менин эсимде.

Күлчү?-десем күлбөдүң,
Мурункудай сүйбөдүң.
Билинип турду жүзүңдөн,
Жасалма гана күлгөнүң.

Үн катып бир ооз сүйлөбөй,
Телмире карап үндөбөй.
Кыялга терең чөмүлүп,
Мамилең чоочун бирөөдөй.
Түшүмө кирдиң кечинде,
Сүйүндү жүрөк элире.
Күлмүңдөй мага жадырап,
Сөз айттың анан чечиле.

***29.01.1971-ж.***

## СЕН ЭГЕРДЕ...

Күн болсоң
Сен эгерде жаркыраган,
Жер болуп
Нурларыңа канар элем.
Суу болсоң
Өзөндөгү шаркыраган,
Акактай
Кана жутуп калар элем.
Тоо болсоң
Сен эгерде көк тиреген,
Арчадай
Кучагыма катар элем.
Көл болсоң
Толкуп-ташып мелмилдеген,
Балыктай
Кумар канып жатар элем.
Гүл болсоң
Сен эгерде жыпар жыттуу,
Булбулдай
өмүрүңдү коштоор элем.

## ӨЗҮҢДӨН КУБАТ АЛАМ

Кусалыктан сансыз ойго малынамын
Сөзүңө сүйөм деген багынамын.
Денеңди бекем кысып кучагыма,
Жатсам да жароокерим сагынамын.

Тиктеймин көздөрүңдү кумарланып,
Искеймин жыпар жытың денем балкып.
Жүрөгүм тыным албай эргип турат,
Өзүңдөн махабатым кубат алып.

## КЕЛСЕҢЧИ ЭРКЕМ

Каректен кетпей келбетиң,
Уктасам түшкө киресиң.
Ойгонсом бирге ойгонуп,
Мен менен жүрөт элесиң.

Эстеймин жоодур көзүңдү,
Эреркеп жүргөн кезиңди.
Кусага батып жүдөдүм,
Жүрөгүм самап өзүңдү.

Күтөмүн күндө эртелеп,
Карааның жанда эркелеп.
Сарсана кылып кыйнабай,
Келсеңчи эркем эртерээк.

***1970-ж.***

## БҮЛБҮЛДӨЙТ ЭЛЕСИҢ АЛЫСТАН

Күзгү убак,
Сап-сары жалбырак
Алтындай кулпурат.

Турасың ак кайың түбүндө,
Көздөрүң сүйкүмдүү балбылдап.
Жүрөгүм сага деп умтулат,
Токтоосуз көкүрөк койгулап...
Ойт берип заматта көрүнбөй,
Бүлбүлдөйт элесиң алыстан.

## СҮЙҮҮ ЖАЗЫ

Күлмүңдөп мага карайсың,
Жүзүңдөн нуруң чачырап.
Калтарып турам алдыңда.
Мээриңден денем алсырап.

Ойлорум тынбай удургуйт,
Үмүтүм утур камчылап.
Кошулуп жатат сездиңби?
Сүйүүбүз тып-тып тамчылап.

## ПОЭЗИЯ

Поэзия – күн, күмүш нурдуу асмандагы,
Поэзия – гүл, назик өскөн аскадагы.
Поэзия – деңиз, өтө терең мелмилдеген.
Поэзия – тоо, ак мөңгүлүү мемиреген.
Поэзия – жер, кылымдарды жашаган.
Поэзия – арча, жайы-кышы жашарган.

# АРМАН

*(Новелла)*

- Айбек, жылуу кийин уулум. Бир ыйык жерге барып келели.

- Кайда барабыз, аке?

Атасынын бул сунушун Айбек күткөн эмес эле. Ошондуктан да атасынын «ыйык» деген сөзүнө маани бербеди. Терең ойлонуп түшүнгөн да жок. Балалык кыялы менен толкунданып кийимдеринин бирин тапса бирин таппай буйдалып, үй ичин үч көтөрдү. Чоң атасы менен чоң энесинин шаштысын алды. Аларга Мамат мурда эскерткен эле. Анда алардын жанында Айбек жок болчу. Үйдүн арт жагындагы дөбөчөдө коңшу балдар менен чана тээп ойноп жүргөн. Маматты «аке» деп көнгөндүгүнүн себеби эмчектен чыккандан тартып чоң ата, чоң энесинин колунда чоңойду. Быйыл бешке толду. Мамат менен Сайра болсо шаарда иштеп, жашап калышты.

Уулунун чымын-куюн болуп жүгүрүп, алапайын таппай сүйүнүп, шашып калганына Мамат ичинен түтөдү. «Айтсамбы, айтпасамбы? Билдирсемби, билдирбесемби? Азыр эрте болуп жүрбөсүн». Айтарын айтып алып, кайра ушул ойлордун туңгуюгунда кандай чечимге келерине өзү да таң. «Дагы кичине чоңое түшсө, жаман-жакшыны айрый турган болгондо анан... Жок, эс тартып калбадыбы. Бул анын эсинде калат. Азыр сезими сергек. Кусалыгын таркатып койгонум эле оң го...»

- Кийинип бүттүм аке. Кеттикпи?

Эки анжы ойдо чырмалып туган Маматка уулунун акыркы гана сөзү угулду. Ошого жараша жооп кайтарды.

- Кеттик.

Ата-бала үйдөн жетелешип чыгышты. Кайгылуу ойго чөмүлгөн Маматтын өңү суз. Айбек атасынын бул абалы менен иши жок. Аны-муну булдурап, тынбай

сүйлөп баратат. Атасы менен бүгүн бирге жетелешип басканына жетине албай көңүлү кушубак.

Айылдагы балдарга мактангысы келип, алар көрсө экен деп эки жагына элеңдейт. Өз атасын аларга көрсөтүүгө ашыгат. Атасы шаарга кетпесе, ушинтип эле бирге жүрүүнү дайыма күсөйт. Буга өчөшкөндөй айылдын балдарынын баары бүгүн үйлөрүнөн чыкпай калышыптыр. Үйдөн бир кыйла узаганда гана Айдардын баласы Коңур эшик алдынан көрүндү. Айбек сүйүнүп кетип ага кол булгалап жиберди. Тиги жооп кайтаргандын ордуна оозун ачып тиктеп эле туруп калды. Айбек аны атасына көргөзүп, бирдемелерди божурап, оозу тынбайт.

Санаага баткан Мамат дале бир бүтүмгө келе албай өзүнө-өзү суроо берүү менен алек. «Катуу таасир этип жүрбөсүн. Алып барбай эле койсомбу? Кийин чоңойгондо, акылына киргенде түшүндүрөрмүн... Кой, биротоло түңүлсүн. Дайым эле жол карап, чүнчүп кетти байкуш уулум. Кагылайын каралдым». Мууну бошоп, уулун бооруна бекем кысып, жыттап-жыттап алды.

Бала да. Алдаганга көнүп, апасынын келерин күтөт. Же күндүн эртеңи түгөнбөйт. Ансайын анын кусалыгы күчөп, апасынын жытын күсөйт. Өзү теңдүү айылдын балдары апалары жөнүндө айтып калышса бул сумсайып ооз ача албай бозоруп туруп калат. Бир жолу Мыктыбек экөө уруша кетип, ал Айбектин апасынын өлгөнүн айтып коюп ыйлаткан. Ошондо эч басылбай боздоп, үйдөгүлөрдүн баарынын муун-жүнүн сыздаткан. Андан бери күн кур эмес апасын оозунан түшүрбөйт, сурагандан да тажабайт. «Апам эртеге келеби?» дей берет үмүт үзбөй. «Ооба, эртең келет, иштен колу бошобой атыптыр» дешип үйдөгүлөр жооткотуп коюшат.

- Барабыз, көрөсүң. – Бул сөздөр оозунан чыкканын Мамат өзү байкабады. Анткени жакында Сайранын жылдыгы өтөрү сезимин бийлеп алган эле. Анда кантип

жашырат? Эл топтолуп кайгы-муң коштоп турса, ызы-чууда уулу апасын издеп жүрсө, кантип чыдайт? Ошол күнгө чейин уулуна билгизип, аны биротоло түңүлтүп, өзү да эл жокто жүрөгүндө топтолгон бугун чыгарып алууга чымырканып бараткань ушул.

- Каерге барабыз, эмнени көрөбүз аке? – деди мурдунун таноолору керилген Айбек кадамын кере-кере шилтей жооп күтүп. Минткен сайын атасынын жүрөгүнө чок таштаганын кайдан билсин, байкуш аталуу жетим.

- Жетебиз,-деп коет каңырыгы түтөгөн Мамат уулуна билгизбей оор улутуна көз жашын көмөкөйүнө жутуп. «Кантип айтам? Кантип көрсөтөм? Эртеге келет деп, же күндүн эртеңи түгөнбөй, же уулум биротоло түңүлбөй жүрбөйбү. Көмөр алдында көрсөтүп койгондо эмдигиче үмүтү үзүлүп калат беле?...»

- Жеттикпи аке? Менин бутум чарчап калды.

Уулун өзүнө теңеп дегдеңдете жетелеп алганын эми гана туйду. Түмөн ойдун түпкүрүнө түшүп калганын карачы. Уулун эки колтугунан жогору көтөрүп, бооруна кыса кумарланып жыттады. Эки тоголок мөлтүр жашы уулунун бетине жабышты. Жүзүн тетири буруп жашырды. Айбек атасынын көздөрүнө жалт карады.

- Жамгыр жааганы турабы аке?

- Кышында да жамгыр түшчү беле. Азыр кар жаайт.

- Анан менин бетиме тамчылады го.

- Ал жөн эле...

Мамат уулунун суроосуна так жооп бере албай буулугуп турду. Ачыгын айтса болмок. Бирок, өзүн кармады. Уулу укпаган нерселерди айтып өзүн кошо алаксытты. Айбекти кучактап көтөргөн боюнча тизеге жете катмарланган карды кырчылдата басып жиреди. Эки таноосунан чыккан булоо улам күчтөнө бурулдап мазарга жакындаган сайын жүрөгү булкуп-булкуп согууга өттү.

- Өх-хх. Дем алалычы уулум.

Айбекти из түшпөгөн калың кардын үстүнө отургузду. Жүрөгү ого бетер көкүрөгүнө күчтүү ургулаганы кулагына дүк-дүк угулат.

- Биз кайда барабыз аке?

- Жетип калдык уулум. Ап...

Апасына алып келгенин шарт айтып ийе жаздап токтоду. Санаага алдырган Мамат оозунан чыгып баратканда араң кармады.

- Мына ушул, уулум!

Башка сөз айта албай каңырыгы түтөдү. Коркуп калабы деп чочулады. Уулунун далысынан кармай өзүнө тартты да бетинен сүйүп, анан алсыз шыбырады.

- Апаң ушул жерде жатат.

Айбек бейит үстүнө орнотулган эстеликке сестене таңыркап карады да, кайра салаалап жаш төккөн атасынын жүзүнө мелтиреп тигилди. Апасынан түбөлүк айрылганын эми билди. Атасынын мойнунан кучактап, бой таштады.

- Апам өлгөн жок! Апам эртең келет. Апам бул жерде эмес! Апа, апа!!!

Көз жашын көлдөтүп көксөдү, байкуш арсар жетим. Үнү каргылдана үзүл-кезил чыгып, боздоп ыйлап жатат. Ата-баланы сооротуп, кубат айтар бир жан жок жандарында. Бирине-бири өрөпкүп, мүрзө үстүндө шолоктоп отурат ата-бала. Мамат уулуна өбөктөп өзөгү өрттөнүп ого бетер муңканды. Кыял чабытында Сайранын келбети карегине кадалды. Жүрөгүнөн сызылып чыккан арманы менен бугун чыгарып жатты.

Булбулдай мукам үн салган,
Авазыңды сагындым.
Маралдай басып суйсалган,
Карааныңды сагындым.

Чынардай сөйкө тагынган,
Чырайыңды сагындым.

Мажүрүм талдай сеңселген,
Саамайыңды сагындым.

Ак куудай жайган канатын,
Кучагыңды сагындым.
Күкүгү болуп санаанын,
Турпатыңды сагындым.

Үзүлбөй сенден үмүтүм,
Көксөттү мени турагың.
Табалбай издеп күнү-түн,
Муңканып мында турамын...

Жетелешкен ата-бала мазар ылдый кайгылуу келатышат. Айбек мурдун шор-шор тартып, кирпик арасынан чыккан көз жашын тазалоого чамасы келбей апасынын мүрзөсүнө кылчак-кылчак карайт. Алыстаган сайын кадамы шилтенбей, апасын жалгыз калтырбай ушул азыр алдынан чыга калса кошо ээрчитип кеткиси бар...

Сайра өлгөн жок. Анын өмүрүн улантар ушул жалгыз туягы, ушул жалгыз медери. Демек, Сайранын аты өчпөйт.

Мамат эч нерсеге алагды болбой жүрөгүн эзип, көкүрөгүн өйүгөн ою менен алек. Айбектен кийинки кызы Анара катуу оорудан сакайбай ооруканада узады. Өмүр шериги Сайра турмушка эми көзү ачылып, жашоо кумарына кирген кезинде жаш чырпык бойдон трагедиялуу кырсыктан армандуу көз жумду. Анын курсагында уулбу, кызбы бир наристе жарык дүйнө көрө албай кетти. Мамат өзү да ошондо ажал оозунан араң ажырады. Ушулардын баарын кийин Айбек эр жеткенде түгөл айтып берүүгө бел байлап баратат.

5.***XII.1984-ж.***

# СҮЙҮҮ ЖАЗЫ
(Этюд)

Мезгил жаз. Шаар ичи кара халатын жамынып, тунжурап уйкуда. Асфальт төшөлгөн чоң көчөлөргө, тротуарларга, кабат-кабат салынган кооз үйлөргө, көчө боюндагы катар өскөн дарактарга тунук нурларын тегиз чачыратып шаар жылдыздары жымыңдашат.

Кеч киргенден бери тынымсыз нөшөрлөгөн жаандын тап-таза тамчылары электр жарыгына сымаптай «жалт-жулт» чагылып, түрдүү бак-дарактардын бүчүрлөрүн жууп түшүп, асфальттуу кең көчөлөрдүн, тротуарлардын үстүндөгү ыплас нерселерди чайкап, андан соң чукур жерге түшкөндөрү көлчүккө айланып, тегиздегилери бир нук менен бир багытты көздөй агып жатат.

Турмушта ар бир адамга бири-бирине окшобогон түрдүү окуялар кездешет. Бирок, алардын баарын эле эске сактап жүрүү кыйын. Окуя качан гана өкүнүч, же сүйүнүч, кайгыруу, же сагынуу жаратып, адам сезимине өзүнүн өчпөс элесин калтырганда унутулбайт да, эстен да кетпейт. Биз дайыма жаз, ушундай нөшөрлөгөн жаан, чагылгандуу түн боло берүүсүн самайбыз. Анткени, кыял канатына минип, өткөн ошол кереметтүү, чексиз мээримдүү түнүбүзгө туш болобуз.

Акыркы сабактын бүтүшүн чыдамсыздык менен күтүп, анча көңүл бөлбөй олтурам. Бейшен болсо күндөгүдөй эле берилип тыңшайт. Мындан мурдагы күндөрү кыз менен эч кандай ишим болбогон, сабакты кунт коюп түшүнчүү мен, бүгүн баарына кош көңүл болуп, бир гана нерсеге элөөрүйм. Мугалимдин айтып жаткан сөзү кулагымдын сыртынан кайып өтүп, доска бетине чийип көрсөткөн көрсөтмөлөрү көзүмө элең-булаң көрүнгөнү гана болбосо мээде эч нерсеси калган жок. Кайсыл жакты карабайын оюм аны айланып учуп, элесин карегиме кадайт. Китебин ээгине таяп, жарык

коридордо кечээки кодоо бала менен сүйлөшүүдө дале. Негедир кызганычым күчөп, тезирээк таанышууга ашыгуудамын.

Чын эле мен улуу сүйүүнүн жолуна түшүп, кадам шилтегени турамбы. Коңгуроо кагылды.

Сыртта чагылган чартылдап, жамгыр нөшөрлөп жаап жатат. Автобус токтоочу жайга жеткенче кийимдерибиз суу болуп кетти. 7-маршруттагы автобус шаардын түштүк чыгыш тарабындагы «Пионер» паркын жандай өткөн асфальт жолдун боюна салынган үч кабат чоң үйдүн тушуна барганда токтоду.

... Аларды Бейшен чакырып чыкты.

Жаандан далдаланып үйдүн жанындагы айбанчага чыктык.

- Таанышып алгыла! – Бейшен менен Гүлаң жарыша өтүнүштү да, ары басып кетишти. Ушул гана сөздү күтүп, таанышууну таппай тургандай, бир жагы таанышуу салтын бузбай мен мурда ага кол узаттым.

- Айбек!

- Жыпар!

Көздөрүбүз тиктеше түштү. Ал жер тиктеди уяңдыктан. Кыпкызыл чогу бар кемегенин боюнда олтургандай беттериме кан чогулуп, ысып чыкты.

Адегенде эле тулку боюна үңүлдүм. Аппак кагаздай жүзү, каш, кирпик, көздөрү кара туш менен чийгендей, бир өрүм узун чачы капкара. Кырдач мурун, шыңга бойлуу. Үстүнө кийген юбкасы менен кофтасы тал чыбыктай солкулдаган мүчөсүнүн көркүнө көрк кошуп жарашыктуу.

Сүйлөөр сөзүбүздү алдын-ала ойлонуп, анан абайлап бири-бирибизге сылыктыгыбызды билдирип «сиз» деп баштадык...

Шаар үстүндөгү асманды тыгыз каптаган булуттар чоң-чоң таштарды агызып, өркөчтөнүп агып жаткан дайра сымал чыгышты көздөй агылууда. Күлдүрөгөн добуш бара-бара катуулап, анан «тарс» этип кагышат да,

ошол эле замат тушундагы булуттарды жара-бөлө чагылган бизге жарык шооласын чачып, кайра... Тээ бийиктиктен үзүлүп түшүп жаткан жамгырдын шурудай тамчылары көчөдөгү столбанын учуна илинген электр шамынын жарыгына чагылыша бир жерде тып-тып тамса, экинчи жерде шорголоп агып экөөбүздүн сөзүбүздү коштогон табигаттын кандайдыр бир симфониясы ойнолуп жатат.

Жаз... Ооба, бул бир жылдагы төрт мезгилдин туңгучу. Биз ушул мээримдүү жаздын кучагында – бир бүтүн улуу сүйүүнүн, назик сүйүүнүн да жазындабыз! Биз бүгүн – сүйүүнүн бир бутагына кошмок болуп бүчүрлөнүп жатабыз. Анан туңгуч сүйүүбүздү бириктирип, сүйүүнүн чытырман жолуна түшүп, алгачкы кадамыбызды шилтегени турабыз! Бул жаздын ушул түнү-нөшөрлөгөн жамгырдай тунук оюбуздун, чагылгандай «жарк» эткен сезимибиздин да туңгуч түнү, курдашы, ары күбөсү болуп жатат.

Демейдегидей эле сабактан чыгып ушерге келдик.

- Мен ушундай эле турайын, -деди Бейшен менин китептеримди ала, биз коридордун ичине киргенден кийин эшикти жаап. (Себеп, Гүлан кыздар менен киного кетип калыптыр).

... Колдорумду колтугунан өткөрүп өзүмө тарттым. Кыз жытына мас болдум мен... Мындай жытты биринчи кезиктиришим. Кандай ырахат кыз жыты!

Эңсеген жыпар жытым! Бакытым менин!...

Жыпар менин чыканагымды кармай ийилген ичке белин түзөдү. Кайра менин ушул сөзүмдү «жүрөгүнөн чыктыбы» деп жүрөгүмдү тыңшачуудай ыктады. Жазгы нөшөргө суу болгон чачымдан сарыккан эки тамчы тоголонуп биз турган тактайдын үстүнө тып-тып түшүп, заматта сиңип кетти. Жүрөгүм толкуп минтип кайрыды:

Ойлорум тынбай удургуйт,
Үмүтүм утур камчылап.
Кошулуп жатат сездиңби?

Сүйүүбүз тып-тып тамчылап...

Таң демейдегисиндей түндүн кара халатын түрө өзүнүн ак шоокумун тээ чыгыштан баштап жай-баракат жайылтууда.

Шаарда көнүмүш турмуш агымы башталды.

Үстүбүзгө тийген жамгырдын тамчылары плащыбыздын этегинен сарыгып түшүүдө.

- Жыпар, кетпейлиби эми.

- Мейли. Адатыбызча дагы ырдап кетелиби?

- Сөзсүз!

«... Биз ал күнү танышканбыз жаңыдан,
Жарым карыш чыккым келбейт жанындан.
Аппагыңды көрүп алчы дегенсип,
Аңгыча эле жарк дей түштү чагылган»…

Дагы көрүшкөнчө кош, кереметтүү, чексиз мээримдүү түн!

Кош, сүйкүмдүү, сүрдүү чагылган! Туңгуч тунук сүйүүбүздүн күбөлөрү!

***Апрель, 1970-ж.***

# СҮЙҮҮ ИШЕНИМИ
## (Этюд)

Күнүгө уктай албай толгономун,
Дайыма таттуу уйкумдан ойгономун.
Билбедим, айткылачы замандаштар,
Дүйнөдө кандай сүйүү ак болорун!...

Сүйгөнүм, тиги маңдайындагы гүл менен булбулду карачы. Айлана-чөйрөлөрү кең, кооз, бейпил. Үстүртөн караган кишиге аларга каршылык көрсөткөн, жолтоо болуп, жолдорун бөгөгөн эч нерсе деле билинбейт. Бирок, сен караганда да ушул азыркы көрүнүштөрүнө, кейиптерине терең үңүлүп, өзүңдүн боорукер, назик жүрөгүң менен абдан тиктечи. Алар мындан мурда кандай эле? Ал эми азырчы...

Дагы бир карачы сүйгөнүм, булбул менен гүлдүн мүнөзү, бири-бирине мамилелери, туруш турпаттары такыр башка... Эмне себептен минтип калышты экен?... Ана, булбул токтоосуз сайрап жатат. Тыңшайлычы.

Сагынып көрбөй калсам издей берем,
Өзүңө айланчыктап күндө келем.
Кантсем да мээрим чачып койбойсуң да,
Айтчы өзүң жароокерим шундай белең?

«Жарк» этип же мени ысытпай,
Түнөрүп же биротоло үшүтпөй,
Бүркөлүп, күлкүңдү менден аяп,
Турасың кимдендир үмүт үзбөй.

Унутуп, жалгыз таштап кетесиңби?
Ыссык сүйүүң, мээримиңди бүт алып.
Же мага ызгаарыңды чачасыңбы?
Бороон болуп, барган сайын күч алып.

Асылкечим, жүрөгүң менен тиктеп турасыңбы? Жүрөгүң менен угуп жатасыңбы? Ушундайча болсо керек ээ? Анткеним, мага ошондойчо туюлууда.

Сагачы?... Болбосо бүгүн эле мынча неге безеленет булбул?...

Таалайым, эми берки көз жоосун алып, кулпунган гүлгө саресеп салалычы. Булбулдун мукам үнү ошол гүлдөн улам шекилдүү.

Гүл кантет. Анын бүт турпаты, жүзүн тетири бурушу баштагы абалынан башкача го. Эч кыймылы жок. Ойлуу телмирет. Булбулдан башка бирөө керектей, кабагы салыңкы, көңүлү чөккөн. Не болгон буларга? Же ортолоруна чок таштаган бирөө барбы? Атпесе мындай болууга мүмкүн эмес эле го. Жок, жок, мен ишенбейм, ошондой болгон ченде да. Алар бири-биринен ажырап өмүр сүрүшө албайт. Кайра алгачкыларындай болуулары тийиш. Кантип? Менимче булбулга гүлдүн мурдагы назик мүнөзү, жагымдуу шыңкылдаган күлкүсү гана керек. А гүлгөчү?... Гүлгө...

Мээримим, тажабай көрүп отурасыңбы алардын көрүнүшүн? Сездиңби, булбул өтүнүчүн?... Аларды сен мындайча элестет гүлүм! Булбул–мен, гүл–сен. Анткени, биздин азыркы абалыбыз тигилерден кем эмес...

Буларды мен атайылап айтканым жок. Муну жүрөгүм өз ыктыяры менен өзү айтып жатат. Ушул азыр сенин жүрөгүң эмне жөнүндө ойлонуп жатканын биле албадым. А менин жүрөгүм болсо дале:

Сүйүү да эскиреби түсү качып?!
Сүйүү да калат бейм таштай катып?!
Кечээги назик мүнөз, таттуу сүйүүм,
Кетеби, бурулбастан тетир басып?!

Жок, мүмкүн эмес, түсү качып, таштай катып, таттуу сүйүүм чокко таштап жалгыз мени, тетир басып кетүүгө!...

Тигине, булбул кубанычтуу сайрай баштады. Ана, гүл ага карап сүйкүм жүзүн тосуп жылмаят. Ооба, алардын сүйүүсү кайра жаңырды, биздин сүйүү да ошондой болоруна ишенем!

***Май, 1972-ж.***

# КОТОРМОЛОР

***(Казакчадан кыргызчаланган)***

***(Маркум авам, публицист Кадыралы Апиевдин жаркын элесине)***

***Фахри ЭРДИНЧ - түрк жазуучусу.***

## КОММУНИСТ

(Аңгеме)

Камеранын ичи коюу караңгы. Эшиктин жылчыгынан алсыз шоола көрүнө баштады.

Ал бир нече мертебе көзүн ачып жумду. Темир дубалдар караңгылай баштаган. Сыйпалап жүрүп эшикти таап алды. Ургулады. Сырттан какырынган добуш менен аяктын такылдаганы угулду...

- Эй, кое тур жинденбей! Али эрте.

Ал бурчтагы ордуна кайра барды. Алсырап калыптыр. Алы жок. Денесиндеги жараты бой жаздырбайт. Карды абдан ач. Бир топ күндөн бери нар татпаган. Нече күн өттү? Эсинде жок. Маңдайын темир дубалга сүйөп бир аз турду. Андан кийин башын көтөрүп дубалдагы эски жазууларга карады.

Дубалда жазулар көп экен. Ушул бир кууш камера менен алакандай дубалга далай туткундардын өмүрү жазылган. Жумуртка кабыгына куран сөзүн көчүрүп жазууну да өнөр деп жүрүшөт го кай бирөөлөр. Нагыз өнөр – мынабу жазуулар эмеспи?! Туткундар абал калем менен жазган. Аны алып койгон соң мык менен. Мыкты алган соң тырмак менен. Тырмактарын түбү менен жулуп салган соң кандары менен жазууга көчкөн. Бирөө: «Оо, кудайым, ырайым бер!» десе, башка бирөө муну белинен сызып: «Алаканыңды жум!» деп оңдогон.

Жазуулардан жогору – нота сызыктары. Муну музыка сабагынын мугалими калтырган болсо керек. Нота сызыгынын башына скрипка ключүнүн ордуна орок-балка салынган. Андан кийинки фа, си-бимоль ноталарынан соң «Интернационалдын» алгачкы жолу башталат.

Чынында да түрмөгө түшкөндөн бери азапсыз өткөн күнү болгон эмес. Абал анын чачын алды. Андан кийин такыр төбөсүн төрт бурчтап кайта такырайтты. Алиги төрт бурчка бир нече бит сээп, аны ширенкенин кабыгы менен көмкөрө жапты... Ошондон кийин башын таңып, колу-бутун кысып байлады. Эмне иштебеди десеңчи?! Башыңды бит чагып, куйка-тамырыңды соргондо жаныңды коерго жер таппайсың. Баш сөөгүңдү чычкан кемирип жаткандай мээң айланат...

Башындагы байлоону чечкенде туткун алда качан эсинен танып калган. Эсин жыйышы менен кайтадан жоопко чакырылды. Күндөгү сурак: «Баракчаны кайдан, кимден алдың?». Туткун буга бир да жооп бербеди. Ырас, тилин жутуп койгон дээрсиң. Андан ары дагы да кыйноо. Бири-биринен өтөт. Адам жаны кандай бышык.

Бирде аны «гөргө» олтургузду. Анысы адам тикесинен тик араң сыя турган түтүк тектеш камера. Төбөдөн жарыгы күчтүү шам күйүп турат. Туткундун ээгинин астына болот чынжыр илинди да, анын жүзү толугу менен алиги шамга каратылды. Кыймылдоо жана көздү ачуу мүмкүн эмес. Каректен жаш шорголойт. Биротоло көрүүдөн калып, башын дүлөй толкундар сели жанчып жаткандай болду. Туткун ага да көндү.

Азаптуу күндөр өтүп жатты. «Гөрдү» эсине алганда анын бүткөн бою чымырап кетти. Аңгыча сырттан шылдыраган үн угулду. Туткун селт этти да, ошол турган ордунда катып калды. Эшик секин ачылып, жанына көлөмү кичине бөлкө нан топ эте түштү. Нан ысык экен, жыты буркурап турат. Камера ичин заматта жаңы жыт каптап кетти. «Кандайча тамак бере калды

экен?» деп таңданган ал эңкейип кол сунду. Колуна алып ортосунан жара бөлдү. Нан жыты андан бетер буркурап чыкты. Туткун ачыркана тиштеп, бурдап-бурдап чайнай баштады. Эми гана түшүнүктүү болду. Нанды абдан туздаган экен. «Мунусу эмнеси,-деп ойлоду ал. – Дагы бир сынаганыбы, мени бир жолу уулап өлтүрмөкпү?» Туткун оозундагы нанды жутууга аракеттенди. «Мүмкүн, байкабай туз көп салынып калгандыр... Организмге ар суткада 18 грамм туз керек». Ачкачылыкка жеңдирген туткун андан ары четинен үзүп жей баштады. Бирок, чайнабастан жутуп жатат.

Бир аздан соң ичи өрттөнө баштагандай болду. Жутунган сайын оозу көбүктөнө берди. Ичтеги өрт чыдатпай баратты. Туткун эшикке умтулуп, ургулай баштады.

- Суу! Суу бергиле! Өлүп баратам!

Дабыш болгон жок.

- Ичим өрттөнүп баратат. Суу!

Күзөтчү кардыккан добуш менен: - Алланын ырайымын күт!-деп үн чыгарды.

Туткун тар камерада ары-бери оонап тынчсызданат. Буулуга сүйлөп жатты. «Суу- өмүр. Ал адамга жан берет. Жок, ал азап! Байкаңызчы, ал суу тегинин эки, от тегинин бир молекуласынан турбайбы чиркин. Горькийдин суу жөнүндөгү аңгемеси кандай? Айтмакчы жердин канча бөлүгүн суу каптап жатат эле? Өзөн, көл-баарында суу. А деңизчи? Жок, мен деңизди жек көрөм... Ушул азыр деңиз суусу аралашкан нан жедим. Эң тазасы жамгыр суусу. Эң муздак суу – булак суусу... Измирде – «Шашал», Анкарада – «Ташделен» дары суулары сатылат. Тоодон кулай агып, мөлтүрөгөн шербет суу ай! Тоо жайылмасындагы туп-тунук кайран кайнар ай!...

«Тууган жердин бал булагы кандай көп...

Туйлайт алар тамырдагы кандай болуп!» деген эл ыры дагы бар эмеспи!.

Ошол кечте туткун дагы да азап камерасына алынып келинди. Мында кыйноонун сан түрүнө ылайык курал-шаймандар да көп. Адаттагысынча бүгүн да эки желдет жалаңдап өмүр күтүп турган экен. Бирок, төрдөгү столдо олтурган мынабу бирөөнү туткундун биринчи көрүшү. Оң жак уурту шишиңки. Бет түзүлүшү индуктун мойнундай тырыш-тырыш экен. Кандай да болсо бул жаңы тергөөчү.

Туткунду алып киргенде тергөөчү графинден стаканга суу куюп жута баштады. Туткун өзүнө неликтен туздуу нан берилгенине эми түшүнгөндөй болду. Тергөөчү суусу бар стаканды стол үстүнө койду да, ага жылаан көзүн жүгүрттү.

- Бизди да, өзүңдү да кыйнап, эң акыркы чараны колдонууга мажбур кылба. Негизги маселе айкын. Эмки кезеги-муну сенин кубаттооң гана. Кашайбай жөнгө көн.

Туткун тарабынан жооп болбоду.

- Баракчаны кимден алдың?

Дагы да үнсүздүк.

- Кимден алып, кимге бердиң?

Ал эч нерсе укпагандай, бардык назары графиндеги сууга ооду. Бул саатта ал өзү менен өзү эле. Оң колун сууга созо берип араң тартып алды.

Графин шылдыры дагы угулду. Кандай угуштуу дабыш?! Туткун үчүн дал ушул саатта андан артык, андан ыракат обон жоктой эле. Мунун жанында алтын акча, күмүш теңге шыңгыры да тең эмес... Ал кайта-кайта жутуна берди. Тили таңдайына жабышып калгандай. Жутунганында тыным болбоду. Чууруган шилекейин кайта-кайта жутуп, жутунган сайын муштуму түйүлө түшөт.

Тергөөчү ага суу толо стаканын сунду:

- Ме, ич,-деди ал, - таңдайың кургап калган чыгар. Иче гой.

Туткун козголгон жок. Тергөөчү стаканды курулай кармап турганын сезип, өзүнө кайтып алды да, бир дем менен бир нече ирет ууртады.

«Байкаймын. Эмдиги маселени суу эмес, келтек чечеер».

Ошентти да келтекке өзү жакындады. Желдеттер аны таяк менен сабай баштады. Туткундун көгөрүп шишиген, соо тамтыгы калбаган денеси дубалдагы президент Инен жакка карап турду. Тергөөчү калтасынан тамеки алып түтөтүүгө киришти. Ошол убакта телефон «шыңгыр» эте калды.

- Да, -деди трубканы алган ал,-ооба, койду көндүргөнү жатабыз.

Ошону айтты да таркылдап күлдү. Мунусу күлкүгө эмес, чочконун кошкуругуна көбүрөөк окшоп кетти. Ал трубканы кайта ордуна койду да, желдеттерге буйрук берди: - Баштагыла!

Чач ал десе баш ала турган желдеттер тез эле ишке киришти. Алар өз кызматтарына абдан ыраазы экендиктери ар кыймылдарынан айкын билинип турду. Туткун соккунун астында калды. Бир... эки... үч... Тергөөчү эч байкабагандай тамекисин жайбаракат соруп олтурат.

Жыйырманчы токмоктон соң, туткундун тилим-тилими чыкты. Кан атырылып жая берди. Анын кан тамчысы Инендин портретине чачырады...

- Эми аңгемени андан ары суроого болот,-деди тергөөчү ордуна жайланып. – Тилиң чыкпай менден бошонот экемин деп ойлобо. Өлүп калган күнүңдө да сүлдөрүңдү төртүнчү кабаттан чириген чүпүрөккө ыргыттырам. Ошентемин да, «ал өзүн-өзү өлтүрдү» деп кыска гана медициналык аныктама жазамын да, коемун.

Ушуну айтып болгон соң тергөөчү стакан толо суу менен туткунга жакындады.

- Эки жолдун бирин танда, же кашайганыңды коесуң, же чаңкап өлөсүң.

Туткун мургадысындай үнсүз тура берди. Тергөөчү мындан ары чыдабады. Алдындагы тилсиз адамды жекирип алган ал, стакан толо сууну анын бетине чачып жиберди да, адатынча желдеттерге буйрук берди:

- Анабу терезеге таңып таштагыла. Таң атканча турсун ошондой. Ал сүйлөймүн десе мага кабарлагыла.

Баш-аягы эки мүнөттүн ичинде туткунду жып-жылаңач чечиндирди. Терезенин эки жак жартысын кенен ачып, желдеттер аны чебердик менен темир торго жабыштыра аса-керип байлап таштashты. Ошондон кийин шамды өчүрүп чыгып кетишти. Туткун жалгыз калды. Анын алдында адамдардан да ырайымсыз аяздуу түн бар эле...

***

Февралдын ызгаардуу түнү. Порт жактан гудок үнү угулат. Түн бою тынчыбай турган кемелер го ал. Скутари оттору (Стамбулдун Босфор өрөөнүнө жайгашкан бир бөлүгү) муну ымдап чакырып жаткандай. Түктүү аркан денесине тикенектей кирип бара жаткан соңбу, туткун өзүнө келе баштады. Жанакыл сокку жанын да, денесин да жанчып таштагандай. «Гөрдөн» тирилип турган саатта да мындай азаптуу күн боло койбос асти. Ал чаңкаганын, денесинин ооруганын да унута баштады. Муздай темир тор аркасын каарыды. Өчөшкөндөй түнү бою муз бүркүп, суук жел согуп турду.

Туткун эрксиз ичинен өзү менен өзү сүйлөшө баштады: «Мынабу азабы жан чыдагыс экен ай, кандай айла тапсам болор эле... Жок,-деди башка бир добуш, -айла табасыңбы, жокпу бул этиң менен сөөгүңдүн энчиси. Сенде эрк бар. Бүгүнкүгө чейин берилген да, досторуңду саткан да жоксуң. Андай болсо акырына чейин чыдап көр!».

- Бизден дагы кимдер кармалды экен?

- Сени менен – алтымыш төрт...

- Али да ойлон, дал азыр сага өмүрдөн өлүм жакын турат. Көз жума калсаң жалгыз уулуңду кайда калтырмаксың? Аялыңды да жумуштан кууп жиберген. Эми алар кандай күн көрөт, көчөгө чыгып кайыр сурайбы? Андан көрө кашайганыңды кой да, баарын ачык айт! Ушул убакка чейин үндөбөй келгениң да намысыңды актап алар. Досторуң да иренжий койбос. Кана, бол, күзөтчүнү чакыр. Бол эми?!»

- Күзөтчү!

Өз добушунан өзү чочуп кетти. Бакырган ким? Чын эле өзү бекен... Кандайча?

Ал башын терезенин торуна бир нече жолу уруп-уруп алды. Анысы – азгырып бараткан эсин жыйнап алмакчы болгону эле. Алиги добушка эч ким жооп кайтарбады. Күзөтчү укпаган го.

«... Ооба, - деп ойлоду туткун оор дем алып,- Күчүмдүн кете баштаганы го бул. Андан соң тилин ары бери козгоп: жалбырактай гана ушул тилде канча кудурет жатат десеңчи, жутуп жиберер элем,-деп ойлоду. – Тилсиз калуу да жарашпас... деген менен дал азыр колум бош болсо жулуп таштар элем!...»

Ошондон кийин бир чечимге келди. Жан дүйнөсү ушул бир сын саатта азаптуу да оор убакта элжиреп, эрип кеткендей болду. Тула бою балкып, алкымы ачылды. Ушул бир саатта элжирей туруп эң касиеттүү да, эң кымбат, эң улуу бир сөздү айткысы келди. Жан дүйнөсү өрттөнөрдөй керемет ысык ант менен: «Түркия! Ата Мекеним менин!» деген сөздөрдү үзүп-үзүп айтты. Муну айтуу муң экен. Анын көз алдынан жалгыз уулу менен жан жары, күрөш жолундагы достору жана бүткүл Ата Мекени, өзүнүн сүйүктүү да баатыр, ач да жылаңач, карапайым азаматтары элес-элес болуп өтө баштады...

Ошондон кийин гана туткун эң акыркы сөзүн алкына туруп айтты: - Коммунисттер!

Ал ойлогон чечимин орундатууга ашыкты. Тиштеринин арасына тилин салды да, аны бар күчү менен чайнап жиберди...

Түн жарымы оогондо күзөтчү камераны ачып, ичине кирди. Шамды жагып, терезенин торундагы туткунга карады. Карады да туруп калды.

Туткундун жансыз денесин кан жууп кеткен эле...

***Январь, 1983-ж.***

***Бердибек Сокпакбаев,***
***Казак жазуучусу.***

## ДЕКАН ДАУЛЕТБАЕВ

*(Аңгеме)*

Биринчи семестр аяктап да калган. Аз күндө кышкы экзамен тапшыруу мезгили башталат. Экзаменди мөөнөтүнөн мурда тапшырып, айылга барып келсемби деймин. Жалаң гана стипендия менен күн көрүп окуу кыйын. Эт, май, ун, дагы бир аз азык-түлүк камдап алып келбесем болгудай эмес.

Экзаменди мөөнөтүнөн мурда тапшыруу үчүн декандан уруксат алуу керек.

Даулетбаев өтүнүчүмдү угуп болуп:

- Сенин айылың бай айыл,-деди, кой көп, эт көп. Азыр ал жакта согум союп болгон кез. Барасың да калың эттин ичине киресиң да кетесиң. Ошондойбу?

- Ошондой,-дедим.

Декан уруксат берди. Ал жазып берген уруксат кагаздарды папкама салып алып, эми кетмек болгондо:

- Мен сага бир кызык айтайын,-деди Даулетбаев дароо эсине бир нерсе түшө калгандай. Кандай кызык экенин билмекке тык токтоп, кулак тостум.

- Биздин үйдө карыя бар эмеспи, өзү кызык адам. – Даулетбаев өзүнүн кытмыр күлкүсүнө салып, киңкилдеп

күлүп алды. – Магазинден, базардан алып келген этти жебейт. Мага колдо союлган койдун этин бышырып бергиле дейт. Өзүң айтчы, ал жактан андай эт табылабы?

Даулетбаев айткан кызыктын түрү ушул эле. Мен эмне дээримди, мындай сөздү таман астында кандай түшүнөөрүмдү билбедим. Сыртка чыгып, ойго баттым. Декан алиги сөздү неге айтты? Менден бир нерсе үмүт эткени эмеспи?

***

Жыйырма күндөй элде болдум. Эми шаарга кайтууга машина издеп жүрөм. Олжосуз эмесмин. Ага-туугандардын жардамы менен бир койдун этин, бир кап ун, үч-төрт килодой тоң май ороп алдым.

Жүргүнчүлөрдү ташый турган автобус каттабайт шаарга. Мен өңдүү кийими жука жанга, кузовасынын үстү ачык жүк ташуучу машинанын үстүнө олтуруп сапар чегүү оңой эмес.

Кузовуна толтуруп кой жүктөгөн бир машина кезикти.

- Кааласаң калың койдун арасына отур,-деди шофер.

Машина ызгытып келе жатат. Талаанын өңгүл-дөңгүл жаман кара жолу. Шофер тормоз бергенде кузовтогу койлор үстүмө опур-топур кулайт. Бирине-бири кагышкан, үстүлөрү чуаш, тер сасыган койлорду кайта-кайта артка карай жылдырып, түртүү менен убара болом. Түргөнгө жеткенче булганып да, кыйналып да бүттүм. Түргөндө чыдай албай түшүп калдым. Шаарга чейин калганы, баары жетимиш чакырымдай. Машина мындан ары анда-санда каттайт. Эптеп жетермин.

Күн кечкире баштады. Машина жок. Шоферлор мында бир кайрылбай өтпөсө керек деп, райондук чайкананын алдында турам.

Үстүнө бийик, текче-текче кылып чөп жүктөлгөн аскер машинасы келип токтоду. Кабинада солдат шофер

менен капитан. Чайканага тамактанууга киришти. Шааргa ала кетүүлөрүн өтүндүм эле:

- Чөптүн үстүнөн кулап калбайсыңбы?-деди.

- Кулабаймын.

Жол акыма деп мен берген акчага солдат менен капитан буфеттен бир стакандан арак жутуп алышты. Алар да көңүлдүү, мен да көңүлдүүмүн. Көңүлдүү адам башкарган машина коендой зымырайт.

Институтка кире бериште Даулетбаев учурап калды. Мени көргөнүнө кубангандай тык токтоду:

- Оо, айылыңа барып, келип да калдыңбы? Кандай, эл-журтуң аман бекен? Ата-энең, ини-карындаштарың... сенин дагы кимиң бар? Мен толук билбейт экенмин... деги, тегиз аман бекен? Эсен болушса болду... Өзүң бир азыраак оңолгон кейиптенесиң. Эл ичи азыр жакшы чыгар. Бакма сойгон убак. Кандай, эт-майды көп алып келдиңби?

- Алып келдим.

Мен да пендемин. Алдыдагы убакытта деканга далай ишим түшөрү талашсыз. Айтмакчы, ушундай сааты келип, ал өзү талабын билдирип турганда, мен муну неге пайдаланбайм? Даулетбаевдин көңүлүн таап, эмнеге паанасына кирип албайм? Андан мен пайдадан башка кандай зыян тартуум мүмкүн деген ойго келдим.

Жатаканадан орун алганым да Даулетбаевдин жардамы аркасында эмеспи?

Ящиктеги эттен койдун бир кол, бир санын тандап, жакшылап газетке ороп, колтугума кысып алдым да, кечки чырак тамызган маалда Даулетбаевдин үйүнө келдим.

Тилекке каршы деканым үйүндө жок экен. Аялы да жок. Кроваттын үстүндө кемпир-чал гана отурат.

- Агай үйдө жокпу?

- Жок,-дешти экөө жарыша.

Жүрөгүм дүкүлдөп, өзүм да араң киргем. Алып келген нерсемди бере салып, кайта кайтканча шаштым.

- Мынабул биздин айылдын даамы эле...

Ушул сөздү үлдүрөп зорго айттым да, оролуу этти ортодогу тамак иче турган чакан столдун четине коюп, жылып турдум.

***

Биздин курста Даулетбаевге эң жакын деген студенттин бирөө менмин эми. Ал менин атымды да атабай, көбүнчө «чырак» дейт. «Чырак, акыбал кандай»?. «Чырак, эл-журтуң аманбы?»-деп турат.

Институттун дубал гезитинде менин «Достук» аттуу ырым жарыяланган. Даулетбаев аны окуптур. Мени көрүп:

- Оо, сен акын турбайсыңбы. Молодец! Ырың мага жакты,-деди. Дагы бир күнү институт менен жатакананын ортосунда кездешип калып:

- Колуң бошпу сенин?- деди.

- Бош.

- Бош болсо жүр биздин үйгө.

Даулетбаев мени үйүнө ээрчитип келди. Кабинетине киргизди. Экөөбүз элебиз. Эшикти жаап, илип койду. Китептерди салган шкафынан мектептеги класс журналына окшогон сырты калың, чакан дептерди алып:

- Мен сага ыр окуп берейин, угасыңбы?-деди.

- Угам.

Даулетбаевдин ыр жазганын мурда билбейт элем. Басма сөз бетинен көргөн эмесмин. Көңүлүмдү кунт коюп уктум.

- Мынабу «Акбайга» деген ыр. Ушуну тыңша,-деди Даулетбаев. Окугандан мурда ал ырдын түпкү тарыхын баяндады. – Акбай деген менин досум. Сенин бер жагыңда Боген районунда турат. Мурдагы жылы дем алышта баргам. Ошондо үйүнө конокко чакырды. Козу сойбой улак союптур. Мынабул ыр ошого чыгарылган.

Сен Акбай, козу сойбой улак сойдуң,
Аны өзүң кыйналып, ыйлап сойдуң.
Бир жылда айылыңа бир келемин,
Кыйналсаң, ал улакты неге сойдуң?

Ыр узак – он куплеттей.

Бир жолдошу илимий советте сындап сүйлөсө Даулетбаев ага да ыр чыгарган. Аялы түшкү тамакка эт бышырбай, картошка кууруса ага да ыр. Атасы магазинден сүт алып келайтып эшиктин алдынан тайып кетип, сүттү төгүп алса ал да ыр.

Ай, атаке аягыңды жөндөп баспай,
Тамтаң-тамтаң этесиң арак ичкен мастай.
Колхоздун сага окшогон кары чалы,
Бып-бышык, чып-чыйрак. Мрамор таштай...

- Ушул ырды карыяга окуп берсем көпкө ачууланды. Ошондон бери магазинге сүткө бар десең, барбайт.

Былтыр ушул ырларымды мыкты акындын бирине окуп бердим. Ой. Абеке сиз акын экенсиз го. Мыкты акын экенсиз деп мактады. Ырларыңызды машинкага эки даанадан кылып баскызып, бизге бериңиз. Газета-журналдарга баскызалы, өзүнчө китеп кылып чыгарайлык деди. Макул берейин дедим. Бирок, кийин айнып калдым. Ал аны бер жагындагы бала-чакага берер. Анан алар талкуулайбыз дешер. Ошого сол тапанымды тоздуруп жүрөмбү?-деди.

Окутуучумду мындан мурда азын-оолак сыйлап жүрчүмүн. Ушул жолу анын бир сыры –акындык өнөрү менен таанышкандан кийин көөнүм сууй түшкөнсүдү. «Ой, акмак. Ушундай да акмак болот экен а!»-деп чыктым Даулетбаевдин үйүнөн.

***

Өлө турган бала молдого карай качат. Мен эми ар жерде окутуучумду шылдың кылганды чыгардым.

Студенттердин алдына чыгып алып, Даулетбаев болуп сайрап акыл айтам, ыр окуймун.

Танапис убагы. Айлана туман. Жер балчык, студенттер дүр этип сыртка чыгып жөнөбөй, топтошуп аудиторияда олтурушат. Кире беришин китеп шкафтары менен бөлүп, факультет секретары отура турган кенен бурч – бөлмөчө жасап койгон, өзүбүздүн алтынчы аудитория. Мен эриккенден алдыга өтүп, мугалимдин ордунда Даулетбаев болуп, колумду серпип, сайрап турам:

- ... Силер бириң койчунун, бириң уйчунун, дагы бириң тракторчунун балдарысыңар. Шаарга жогорку даражадагы билим алуу үчүн, ошентип, калкыңа, Мекениңе пайдалуу азамат болуш үчүн келип олтурасыңар. Бул арийне, жакшы. Билим алба, тарбиялап өстүргөн элиңе пайда тийгизбе деп эч ким айтпайт. Аны айткан адам совет адамы эмес. А бирок, силер мына муну эсиңерге туткула: Окууну канча жакшы окуп, институтту эң жакшы бүтүрүп чыккан менен, андан соң аспирантурага өтүп, аны да эң жакшы бүтүрүп, илим кандидаты, кийин илим доктору, атактуу академик болуп, илимде ар түрдүү жаңылыктар ачкан менен, акылыңар, ойлоруңар, көздөгөн белгилүү бир максатыңар болбосо, заманга ,мезгилге жараша сезимиңер болбосо эч жакка баралбайсыңар! Эч жакка баралбайсыңар!

Ушунун баары ар дайым лекция башталар алдында Даулетбаевдин пулеметтой бадыратып, бизге арнап айта турган акыл-насаат сөздөрү. Кардымды жок да болсо Даулетбаевче дардайтып, алдыга салаңдатып, Даулетбаевдин өз добушуна салып, бирден-бирге экиленип, мердемсип турам. Студенттер ыракатка батышып, күлүшүп тыңшап олтурушат.

Капыстан, ойлобогон жерден:

- Айт! Айта бер! Токтолбо!-деп эшик жактагы бурчтан так Даулетбаевдин өзү чыга келди. Менин

көзүм бакырайып, тилим байланды да калды. Кирип кетүүгө жер тешик эмес. Мен түгүл, бүткүл курс шашып калды. Эч ким муну күтпөгөн.

Даулетбаев аудиторияга жана кирген экен. Эшик жактагы бурчта китеп шкафтарынын далдасында менин ал болуп сайраган бардык сөзүмдү тыңшап туруптур.

- Сен өзүң нагыз артист көрүнөсүң. Артисттин окуусуна кирбей, мында эмне кылып жүрөсүң? Жок, адашкансың! Сен окуй турган окуу бул эмес!

«Бүттү. Курудум. Окуудан чыкты деген ушул».

Ушул окуядан кийин далай убакытка чейин Даулетбаевдин жүзүнө карай албай жүрдүм.

***Май, 1982-ж.***

**Азиз НЕСИН**
**Түрк жазуучусу**

*Азия жана Африка өлкөлөрүнүн жазуучуларынын Алма-Атада өтүп жаткан V конференциясына карата*

## МЕН КАНТИП ГРАФОЛОГ БОЛДУМ?

(Келекелүү аңгеме)

Бул окуя 1944-жылы болду. Мен күндө чыгуучу газетте айына жетимиш лир алып иштеп жүрдүм. Таң эртеңки тогуздан он экиге чейин экономика менен агартуу тармагынын кабарчысы боломун да, түштөн кийин сот кабарчылыгына өтөмүн. Анын үстүнө мага күн сайын ар жайдан информация, же макала жазып туруу жүктөлгөн. Кечкисин радиодон акыркы кабарларды тыңшаймын, түн ортосу оогон кезде кожоюндун тапшырган котормосу менен алек болуп отурам. Эгерде колум бошой калса жооптуу катчыга

жардамдаша коем. Ушунча жумуш үчүн мага бар болгону жетимиш лир гана төлөйт.

Бир күнү айлык туурасында кожоюнума кыңкылдап көрдүм эле, ал мени өзүнүн маңдайына олтургузуп алды да:

- Сен кандай акча туурасында айтып жатасың? – деди. – Биз сенден белгилүү журналист чыгардык. Мен сага эмес, кайта сен мага төлөөң керек. Бир аздан кийин:
- Менин сөзүмдү жакшылап угуп тур,-деди ал, -Эгерде жазуусуна карап адамдын мүнөзүн айырып биле турган болсоң дагы да беш лир кошоюн.

- Графологиядан эч кандай кабарым жок да, менин колумдан келбес.

- Келет, келет...

Ырас, ошону менен мага газет окуучулардын кол жазмасын карап, алардын мүнөзүн айырып берүүмө туура келди.

Өзүнүн сыпат, сырын билгиси келген адамдар жер бетинде көп экен! Күн сайын жүздөгөн каттар түшө баштады. Газеттин тиражы да көбөйдү.

Эч унутпасмын. Редакцияга бир кат түштү. Автору көп сөздүү болсо керек, бакандай беш бет жазыптыр. Мен ага мындай «диагноз» койдум. «Сиз сүйлөөнү жакшы көрөсүз, деген менен өзүңүздү тамшанта тыңшатууга чебердигиңиз жетет. Ошого караганда сиздин кызматыңыз сөзгө байланыштуу го деймин. Майын тамыза сүйлөй билген өнөрүңүз сизди билүүгө жеткизет».

Ошол күнү кечке маал кожоюн менин бөлмөмө кирип келди.

- Сен Осман Сезер деген адамга не деп жооп жаздың эле?

- Билбеймин, эсимде жок...

Газетти оодарыштыра баштадык. Осман Сезер – чоң тамгалар менен беш бетти толтура жазып, мүнөзүн аныктоо үчүн бизге багыштаганы эзме болуп чыкты.

- Ал редакцияда олтурат, -деди кожоюн, - канткенде да графология профессорун – сени көргүсү келет.

- Эмне кылабыз? – деп сурадым мен.

- Тек бир гана амал бар. Сенин немис болууңа туура келет. Мен биздин аңгемебизди сага которгон болом.

- А, сиз немисче билесизби?

- Билбеймин. Мен французча окуганмын.

Редакциянын кызматкерлери туш тарапка чапкылап жүрүп немис тилин билген корректорду ээрчитип келди. Бары дурус го, ал эми мен немисче кантип жооп бермекмин.

Кат ээси бөлмөгө кирди да, кожоюнга тикирейе карап, кийин биздин аңгемебизди французчадан немисчеге жана немисчеден французчага которуу жүктөлгөн корректорго бурулду:

- Профессор мырза ким болот? – деп сурады ал.

Кожоюн мени көрсөттү. Бейтааныш адам аңырайып карап калыптыр. Анткени, мен немистерге караганда япондорго окшош элем.

- Сиз, кымбаттуу профессор, доктор Гер Фон Рудер Швидтке айтыңызчы мен абдан таң калдым. Менин жазмам боюнча жасаган анализи өзүнүн далилдүүлүгү менен таңыркатты. Мен адвокатмын. Профессор мырза мени кызматымдын сөзгө байланыштуу экенин дал аныктады.

Адвокаттын айтканын кожоюн французча которду. Биздин корректор мага бурулуп, ошол сөздөрдү немисче кайталады. Сиз угасызбы, эми менин кезегим келди. Канткенде ушул жагдайдан чыгуу керек. Немис акценти менен:

Я-я-я!-деп адвокаттын колун кыстым. Дал ушул убакытта бөлмөгө биздин башкы тамга терүүчүбүз кирди да, туура мага карады.

- Хасенбей, сиздин анализдериңиз кайда? – десе болобу. – Сиз аны бүгүн али берген жоксуз. Биз күтүп олтурабыз. Машиналар бош турат.

Мен тетири бурулуп кеттим. Кожоюн эбин таап, аны бөлмөдөн чыгарып жиберди. Бирок, адвокаттын жүзүнөн ишенбегендиктин белгиси байкалды.

- Менин профессорго деген бир өтүнүчүм бар,- деди ал. – Жакында үйлөнгүм келет. Колумда сүйгөн кызымдын каттары бар. Профессор мырза ошол жазуулар боюнча сүйгөнүмдүн кулк-мүнөзүн билип берер бекен? Графологиялык анализдин чечимине карап ага үйлөнөр-үйлөнбөсүм жөнүндө бир токтомго келер элем.

Кожоюн адвокаттын тилегин французча кайталады. Корректор аны немисче которду. А мен болсо үнсүз олтурам, кожоюнга жалт-жалт карайм. Ал болсо «билгениңче айта бер» дегендей көзүн кысат. Мен оозума келгенин сүйлөп кеттим:

- Дас айнеп луген убед зихте шлахи. Мургердер них вигозен майне... -Корректор бул жоромолдоолорду кожоюнга «которду», ал өз милдети боюнча адвокатка түрк тилинде жеткизди.

- Кадырлуу профессор ишке киришүүгө даяр экенин сизге билдирүүнү сурады. Сиз азыр сүйгөнүңүздүн бар сыпатын билген болосуз.

Адвокат ийнин куушуруп койду.

- Кызык! Мен немис тилин бир аз түшүнөмүн, бирок, профессордун бир сөзүн да укпадым.

- Профессор бавариялык, -деп түшүндүрдү кожоюн.

- Бул диалектини немистердин өзү да начар түшүнөт.

Бул күн менин өмүрүмдөгү унутулгус күнүм экен. Эшик ачылды да, бөлмөгө кофе кайнатуучу кирди.

- Хасенбей, сиз чай сурадыңыз беле? – деди ал. - Кожоюн анын колунан чай куюлган кесени алып, өзүн далысы менен түртүп, сыртка чыгарып жиберди.

Ошол кезде дагы бир күтүлбөгөн иш болду. Бөлмөгө биздин кварталдагы дүкөнчү кирип келди. Ал мени издеп редакцияга күнүнө бир нече жолу келгенинде биздин күзөтчүнүн «редакцияда жок» деп жалган айтканы менен гана жаным калып жүргөн эле. Деген менен дүкөнчү акыры менин этегимден кармады, анын үстүнө ушул учурда колго түштүм.

- Мына, биз да кездештик, Хасенбей,-деп ал кейип сүйлөдү. – Жакшы эмес! Мени мында күнүнө үч ирет келтиресиң, уялсаң боло! Сен неге менин башымды катырып жүрөсүң?! Жетет эми, чарчаттың! Бүгүн-эртең, бүгүн-эртең... Мен сени аяп карызга азык-түлүк берем. Ошол адамгерчилигиме айткан ыракматыңбы бул?

- Сизге эмне керек? – деп кейип кетти кожоюн, - Профессор мырза түркчө билбейт.

- Ээ-ми-не? Түркчө билбейт? ... О, алла, алла! Менден буурчак менен сабиз алган кезде булбулча сайрар эле... -Ал кайтадан мага бурулду. -Хасенбей, мага сөз керек эмес... Акча...

- Их бин хайте ах цейтунг зинх...

Дүкөнчүнүн көзү алайып кетти.

- Сен эмне, акылыңдан адаштыңбы?

- Яволь! Шубенабен пуле ми хен...

- Ашыкча эркелебе эми!... Болбосо мен да бир балээни баштаймын. Бөлмөдөн сүйрөсөңөр да чыкпай, жерге өлүктөй болуп жатып алам. Мейли анан эмне иштесеңер да өзүңөр билгиле.

Корректор чыдай албай күлүп жиберди. Адвокат аң-таң болуп бирде кожоюнга, бирде дүкөнчүгө карайт.

- Боорум сен, мынабу мырзаны бирөөгө окшоштуруп жатасың,-деди кожоюн дүкөнчүгө. - Бул немис профессору.

- Эмне дейсиң, немис профессору?! Эми түшүнүктүү. Бул профессор эмес, нак алдамчынын өзү. Мага ишенгиле, бул силерди сазга олтургузат. Профессор? Алдамчы, куу!

Бул аңгемеден эчтеме түшүнбөгөн кейип менен мен дагы да балдырап кирдим:

- Зи гойнер камарадын шифтангын...

Адвокат котормочу корректорду түртүп таштап, мага жакындады.

- Сен неге чаяндай болуп кызарып кеттиң?

- Билбеймин, -депмин мен түркчө. «Немис профессору» экенимди унутуп кетиптирмин.

- Тьфу...

Адвокат бетиме түкүрүп жиберди да чыгып кетти. Дүкөнчү да ошентти. Биз кожоюн экөөбүз гана калдык.

- Эпсиз!... Сөлөкөт!-деп урушту кожоюн. – Айлыгыңдан он лир кемитем...

Ал да ачууга буулугуп бөлмөдөн чыгып кетти.

***Сентябрь, 1973-жыл.***

*«…Мында аба эң сонун, булак суулар көп, көктөмү өзгөчө ажайып. Фергана өрөөнүндө абасынын жагымдуулугу жана тазалыгы боюнча ага тең келе турган шаар жок».*

*З.М.Бабур. VI кылым*



## БАЙЫРКЫ ОШТУ БАРКТАЙЛЫ
## (Публицистика)

### 1. Таза аба таңсык болобу?

- Кыргызстандагы балит шаар кайсы десе мен Ошту көрсөтмөкмүн.

- Сага мен да кошулмакмын. Мында жашагандар байыркы шаардын баркын кетирип жатышат.

- Эки саат эле көчө бойлоп жүрсөң боз-ала болуп чаңга оронуп «топурак кишиге» айланып кала жаздайсың.

- Ал эми эртеден кечке шаарды араласаң мурдуңдун таноолоруна катмар-катмар чаң менен ыш топтолот.

- Алкынып Ак-Буура дарыясы аккан сайды айтпайсыңбы. Таш-кумдарга аралашып суу алдында, дарыя жээктеринде эмнелер гана жатпайт.

- Аң-сезимдүү адамдар жашаган байыркы калаа ушундай жийиркеничтүү абалда калабы...?

Шаарды көрүүгө ынтызарланып келген меймандардын ындыны өчүп, өз ара маектешүүлөрүндөгү ушул аянычтуу суроо мага берилгендей туйдум. Анткени мындагы 300 миңге жакын жашоочулардын бири менмин да. Намысыма келип, өзүмчө наалып да алдым. Канткеним менен чындыкка ынанбоого аргам жок. Буга чейин эле курчап турган айлана-чөйрөбүздү коргоо маселесин козгоп, замандаштарым менен кенен-чонон сырдашсамбы деген түпөйүл ойдо, шарт айтууга даабай жүргөн элем. Шаардык Совет, жаратылышты коргоо коому демилге көтөрүп, коомчулукту козгооруна үмүттөнгөм. Мындай үмүт-тилек учурдагы утурумдук иш-чаралар менен гана чектелип калууда. Аттиң-ай, бейпилдик бийлеген заманда жашаганыбыздан улам жеке кызыкчылыгыбызды гана көздөп калдыкпы?

Темирландын урпактарынан болгон атагы дүйнөгө тараган Захридин Мухаммед Бабур «Бабур наме» деген китебинде Ош жөнүндө: «Мында аба эң сонун, булак суулар көп, көктөмү өзгөчө ажайып. Фергана өрөөнүндө абасынын жагымдуулугу жана тазалыгы боюнча ага тең келе турган шаар жок», деп эскергени ой-санаамды бийлеп алды. Эми жаңылануу мезгилинде ачык айтып, сыр төгүүгө аргасызмын.

1988-жылдан бир мисал келтирейин. Февраль айынын башталышында эки күн катары менен Орто Азия республикаларынан келген расмий өкүлдөрдүн катышуусунда Ош областынын агро өнөр жайын толук чарбалык эсепке өткөрүүнүн маселелерин талкуулаган региондук семинар-кеңешме өттү. Ушуга карата укмуштай даярдыктар көрүлүп, борбордук көчөлөр,

тротуарлар шыпырылып-сыйрылып тазаланды. Албетте шаардыктардын жалпы күчү менен. Мындай ар кыл себептер менен официалдуу адамдардын шаарыбызга тез-тез келип турушу жакшы окшойт деп каламын. Анткени алардын шарапаты менен көп нерселер жаңыланып, шаарыбыздын көрүнөө жерлери тазаланып, сергип калат экен. Болбосо коммуналдык чарба комбинаты менен тазалоо жана жашылдандыруу контораларынын жумушчу-кызматчылары сайып, түртмөйүнчө уктай берүүнү адат кылып алышты. Алардын ар бири өзүнө тагылган ишти так, абийирдүү аткарганда шаарыбыздын тазалыгы сакталып, кулпуруп турмак.

Ошол күндөрдө көчө, тротуарларды жуугандан чыккан ботала суулар арыкчалар менен туура эле Ак-Буура дарыясына кошулду. Көчөлөр жаркыраганы менен суу эмне болду? Буга бирөө жан кейиткен жок. Эптеп тапшырылган ишти чампалай салып тез кутулуунун гана амалын ойлошту. Мындан жалган эле мактануучулук, жасалмалуулук, көргөзмөлүүлүк, сыймыктануучулук, шандануучулук өңдүү эски саркындылар дале даана сезилип жаткан жокпу? Меймандар билбесе да жергиликтүүлөр байкап, туюп турбайбызбы. Муну менен кимдерди алдайбыз? Албетте өзүбүздү. Жаман жактарыбызды бүгүн жаап-жашырган менен эртең эле кашкайып чыгып каларын билебиз. Бирок, билип туруп жасаганыбыздын өзү күлкү келерлик. Демек, ушулардын баарын көздөн өткөрүп, сергек сезимдери менен туюп турган келечек ээлерине берер кеңешибиз кандай? Жаш муундар биздин оозеки тарбиябызга, үйрөткөн өрнөгүбүзгө көнбөй, иш жүзүндө аткарган жоругубузду кайталары күмөнсүз эмеспи.

Эми Оштун көчөлөрү балит, абасы булганыч болсо да ат арыта кыдырып, баш-аягына баам таштап көрөлү замандаш. Шаардын орто, четин, булуң-бурчтарын ээлеген өнөр жай ишканалары көп. Өнөр жайыбыздын

мындай өркүндөшү кубанычтуу деңизчи. Бирок, ушул «бирок» деген сөз дайыма көңүлгө төп келбей жүрөктү өйүтүп, жаа огундай ойго сайылат. Буга эмне себептигин иликтейли.

Айрым өнөр жай ишканаларында, авточарбаларда атмосфералык абанын таза болушуна олуттуу маани берилбей жатат. Ошолордун кесепетинен жана да котельнаялардан чыккан калдыктар, газ, чаңдар менен шаардын аба бассейнинин булганышы улануда. Кээ күндөрү атмосферага зыяндуу заттардын чыгарылышы жол берилүүчү чектен 6 эсеге чейин ашып кетет. Чаңдын орточо концентрациясы өзүнүн чегинен 7, углероддун окиси 1,5, окистүү азот 2 эсе көптүк кылат.

Ырас, зыяндуу заттарды абага чыгарбай коюучу установкаларды техникалык жактан жабдуу, алардын эффективдүү иштөөсүн камсыз кылуу тапшырмалары жылдан-жылга аткарылбай кала берүүдө. Мисалды четтен эле тапсак болот. Курулуш материалдар, ВЛКСМ атындагы жибектен кездеме чыгаруучу соода бирикмелери, эт, турак-жай курулуш комбинаттары, 4- жана 20-темир –бетон буюмдарын, ошондой эле насос чыгаруучу заводдор, дагы башка ушул сыяктуу ишкана, уюмдар атмосфераны таза сактоонун нормативин иштеп чыгуу милдетин чече алышкан жок. Буларга 1987-жылы сүт жана тегирмен комбинаттары, «Агроөнөржай курулуш» бирикмеси, пахта тазалоочу жана автомобилдерди ремонттоочу заводдор эч кандай каршылыксыз эле кошулду. Ал эми жылуулук электр борбору, эт комбинаты, асфальт-бетон заводу, жыгачты кайра иштетүүчү жана «Агроөнөржай курулуш» бирикмесинин темир-бетон буюмдарын чыгаруучу заводдор жылдан-жылга ар бири 3төн 48 тоннага чейин зыяндуу заттарды көп чыгарышууда.

Демек, аталган ишканалардын жетекчилерин, инженер-техникалык кызматкерлерин эл алдында жемелесек болот. Бирок, алар экология маселесин

таназарга албай өздөрүнүн жоопкерчиликтерин өндүрүштүк пландар менен гана байланыштырып, кутулуп кетүүгө далбасташары шексиз. Мындай учурда ошол жерде иштеп жүргөн жалпы коллективдин, ошол аймакта жашап жаткан калктын чечкиндүү үнү кана? Бийликтегилер билишет, чечишет деп өзүбүздү өзүбүз жайгарып жүрө беребизби?

Көңүл түбүнө көк таштай чөккөн маселелердин экинчиси-шаардагы көчөлөрдүн, эс алуучу коомдук жайлардын балиттиги. Майда-чүйдөлөрүн кое туруп мурда негизги Ленин, Свердлов, Гагарин атындагы, Кыргызстан, Интернациональная, Пионерская көчөлөрүн кыдырып, ары жак, бери жагыбызга саресеп салалы. Партиянын обкому менен облаткомдун, шаарком менен шаараткомдун имараттарынын жан жака-бели эле дурустап тазаланганы болбосо бардыгы алгылыктуу деп айтууга ооз барбайт. Тротуар менен баскан сиз менен мен автотранспорттордон буюлгуп чыккан чаң менен кара түтүн аралашкан газга тумчугуп, кийимибиз бозала болуп булганып баратабыз. Биринен экинчисине качып өтсөк деле ушул. Үйгө жетип эле кийим ооштуруп, самын-сумун көтөрүп мончого чапкылашыбыз керек. Ушуга жараша мончо көп болсо моймоюп барып, сергип келмекпиз... 300 миңдей киши жашаган шаарда болгону 4 эле мончо бар.

- Мындан бир нече жыл мурда жүк ташуучу автомашиналар үчүн шаардын четине жол курулганы эсимде. Ошондон кийин шаардын борбордук көчөлөрүндө көмүр, кум, цемент жана башка ушул сымал буюмдарды ташып өйдө-төмөн жүрүүгө тыюу салынбады беле.

- Айтканың чын. Бирок, аны ким аткарат? Чечим кагазда калды. Артынан сая түшкөн бирөө болсо минтип оор жүк жүктөлгөн автомашиналар түтүнүн булатып шаар аралап жүрбөс эле. Мамлекеттик автоинспекциянын сүрдүү кызматкерлери мындай

жагымсыз көрүнүштөрдү жоюуда эч кандай тиешелери жоктой компоюп жүрүшпөйбү.

- Көчө боюндагы акыр-чикир таштандылардан көңүлүм айланып баратат.

- Өзүңдү карма, булар эч нерсе эмес. Ак-Буура дарыясын жээктеген «Ак-Буура» менен Мажүрүмтал көчөлөрүндөгү, Московская, Столичная көчөлөрүнүн Гагарин көчөсү менен кесилишиндеги (башкаларын айтпай эле турайын) дөбө-дөбө болуп үйүлгөн темир-тезектердин, идиш-аяктардын сыныктары, тамак-аштардын калдыктары, алардан чыккан сасыган жыт көңүл айлантмак түгүл кускунду келтирип тамак түшүрөт. Азыр каалап турсаң көрсөтүп келе коеюн.

- Тамашаң жакшы. Бирок айткандарыңдын баары чын болуп жатпайбы. Ишенбеске далилим жок. Ал турсун таштанды төккөндөргө 25тен 50 сомго чейин штраф салынары эскертилген мына бул белгини курчап акыр-чикирлерди үймөктөп салышыптыр го.

- Ага маани берип, бейбаштарды ийге келтирбегенден кийин белгини бекем орнотуп коюунун зарылчылыгы жок экен.

- Атмосфералык абаны коргоо боюнча мамлекеттик инспекциянын, коммуналдык чарба комбинатынын, шаарды санитардык тазалоо жана жашылдандыруу контораларынын кызматкерлери өздөрүн жан бакма мекемеде жүрүшкөндөй сезишет тура. Маяна үчүн отчет бергенде баары жайында, ал эми чындыгына келгенде... Уят деген унутулуп баратабы? Эгерде ак дилден аракеттенишсе шаарды жашылдандыруунун көрсөткүчү бир адамга эсептегенде Союздук деңгээлден 1,5 эсеге аз болбос эле.

- Буларың аз келгенсип оюлбаган бир да көчө калбаптыр.

- Ошто оюлбаган бир гана көчө калды. Бирок, мен аны азыр сага айтпайм. Айтсам эле аны да оюп салышарын сезип турам...

Калыс жолоочулардын көргөн-билгендери туура. Алар айланып келгенче айрымдарын мен аңгемелеп берейин. Мен дагы азырынча эс алуучу жайларды эске албай турайын.

Эзелтен эле Ош базары оозго алынып, даңкы далайга тараган. Кербенчилер суктанып, соод-сатыгын кызытып, барчылык, токчулугуна бабырашып, берекесин ашырып, бака-шака шаңга бөлөшүүдө. Жашоонун жарашыгы болгон жандуу кыймыл үрүл баралдан көз байланганга чейин тынымсыз өкүм сүрөт. Буга маашырлана курстан болом. Тирүүлүктүн түгөнбөс түйшүгү түйшөлтөт. Азыр базардагы жаңы курулуштар бүтүп, мурдагыдан иреттелип, келбети өзгөрдү. Базарчылардын отурар орду, жайгашар жайы беленделип, бөлүкчөлөр бөтөнчө өзгөрдү. Дегинкиси байыркы базар түп-тамырынан жаңыланып, жандана баштады.

Бир гана ыпыластыктан арылууга базарчылардын жана алармандардын аң-сезими ыкшоо тартып турат. Мөмө-жемиштердин, жашылчалардын калдыктары, башка майда барат таштандылар ар кайсыл жерде үймөктөлүп, чачылып жатышына каймана карашат. Өпкөнү аралаган жагымсыз жыттан жабыркашарын таназарга алышпайт. Базар ышкысы менен баарын унутуп, күчтүү агым менен күүлөнүп кете бермей.

- Коңурсук жытты сезип атасыңбы? Ар күнү кантип чыдап олтурасың бул жерде?

- Мен буга көнүп калганмын. Базардын байлыгы ушул ирик-чириктери менен артат,-деп колундагы чириген капустаны ары ыргытып, компоюп койду бир базарчы аларманга...

Эртеден кечке элдин аягы үзүлбөгөн эки автовокзалдын алдын-артын сапар карытып, же сапар баштап жол жүргөндөрдөн артык баамдагандар болбос. Түрлүү автобустардын түтүнүнө аралаш чаң жутуп, таштандыларды тепсеп турганыма тынчсызданам.

Сигарет тартып, семичке чагып, айрымдары жеңил тамак жеп калдыктарын, орогон кагаздарын туш келди (таштанды салуучу идиштер турса да) ыргыта ары-бери өтүп, кээлери бир орунда турганы көзүмө чагылат. Колдорундагы экиден самсанын бирденин чала жеп, экинчисин кошо аялдамадагы арыкчага таштаган модалуу кыздарды бекем кармаган карыянын кейигенин кулагым чалды.

- Эмнеге таштадыңар кыздарым?

- Камыры бышпаптыр.

- Арыкка таштабай самсачынын өзүнө алып барып көрсөтпөйсүңөрбү? Арыктын ичин булгабадыңарбы.

- Автобусубуз келип калды, шашып атабыз. Көчө шыпыргычтар тазалашат. Сиз кыйналып-кысталбай эле коюңуз,-дешти да истала кылыштын ордуна экөө тең бой түзөй тыкылдап басып кетишти. Өңү сумсайган карыя аларга жийиркеничтүү тигилип кала берди. Анан арыктагы самсаларды чогулта кагазга ороп алып суз жөнөдү.

Бул эмне, токчулуктун белгисиби? Же ашынгандыкпы? Балким бейпил заманда жагымдуу жашоону билбей жүргөнүбүз болбосун. Айлана-чөйрөнү таза сактоодо мунун кандай тиешеси бар дээрсиз замандаш. Эгерде терең ой жүгүртсөк анын башаты ушунда жатпайбы. Улуулардын улагасын аттап, акыл-кеңешин уксак уугубуз узарат.

## 2. Адал аксын Ак-Буура

Суусуз жандуу жаратылышты элестете албайбыз. Ошту жашыл аймакка айлантып, жан киргизип турган Ак-Буура дарыясы. Ооба, шаардын так ортосунан жарып өткөн дарыянын жашоо тиричилигибиздеги касиети ченемсиз. Биз буга кандай маани берип жатабыз? Эми кеп учугун ушундан чубайлы.

Ак-Буура дарыясынан бөлүнгөн 6 канал бар. Эгерде баарын бириктирип бир нукка бурса акын Байдылда Сарногоев ырдагандай азыркы шаарды аралаган агымынан алда канча артып, сай толо буркан-шаркан түшмөк. Бирок, ал адамдын кан тамырлары сыяктуу тарам-тарам таркалып, элдин жашоо-тиричилиги үчүн керектелүүдө. Сууну кантип, кандай пайдаланыуудабыз? Бул соболду укканда эле супсунубуз сууп, оор үшкүрүнүп алабыз. Эмнеге? Анткени, сууну өзүндөй таза сактай албагандыбызга өкүнөбүз.

Ак-Буура дарыясы агып жаткан сайды жана андан бөлүнгөн каналдарды бойлой турак-жай үйлөрү, өнөр жай ишканалары, ашкана-чайканалар, атвомобиль жана мал базарлары жайгашкан. Ушулар сууну булгабайт деп ким кепил боло алат?

Үн жок. Жоопсуз... дым...

Ак-Буурада, анын каналдарында жаткан түрдүү темир-тезектердин сыныктарын, чүпүрөк-сапырактар-дын ыргытындыларын, бакма жаныбарлардын өлүктөрүн, деги ар кандай таштандыларды көрүп, жүрөгүңүз муздап, жүлүнүңүз сыздайбы замандаш? Мынткендигим сиз деле ар күнү көрүп, күбө болуп жүрөсүз. Тууралбы?

Бул суу мага, сизге, баарыбызга керек, келечектеги урпактарыбызга керек. Ушуларды сезип, туюп, көрүп, билип, аралашып олтуруп эмне үчүн унчукпайбыз. Же бизге баары бирби? Жок, жашоо үчүн күрөшүүбүз зарыл. Ким менен? Адам адам мененби? Ооба, биз өзүбүзгө өзүбүз жол ачып, кайта эле өзүбүзгө кыянаттык кылып жатабыз го?

Ак-Бууранын суусунан Кара-Суу, Араван райондорунун, бизге коңшулаш Анжиян областынын эли-жери да ичет. Ошондой эле өзүбүз (шаардыктар) шаардагы түтүкчөлөрдөн суу токтогондо Ак-Буурадан, анын каналдарынан суу ташып тамак-ашыбызга керектейбиз. Мына, өзүбүз булгаган сууну өзүбүз ичип

атабыз. Арга канча «агын сууда арам жок» дейбиз да, көңүлүбүздү жайгарып алабыз.

- Айрым адамдар түнкүсүн ар кандай калдыктарды каналдарга ташташат экен.

- Түнү эмес мен чакалекей чак түштө өз көзүм менен көрүп таң калганмын. Орто жашап калган эле аял бир чака толо иринди-чириндилерин Ак-Бурага төгүп жиберсе болобу. Барсам:

-Мени көрө калдыңбы. Ак-Буура менен Мажүрүмтал көчөсүндөгүлөрдүн баары эле төгөт керек болсо. Тигини карачы, автомашинасын суунун ичине коюп алып беймарал жууп атат го,-деп аны сөөмөйү менен көрсөтө корсулдап үйүнө кирип кетти.

Бул эмне? Эрегишүүбү? Шаарда жашоочулар Ак-Буура суусун булгоо боюнча мелдешке чыкканбы? Антишпесе каналдардын жээгине курулган дааратканалардан, чочкоканалардан сууга түшкөн саркындылар сар-санаага салбайбы? Булар аздык кылгансып Ак-Буура-Араван, Увам, Кайырма каналдарын бойлогон көчөлөрдөгү үйлөрдүн ээлери да кирлерин, жугундуларын дал ушул каналдарга ташташат.

Эл депутаттарынын Ош шаардык Советинин аткаруу комитети 1983-жылдын 29-сентябрында (№498-чечим) «Ош шаарындагы ирригациялык каналдардын обьектилерин кайра куруу жана реконструкциялоо боюнча иш чараларды көрүү жөнүндө», ал эми 1987-жылдын 27-январында (№39-чечим) «Ош шаарындагы эмгекчилерди суу менен камсыздап туруучу каналдарды тазалоо жана анын тазалыгын жакшыртуу жөнүндө», Ош областтык Советтин аткаруу комитети 1985-жылдын 26-декабрында (№595-чечим) «Ош областынын ишканаларында абаны коргоонун абалы канааттандырарлыксыз экендиги жөнүндө» чечимдерди кабыл алган. Кагазга жазылып, мөөр басылып, ишке ашпаган мындай чечимдер архивдик текчелерди ээлегенден башкага жараган жок.

КПСС Борбордук Комитети менен СССР Министрлер Советинин «Өлкөдө суу ресурстарын пайдаланууну жакшыртуу боюнча биринчи кезектеги чаралар жөнүндө» кабыл алган токтому тиешелүү мекеме-уюмдарга, биринчи кезекте эл депутаттарынын жергиликтүү Советтеринин аткаруу комитеттерине «1988-1990-жылдарда суу ресурстарын үнөмдүү жана сарамжалдуу пайдалануу жана дарыяларды, көлдөрдү бассейндерди жана башка булактарды булгануудан жана соолуп калуудан коргоо ишинде түп-тамырынан бери бурулуш жасоо боюнча кечиктирилгис чаралардын комплексин ишке ашыруу» милдетин жүктөдү. Буга да каймана кароо капсалаңга каптаарын азыртан түшүнүүбүз абзел, урматтуу бийлик ээлери!

Дагы бир токтомду бетке кармайын: «Эл депутаттарынын жергиликтүү Советтери жаратылышты коргоо жагынан өз ишин өтө жай кайра куруудa. Жаратылышты коргоо законун бузууга каршы туруктуу күрөш жүргүзүлбөйт, бул үчүн берилген укуктар жана полномочиелер толук өлчөмүндө пайдаланылбайт» деп КПСС Борбордук Комитети менен СССР Министрлер Советинин «Өлкөдө жаратылышты коргоо ишин түп-тамырынан кайра куруу жөнүндө» токтомунда таамай бааланган. Так ушул мүнөздөмөнү Ош шаардык аткаруу комитетинин илең-салаң ишине түз эле ыйгарууга болот.

Курчап турган айлана-чөйрөбүздү таза сактоо, коргоо-учурдагы эң маанилүү башкы маселе. Ошондуктан ушул жерде Венгрия Эл Республикасынын бир районундагы жакшы саамалык ойго тутулат. Аны таржымалап берейин. Анткени досторубуздун мыкты демилгелерин колдоп, үйрөнсөк, үзүрүн көрөрүбүз анык.

Будапешттин ири өнөр жай райондорунун бири Ференцварошто түзүлгөн жаратылышты коргоочулардын уюму шаардын көчөлөрүнүн, аянттары менен парктарынын тазалыгы үчүн күрөштө күч-аракеттерди бириктирүү, курчап турган чөйрөнү булгап жаткан

ишкананы коомдук катуу контролдукка алуу милдеттерин чечип жатат. Ага райондун 30 ишканасы менен мекемеси, заводдук комсомолдук уюмдардын бири, социалисттик эмгектин бир нече бригадалары, ондогон активисттер кирген. Мындай бирикмени түзүү идеясы кокусунан пайда болгон жок.

Венгриянын борборунун башка райондорунан айырмаланып, Ференцварошто жашагандар автомашиналардын санынын тез көбөйүшүнүн, өнөр жайынын дүркүрөп өсүшүнүн зыянын сезип жатышат. Бул процесстер ызы-чуунун деңгээлинин жогорулашына, абанын сапатынын начарлашына алып келди. Ушул өзгөрүүлөргө тынчсызданган райондук Совет Дунайдын боюндагы шаарды өтө таза шаарга айландырууга умтулгандардын бардыгынын күч-аракеттерин бириктирүүгө мүмкүндүк бере турган жаңы коомдук уюмду түзүү идеясын биринчи болуп колдоп чыккандыгы кокусунан эмес. Уюмдун мүчөлөрү өзүнүн башкы милдетин жөн гана кеңири түшүндүрүү иштерин жүргүзүүдөн эмес, калкты конкреттүү иштерге багыттоодон көрөт. Бирикменин активисттеринин ишинин аркасында өткөн жазда Ференцвароштун көп адамдары өз короолорунда, жакын арадагы паркта дарак отургузуу, кароосуз калган ээн жерди тазалоо үчүн биринчи жолу колдоруна кетмен, күрөк алып чыгышкан.

Кыйла чоң милдеттерди чечүү да жаңы уюмдун мүчөлөрүнүн колунан келет. Алар калктан даттануулар келип түшкөн ишканаларда болуп, курчап турган чөйрөнү коргоо боюнча талаптардын сакталышын кылдаттык менен текшерип чыгат. Уюм мындай текшерүүлөргө зарыл болуп калган учурда абалды түзөтүүнүн долбоорун түзүп, шаардын тазалыгы жөнүндө кам көрүшпөгөн ишканаларга каршы санкциялардын зарылдыгын негиздеше ала турган адистерди тартуу мүмкүнчүлүгүнө да ээ. Ошентип,

уюмдун ишине бардык жерде күчөп жаткан кызыгуу-экологиялык проблемаларды чечүүгө калктын катышуусунун демократиялык жаңы формасынын узак жашай тургандыгын ырастоодо.

Биз дагы байыркы Ошту барктап, анын жаратылышын таза сактоодо, коргоодо жана берекелүү байлыгын сарамжалдуулук менен пайдаланууда жаңылануунун чегинде ар бирибиз өз үлүшүбүздү тартынбай эле кошууга акылуубуз. Өзүбүзгө жана да биздин өмүрүбүздү улаган муундарыбызга кыянаттык кылбайлы ыйык замандаштар!

***Сентябрь, 1988-ж.***



# КАРА-ШОРО КӨЙГӨЙЛӨРҮ

*(Публицистика)*

*«...Аткаруучулук тартиптин төмөндүгүнүн тыянагында жаратылышты коргоо иш-чараларын ишке ашыруу боюнча партия менен өкмөттүн бир катар чечимдери белгиленген мөөнөттөрдөн чегинүү менен жана толук эмес көлөмүндө аткарылат».*

*(КПСС Борбордук Комитети менен СССР Министрлер Советинин «Өлкөдө жаратылышты коргоо ишин түп тамырынан кайра куруу жөнүндө» токтомунан).*

## 1. Кең жайлоонун куну учабы?

Кара-Шоро Өзгөн районундагы тоолуу өрөөн. Жайыты мол, жайлоосу кенен, эс алууга жери кооз. Чыгыштан батышка 26 километр, ал эми түштүктөн түндүккө 6 километрден ашык аянтты ээлейт. Тоолордун басымдуу бийиктиги 2700-3000 метрге барабар, эң бийик чокусу 4094 метрге чейин жетет. Бул аймакта арча, карагайлардан тартып, тал, терек, кайың, долоно, табылгы, бөрү карагат, чыны карагат, шилби жана

жылгын, ит мурун, ыргай жана башка бадалдардын түрлөрү, жайкалган шиберлер өсөт. Демек, ушулардан улам мындагы аба таза, жашоого жагымдуу.

70-жана андан мурдагы жылдардагыдай элик, аркар, тоо эчки, кийик, кара кийик (доңуз), суур, арс чычкан, суусар, түлкү, улар, чил, кекилик, көгүчкөн көп болбосо да, кездешет. Жаратылыштын жандуу көркү ушундай жаныбарлар дүйнөсү менен эмеспи.

Ичүүгө жарамдуу минералдык муздак суу булактары республикабыздын чегинен тышкары да белгилүү. Алардын ичинен изилденип, дартка дабаа болуп калгандары 2-5-8-12-номерлүү «Кара-Шоро» деген этикетка менен элге тарап жаткан минерал суулар. Сыркоолуулар буларды дары катары ичишип, шыпаа таап жатышат. Ошондуктан жаамы журтчулукка кеңири маалым.

Өрөөндүн аралыгы областтын борбору Ош шаарынан 130 километр, ал эми райондун борбору Өзгөн шаарынан 75 километр алыстыкта. Ошентип, Кара-Шоронун кыскача таржымалы ушундай. Эми Кара-Шоро өрөөнүнүн азыркысына жана келечегине атуул катары саресеп салып, ой чабыттатууга өтөлү.

Далай дартка дабаа болгон минералдык суулары, чалкыган жайлоосу, берекелүү жайыттары, таза абасынын салкындыгы, дарылык касиетке ээ табигый чөптөрүнүн төрт түлүккө да жагымдуулугу менен өрөөн өзгөчө айырмаланат. Мында жыл сайын Өзгөн районунун 3 чарбасынын «Кыргызстандын 50 жылдыгы», «Ак-Жар», «Алга» совхоздорунун 82920 койу, 2805 жылкысы, 3550дөн ашык бодо малы, булардан башка дагы Совет, Араван райондорунун жана да Өзбекстандын Анжиян областына караштуу айрым райондордун короо-короо койлору, үйүр-үйүр жылкылары, топ-топ бодо малдары жайлайт. Алар менен аралаш эле элдердин менчик малдары да багылат. Эгерде бардыгын жалпылап эсептегенде канчалык

бараандуу цифра көзгө тартылары анык. Бул жерде биздин максат цифра менен эсеп-кысап жүргүзүп, баш айландыруу эмес. Демек, аны тактап, тастыктоонун, ушул баарлашуубузга аралаштыруунун менимче зарылчылыгы жок. Бизди өрөөндүн жаратылышынын азыркы жана келечектеги абалы тынчсыздандырууда.

Чабан, жылкычы, малчы, саанчы өзүнө жогорулатылган социалисттик милдеттенме алып жатканда Кара-Шоро жайлоосу эсине түшүп, жашыл шибер жайыттары көз алдына тартылганы куру бекер эмес. Анткени аларды ишенимге жеткирип, сыймыкка бөлөгөн ушул аймак. Ошондой болгондон кийин учурдагы экономикалык радикалдуу реформанын шартында кайтарымдуулуктун көп болушуна жетишүү негизги максат болуп калышы шарт эле. Муну Кара-Шоро өрөөнүн өрдөгөн малчылар, агроөнөр жайынын адистери ойго тутуп жатабы? Жайыттарды билгичтик менен сарамжалдуу пайдалануу, табигый чөптөрдүн өсүмүн жогорулатуу багытындагы аракеттер алымсындырабы?

- Мындай суроого жок деп эле кескин жооп кайтарууга негиз бар.

- Ырас, жүргүзүлгөн иштердин жетишсиз көлөмүнүн жана төмөнкү натыйжалуулугунун кесепетинен, жайыттарды жакшыртуу маселесине формалдуу мамиле жасоонун натыйжасында алардын кунары качып, оттуулугунун төмөндөшү улантылууда. Чарбалардын жетекчилери менен адистери жайыт алмаштырууну колдонууга, мал жаюунун кашаа системасын уюштурууга караманча көңүл бурушпайт. Зооветадистердин өз милдетине жоопкерсиз мамиле жасагандыгынан жана мал айдоочу жолдордун жоктугунан алыскы бийик тоолуу жайыттардын айрым бөлүгү пайдаланылбай кала берүүдө. Чарбалар жайытты жакшыртууга зарыл каражаттарды бөлүшпөйт. Алардын оттуулугун жогорулатуунун эффективдүү

ыкмалары – семирткич чачуу жана отоо менен уулуу өсүмдүктөрдөн арылтуу начар пайдаланылат. Бийик тоолуу жайыттарды жакшыртууда себилме чөптөрдүн жана башка тоют өсүмдүктөрүнүн, айрыкча жергиликтүү селекциядагы өсүмдүктөрдүн үрөнүнүн жоктугу олуттуу тоскоол болууда. Мына ушундай өксүк жактарыбыз Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитети менен Кыргыз ССР Министрлер Советинин 1987-жылы кабыл алган «Республиканын жайыт чабындыларынын оттуулугун жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндөгү» токтомунда даана камтылган.

- Ал эми буга чейин 1982-жылдын 26-октябрындагы «Республиканын колхоздору менен совхоздорунда табигый жайыттар менен чабынды жерлердин абалы жана аларды жакшыртуунун чаралары жөнүндө» токтом аткарылбай кала берген,-дейт зээни кейиген атактуу чабан, «Алга» совхозунан Социалисттик Эмгектин Баатыры Шарап Санжаров.

Табигый жайыт жана чөп чабынды аянттар обласг боюнча жалпы алганда 2 миллион гектардан ашып кетти. Бул айыл чарбасында жарактуу бардык жердин 84 процентин түзөт. Жайыттардын эсебинен область боюнча эттин 43 проценти, жүндүн 65 проценти, сүттүн 40 проценттен ашыгы өндүрүлөт. Коомдук малдын жылдан жылга көбөйүшү азыр тиешелүү уюмдар менен мекемелер түзүп, аткарып жаткан иш-чараларга ылайык келбейт.

- Себеби, «Кыргызгипрозем» институтунун Оштогу бөлүмүнүн маалыматтарына караганда чарбалардагы жайыттардын орточо түшүмдүүлүгү акыркы 30 жылдан бери эки эсеге азайып кеткен. Миңдеген гектардагы жайыттарды зыяндуу өсүмдүктөр, айрыкча төө тикен каптап баратат. Ошонун кесепетинен область боюнча алганда 120 миң гектардан ашык жайыттар жылдан-жылга тоют даярдоого жараксыз болууда,-деп областтык жайыттарды сугатташтыруу жана куруу

башкармасынын начальниги О.Төрөбеков ишкердүү чара көрүлө турган маанилүү маселелерди ортого салды. Ошондуктан мындай мисалдарды областтын алкагында алганыбыздын жөнү бар. Анткени, жаратылыштын марттыгын айгинелеген жайлоолорду, табигый жайыттарды сактоо бир гана Кара-Шоро өрөөнүнө тиешелүү маселе эмес. Бул республикабыздын деңгээлинде сар-санаага салган бүгүнкү күндө актуалдуу маселе.

- Чындыгында жыл өткөн сайын төрт түлүктүн саны арбыганы менен жайыттар тарып баратат. Мунун өзү коомдук малды түгөл асыроону татаалдаштырууда. Жайыттарды сарамжалдуу пайдалануу талапка төп келбейт. Анткени жайлоого чыккан малчылар, биз өзүбүз деле жайыттарды каалаганыбыздай баш-аламан колдонобуз. Ошондуктан жай ортолгон кезде эле жайыттардын чөбү түгөнүп, чаңы чыгып калат. Агроөнөр жай бирикмелери чарбалар менен бирдикте табигый жайыттарды жана чөп чабынды аянттарды үнөмдүү бөлүштүрүүгө маани беришпейт. – Жылкы чарбасын өнүктүрүүгө жупуну салымдарын кошуп келатышкан «Ак-Жар» совхозунан Токо Абдылдаев, Токторалы Зулушев, Аваз Бакиров өңдүүлөр жөн жеринен минтип нааразыланбагандыгы айкын сезилип эле турбайбы. – Андыктан жайыттагы мал жуушап оттобой эле өйдө-төмөн сүрүлүп жүрүп, туяктары менен жер кыртышын таптап, табигый чөптөрдүн тамырын кырчып коюп атпайбы. Ошондон улам аптекалык дары чөптөр жана малга аш болумдуу өсүмдүктөр толук бышып жетилбегендиктен уругу жерге түшпөй, жыл өткөн сайын чөптөр суюлуп баратат.

- Чөп демекчи, ушул күндө чөптөн мал көп.

- Азил-чыны аралаш бул сөздүн акыйкаты бар. Ушул жагдайларды эске алып, жайыттарды тилке-тилкеге бөлүп, дем алдырууну ойлонуштуруп, жылдан-жылга ооштуруу ыкмасында сарамжалдуу пайдалануу

менен келечекке камылга көрүүгө бидин акыл-эс жетет го. Анан эмне үчүн ыкшоолук кылып жатабыз?

- Ушул жерде өзбекстандык устат малчылардын колдоого аларлык мыкты тажрыйбалары ойго тутулат. Өзгөчө чабандар жайкысын бирден-экиден койчуман жалдап алышып жайлоого көчүшөт экен. Алар жайды жайлата төшөнчүсүн, азыгын артынып алып койлорду бир журтка жаткызбастан жайыт алмаштырып кайтарышат. Койчумандын алагды болбоосу үчүн чабан өзү ага азык-түлүк жеткирип, керектүү нерселер менен камсыздап турат. Бийик тоолуу жайыттарды тандап откозуу койлордун чыӊ семиришин камсыз кыларын билишет. Демек, алар баккан койлор биринчиден чаӊ жутуп, жайы менен бир тилкеде тура бербейт. Экинчиден, жайыттын чөбү кайра-кайра тепселбей өнүмү тездейт да, жетилүүсү кечеӊдебейт. Зака тартпаган урук, тамырынан кийинки жылы чөп коюуланат.

- Мындай жакшы жөрөлгөнү колдонуу биздин колдон келбейби? Келет, бирок жакшы демилгени суутпай чарба жетекчилери колдоо керек. – Чабандык түйшүктү башынан кечирип, чаалыкпас болуп калган «Ак-Жар» совхозунан Курманалы Момунбековго пикирлештер көп.

Жаратылышты коргоодо малчыларга көбүрөөк сес көрсөтүлүп, кысымга кириптер кылынгандыгын байкап, сезип жүрөбүз. Булар токойлорду бүлүндүрүүчүлөрдүн сабында катталат. Неге дегенде күнүмдүк тиричилигине керектөөгө отун керек. Аны кайдан табышат? Анан токойлорду, бадалдарды кыйышат. Куругунан алып келип жагууга жол татаал, аралык алыс болуп калат. Кезинде бодо малдардын тезегин терип да жагышат. Аны менен жан сактоо албетте кыйын. Ошондон улам оӊоюн көздөшүп жеке кызыкчылыгына бет алышат.

Мында да мүчүлүштүктөргө жол коюлгандыгы анык. Малчыларга газ жана отун жеткирүү кызматы боюнча тиешелүү адамдардын эсинде турса да эрөөн

кылбай, ток пейил жүрүү дарты күчүнөн тая элек. Андыктан жайы менен жайлоо кезген малчы эптеп эмгек күнүн улантууга көнүп алган.

- Балким өздөрү камдап алышсын деген пикир туулар.

- Анда коомдук малды түгөл сактап, артынан сая жүгүрүү жоопкерчилиги кимге жүктөлөт?

Ушундай өкүм чыккан акыйкат үндөр басымдуу. Чындыгында жайлоого чыккан кезде жашоо-тиричилигине отунду кайдан, кантип камдоосу керек? Бул ойлонбой турган оюнчук нерсеби?

Канткен менен жаратылыш чөйрөсүнүн абалына жана булгануу булактарына атайын көзөмөлдүн таасирдүүлүгү купулга толбойт. 1986-1990-жылдарда жана 2000-жылга чейинки мезгилде СССРдин экономикалык жана социалдык өнүгүшүнүн негизги багыттарында: «Совет адамдарында жаратылыш байлыктарын сактоо жана көбөйтүү, аларды сарамжалдуу пайдалануу үчүн жогорку жоопкерчилик сезими тарбиялансын» деп таасын белгиленгендер кимдерге тиешелүү? Албетте, сиз менен мага жана жалпы баарыбызга. Демек, бул багытта олуттуу ой жүгүртүүгө акылуубуз. Күнүмдүк тиричиликтин кызыгына батып, курчап турган айлана-чөйрөбүзгө кесирдик кылуу деле кечиримсиз жорук. Мында токой жана жайлоо корукчуларынын түздөн-түз катышынын, жоопкерчилигинин солгунтап баратканына тайсалдабай эле доомат койгонубуз оң.

Кара-Шоро өрөөнүнүн кайталангыс ажайып коздугуна куштарланып, жаратылышынын сулуулугуна суктанып, ооруга шыпаа болор суусунан кана ичип, табигаттын таасиринен ырахат алып кетүүчүлөрдүн саны туш-туштан жыл сайын көбөйүүдө. Айрыкча алар жаз, жай, күз мезгилдеринде суу жээктей, токой аралай чатыр тигип, чатыры жоктору ачык асман алдында эле эс алышат. Кээлерин көрүп бооруң ачыйт. Анткени ат

арытып алыстан келген бирөөлөрү тамак-аш даярдоого идиш-аяк, жамбаштоого төшөнчү-жууркан суранып малчы-чабандардын чатырларын издешет. Демек, ишемби, жекшемби күндөрү өз алдыларынча дем алганы келгендер үчүн ыңгайлуу жайлардын жоктугунан ушундай кейиштүү абал уланып келүүдө. Ошондой эле ар кандай максаттары менен сапар карытып, өйдө-төмөн жүргөндөр жол бербей кыйма-чийме. Аларга ич тарытып, көрө албастык кылайын деген жаман ниеттен деле алысмын. Бирок, өздөрүнчө дем алыш күндөрү келгендердин айрымдары көңүл кирдеткен жоруктарынан арыла албай жатышат. Өрөөндүн кооздугуна, жаратылыш байлыктарына залал келтиришип, тунук булактарды булгашат. Олтурган жерлеринде тамак-аштардын калдыктарын, ар кандай таштандыларды, акыр-чикирлерди туш келди ыргытып, экинчи кайрылып келбечүүдөй кетишет.

... Бир ирет карагат терип жүрүшкөн келгиндер менен беттеше түштүм. Мөмөлүү карагат бутактарын дөбө-дөбө кылып алдыларына үйүп алышыптыр. Беймарал олтура бака-шака түшүп, сындырылган шактардагы карагаттарды терип, кампайган идиштерине толтурушууда.

- Бутактарды кесип, сындырбай эле ордунан терип алсаңар болбойбу?

- Анда будоо болот, арбышы да жок. Минтип бир жерге топтоп алсаң, дем алганча жаай олтуруп тез эле терип коесуң.

- Мунуңар дурус дейли. А эмдиги жылы эмнени тересиңер? Бутак-шактары буталган карагат дагы жетилгенче мөмө түйбөсүн билесиңер.

- Эртең дагы бир кудайдын айтканы болор. Ага мынчалык күйүктүң...

Биздин ортобуздагы ажырымдуу маектешүү ушундай уланды. Мен алардын күнүмдүк максаттарын

түшүнгөнүм менен алар менин кеңешиме кесирлик кылышты.

Дагы бир нерсе эске жылт этет. Жайдын саратан маалы. Токой аралап баратып сомодой төрт жигитке карпа-курпа кез келип калдым. Атып алышкан кара кийиктин (доңуздун) этин бөлүшүп атышыптыр.

-Азыр муну атууга уруксат эмес го?

- Аны менен биздин ишибиз канча. Андай закон күбөлүктүү мергенчилерге таандык. Бизге болсо баары бир.

- Ар ким каалаганын жасай берсе жаратылыш тез эле тонолуп кетпейби. Ансыз да жан-жаныбарлар, айбанаттар, шаңшыган куштар суюлуп, аска-зоолуу теребелибиз кунарсыз болуп баратат. Жайлоонун көркү кайберен экенин кайталабай эле коеюн.

- Эч нерсе эмес, кейибеңиз. Биз тийбей койсок эле жаратылыш байып, кайберендер көбөйүп кетпейт.

Ошентип өзүбүз өмүр өткөрүп жаткан жашообуздун азыгы-жаратылышка аң-сезимдүү мамиле кыла албай жатабыз. Акыл-эстүүлүккө, тазалыкка, ирээттүүлүккө, сарамжалдуулукка, сергектикке бизди ким мажбурлоосу керек? Же ар бир кыймылыбызга, терс жоругубузга өкмөттүк атайын токтом чыгышы, ошону менен катуу талап коюп, бекем чектөө зарылбы?

**2. Дары суулар дайынсыз калабы?**

Табигат Кара-Шоро өрөөнүнөн минералдык суу булактарын аяган эмес. Ушуларды тунук, таза сактоого жана коргоого да чыныгы камкордук болбой жатканы кабырганы кайыштырат. Ден соолукка, өмүргө өбөлгө түзүп жаткан минерал суулардын айрымдары бир нукка салынганы менен кээ бир булактардын башаттары бүтөлүп, кайра эле жер кыртышына сиңип кетүүдө.

Ал эми дарылык таасири менен Ата журтубуздун булуң-бурчуна маалым «Кара-Шоро» минералдык суулары атайын автомашиналар менен Өзгөн шаарына

ташылып келип, заводдон бөтөлкөлөргө куюлат. Ушул чакта жалпы көлөмү 100 миллион даана бөтөлкөгө жетти. Бул кубанычтуу, сыймыктанса болот. Адистердин аныктоолору боюнча «Кара-Шоро» минералдык суулар Кавказдагы «Ессентуки-4-17» жана «Арзни» суулары менен тең тайлашат.

- Анан ушундай баалуу суулардын баркына качан жетебиз? Минерал суу чыккан булактын өзүндө атайын цех ачып, андан бөтөлкөгө куюп, соода точкаларына таратууга мүмкүнчүлүк жокпу? Ал цех кышкысын жабылса да жаз, жай, күз мезгилдеринде иштеп, минерал суулар элдин керектөөсүнө байма-бай жөнөтүлүп турмагы эп го. Мунун өзүн-өзү актоосуна күмөнсүз ишенсе болот. Булактын чыккан жеринен бөтөлкөлөнсө эң негизгиси суунун сапаты, дарылык касиети сакталмак.

- Азыр болсо темир түтүкчөлөр менен агып келип металл цистерналарга толтурулуп, ашканы түтүкчөлөр аркылуу кайта чыгып дарыяга аралашып агууда. Ал эми цистернадагы суулар тура берип, кийин автомашинанын цистернасында 70-80 километр аралыкка-заводко чейин чайпалып келип, өзүнүн минералдык толук касиетин жоготууда.

- Мында эң биринчи эле жол маселесин чечүү маанилүү. Жайды жайлата малчылар да тынымсыз каттаган кан жолду калыбына келтирүүгө, улам тегиздеп, тазалоого каймана мамиле жасалат. Ушундай майда-барат тоскоолдуктардан улам кээде минерал сууларды заводко убагында жеткирүү да үзгүлтүккө учурайт.

Ушуга удаа эле ойго тутуп, жүзөгө ашыра турган маанилүү кеп бар. Ал «Кара-Шоро» минерал суулары чыккан башаттын түштүк чыгыш тарабынан орун алган Агатан жайыты менен Сур-Таш жайлоосундагы Шилбилүү жайытынын булактары. Агатандагы минерал суу тигинен атайын орнотулган диаметри 20 сантиметр, бийиктиги 1,5 метрдей келген темир түтүкчөдөн агып

Кара-Шоро дарыясына кошулат. Мурда шордуу чыккан бул булак суусу азыр ичүүгө жарамдуу. Жылдан-жылга шор даамы азайып, ичимдүүлүгү артып баратат.

Ал эми Сур-Таш дарыясынын башталышындагы Шилбилүүдөгү минерал суу адамга жагымдуулугу жагынан «Кара-Шоро» минералдык сууларынан ашса ашат, кем калышпайт. Беркилерге салыштырмалуу ичимдүү келет. Шор даамданбайт. Эгерде аталган булактарга маани берип толук изилденсе, алардын өзүнчө минералдык бай касиети аныкталар эле. Азырынча аларга жетүүгө, дары суулардын дайынын так билүүгө жолдун татаалдыгы гана себеп болууда. Илим менен техникабыз өнүккөн ушул чакта сараңдык кылбай эле күч-аракет сарптап, адамдардын ден соолугун чыңдоодон артык эмне бар?

Турмуштук иликтөөдөн байкалып жаткандай Кара-Шоро өрөөнүндөгү минералдык сууларды сактоо, коргоо, алардын гидрологиялык түзүлүшүн калыбына келтирүү, максаттуу пайдалануу маселелерине жергиликтүү бийликтер, коомдук уюмдар, чарба жетекчилери жана жаратылышты коргоо коомдору терең баа беришпей жүрүшөт. Мындай олуттуу ишке чогуубуз менен омоктуу ой жүгүртүп көрбөйлүбү?

Даңкы далайга тараган Өзгөн күрүчүнүн башкалардан өзгөчөлүгү ушул аймактагы дары суулардын касиетинен улам болуп жүрбөсүн... Дагы орчундуу нерсе Кара-Шородогу минерал суулар оргуган булактарды курчап курорт, санаторий, дем алуу үйлөрүн, пионер лагерлерин куруу сунушун киргизип, кош колду тең көтөрүүгө илхам келип турат. Буга каршы моюн толгоп, тетири баскандар боло койбос деген үзүлбөс үмүтүбүз кубат берүүдө.

... Экономиканы жана социалдык чөйрөнү өнүктүрүүнү пландаштыруу, илимий-техникалык прогрессти тездетүү, продукциянын, капиталдык курулуштун техникалык деңгээлин жана сапатын

жогорулатуу жагынан жүктөлгөн милдеттерди жүзөгө ашырууда чарбалык ишти экологиялык талаптар менен бекем байланыштырууну камсыз кылуу, кабыл алынган ар кандай чечим жаратылыш чөйрөсүн сактоодо жана жакшыртууда коомдун узак мезгилдүү талаптарын эске алышы жана совет адамдарынын эмгек, турмуш-тиричилик шарттарын мыкты түзүүгө багытталышы керектиги КПСС Борбордук Комитети менен СССР Министрлер Советинин «Өлкөдө жаратылышты коргоо ишин түп-тамырынан кайра куруу жөнүндө» токтомунда баса көрсөтүлбөдүбү. Ушундан улам жаратылышты коргоо-коомдук чоң мааниге ээ экендигин дагы бир ирет даана байкасак болот. Бул боюнча маанилүү маселелердин чечилишинде мамлекеттик башкаруу органдарын кошпогондо да чарбалардын, мекеме, уюмдардын, жалпы эле жаратылышты сүйүүчүлөрдүн саясий жана уюштуруучулук илээндилиги, демилгесиздиги, камырабастыгы кечиримсиз. Жер жүзүндөгү экологиялык коопсуздук үчүн күрөш-ар бирибиздин эң жооптуу жана асыл милдетибиз.

Партиябыздын XXVII сьездиндеги отчеттук докладда жаратылыш ресурстарын үнөмдүү жана сарамжалдуу пайдалануу, аларды коргоонун учурдагы зарыл чаралары белгиленип: «Биз баарыбыз, азыр жашап жаткандар жаратылыш үчүн урпактардын алдында, тарыхтын алдында жоопкер» экендигибиз таамай айтылды. Ырас, биз жаратылыш ресурстарын көбөйтүүгө, сактоого, коргоого түздөн-түз милдеткербиз. Бул биздин келечектеги муундарга, урпактарга кастарлап калтырган түмөн байлыгыбыз, адамдык бийик парзыбыз катары бааланат. Демек, жаратылыш – жашоо азыгы.

***Сентябрь, 1990-ж.***



## БАК-ТААЛАЙЛУУ БАЙЫРКЫ ӨЗГӨН
## (Очерк)

*«...СССРде социалисттик коомдун курулушу Коммунисттик партиянын жетекчилиги астында совет элинин революциячыл кайра жаратуучу, түзүүчү ишинин башкы жыйынтыгы болуп саналат. Улуу Октябрдын түбөлүк туусу астында, СССРдин мамлекеттик жана коомдук түзүлүшүнүн түзүүчүлүк күчүнө, элдердин ленининдик достугуна, өлкөнүн бирдиктүү эл чарба комплексине таянып, Советтик Кыргызстан өзүнүн өндүргүч күчтөрүн көп эсе арттырып, саясий, экономикалык, социалдык жана маданий турмуштун бардык чөйрөсүндө ири ийгиликтерге жетишти...»*

*(Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгы жөнүндө Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин токтомунан).*

Даңтана бер,

Таалай чачкан акактай республикам!
Жазылып чер,
Толкуп-ташып турганыңа кубанам!

Кайсы мезгилде болсун күнөстүү республикамдын жашарып турган бир бутагы Өзгөнгө барган сайын толкуган элимди, толукшуган жеримди көрүп көңүлүм көтөрүлүп, токпейил кайтам. Кайнаган эмгектин каймагын калпып, касиеттүү бешене терлерин төгүп жүрүшкөнүн көрөм жердештеримдин. Анан сезимим сергип, кыял канатында термелем. Ыдырашпай, ынтымак менен ырдуу өткөрүп жаткан күндөрүнө ого бетер сугум артат. Дегинкиси элим бактылуу, таалайлуу боло берсинчи.

Мынткендигим, элимдин тээ байыркы жашоо-турмушуна ой чабыттатканымда оорлошо түшөм. Не деген замандар өтпөдү. Эгерде жер энеге тил бүтсө күнү-түнү күңгүрөнүп, адам баласы жазып түгөтө алгыс тарых жомокторун, жер каймактаганда пайда болгон адам аттуунун аң-сезими өсүп отурганын айтып берер эле да. Ошентип, кылымдарды арытып, адамзаттын тукуму улана берет тура. Өткөндүн өчпөс мурасы болуп адам акылынан, кайрат-күчүнөн жаралгандар гана калат экен. Анткендигимдин жөнү бар. Ак шоола чачкан Октябрь төңкөрүшүнөн кийин гүлдөгөн республикамдын ырыстуу эли сайран куруп турган чакта артка бир кылчайып, улуу тарыхка азын-оолак кайрылууну ылайык көрдүм. Өткөндү билбей туруп, азыркыны кантип баалайбыз.

Ырас, тарыхтын айрым барактарына таянып, кепти Өзгөндүн байыркысынан баштагым келип турат.

Өзгөн – аталышы боюнча түрк, иран сөздөрүнүн туундусунан чыккан. Узгенд-Узкент. Түркчө «уз»-өз, иран тилинде «кент»-шаар дегенди түшүндүрөт. Өзгөн шаарын аралап өтүүчү «Улуу жибек жолу» б.э.ч. II кылымда ачылып, Европа өлкөлөрү менен Чыгыш өлкөлөрүн байланыштырган. Кытай жазмаларында

(б.э.ч. 104-ж.) бул шаарды «Ю» шаары деп аташкан. Ал эми арабдын ири географы ал-Мукадасы (946-1000), «Өзгөндүн кире беришинде дарыя бар, дарыядан кечүү аркылуу гана өтүүгө болот. Себеби көпүрө жок. Өзгөндүн айланасы дубал менен курчалган. Шаардын башкы бөлүгүндө эл жыш отуруктащкан. Ал жерде базар, диний мечиттер жана чеп бар. Ар бир үйгө суу түтүктөрү менен суу келет. Мен бул областтагы шаарлардан Өзгөндүн чебиндейди көрбөдүм» деп «Ахсан ат-танасим фи марифат ал-аналим» («Лучшее разделение для познания климатов») деген китебинде жазганы бар. Ошол доордо шаар түрк князы дихкан Куртекинге караштуу болгон. Жердешибиз махмуд Кашгари тарабынан XI кылымдын ортосунда түзүлгөн дүйнөнүн картасында Кыргызстандын түштүгүнөн 2 шаар белгиленген, Узген жана Хаджангар-Баши. Ушундан улам Өзгөн шаар катары VIII-XI кылымдарда эле өнүгө баштаганын баамдайбыз.

Жогоруда белгилегендей Өзгөн төрт дарбазалуу бекемделген чеп катары таанымал. Андан башталган 62 жол ар тарапка, негизинен Фергана, Самарканд, Кашкар жакты карап кеткен. Шаардын чыгыш дарбазасы «Калмак-Кыя», ортоңкусу «Оозгу дарбаза» деп аталат. (Ушул кезге чейин шаардын Ленин жана Кызыл-Аскер көчөлөрү айкашкан жер ушундай делет). Батыш дарбазасы азыркы Кулунчак айылында, ал эми Түндүк дарбазасы Жазы (Яссы) дарыясынын аркы өйүзүндө. Чептин ичиндеги жер алдында эки кабаттуу зындандар болгон. Алардын үстүнкү кабатына жеңил кылмыштуулар, ал эми түпкүрүнө оор күнөөлүүлөр ташталган. Үстү оор тор темирлер менен тосулуп, күн нуру өтүп турган. (1-фотосүрөт).

Өзгөн шаары түрктөрдүн Фергана өрөөнүндөгү чеби катары VIII-IX кылымдарда негизделип, ал эми X кылымда кол өнөрчүлүк менен соода борборуна айланган. Караханийлердин доорунда өзгөчө күчөгөн.

Ошондогу археологиялык комплекстин бири азыр да турат. Албетте толук эмес. Шаар негизинен 1-2-3-Шахристан болуп үчкө бөлүнгөн. Ушул күндө шаардын чыгыш тарабында 2-Шахристан гана бар. Ал эми ортоңкусу 1-Шахристан, батыш тараптагысы 3-Шахристан (азыр «Тынчтык» паркы жайгашкан) жок болуп кеткен. (73 жаштагы Насыр Азнабакиев көрсөткөн кагаздагы чийме сүрөтүнөн тартылып алынган 2-фотосүрөт).

Эмесе бизге чейин сакталып калган, 1983-жылы реставрацияланып бүткөн 2-Шахристанга токтолоюн. Бири-бирине кынай тургузулган үч күмбөздүн ортоңкусу XI кылымга таандык. Дубалдардын ичи ар түрдүү өсүмдүктөрдүн сүрөттөрү жана ар кандай геометриялык чиймелер менен кооздолгон. Түндүктөгүсү болсо 1153-жылы салынып, ортосунда караханийлер династиясынын бир өкүлүнүн сөөгү коюлган. Ал эми 1186-жылы курулган түштүк жактагы күмбөздө да караханий хандарынын биринин сөөгү коюлган деген уламыш бар. Ушул күмбөздөрдүн түндүгүнөн 100 метр аралыкта турган мунара он экинчи кылымда бүткөрүлгөн. Бийиктиги 28 метр. Алкагы кооз оймо-чиймелүү. Бул архитектуралык комплекс ЮНЕСКОнун 1983-жылдагы чечими менен дүйнөлүк мааниге ээ эстеликтердин катарына кирген. Совет бийлигинин жылдарында айрым тар түшүнүктөгү адамдардын кесепетинен мунара жанындагы мечит, Кылыч-Бурхан күмбөзү жана 29 куполдуу медресе бузулуп, талкаланып жок болгон. Ушул жерде дагы бир кейишке сала турган көрүнүшкө токтолууга туура келет. Реставрацияланган азыркы 3 күмбөздү музейге айландыруу демилгеси 1983-жылы көтөрүлгөн эле. Тилекке каршы күмбөздөрдүн жасалгалуу каалгаларын кара кулпу гана кайтарып калды. Баалуу табылгалар күмбөздүн бир ыптасында жыйылып, чаң алдында турат. Ошондой эле комплексти реставрациялоо сапатсыз, начар бүткөрүлгөндүктөн

күмбөздөрдүн үстүнөн жаан суусу сарыгып, дубалдарды кара тактар каптоодо. Өткөндүн чачылган тарыхын жыйнап, бабаларыбыздын усулдуу колдорунан жаралып, муундан муунга ыйык мураска калган жогорку маданияттын баалуу үлгүлөрүн элибизге, дүйнөгө даңаза кылуудан артык кызмат жоктур, урматтуу замандаштарым!



Өзгөн байыркы шаарлардын бири.

Жарды-жалчылар максатына жетпей мүңкүрөп, аялдар күң болуп арман-муң менен күн өткөргөн доор да кылым карытты. Эрегишкен эки таптын заманында эзилген эл көтөрүлдү. Демек, Өзгөн шаары 1873-1876-жылдары Кокон хандыгына каршы элдик көтөрүлүштүн уюгу болгон. Бирок, жыргал заманды эңсеген элдин тилеги оңойлук менен оруңдалбады. Буга карт тарых гана күбө. А биздин дайыма эскерип жүрүүбүз абзел. Анткени илгери ким элек, азыр ким болдук, ошондон маалым.

Караңгы турмушта бугуп жаткан элиме Октябрдын жарык шооласы жол ачты. Жагымсыз жашоонун чеңгелинен чыгып, өзгөрүлгөн дүйнөнүн башатына түштү. Өзгөн шаарында 1918-жылы күзүндө «Чайрыкерлер жана жумушчулар союзу» түзүлгөн. Анын мүчөлөрү ак гвардиячылар менен басмачыларга каршы чечкиндүү күрөш жүргүзгөн. 1920-жылдын аягында Михаил Васильевич Фрунзе башчылык кылган Кызыл Армиянын жардамынын негизинде шаар басмачылар менен ак гвардиячылардан тазаланган. Граждандык согуш жылдары өмүрүн өлүмгө сайып, жаңы турмуштун жарчысы болгон уул-кыздардын ысымдары элдин жүрөгүндө түбөлүккө өчпөй калды.

Кеңеш өкмөтүнө каршы чыккандар менен каардуу, тайманбай кармашка чыккандардын бири Жаркын Бердигулова эле. Ал аялдар азаттыгын жарыя салып, журт аралап, карапайым калкты теңчилдикке үндөгөн. Тоо-тоого жашырынып жүрүшкөн басмачылар анын артынан сая түшүп, көзүн тазалоонун айла амалын издешти. 1927-жылдын 21-апрели өмүрүнүн акыркы күнү экенин Жаркын сезбеди. Эч нерседен капарсыз Ошко партиялык жыйналышка жөнөгөн. Жолдон Салибай баш болгон басмачыларга кабылды. Алар Жаркынды «улак тартышка» салышып, адам чыдагыс мыкаачылыкта өлтүрүштү. Тарп талаган кузгун сымал колун бири, бутун бири жулуп, талаага таштап кетишти.

Ал күнкү муң-кайгылуу окуя мындай болгон экен. Сары-Бээ участкасында басмачы Салибай, Алибай Ташкуловдор чек арачыларга капыстан кол салып, 6 чек арачыны, аларга кошуп жергиликтүү эки активди, эки милиционерди кармап, суракка алышат. Алардын арасында Жаркын Бердигулова да бар эле. Бул баян ошол азалуу күндөрдөн бир үзүм.

**Жаркын:** Салибай, мени тааныйсыңбы? Мен өкмөт кишисимин. Көзүңдү ач.

**Салибай:** Ии, кантип тааныбай калайын. Сен өкмөттүн ургаачысысың да! Ха-ха-ха! (Кекете сүйлөп каткырды. Аны желдеттери коштоп күлдү).

**Жаркын:** Билсең өкмөттүн атынан айтамын, бошоткула бизди. Мамлекеттик чек араны күзөткөн аскерлерге тийишип отурасыңар. Өкмөткө кол көтөргөнүңөр үчүн катуу жооп берип каласыңар, уктуңарбы? Кутулуп кете албайсыңар, эртең эле колго түшөсүңөр. Деги эмне иш кылып атканыңарды билесиңерби ыя? Бошоткула дейм?

**Салибай**: Хе-хе-хе, бул жерде мен өкмөтмүн, билип ал. Сенин өкмөтүң тээ Өзгөндө. Э, Эшбай.

**Эшбай:** Лаппай таксыр, кулагым сизде. (Ал эки билегин түрүп, кара көрпө тебетейин көзүнө түшүрө кийип, бүктөлгөн камчысы менен бөйрөгүн таянган калыбында ат үстүнөн жооп кайтарды).

**Салибай:** Сага катын алып берем деп жүрбөдүм беле. Мына сага сулуу өкмөт катын.

**Эшбай:** Мейли, бир жыргайын. Муну да көрөйүн. Салике, никесин кыйып бер.

**Жаркын:** Эмне? Тапкан экенсиңер тамашаны.

(Эшбай атынан түшүп имере тартып, билектен алды. Жаркын анын колун кагып жиберди). – Тур нары. Өлөсүң байкуш, жакын жолобо мага.

**Эшбай:** Хи-хи. Сенден калгандан көрө өлгөнүм артык эмеспи. (Келинди белден кучактады).

**Жаркын:** Ой, өлүгүңдү көрөйүндөр! Баарың мал болуп кеткенсиңерби, кой дебейсиңерби муну? Бул кутуруп кеткен го, өлүгүңдү көрөйүн. (Анын кулагына кыраан каткырык, сүрөөн жаңырды. Ошо замат ок чыгарды. Эшбай «и-и» дешке алы келбей көмкөрөсүнөн сулады. Жаркын энтиге револьвер тапанчаны беркилерге кезеди).

- Дагы кимиң келесиң? Ажалың жеткениң кел, жыргап кал! Баарыңар адам кейпинен кетипсиңер. Кана

мыкаачы басмачылар, дагы киминер жабышасыңар мага?!

(Басмачылар селейип калышты. Арт жакта пайлап атчан турган Алибай эки бүктөлгөн камчы менен Жаркынды так төбөгө «тарс» чаап өттү. Жаркындын колундагы тапанчадан атылган ок талаага кетип, өзү жер таянып көмкөрөсүнөн жыгылды. Салибай үнүнүн болушунча чаңырды).

**Салибай:** Тыткыла өкмөт катынды! Тарт! Улак кылгыла!

(Жаркындын ачуу чаңырыгы кокту-колотту жаңыртып, тоолорду силкинтти)...

Ошентип Капчыгай болушунун активинин бири волисполкомдун орунбасары, партиялык ячейканын секретары Бердигулова Жаркын басмачылардын колунан набыт болду. Совет бийлигинин душмандарына каршы күрөш ого бетер күч алды.

1920-жылдан партиянын мүчөсү, партиялык ячейканын секретары Төлөнбай Машрапов да Октябрь берген теңчилдикти коргоо үчүн канын-жанын аябады. Ак-Жар айылында түзүлгөн кедейлер комитетине жетекчилик кылды. 1925-жылдын 29-июлунда Ош округдук милициянын саясий бөлүмүнүн, ошол эле жылдын сентябрында округдук милициянын начальниги болуп дайындалды. Элдик ыктыярдуулар менен басмачыларга каршы элдешпес күрөш жүргүздү. Кийинки мезгилде партиялык, Советтик жооптуу кызматтарда иштеп жүрүп, персоналдык пенсияга чыккан.

- Биз Степан Осташков, Жоробек Абдурасулов, Татай Асранов, Маматжан Жээнбеков, В.И.Волков өңдүү Улуу Октябрь социалисттик революциясынын жеңиши үчүн кан-жанын аябай күрөшкөн мындай адамдарды чексиз ыраазычылык менен эскеребиз,-деп сөзүн улантты 1937-жылдан бери Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын мүчөсү Мамат Нурбаев, -

Булардын тапчыл мазмундагы, революциячыл мүнөздөгү баатырдыктары эч качан бурмаланбайт. Жаркыраган боюнча муундан-муунга мурас болуп кала берет.

Ырас, Мамат Нурбаев да даңктуу жолду басып өттү. Тап душмандары менен кармашта туруктуулугун көрсөтө алды. Жер реформасын өткөрүүгө, майда жеке чарбаларды уюмдаштыруу иштерине активдүү катышты. Кембагалдар тобунун төр агасынан Кыргыз ССРинин камсыздоо эл комиссарына чейин көтөрүлдү. 1937-жылы аскердик кызматта жүргөндө №270-Өзгөн шайлоо округунан СССР Жогорку Советине депутаттыкка шайланган. 1938-жылдын 12-январында биринчи шайланган СССР Жогорку Советинин биринчи сессиясынын ишине катышуу үчүн Москвага барган. Ошондо офицерлер үйүндө түшкөн сүрөт «Правда» газетасында жарык көргөн. Анда Советтер Союзунун Маршалдары К.Е.Ворошилов, А.И.Егоров, С.М.Буденный жана башка депутаттар менен М.Нурбаев бир катарда турат.

Мамат Нурбаев узак жылдар бою партиянын Молотов (азыркы Фрунзе районундагы Үч-Коргон айылы), Кара-Суу, Мырза-Аке (азыр Өзгөн районуна караштуу айыл) райондук комитеттеринин биринчи секретары болуп жана башка советтик жооптуу кызматтарда эмгектенип, эл чарбасын өстүрүүгө демилгелүү жетекчилигин айгинеледи. СССР Жогорку Советинин биринчи чакырылышына, Кыргыз ССР Жогорку Советинин III-IV чакырылышына депутат, Кыргызстан Компартиясынын III-IV-VIII-XIV съезддерине делегат болгон. 1940-жылдан 1957-жылга чейин Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин мүчөсү. Нурбаев коммунизмдин урматына мүмкүн болгондордун бардыгын иштөөгө жан-дилин берген. Андыктан персоналдык пенсияга чыккандан бери да талыкпай эмгектенип келүүдө.

Революциянын жеңиши жөнүндөгү кабар Өзгөн аймагына 1918-жылдын март айында келген. Алгачкы партилык ячейка 1919-жылдын жай мезгилинде Мырза-Акеде, андан көп өтпөстөн эски Покровкада түзүлгөн. 1918-жылдан 1924-жылдын октябрына чейин Өзгөн волосту Түркстан АССРинин Ош уездине караган. 1928-жылдын 24-декабрында гана Кыргыз АССРинин Борбордук Аткаруу комитетинин чечими менен Өзгөн волосту районго айланып, 1938-жылы партиянын райондук комитети түзүлгөн. Анын биринчи конференциясы 1940-жылы өткөрүлгөн.

Ошентип, райондо улуу революциячыл кайра куруулар – улуттар менен элдердин иш жүзүндөгү эркиндиги, тең укуктуулугу камсыз болду. Индустриялаштыруу, коллективдештирүү, социалисттик маданий революция жүзөгө ашырылды. Демек, социализм учурунда улуттар, элдер ортосунда элдешпес карама-каршылык болгон эмес. Биздин элдерибиздин бекем достугу, интернационализм жана патриотизм социалисттик курулуштун, Улуу Ата Мекендик согуштун, тынчтык, прогресс, эл бактысы үчүн күрөш жолунда нечендеген тарыхый сыноолордон өткөн.

Октябрь берген теңчилдикте элибиз эркин жашап жатканда гитлердик фашисттер кең Мекенибизге көз артып, карасанатайлык менен кол салды. Социалисттик Ата Мекенди баскынчылардан коргоо үчүн көп улуттуу эл жапырт көтөрүлдү. Демек, Өзгөн районунан 11 миң эр жигит согушка аттанды. Алардын 8 миңи коммунисттер жана комсомолецтер эле.

- Тылда жалаң кары-картаңдар, аялдар, бели ката элек жаш балдар азап чегип калдык. Оор-жеңил жумуштардын баары биздин мойнубузга жүктөлдү. Күндүзү талаада эгин оруп, машак терсек, түнү байпак, мээлей жана башка фронттогу жоокерлерге керектүү кийимдерди даярдоо менен алек болдук. Согуш учурунда мен мектепте директор элем. Элибиздин башына түшкөн

оор мүшкүлдү тылдагыларга туура түшүндүрүп, биздин жоокерлер сөзсүз жеңишке жетишерине ишеним берип жүрдүм,-деп каңырыгы түтөп, апаат согуштун азабын эскерет Апиза Мамытова. Анын сөзүнө согуш азабын бирге көргөн, азыр эки Ленин ордендүү Айша Абдуллаева муңайым кошулду.

Ооба, Апиза Мамытова, Айша Абдуллаева өңдүү тылда калгандар каардуу жылдарда арып-чарчабай эпкиндүү иштешти. Советтик жоокерлерди азык-түлүк, кийим, курал менен камсыздоодо үлүшүн кошушту. Ал эми Карл Маркс атындагы колхоздон Зулпия Өмүрзакова колунда 8 баласы болсо да танк сатып алууга 130 миң сом акча жөнөттү. Район боюнча майданга, жоокерлерге тылдан 59 миллион 200 миң сомдон ашык жардам берилди.

Согуш оту алоологон майданда ар бир советтик жоокер кашык каны калганча душмандар менен кармашты. Мекенди кара ниеттерге тепсетпөө үчүн каармандыктарын көрсөтүштү. Улуу Ата Мекенди коргоп, эл четинде, жоо бетинде жүргөндөрдөн район боюнча 6 миң жоокер кайтып келбеди. Алардын ысымдары тарых барактарында түбөлүккө өчпөс болуп жазылып калды.

Өзгөндүк эр көкүрөк 5 азаматка Советтер Союзунун Баатыры деген жогорку наам ыйгарылды. Алардын бири ефрейтор Осмон Жакыпов. Ал Орехово айылындагы айыгышкан салгылашта баатырдык менен курман болду. 1944-жылдын 22-июлунда ага Советтер Союзунун Баатыры деген наам берилген.

Т-34 танкасынын командири, гвардия лейтенанты Лаврентий Иванович Царенко болсо Воронеж, 1 Украин, III Белорус жана I Прибалтика фронтторунда салгылашкан. Япондук милитаристтерди талкалоого да катышкан. Сөөгү Фрунзе шаарына коюлган.

Пулеметчулар взводунун командири Иван Семенович Решетник 309-Пирятин аткычтар

дивизиясынын 957- аткычтар полкунун 3-аткычтар батальонунун пулеметчулар взводунун командири болгон. Днепр дарыясынын оң жээгине биринчи болуп өтүп, Шучинка жана Балык элдүү пункттарын фашисттерден бошоткон.

667- аткычтар полкунун артиллеристи Мамасалы Тешебаев Киев, Житомир, Гомел шаарларын немецтик баскынчылардан бошотууга катышкан. Сандомир плацдармында эрдик көрсөткөн.

Ал эми Советтер Союзунун Баатыры, танкага каршы орудиянын командири Сульги Лутфуллин болсо кандуу кармаштардын бирinde эле гитлердик 30 солдатты, 5 танканы жалгыз өзү жок кылган. Берлинди алууга катышкан. Азыр Анжиян шаарында жашап жаткан Сульги Лутфуллин мындайча кеп салат:

– Апаат согуш майданында эмнелерди гана көрбөдүк. Гитлердин баскынчылык саясаты дүйнө элин дүрбөлөңгө түшүрдү. Миллиондогон эр жигиттердин өмүрү кырчын кезинде кыйылды. Мен Сталинграддагы салгылашка катыштым. Жеңиш күнүн болсо Прага шаарында тостум. Курски дугасындагы катуу кармашта 20 жаш курагымда жогорку наамга татыдым. Адамды өлтүрүүдөн ашкан мыкаачылык жок. Биз фашисттерди жок кылып жатканыбызды сезип туруп да аларга боорубуз ачычу. Согушка наалат. Эми эч качан согуш оту тутанбасын, биз дайыма тынчтык үчүн күрөшөбүз. Кийинки муундар согуш эмне экенин билбесин.

Чындыгында баардык ак ниет эмгекчилердин, бүткүл улуттар менен элдердин бир гана тап душманы бар. Ал — буржуазия, ал—империализм.

«Жогол согуш! « жалпы улуттан угулду.
«Каргыш сага!» жолуң сенин буулду.
Каракчылык, зомбулукта өрдөгөн,
Жексур болсун кан кечүүнү көксөгөн.
Ырыс чачкан кутмандуу күн бүгүнкү,
Тынчтык, достук жүрөктөрдү сүйүнтчүү!

Өмүр улайт наристелер күлгөнү,
алар өзү жердин жандуу гүлдөрү.
Безеленип булбул, куштар сайраган,
Бейпил турмуш- берекеси жайнаган.
Ынтымактуу эмгектенип ыр менен,
тилегибиз азаттыкты эңсеген!
Бүт ааламдан согуш оту арылсын!
Адам уулу эркиндикте маарысын.
Жер онтобой, жашыл кымкап жамынсын,
Бардык элде бакыт шамы жагылсын!
Биз биригип толгон күчтү коштук да,
Максатыбыз- Тынчтык жана Достукта!

Улуу Ата Мекендик согуштан кийин күжүрмөн даңкка ээ болгон баатыр совет эли коммунисттик партиянын айланасына ого бетер тыгыз баш кошту. Бүлүнгөн чарбаларды калыбына келтирүүдө ар бир ак тилектүү адам туруктуулугун жана чечкиндүүлүгүн көрсөттү. Райондогу эл арасынан өздөрүнүн уюштуруучу жөндөмдүүлүгүн, чымырканган демилгелүү эмгегин көрсөткөн эмгек алдыңкыларынан сегизи Социалисттик Эмгектин Баатыры аталышты.

Толубай Кайназаров 1947- жылы 18 гектар жердин ар гектарынан 31,72 центнерден буудай жыйнап, жогорку көрсөткүчтү камсыз кылган. Ушундай эле ийгиликтерге Кадыр Бекмурзаев, Айти Камчыбеков, Абдулла Мадымаровдор да жетишкен. Ал эми Жамантай Асанов менен Султаназар Турдуев 1948- жылы буудайдан мол түшүм алышкан. Ушул кезде алар ардактуу эс алууда. Райондогу Социалисттик Эмгектин Баатырларынын бири Шарап Санжаров 1960-жылдан бери «Алга» совхозунда чабан. Ал 1965-жылы карамагындагы койлордун ар жүзүнөн 120дан козу, ар койдон 5 килограммдан уяң жүн алып, мыкты көрсөткүчтү жараткан. КПССтин XXV сьездинин делегаты, СССР Жогорку Советинин жана Кыргыз ССР

Жогорку Советинин депутаты болгон. Эмгек Кызыл Туу, Октябрь революциясы ордендеринин ээси.

– 1948-жылы район боюнча 4, 1949-жылы эки, ал эми 1966-жылы бир адам Социалисттик Эмгектин Баатыры наамына арзыдык. Биз согуштан кийин алсыраган өлкөбүздүн экономикасынын чыңдалышына жупуну салымыбызды коштук. Ушул күндөрдө да талыкпастан эмгектенип, колубуздан келген иштерди аткаруудабыз. Демек, районубуздун мындан ары өсүп-өнүгүшүнө жана экономикасынын чыңдалышына аз болсо да үлүшүбүздү кошо бермекчибиз. Тынчтыктын тиреги болгон өлкөбүздө эмгектенүүдөн артык сыймык жок. 1988-жылы бизге дагы бир баатыр кошулду. Ал Жумакадыр Мойдунов,- деди бактылуу жылмайган Султаназар Турдуев.

Өткөн жылдардын аралыгында 1928-жылы уюшулган Өзгөн районунда экономикалык жана социалдык кайра түзүүлөрдүн эң чоң арсеналы пайда болду. Ушул чакта Кыргызстандын түштүгүндөгү экономикасы өнүккөн, элдин турмуш жыргалчылыгы өскөн райондордун бири. Азыр жалпы аянты 3455 чарчы километрди ээлеп, калкынын саны 150 миңден ашты. Райондун аймагында 30 улут менен элдердин өкүлдөрү бекем достукта ырыс-кешиктүү жашашат. Алардын 60 проценти кыргыз, 22,3 проценти өзбек, 4,5 проценти орус 1,2 проценти украин жана башка көптөгөн улуттар бир үй-бүлөдөй ынтымактуу.

Райондун аймагында 1 шаар, 108 кыштак, 12 совхоз, 2 тажрыйба чарбасы, мөмө-жемиш питомниги, мамлекеттик балык чарбасы, чарбалар аралык малды бордоо комплекси, союздук маанидеги кургак сүт, минералдык суу жана пиво заводдору, 14 түрдүү буюм чыгарган килем жана улуттук кол өнөрчүлүк комбинаттары бар.

Азыркы Ворошилов атындагы орто мектептин базасында 1927-жылы 1-сентябрда «Дыйкан жаштардын

мектеби» ачылган. Ушул кезде 60 орто, 20 сегиз жылдык, 14 башталгыч мектепте 37840 окуучу билим алып, 2885 мугалим эмгектенет. Алардын ичинен 124 эл агартуунун отличниги. Мындан сегизи СССРдин эл агартуу отличниги, алтоо Кыргыз ССРине эмгек сиңирген мугалим. Ошондой эле райондогу 2 кесипчилик-техникалык окуу жайында жаштар келечек кесипке ээ болушууда.

1898-жылы фельдшер С.И. Тарасов 10 койкалуу биринчи ооруকананы ачкан. Ушул кезде район боюнча 5 оорукана, 5 поликлиника, 45 фельдшердик-акушердик пункт иштейт, 1207 медицина кызматкери саламаттыктын сакчылыгында. Алардан 12си СССРдин саламаттыкты сактоо отличниги, экөө Кыргыз ССРине эмгек сиңирген врач.

Кыргыз драма театры биринчи 1935-жылы Өзгөн шаарында ачылган. Аны Кыргыз ССРинин эл артисти А.Жанкорозова менен Кыргыз ССРине эмгек сиңирген артист Н.Курманов уюштурган. Труппада Н.Чокубаев, Л.Назарбаев, З. Акматова сыяктуу жана башка белгилүү артисттер ойношкон. Азыр бир райондук, 16 айылдык маданият үйү, элдик филармония, элдик театр, 15 профсоюздук, 7 автоклуб, 5 балдардын музыкалык мектеби, 65 китепкана жана башка маданий-спорттук комплекстер эмгекчилерди тейлөөдө.

1965-жылдан бери «Октябрь туусу» газетасы чыгат. Ал 1934-жылдан «Сталинчи», 1936-жылдан «Ленин жолу», 1957-жылдан «Ленин туусу», 1962-жылдан «Эмгек туусу» аталып келген.

Илимий тармактарда илимдин бир доктору, 18 кандидаты, ошондой эле 10 маданият жана адабият ишмерлери чыгармачыпык менен үзүрлүү эмгектенишүүдө. Мисалы, химия илиминин доктору Бектемир Мырзаибраимов, белгилүү акын Төлөн Шамшиев, Кыргыз ССРинин Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, филология илиминин кандидаты белгилүү

сынчы жана акын, жазуучу, СССР жазуучулар Союзунун мүчөсү, кыргыз адабиятынын тарыхына жана теориялык маселелерине арналган көптөгөн макалалардын автору Салижан Жигитов, физика илиминин кандидаты Өмөш Мырзабаев, педагогика илиминин кандидаты Уулкан Дүйшеева өңдүү жердештерибиз менен чексиз сыймыктанабыз.

1937-жылдан бери райондун көптөгөн татыктуу уул- кыздары СССР Жогорку Советине жана Кыргыз ССР Жогорку Советине депутатыкка шайланган. Алардын бири СССР Жогорку Советинин депутаты, Кыргыз ССРинин Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, Ленин, Эмгек Кызыл Туу, Ардак белгиси ордендүү даңктуу жүгөрү өстүрүүчү, «Яссы» совхозунан Социалисттик Эмгектин Баатыры Жумакадыр Мойдунов жарык маанайда буларды баяндады:

– Мага ишеним көрсөткөн шайлоочулардын суроо-талаптарын канааттандырууну негизги парзым катары эсептеймин. Өткөн жылдарда партиянын райкомунун жана райондук аткаруу комитетинин административдик жаңы имаратын, райондун борборундагы 1176 орундуу орто мектептин, Совет районунда борборлоштурулган оорукананын курулушун бүткөрүү наказы берилген эле. Булар ишке ашты. Өндүрүштүк көрсөткүчтөрүм да жаман эмес. Жыл сайын ар гектардан 150 центнерден ашырып жүгөрү данын жыйнап, мамлекеттик кырманга өткөрүүдөмүн. Жер жүзүндөгү тынчтык үчүн талбай эмгектене беребиз. Эң негизгиси азыр ыкшоолуктан арылып, келечекке сергек карап, ыкчам бара тканыбыз кубантат.

Ошентип, өзгөндүктөр улам өргө карай өрүш алып өрнөктүү баратат. Бүгүн биз Октябрь берген бак-таалайда жашоо менен райондун турмушуна сересеп салып отурабыз. Ленинчил большевиктердин социалисттик революциясынын, граждандык жана Улуу Ата Мекендик согуштун баатырларынын эстелиги

биздин эл үчүн ар дайым ыйык болуп кала берет. Биринчи беш жылдыктардын эр жүрөк куруучулары, колхоздорду, совхоздорду түзгөндөр, өз эмгеги менен социализмди кургандар, дүйнөдөгү биринчи социалисттик мамлекеттин кубаттуулугун чыңдагандар эч качан унутулбайт.

Ырас, биздин күчүбүз интернационалдык достук менен өлчөнөт. Себеби, интернационализм деген - баарыдан мурда биздин көп улуттуу мекенибиздин жыргалчылыгы үчүн, социализмди чыңдоо үчүн ак ниеттүү, натыйжалуу, сапаттуу, толук кайтарым менен иштөө, күрөшүү. КПСС Борбордук Комитетинин 1987-жылдагы январь пленумунда М.С.Горбачев таасын белгилегендей: «Биз жасаган иштин бардыгы — жалпы эмгек менен жаралды... Эгиндин ар бир тоннасында, алтындын ар бир граммында, пахтанын, көмүрдүн, нефтинин ар бир тоннасында эң жөнөкөйүнөн тартып уникалдуусуна чейин ар бир машинада-совет элинин, бүткүл өлкөнүн, биздин бүткүл көп улуттуу союзубуздун эмгегинин чакан үлүшү бар! Бул терең маани-мазмундуу, калетсиз сөз.

Кыргызстан Компартиясынын Өзгөн райондук комитетинин биринчи секретары Жалал Асанов райондун учурдагы өндүрүштүк ийгилигин учкай айтты да, келечегине кенен токтолуп, чер жаза биз менен кеңири баарлашты:

- Районубуздун күжүрмөн эмгекчилеринин алдына койгон максаттары ачык-айкын, ой-мүдөөлөрү жакшы. Өндүрүштүк негизги көрсөткүчтөр боюнча план-милдеттенмелерди өз мөөнөтүндө ийгиликтүү аткарышууда. Демек, адамдардын эмгекке болгон ынтызарлануусу артып, жоопкерчилиги жогорулоодо. Райондун партиялык уюму катарына 3 миңден ашык коммунисттерди бириктирип турат. Коммунисттер кайра куруу жана жаңылануу мезгилинде да алдыңкы сапта баратышат.

Райондун географиялык табигый шарты өтө кооз. Ар түрдүү кендерге бай. Өзгөндүн аймагында Орто Азиядагы ири көмүр бассейни бар. Кокстуу көмүр чыга турган Туюк, Каргаша, Беш-Теректеги бассейндер азыр терең изилденүүдө. Курулуштарга беттөөчү үлүл ташы Жалпак-Таштан чыгат. Бул өзүбүзгө гана эмес коңшулаш республикаларга да кеңири белгилүү болуп калды. Анын запасы республикабыздагы беттөөчү таштардын дээрлик жарымына барабар. Кара-Шородогу минералдык суулар дарылык касиетке, Чымбайдагы ылай аралашкан чым көң өнөр жайлык мааниге ээ. Өзгөндүн шалысы менен кашка бедесинин аянтын жыл өткөн сайын кеңейтүүдөбүз. Анткени кийинки учурларда Өзгөндүн ширелүү күрүчүнө кардалдар кескин көбөйүүдө. Муну эске алып күрүчтүн түшүмдүүлүгүн жылдан жылга жогорулатып барууну көздөп жатабыз...

Капиталдык салымдардын эсебинен балдар бакчалары, мектептер, турак жайлар жана башка дагы көптөгөн социалдык-маданий курулуштар бүткөрүлөт... Райондогу жүргүзүлүп жаткан иштердин бардыгы эле талаптагыдай бир кылка шыдыр баратат дегенден алыспыз. Албетте көңүлүбүздү өйүп, көмүскөдө калып жаткан мүчүлүштүктөрүбүз да арбын. Бирок, маанилүү маселелерди ырааттуулук менен чечүүгө элдин кудурети жетет. Демек, аткарылган жумуштарга канааттанып калуу өзгөндүктөргө жат. Өткөнгө сын көз менен саресеп салуу, кемчилдиктерди четтетип, алга ишенимдүү кадам таштоо—бул жаңылануу талаптарына шайкеш келерин кыраакы элибиз даана түшүнөт.

Ооба, пролетардык интернационализмге жана советтик патриотизмге сугарылган райондун бүткүл эли-журту ыйык жана асыл вазийпаны аркалаган.

Кооздукка бай, көзгө сүйкүм көркөмүң,
Кереметтүү коюнуңда өскөмүн.
Баскан изим, бала күнүм сенде бар,

Өркүндөй бер, өрүш алган Өзгөнүм!
Көп нерсеге куштарланып көксөдүм,
жакшыны да, жаманды да тең көрдүм.
Ата жыты бир өзүңдө, канбадым.
Жадырай бер, жагалданган Өзгөнүм!
Дүк-дүк согот күндүр-түндүр жүрөгүм:
«Бул жашоодо түбөлүктүү түнөгүм».
Эне сүтүн кучагында эмгемин,
шаңдана бер, шайыр калктуу Өзгөнүм!
Сугу түшүп көргөн сайын өзгөнүн,
көрө албадым кыя басып өткөнүн.
Бакыт-таалай байыр алган элимди,
кулпуна бер, кутка толгон Өзгөнүм!

*Октябрь, 1987-ж.*

# ЫЙЫК СӨЗ
### *(Очерк)*

-Атаны байкушум ай! Өкүрүк-ыйга кошулуп ыйлап, чымчыктын балапанындай чыркыраганын карачы.

-Кантсин эми, арсар жетим болду да.

-Тим эле ыйлаганы сай-сөөгүңдү сыздатат. Апасынын өлгөнүн сезип жатат бейм...

Көңүл айтканы келгендер өз ара ушинте күбүр-шыбыр сүйлөшүп, боор ачып жатышты. Эми гана экиге кадам койгон темир канат балапан канчалык ыйласа да үзүлүп түшө калып, эркелете сооротчуу апасынын назик үнүн укпады, апасынын мээримдүү жүзү көз алдына келбеди. Бөтөн бирөөнүн кучагында селкилдеп, ар нерсеге алаксытса соороно калып, кайта эле эки жагына элең-булаң каранып апасын издейт. Көкүрөгүнө башын жөлөп, анан жыттагылап моокум кандырчу эне жытын эңсейт.

– Ананайын, ыйлабачы, апаң азыр келет... Ана...

Ушул сөздү угуп, селт эте апасы чыга калчудай топураган элдин арасын кирпик ирмебей тиктеп, басылып калды. Аны бооруна бекем кысып, алек болуп жүргөн атасы менен бир тууган эжеси Анаргүл айтарын айтып алып, өзүнүн мууну бошоп, көзүнөн мөлтүр жаш кулаганын араң сезди. Буулугуп, буулугуп, анан...

...Ошол жетимдиктин алгачкы күнү эле. Ал күн сайын апасын күтүп, үмүт үзбөй жол карайт. А дүйнө кеткендер кайрылбасын наристе кайдан билсин.

Күндөр убай-чубай өтө берди. Жаз жайга, жай күзгө, күз кышка уланды. Апасы жок. Куштай учкан мезгилдер аны биротоло түңүлттү. Дүйнөдөгү эң ыйыгы келбес жакка кеткенин бой жеткенде чын түшүндү.

Жылдар жылга оошту. Өгөй эненин колунда өксүк менен өткөн күндөрү гана эсинде калды. Бир күнү коңшу айылда той болду. Ага өгөй энесин ээрчип барган. Той бүткөндөн кийин экөө ээрчишип үйүнө кайтып

келатышты. Бир чоң аттам арыктан аттап өтүп, аркы өйүздө кабак салып карап турган энесинен коркуп ал же аттап, же кечип өтө албай ары-бери тыбырады. Ошо замат чор баскан тапанына тикен сайылып, зыркыратып оорутту. Балалык кыялы менен бакырып, сокмо жолдун ортосуна «лак» олтуруп, көзүнөн жашын көлдөттү.

– Бас жаагыңды, жаның чыккыр. Тим эле өлүп бараткандай бакырат. Бул чала сага, көзүң соолугур...

Өгөй энеси заарын чыгара жулкунуп барып буттан алды да арыктын аркы өйүзүнө талпак сымал ыргытты. Чаңырган бойдон жерге «талп» түштү. Демин ичине катып, аздан кийин эсине келди. Бутунун ооруганы ого бетер күчөдү. Какшатып ооруп, коерго жер таппай тыбырчылады. Үнүн чыгарып ыйлоодон жакшылык көрбөсүн сезди. Жүрөгү сыздап, ичинен шолоктоду байкуш жетим.

- Апа... Апа...

Өз энеси Уулкыз болгондо бооруна кысып, айланып-үргүлүп, бутунан өпкүлөп «сенин бутуңа кирген тикен менин бутума кирбейби» деп мээримин төкпөйт беле....

Ошондо чыгып кеткен кызыл ашыгы көптөн кийин сакайды. Өзү теңдүү балдар менен кубалашып ойнобой, сырттан алардын добушу угулса бук болуп, ордунан козголбой жатты. Өңү керсары тартып кусаланды. Өгөй энеси айылдап кеткенде атасы жанына келип эркелете маңдайынан сылап, башынан жыттап, көзү жашылданат. Анын көңүлүн көтөрүп, ардеме-бирдемелерге алаксытып алек болот. Тагдырынын тайкылыгына кейийт. Анан «Ойлогон ойду кыстаган турмуш жеңет» деген накыл сөздүн акыйкаттыгына ынанат...

1930-жылы 76 жашында Нурбай карыя дүйнөдөн кайтты. Эми эр жеткен курагында ал томолой жетим болду, бел туткан атасынан да айрылды. Жалчы жүрүп, жаңы замандын жыргалдуу күндөрүн жарытылуу

көрбөй, армандуу көз жумду атасы. « Заманың оңолду. Адам бол уулум». Ушул сөздү көп айтчу ага, мандикер иштеп, байлардын малдарын багып, адыр кыдырып жүрчү күндөрүндө акыл-насаатын айтуудан тажабай. Көп нерселерди эңсеп, анан максаттуу жашоонун маңызын түшүндүрөр эле.

Анда ал Өзгөн (азыркы Совет) районуна караштуу Кара-Кочкор айылдык Советинин кембагалдар тобунун төрагасы кызматында эле. Кийинчерээк ошол эле айылдык Советтин төрагасы болду. Жаштайынан жетимдиктин ысык-суугун көп көрүп, турмушка бүйрөлүгү, деги дээринен чыйрактыгы азалуу күндөргө мүңкүрөтпөдү. Канчалык кыйынчылык болсо да камырабай турмуштун чытырман токоюнан кайра тартпай, улам илгерилей жол издеди. Ошол кездеги катаал кырдаалга майышпастан келечекке кенен карады. Атасынын акыл сөздөрү алга сүрөдү, анын учкул кыялын адамдыкка үндөй берди. Теңчилдикке каршы турган калган-каткан бай-манаптарга келишпөөчүлүк мамилеси курчуду. Алар менен эзелтен кас душман катары жигиттик эркин бек тутуп, жыргалдуу замандын жаркыраган эртеңи үчүн бүт өмүрүн сайып кармашты. Ал эми өткөндүн саркындыларына жуурулган, өз кызыкчылыгы үчүн жанын аябаган, түшүнүгү тайкы бай-манаптардын калдыктары элге кызмат эткен анын көзүн тез арада тазалоонун аракетинде болушту.

..Жай айларынын акыркы күндөрүнүн бири эле. Кара-Кочкор айылындагы үйлөрдөн бүлбүлдөгөн шам чырактардын жарыгы көрүнүп, кеч кирип калган. Толукшуган айдын шооласынын кучагында мемиреп айлана тынч. Мээлүүн жел согуп сезимди сергитет. Кечээ түнү каракчылар тоноп кеткен айылдык дүкөндүн тополоңу менен болуп, элди жыйнап ушул маалга чейин чогулуш өткөрүп, анан жүзүнөн көп түйшүктөнгөнү сезилип үйүнө жөнөдү. Бейкапар минген атын темине желдире бастырып, эртеңки иштерине ой чабыттатып,

айыл четиндеги жүгөрү аянтын тең бөлүп өткөн жолдо келатты.

Бой кере сеңселип өскөн жүгөрүлөрдүн арасынан шытыраган добуш угулуп, ошол замат эки кулагын тикчийте сес берип минген улоосу басыгын акырындатты. Анын оюю чачырап, ошол тушка көрүнбөсө да үңүлө тиктеп, саамга демин ичине катып кулак тосту. Адамдардын шыбыры жакындап келатат. Жортуулга чыккан каракчылар. Жүрөгү зырп этип, бүткөн бою дирилдеди. Тизгинди бош коюп, атка камчы басты. Башын ат жалына теңей ийилип, ээр каштан колун албай теминди. Жаныбар так секирип тызылдап жөнөдү.

—Айтпадым беле, качты.

—Ат, ата бер. Тирүү карматпайт.

Артынан опур-топур аралаш ушундай үн эшитилди, анан караңгылыкты жаңырта мылтыктын добушу коштоп, кыпкызыл коргошун атылды да, өлүмүнө багышталган ок ышкырып үстүнөн кайып өттү. Жүрөгү көкүрөгүн дүк-дүк койгулап, алда нелерди көз алдына келтирди. Оң тизгинди тартып, айыл ортосундагы Жаркынбаев Раимкул тагасынын үйүн көздөй чапты...

-Мени бекиткиле! Басмачылар! - Астананы аттаары менен энтиге шыбырап араң сүйлөдү.

—Эмне болуп кетти дагы!

Үйдөгүлөрдүн үрөйү учту. Тагасы дароо түшүнүп, ыкчам кыймылдады. Адегенде атты жайдактап агытты да үйгө кирип, шаша-буша анын үстүнө билиндирбей төшөк-жууркандарды жайып, өздөрү төшөнчү салып жатып алышты.

Аттардын дүбүртү эшик алдына келип токтоду.

– Ким бар үйдө! – Кууп келгендерден бирөө өкүм үн чыгарды. Жооп болбоду. Экинчиси атынан түшүп камчы сабы менен эшикти тарс-тарс ургулады.

– Азыр... – Үй ээси көзүн ушаламыш болуп чырак тамызып, эшик ачты.

– Кайда бекиттиң? – Камчысын сороңдотуп опураңдады.

– Кана Мамат жетим?!

– Мен кайдан билейин, үйүндөдүр да. – Шек алдырбай токтоо сүйлөп, кайта аларга суроо узатты:

– Тынччылыкпы деги?

Өңдөрүнөн заары чыгып, үн-сөзсүз үйдүн бөлмөлөрүн, анан атканaны тинтишти. Оолдорунан жемин алдыргандай көкшүндөрү сууп аттанышты да:

– Шашылбасын, көзүн оебуз!- дешип корсулдап сүр көрсөтүшүп, аттарын толорсукка чаба келген жолуна түшүштү.

Бул окуядан кийин ал күндүзү кызматын бүтүрүп, кечкисин Өзгөнгө барып түнөп келүүчү. Тууган-уруктары да ушуну макул көрүштү. Ошентип, анын өмүрүнө коркунуч алып жүргөн далай күндөр артта калып жатты.

Ал эми эркин заманды эрөөн көргөн май тапандар ага каршы ачык чыга албай, бирок шек билгизбей жең ичинен жойлошту. Кедей-кембагалдарды жыйнап Нурбаев баш болгон өкмөт адамдары чогулуш өткөргөн кечтерди күтүштү. Антишкени менен андай учурларда бетме-бет кармашууга даабай, сыртта байлоодо турган аттардын куйруктарын чолтойто кесип кетишчү. Бул алардын белгиси, шылдыңдоолорунун бир түрү эле. Анткени төртүнчүлөр (милиция кызматкерлерин ошентип аташчуу) ушундай жүрүшөт дешип, элге тараткан үгүттөрү болучу...

1933-жылдын август айында Өзгөн райондук аткаруу комитетинин кембагалдар тобунун төрагасы кызматына көтөрүлдү. Бай манаптардын калдыгына каршы аеосуз күрөш жүргүзүп, ак ниет эл арасынан аларды сууруп чыгып, колхоз курулушуна кедерги болгондорду биротоло арылтуунун аракетинде болду. Калың журтка ак кызматы күчөдү.

Жумушчу дыйкан Кызыл Армиясынын катарына 1933-жылдын күз айында чакырылды. Өзгөндөн Ошко жөө барып, анан Фрунзеге кетишти. Ошол жерде беш жыл солдаттык турмушту башынан кечирди. Полктук мектепти бүтүп, взводдун командиринин жардамчысы болуу менен кызмат өтөдү. Анда да сезиминин сергектиги, иш билгилиги, ар кандай жумушка жөндөмдүүлүгү менен айырмаланды.

Армиялык кызматта жүргөн 1937-жыддын 12-декабрь күнү ага чексиз сүйүнүч тартуулады. Укканына ишенип, ишенбей кубаныч толкунунда чайпалды. Анткени Өзгөн районуна караштуу Буденный атындагы колхоздун (азыркы «Алга» совхозунун №I-бөлүмү) колхозчулары тарабынан депутаттыкка көрсөтүлгөн.

Зал ичи жандуу. Балбылдаган көздөр президиумда олтурган аны сүрдөнтүп, мээримдүү тигилет. Улам денесин калтырак басып, анан басаңдайт!

– ...СССР Жогорку Советине депутаттык күбөлүктү жолдош Мамат Нурбаевге тапшырууга уруксат этиңиздер!- деп №270- Өзгөн округдук шайлоо комиссиясынын председатели Муратов жүзүн ага буруп, колун бекем кыса бетинен өөп, салтанаттуу тапшырды.

Нурбаев сыймыкка бөлөнүп, сый-урмат көрсөткөндөргө бурулду. Сүйүнүчтөн жүрөгү түрсүлдөп, үнү каргылданып, көзүнөн бир тоголок мөлтүр жаш тоголонду. Билгизбей жүз аарчысын бетине басты.

– ... Мага ишеним көрсөтүп, кадырлаганыңыздар үчүн ырахмат. Жүрөгүм токтоп калганча элге кызмат кыламын!

Ушул ыйык сөздөн башка кеп айтууга чамасы келбей, дүркүрөгөн кол чабуулардын коштоосунда ордуна барып көчүк койду.

Кыш мезгилинин кычыраган учуру. Аймагы кенен Ата мекенибиздин жүрөгү Москва шаары адаттагыдан

тыш шаңга курчалган. Кызыл Аянт өлкөбүздүн алыскы булуң -бурчтарынан келишкен элдин ишенимдүү уул-кыздарына толо көзгө көрктүү көрүнөт. Бул 1938-жылдын 12-январы эле. Биринчи шайланган СССР Жогорку Советинин биринчи сессиясынын ишине катышууга чогулушкан делегаттардын арасында бактылуу кыргыз уулу Мамат Нурбаев да бар. Бийик максаттарга ой чабыттатып, маанайы жарык. Ушул сессияда улуу көсөм В.И.Лениндин ишенимдүү окуучусу жана соратниги, көрүнүктүү партиялык, мамлекеттик жана аскердик ишмер, СССРдин Куралдуу Күчтөрүнүн эң активдүү куруучуларынын бири, СССРдин коргоо эл комиссары болуп бекитилген Климент Ефремович Ворошилов жалаң аскер кызматындагы депутаттарды 16- январь күнү топтоп, офицерлер үйүндө эстеликке сүрөткө түшүштү.

Ошол сүрөт эртеси эле 17-январда «Правда» газетасынын биринчи бетине жарыяланды. Советтер Союзунун Маршалы К.Е. Ворошилов, СССРдин коргоо эл комиссарынын орун басары, Советтер Союзунун Маршалы А.И. Егоров, жумушчу-дыйкан Кызыл Армиясынын саясий башкармасынын начальниги, экинчи рангадагы армиялык комиссар Л.З.Мехлис, экинчи рангадагы армиялык комиссар Е.А.Шаденко, жумушчу-дыйкан Кызыл Армиясынын генеральный штабынын начальниги, биринчи рангадагы командарм Б.М.Шапошников, Москвадагы аскер округунун командири, Советтер Союзунун Маршалы С.М.Буденный жана башка көптөгөн солдат депутаттардын катарында турган газетадагы сүрөтүнө сук артып, кайта-кайта кумарлуу карайт. Сүйүнүчү жүрөгүн булкуп, көңүлү көккө эргиди. Заматта киндик каны тамган Ата Журтуна учуп жетип эли, жерине сыймактанып, чексиз кубанычын тең бөлүшкүсү келди. «Ушундай улуу адамдар менен бирге болуу кандай бакыт!..»

Ал дүйнөдөгү эң биринчи социалисттик өлкөдө жашагандыгына маашырланып, ошон үчүн минтип таалайга балкып турганын сезди. Кремлдин кереметтүү көркү көзүн жетелеп, ого бетер кумарланып, шыпшынат. Чын эле бул жерде жүргөнүнө бирде ишенип, бирде ишенбей кыялы алда кайда канат сермеп, анан ойлуу кадамын жай шилтеди. «Жетим болуп жетилет» деген… Ушул ой анын сезимин тепчип өттү.

Армиялык кызматын үлгүлүү өтөп бүткөндөн кийин эле Нурбаев Кыргыз ССРинин камсыздоо эл комиссары болуп 1938-жылдын 21-июнунда дайындалды...

Москва. Мында 1940-жылдын 29-мартынан 4-апрелине чейин СССР Жогорку Советинин 6-сессиясы болду. Заңгыраган зал бирдиктүү бир үй-бүлөдөй союздук республикалардан келишкен депутаттарга жык, Сессияда 4 маселе каралды:

1. Өкмөттүн тышкы саясаты жөнүндө. (Докладчы эл комиссарлар Советинин председатели жана тышкы иштер эл комиссары В.М.Молотов).

2. Карель АССРинин бириккен Карель-фин ССРи болуп кайра түзүлүшү жөнүндө. (Докладчы депутат А.А.Жданов).

3. 1940-жылга СССРдин мамлекеттик бюджетин бекитүү жана 1938-жылга каралган СССРдин мамлекеттик бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчетту бекитүү. (Докладчы СССРдин финансы эл комиссары А.Г.Зверев).

4. Сессиялар аралыгында кабыл алынган СССР Жогорку Советинин Президиумунун Указдарын бекитүү жана СССР Жогорку Совети тарабынан бекитүүгө тийиштүү Указдары жөнүндө. (Докладчы СССР Жогорку Советинин Президиумунун секретары А.Ф.Горкин).

1-апрель. Мерчемдүү мезгилде сессиянын Улуттар Советинин экинчи заседаниеси өз ишин баштады. «1940-жылга СССРдин мамлекеттик бюджети жана 1938-жылга каралган СССРдин мамлекеттик бюджетинин аткарылышы жөнүндө» доклад боюнча жарыш сөздөр башталды. Абхаз АССРинин Гудаут округунан депутат М.К. Делбадан кийин кезек Кыргыз ССРинин Өзгөн округунан депутат, республиканын социалдык камсыздоо эл комиссары Мамат Нурбаевге келди. Ал абдан толкунданып, беттерине кызыл жүгүрүп, жүзү албырып трибунага көтөрүлдү. Жапалдаш боюна тигилип жалжылдаган көздөр аны сүрдөнтүп жиберди. Мынчалык чоң аудиторияда сүйлөө ары сыймыктуу, ары жооптуу эле. Адегенде денесин калтырак басып, анан тарады.

– Жолдош депутаттар! - деп олтургандарга карады да токтоолук менен каргылданган добушун оңдоп, орусча катаа сүйлөөдөн сактана сөзүн улады. – Кыргызстан Улуу Октябрь социалисттик революциясына чейин падышалык колонизаторлор менен жергиликтүү бай-манаптардын ырайымсыз эзүүсүндө калган кыргыз элинин аренасы болгон. Падышалык эзүүчүлөр эмгекчил элдин жакшы жерлерин тартып алган. Падышалык эзүүчүлөр жана жергиликтүү байлар эмгекти сүйгөн кыргыз элин түшүмдүү өрөөндөрдөн тоолуу капчыгайларга, ак карлуу чокуларга сүрүп чыгарган... Улуу Октябрь социалисттик революциясы гана мүңкүрөгөн кыргыз элин падышалык колонизаторлордон жана жергиликтүү бай-манаптардан куткарды. Бошонгон кыргыз эли биздин Улуу Родинанын башка бардык элдери менен бирдикте большевиктик партиянын жетекчилиги астында... өзүнүн бактылуу, куунак турмушун курууда. Формасы боюнча улуттук, мазмуну боюнча социалисттик маданиятын түзүүдө...

Нурбаев эми өзүн эркин сезип, залдагы депутаттарга көз чаптырып, анан сөзүн ыгы менен кынаптап сүйлөп жатты. Социализмди куруу ишинде карапайым кыргыз элинин зор жетишкендиктерин, экономикалык өнүгүшүн ачык-айкын баяндады. Ошону менен катарда Кыргыз ССРинин 1940-жылга бюджети тууралуу 3 суроого кеңири токтолду. СССРдин финансы эл комиссариатынын контролдоо-ревизиялык башкармасынын ишин сынга алды. Акырында партиянын XVIII сьезди алдыга койгон тапшырмаларды Кыргызстандын эмгекчилери да ийгиликтүү аткара тургандыгына ишендирип сөзүн жыйынтыктады.

Залды жаңырткан кол чабуулардын сүрөөсүндө трибунадан чыгып, өз ордуна барып жумшак олтурду. Андан соң 15 мүнөткө тыныгуу жарыяланды.

Сессиянын IV заседаниесинде СССРдин финансы эл комиссары А.Г. Зверев корутунду сөз сүйлөп, анда: «Депутаттар жолдош Хохлов (Улуттар Советинин бюджеттик комиссиясынын председатели) жана Нурбаев мамлекеттик мүлктү чыгымдоону контролдоо боюнча финансы эл комиссарынын жана анын жергиликтүү органдарынын ишин туура сындагандыгын... Мындан туура жыйынтык чыгаруу керектигин моюнга алуу менен билдирди...

Жүрөк кылын черткен сүйүнүчү аны күнөстүү жергебизге коштоп келди. Сессиядан алган таасири сезиминде бекем орноп, дагы мыкты иштөөгө ого бетер шердентип салды.

Жыйырма миллион советтик адамдын өмүрүн соолуткан апаат согуш адамзаттын түнөгү жерди онтотуп, эл-журтка кайгы таратты. Бейпил теребелди жарып, коргошундар ок болуп ышкырды. Атыр жыты аңкыган абасы таза аймактарды түтүн аралап, каңылжаарды жарган жагымсыз кан жыттанды. Мөндүрдөй жааган ок ичинде кең Мекени үчүн өмүрүн

сайып, жүрөгүндө элине берген ыйык анты бекем сакталып, эл-жерин душманга тепсетпес багынбас баатырлар сан жоокердин арасында жеңилбестиктин илимин үйрөттү. Коммунисттер бардык жерде биринчи катарда туруу менен эрдикке үндөштү. Мына ошондой жүрөгүндө жалы бар кайраттуулар эмгек алптары аталып, тылда да эрдик көрсөттү.

Демек, совет элинин гитлердик окупанттарга каршы күрөшүнүн уюштуруучусу жана шыктандыруучусу башында лениндик Борбордук Комитет турган Коммунисттик партия болду. Партия менен совет өкмөтүнүн «Бардыгы фронт үчүн, бардыгы жеңиш үчүн!» деген чакырыгы немецтик-фашисттик басып алуучуларга каршы массанын элдешпес күрөшүнө программа болуп калды. Партия менен элдин бардык күчү душманга сокку урууга багытталды.

Согуштун күчөп турган маалында 1942- жылы сентябрь айында Нурбаев Ысык-Көл областына партиянын Пржевальск райондук комитетинин экинчи секретарлыгына жөнөтүлдү. Буга чейин ал бир жылдык республикалык партиялык-советтик кызматтагы кадрларды даярдоочу мектепте билимин жогорулатты. Андан кийин 1943-жылдын октябрынан 1944-жылдын февралына дейре Ош областындагы эмгекчилер депутаттарынын Мырза-Аке райондук Советинин аткаруу комитетинин председатели, анан 1946-жылдын ноябрь айына (эки жылдык республикалык партиялык мектепте угуучу болгонго) чейин партиянын Молотов (азыркы Фрунзе районундагы Үч-Коргон айылы) райондук комитетинин биринчи секретары болуп үзүрлүү жана үлгүлүү эмгектенди. Бул кызматтарда иштөө менен ал тылдагы эмгекчилердин аң-сезимин алоологон согуш отун өчүрүүгө буруп, жан аябай жардам берүүгө, бир адамдай болуп жапырт көтөрүлүүгө калктын калың катмарын уюштурууга активдүү эмгек сиңирди. Ошондой татаал шарттарда

экономиканын чечүүчү тармактарынын бири айыл чарбасында кечиктирилгис милдеттерди аткарууда бараандуу кызмат өтөдү. Өзгөчө фронтко азык-түлүк продуктыларын үзгүлтүксүз жөнөтүп турууга көп күч-аракетин сарптады.

Ошентип, партиялык жетекчи катарында Нурбаев каардуу күндөрдө партия менен өкмөттүн бардык чараларын иштеп чыгууга жана практика жүзүндө ишке ашырууга катышты. Ушул жылдардагы каарман эмгеги аны өкмөттүк жогорку сыйлыктарга татыктуу кылды.

Согуштан кийинки анын аткарган иштери да бараандуу. Эмгекчилер депутаттарынын Өзгөн райондук Советинин аткаруу комитетинин председатели, партиянын Кара-Суу райондук комитетинин, партиянын Мырза-Аке райондук комитетинин биринчи секретары кызматтарында эмгектенип, эл чарбасын өстүрүүгө демилгелүү жетекчилигин көрсөттү.

1960-жылдардын орто ченинде партия экономикалык саясатты жана чарбаны жүргүзүүнүн ага ылайыктуу методдорун түзүүнү, өндүрүштү уюштурууну жана башкарууну өркүндөтүүнү агрардык саясаттан баштаган. КПСС Борбордук Комитетинин 1965-жылдын март айындагы Пленумунда «СССРдин айыл чарбасын мындан ары өркүндөтүүнүн кечиктирилгис чаралары жөнүндө» маселе каралган. Анда: «Айыл чарбасын жогорулатуу – бул коммунизмди ийгиликтүү куруу үчүн бизге айрыкча зарыл иш экендигин биз түшүнөбүз. Бул жалпы элдик милдетти чечүү үчүн биз айыл чарбасына экономикалык бекем негиз түзүүгө тийишпиз» деген олуттуу ой айтылган. Өндүрүштү пландаштыруунун жана айыл чарба продукциясын даярдоонун жаңы системасы ушул саясаттын чечүүчү звеносу болгон.

Партиянын XXII сьездинин жана КПСС Борбордук Комитетинин март Пленумунун чечимдерин турмушка ашырууда ошол кезде Өзгөн районундагы

«Алга» совхозунун партиялык комитетинин секретары болуп иштеп турган Мамат Нурбаев зор эмгек жумшады. Совхозду уюштуруучулук-чарбалык жактан чыңдоого, кыштактагы экономикалык мамилелерди өркүндөтүүгө, эң маанилүү социалдык-саясий проблемаларды чечүүгө көмөк көрсөттү. Ал айыл чарбасынын өндүргүч күчтөрүн өнүктүрүү, жерди натыйжалуу пайдалануу, анын асылдуулугун арттыруу сыяктуу учурдагы маанилүү милдеттерге өзгөчө көңүл бурду. Анын демилгеси боюнча «Ак-Талаа» участкасына канал чыгарылып, сугат жерлердин аянты кеңейтилди. Жердин асылдуулугу жогорулатылып, түшүмдүүлүк бир кыйла көбөйтүлдү. Ошентип, жакшы жөрөлгө улана берди. Буга эл азыр да ыраазы болуу менен Нурбаевдин салымын жогору баалашат.

Партия кайда жумшабасын ал ошол жерде болуп, коммунисттерге жетекчилик кылуудагы жана массаны уюштуруудагы ишмердиги менен айырмаланды. Турмуштук зор тажрыйбасы партиялык жана мамлекеттик турмуштун лениндик нормасын жана партиялык жетекчиликтин лениндик принциптерин орундатууда ачык-айкын көрүндү.

– Партия мага ишенип берген жооптуу, жетекчи кызматтарда бөтөнчө элдин таламдарын көздөдүм. Жалпылап айтканда кездешкен ар бир маселеге баарыдан мурда эмгекчи адам үчүн ал кандай мааниси бар экендигин, анын турмушуна кандай таасир тийгизерин, ага эмне алып келе тургандыгын билип мамиле жасоого көнүп алдым,-дейт иш-тажрыйбаларынан омоктуу кеп козгоп. –»Партия доорубуздун акылы, ар-намысы жана абийири» деп улуу көсөмүбүз Владимир Ильич Ленин бекеринен айткан эмес. Ар бир коммунист мына ушул таамай сөзгө татыктуу болуусу абзел.

Ырас, бул Нурбаев үчүн өтө мүнөздүү. Аны менен жолугушкандардын бардыгы анын тууралыгынан, чын

пейилдүүлүгүнөн, жөнөкөйлүгүнөн жана ачыктыгынан чоӊ таасир алат. Мындай сапаттары азыр эмгектенип жаткан «Алга» совхозунун адамдарына гана эмес, бардык ак ниет адамдарга жагат. Дайыма эмгекчилерге кайрылганда чын жүрөктөн чыккан жылуу сөздөрдү табат, ар кыл кесиптеги, түрдүү курактагы адамдар менен тил табышып, чечилип сүйлөшө кетет. Ошондой эле өзүнө жана башкаларга катуу талап коюучу принциптүү адам. Ошондуктан элдин баалоосуна жана урматтоосуна ээ. Адамкерчилдикти бийик сезет.

- Азыркы айрым жаштардын жүрүм-туруму, кулк-мүнөзү мени көп ойлонтот. Алардын аео сезими жоктой туюлат мага. Көбүнчө даяр нерсеге тап болуп, күнүмдүк шаан-шөкөткө азгырылып баратышат. Ыймандуулук, адамгерчилик сапаттары байкалбайт. Адамгерчилик деген сөздүн мааниси өтө зор. Адам баласына аба, суу, от кандай керек болсо, адамгерчилик да ошондой эле деӊгээлде зарыл нерсе. Себеби, адам бири-бири менен өз ара байланышып, мамиледе болушат. Мына ошондуктан адамгерчилик аркылуу бири-бирине ишенимдүүлүк күчөйт. Ошондон келип биримдик, ынтымактык, достук келип чыгат. Адамгерчилик оор, кыйын иштерде сыналат. Адамгерчиликти түшүнгөн адам жакшылык, жамандыкта эч бир жардамын аябайт. Керек болсо моралдык же материалдык жактан жардам берет. Эгерде кокустук болсо тезинен анын турмушун, ден соолугун сактап калуу үчүн аракеттенет. Мына мунун өзү адамгерчиликтин эӊ бир бийик сапаттарынан болуп саналат. Демек, адамгерчиликти чыныгы түшүнгөн, адамгерчиликке туура баа бергендер гана карапайым келип, адамдык сапаттарды сактай алат. Ошон үчүн эл «Карапайым адам касиеттүү» дейт эмеспи,- деп жүрөгүндө катылган ойлорун ортого төгүп, анан айткандарын турмушка айкалыштыра далилдейт.

Коммунисттик курулушта сиӊирген эмгеги үчүн 3 «Ардак белгиси», «Эмгек Кызыл Туу», «Октябрь

революциясы», «Ата мекендик согуштун II даражадагы» ордендерине, бир канча медалдарга жана Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамоталарына татыган.

СССР Жогорку Советинин биринчи чакырылышына, Кыргыз ССР Жогорку Советинин 3-4-чакырылышына жана бир нече жолу областтык, райондук Советтерге депутаттыкка шайланган. 1940-жылдан 1957-жылга чейин Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин мүчөсү болгон. Кыргызстан Компартиясынын III-IV-VII-VIII сьезддерине делегаттыкка көрсөтүлгөн. 1937-жылдан бери Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын мүчөсү.

Нурбаев коммунизмдин урматына мүмкүн болгондордун бардыгын иштөөгө ар дайым жан-дили менен умтулат. Анткени, ал жүрөк жалынын, ой-максаттарын, тилегин жана иштерин коммунисттик партияга арнаган. Андыктан республикалык маанидеги персоналдык пенсияга чыккандан кийин да «Алга» совхозунун профсоюз комитетинин төрагасы кызматында талыкпай эмгектенип келди.

– Социализмдин шарттарында социалисттик демократия системасындагы эң маанилүү звено болгон профессионалдык союздардын таасири күчөп жатат. Биздин жүргүзгөн ишибиз өндүрүш чөйрөсүндө демократияны ишке ашырууга түздөн түз көмөктөш. Демек, профсоюздар эл чарбасын башкарууга активдүү катышат. Профсоюздардын бүткүл ийгиликтеринин булагы Компартиянын жетекчилиги болуп келген, болуп турат жана болуп да кала берет,- деди да ойлуу көздөрү бизге тигилип, анан стол үстүн ары-бери иретке келтирди. Анан кабинетин кулпулап алдыга ыкчам жол баштап жөнөдү.

...Жайдын толуп турган кези. Түш маалы. Күндүн аптаптуу ысыгынан далдаланып, Мырза-Аке айылындагы чайкананын бир бөлмөсүндө олтурдук.

Мамат аке өмүрлүк жубайы Бурул эже, авариядан каза болгон уулу Амангелди, 6 балалуу кызы Тынымкан, кенже уулу Табылды, келини Тамара, небереси Тариэл жөнүндө тыным албай сыймыктануу менен сүйлөдү.

Өзгөн күрүчүнөн даярдалган булоолонгон палоодон даам татып атып Мамат акеге сөз чыгардым;

—Өзүңүздү кыйнап иштебей эле тынч эс алып жүрбөйсүзбү? Пенсияда болсоңуз, бир жагы 78 жаштан ашып калыпсыз?..

Мамат аке ууртунан жылмайып, анан астейдил жооп кайтарды:

- Менин эл алдында айткан ыйык сөзүм бар. Жүрөгүм токтоп калганча элге кызмат кыламын!...

***Июль, 1982-ж.***

## ЖҮРӨГҮНДӨ ДА ЖЫЛДЫЗЫ БАР

***(Очерк)***

- «Алтын жылдызың» кут болсун!

- Баатыр болушуң менен!

Ушундай чын дилден чыккан жердештеринин жагымдуу сөздөрү СССР Жогорку Советинин Президиумунун төрагасы колун кысып, куттуктоо айтып «Алтын жылдызды» көкүрөгүнө тагып жатканда кулагында жаңырып турду. Бүт денеси дүркүрөп, жүзү тамылжыды. Сүрдөп-сүрдүккөнүн сездирбей Ата Мекени үчүн дагы мыкты эмгектенүүгө убадасын билдирди.

Бул оомадылуу 1988-жылдын 21-июнь күнү. Москва шаары, Кремль. Жогорку сый-урматка татыган өңчөй баатырлар: Кыргыз Республикасынан - Өзгөн районундагы «Яссы» совхозунун бригадири Жумакадыр Мойдунов, Жаңы-Жол районундагы «Кызыл-Жар» совхозунун директору Николай Иосифович Мешков, Кыргыз мамлекеттик аймактык машина сыноо станциясынын Кант районундагы тажрыйба чарбасынын башкы инженери Михаил Петрович Рогожин, Алтай крайынан - КПССтин Смоленск райкомунун биринчи секретары Иван Егорович Занин, Троицк районундагы «Великий Октябрь» колхозунун башкы агроному Геннадий Иванович Колыхалов, Петропавловск районундагы «Ануйский» совхозунун механизатору Геннадий Иванович Петров, Бийск районундагы «Сростинский» совхозунун бригадири Дмитрий Иванович Тяпкин, Сахалин областынан-Долинск районундагы «Соколовский» совхозунун оператору Валентина Лукинична Илютичева, Казандагы В.И.Ленин атындагы илимий-өндүрүштүк бирикменин токары Александр Иванович Бирюлин, СССРдин Мамлекеттик академиялык Чоң театрынын балет мугалими, көрүнүктүү балерина Марина Тимофеевна

Семенова катар тизиле эстеликке сүрөткө түшүштү. Ушул бир көз ирмемдеги көрүнүш жашоодогу өлчөөсүз чоң кубанычты камтып турат. Бул күн анын да өмүрүндөгү чексиз бактылуулуктун көөнөрбөс, өчпөс белгиси болуп калды го. Накта ак эмгеги менен тарыхта түбөлүккө кала турган адамдардын бири эми ушул. Демек, тарых барактары дагы жаңы баатыр ысым менен толукталды...

Денесинен кутман жер жыты аңкыган, алаканынан айдың талаанын табы урган жүрөгүндө да жылдызы бар ушул жөнөкөй, карапайым адамдын аты кең өлкөбүздүн чартарабына даңкталып тарады.

Кызыл аянтта чыдамы кетип күтүп турган өмүрлүк жары жана тестиер уулу менен кызы кучагын кенен жайып тосуп алышты. Түрсүл каккан жүрөктөр чексиз сүйүнүчтө.

- Куттуктайм!... Биздин бешенебизде аман бол!

-Ыракмат! Мээнетибиздин үзүрүн көрдүк.

Бакытка малынган түгөйлөр чүрпөлөрүн жетелей баарлаша колтукташып басышты. Баатырдын жүрөк үстүндө «Алтын жылдыз» жарк-журк көз уялтат. Кремлдин кең аянттарында кадам шилтеп тарыхый музейлерди көрүшүп, кумар кандырышты. Улуу Мекенибиздин борбору эстен кеткис элес, унутулгус көрүнүш калтырды. Эми кубаныч кучактаган жубайлар заматта айылдагы уул-кыздарына жетүүгө ашыкты.

-Жумакадыр алдына эч кимди чыгарбаган иштерман. Таңзаардан түн киргенче көргөн –бакканы талаа. Эпкиндүү азамат деп ушуну айт. - Мындай тамшанган таамай сөздөр «Ленин жолу» айылынын кары-жашына жатталуу. Тапшырылган иштен тайсалдабай, ак ниети менен эмгектенүүнү, анан эл оозунда калууну ар ким эле өзүнө энчилей албайт. Бул үчүн бекем эрк, тубаса жөндөм керек.

Жагымдуу жашап, көптү көргөн эмгектин ардагери, персоналдык пенсионер, азыр 79 жаштагы карыя Токон Мамыров айылдашы алдыңкы механизатор Жумакадыр акенин кулк-мүнөзүнө саресеп салып жүрчүү. Ал кезде колхоз башкармасынын төрагасы эле. Ылайыгы келе калган күнү Жумакадыр акеге кеңешин айтты. Маакул болобу, жокпу ага күмөндөнгөн жок. Анткени анын иштермандыгына ишенген. Мына эми чын дилинен билдирген сунушу текке кетпей Жумакадыр акенин Социалисттик Эмгектин Баатыры деген жогорку наамга жеткендигине сыймыктанып олтурат:

- Бир күнү учураганынан жүгөрү ал дедим. Жакшы, эч кандай моюн толгогон жок. Оболу механизатор, кийин жүгөрүчүлүк боюнча звенону жетектеди. Кандай тапшырма болсо баарын аткарып жүрдү. Жакшы иштейт эле. Иш дегенде ичкен ашын жерге койчуу. Ийгилик ошого жараша болот да. Мүнөзү жоош, удуңшудуңду жек көрөт. Эмгектенгенден эч качпайт. Мээнети кайтты,- дейт ыраазы болуп.

Жумакадыр аке акыл-насаат айткандарга ар кайсыны шылтоолоп, өзүм билемдикке жеңдирбеди. Жөн жеринен кеңеш, сунуштун ага багышталбагандыгын тереӊ ойлоп, түшүндү. Ишенген адамдын үмүтүн үзүү - кайсарлыктын белгиси да.

МОЙДУНОВ: - Жүгөрүчүлүктө алгачкы чыйырымды салган 1973-жылы ар гектар аянттан 52 центнерден түшүм алдым. Ошондо Ардак белгиси орденин көкүрөгүмө тактым. Жерге канчалык мээнет кылсаң, жер ошончолук берешен. Биз жүгөрү үрөнүн себүүнү эреже катары апрель айынын үчүнчү он күндүгүндө, же май айынын баш ченинде жүргүзөбүз. Бул мезгилде топурактын тереңдигиндеги температуранын жылуулугу орточо суткалык эсеп менен 10- 12 градусту түзүп калат. Талааны отоо чөптөрдөн арылтуу максатында үрөн себүүдөн мурдараак ар гектарга эсеп боюнча 6 килограммдан гербидцит-

эрадикан чачабыз. Звенодо үрөн себүү ишин СПЧ-6 сепкичи менен жүргүзөбүз. Ал урукту катар аралыктарга текши себет. Гектарына 55-60 миң түп жүгөрү эгилген аянтка Югославиялык селекциянын гибриди чачылат. Ар бир метрге 5-6 даана урук ташталат. Өсүмдүктү бардык технологиялык вегетациялык иштен өткөрүп жатканда кээ бир уруктар өнбөй калышы да ыктымал. Ошол себептүү эгүүнүн жогоркудай агротехникасын жүргүзүү оң натыйжасын берүүдө.

Мойдунов азыр мына ушундай бай тажрыйбага ээ. Ырас, алгачкы ийгиликтер аны шердентип, келечектен зор үмүткөр кылган. Ошондо дагы тажрыйбасын арттыруу далалаты күчөгөн. Илимге негизденген адистердин, белгилүү жүгөрүчүлөрдүн өрнөктүү иштерин үйрөнгөн. Өзгөчө атактуу жүгөрү өстүрүүчү, Социалисттик Эмгектин Баатыры Аманкан Мамыровдун үлгүсүндө болууга кызыкты. Дээринде болбосо дээликкени текке кетери анык эле. Андыктан ал ар нерсеге акыл менен карап, ошого жараша орундуу иш аткарды. Кол жетпеген бийиктикти эңсеп, курулай курсантчылыктан өзүн оолак тутту. Түн уйкусунан, күн тынымынан кечти. Айыл аралаган айрым ардантар кептерди да кулагына илбеди. Түнөөр үйү, түйшүктөнөөр талаасы гана эсинде. Жумуш күчөгөн мезгилде түнөгүнөн эрте чыгып, кайра кеч келет да көпчүлүк өмүр агымы «канышалуу» талаада өтөт. Күндөлүк үй тиричилигине кол кабышы солгун. Буга өмүрлүк жары Айсара эже кээде кападар. Анын үстүнө түгөйүнүн ден соолугун аяйт.

- Убак-сааты менен эле иштесең боло. Үй-турмушту унутуп баратат окшойсуң.

Анткени менен кайра түтпөй тамак белендеп, маңдай терин төгүп жаткан өмүр шеригине жеткирет.

- Мага ишенип жер берсе, анан бир же эки каттап, караанымды көрсөтүп коюп эле үйдө олтурганым жакшы болот беле. Иштебесем бук болуп ооруп калам.

Кой, андан көрө ошоякка барайын. Силер ысык тамакты жеткирип тургула,- дейт да айдың талаасына аттанат.

Ушинтип, умур-жумур өз ара ынтымактуу түшүнүшүп, жагымдуу жашоолорун улантышууда.

Жумакадыр акенин жубайы Баатыр эне Айсара эже 12 баланы багуу менен эле алектенбестен эмгектенүүнү да сүйөт. Азыр ижаралык звенодогу сугатчынын өтүлүн өзүнө алган. Демек, камкор эне, иштерман зайып. Ийгиликтин башаты ушунда го...

Жайдын аяк чени, толукшуган айдын жарыгында айлана көшүлөт. Түштүк тараптан жорткон керимсел Жумакадыр акени жана анын «канышаларын» жумшак сылагылап, эркелете алдейлөөдө. Сеңселип жетилген «канышалар» мол түшүмдөн кабар бергендей бири-бирине ыктай термелишет. Боорлоруна түркүн түстөгү саамай чачтуу балдарын бек кысып кучактаган аларга сугун арткан Жумакадыр аке алда кайда ой чабыттатат. Кумарын кандырып, алардан көз албайт. Башка бирөөлөрдүн бул жерди аралап жүрүүсүн ыраа көрбөйт. Ушул тапта алыстан ат арытып барып, ал-абалын сураганга анын жообу кыска, даана.

МОЙДУНОВ: -Анча-мынча балдар кирип алып дүмбүл кезинде кайрып кетишет да. Анан айылдагы уйлар да аралап майкандап коюшу мүмкүн. Болбосо айрымдары бышкан учурда данын үйлөрүнө ташышы ыктымал. Ошон үчүн жүгөрүлөрдү калтырып кетким келбейт.

Эмгек ышкысы, үзүр кумары ушул эмеспи. Эл үчүн жан үрөп, эл уулу аталуу оңой десек адилеттикпи? Жок, андай болууга бийик туткан бир максат, алгалатар ар-намыс түрткү боло алат. Ошондо гана Жумакадыр акедей телегейим тегиз деп маанай жаркытса эп келет.

- Болочок жылдын мол түшүмү үчүн күрөштү күзүндө, талаадагы дандык жүгөрү чабылып алынганда эле кызуу баштайбыз. Бул мезгилде топурак катуу келип, иштөөгө анчейин ыңгайлуу боло бербейт. Ошол

себептен жүгөрү аянттарын айдоодон мурда сугат иштерин жүргүзүп, жерди жумшартабыз. Топурак суудан кургаганда айдоону жүргүзөбүз. Мындай технология өзүнүн жакшы натыйжасын бербей койбойт. Мунун өзү келечектеги түшүмдүн мол болуусуна негиз түзүп, ал эми отоо чөптөрдүн уругуна зыян тийгизет. Мына ошондуктан карамагыбыздагы жүгөрү аянттарынын ар гектарына 20 тонна кык, 5 центнер суперфосфат чачабыз,- деп иш жөнүндө пикирлешүүдөн эринбейт.

Ал турмушунда көп кубаныч, сүйүнүчтөргө кабылды. Ага алды менен үй-бүлөсү, бир туугандары жана да шакирттери дайыма тең ортоктош. Ал эми уулунун ак эмгегинин акыбети кайтканда атасы Мойдун, энеси Азиза төбөсү көккө жетип сүйүнүшчүү «Сен биздин эмес элдин баласысың» дешчү чексиз сыймыктанып. Баланы не деп тилебейт. Ата-энеси Жумакадыр акеге ыраазы болуп, дүйнөдөн армансыз өтүштү. Демек, ал балалык ыйык парзын да актады. Азыр эми өзү да 7 уул, 5 кызынын маңдайында жүзү жарык, аларга тилеги ак.

МОЙДУНОВ:-Тун кызым Гүлнара быйыл Фрунзедеги мединститутту бүтөт. Гүлайым борборубуздагы университетте, Гүлмира Оштогу педагогикалык окуу жайда, уулум Медербек Ошто совхоз-техникумда окуйт. Калган балдарым Базаргүл, Исабек, Майрамкан, Мирбек, Дамирбек Кызыл-Дыйкан, Ильичевка мектептеринде татыктуу тарбия алышууда. Мусабек курулушта эмгектенет. Ал эми менин жолумду жолдогон тун уулум Пазыл ижаралык звенону жетектейт, бала- бакыралуу. Эң кенжебиз Шайлообек азыр үйүбүздүн куту.

Жумакадыр Мойдунов бейпилдик бийлеген заманыбызда келечекке каймана карабайт. Белсемдүү эмгектенүү менен учурдагы ар кандай кырдаалга да кыраакы. Талаа «канышасын» кастарлап айдың талаада

жүрүп, дүйнөдөгү абалдан кабардар, эси-дарты эли-жери тынчтыкта жашаса. Ага лениндик партиянын мүчөсү катары мындайча чечкиндүү үн кошот;

МОЙДУНОВ: -Ленин түзүп кеткен биздин партия эл менен бирдикте. Империалисттердин кара ниеттери ишке ашпасына ишенебиз. Биз аз да болсо эмгегибизди Мекенге арнап, жер жүзүндөгү тынчтык үчүн талбай күрөшө беребиз.

Ушундан улам комунисттин жүрөгү даңкка жетсе да дайыма жакшылыкка үндөп, согуп турарына ынанасың. Эгерде өзүм деп согуп турса жүрөгү, анда өзгөнүн баркын билет беле. Кең мекенибиздин гүлдөп өсүшүнө үлүш кошууга «канышанын» сырдашы Жумакадыр аке бүт өмүрүн арнап койгон. Биз аны ушул сырдашуубузда дагы бир ирет сезип, билип отурабыз.

Эл дегенде элирген Жумакадыр аке коомдук ишке да активдүү. Депутаттык милдетин аткарууда демилгелүүлүгүн айгинелеп келүүдө. Демек, ал орундаткан элдик наказдардын айрымдарын күбө тартуу ылайыктуу. Партиянын райондук комитети менен аткаруу комитетинин, «Ленин жол» жана Ленин атындагы орто мектептердин, «Алга» совхозунун сүт өндүрүү комплексинин, Совет районундагы борборлоштурулган оорукананын имараттарын эмгекчилер пайдаланууда. Мыкты иштесек, жакшы жашарыбыз дайыма анын жадында.

МОЙДУНОВ: - Саясий жана өндүрүштүк жумуштарда депутаттардын таасири күчөп бараткансыйт. Муну мен жаңылануунун жарыгынан улам даана сезип атам. Элдин назары ыйык, биз - депутаттар эл үчүн жашап жана эмгектенебиз. Ошондо гана элдин ыйык тилегин, ишеничин актаган болобуз.

Ырас, алкыш көккө жеткирет. СССР Жогорку Советинин депутаты, партиянын Өзгөн райондук комитетинин бюро мүчөсү, Ленин, Эмгек Кызыл Туу, Ардак белгиси ордендеринин жана бир канча

медалдардын ээси, «Кыргыз ССРинин айыл чарбасына эмгек сиңирген дыйкан», Социалисттик Эмгектин Баатыры Жумакадыр Мойдуновдун звеносу дандык жүгөрүнүн түшүмүн жогорулатууда жыл сайын жаңы чектерге жетүүдө. Демек, жүгөрүнүн түшүмдүүлүгү жылдан-жылга артууда. Андыктан Кыргызстан ЛКЖС Борбордук Комитети мектеп окуучуларын эмгекке тарбиялоого, кесиптик туура багыт берүүгө, ошондой эле алардын коомдук саясий активдүүлүгүн арттыруу максатында окуучулардан түзүлгөн жүгөрүчүлүк боюнча өндүрүштүк бригадалардын арасында Кыргыз ССРинин Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, даңазалуу жүгөрү өстүрүүчү Жумакадыр Мойдуновдун наамындагы өтмө байгени уюштурган.

Ал жетектеген звенодогу өрнөктүү жүгөрүчүлөр «Яссы» совхозунда алгачкы болуп 1971-жылдан баштап эле жүгөрү өстүрүүнүн прогрессивдүү ыкмасы болгон коллективдүү подрядды өздөштүргөн. Ал эми 1982-жылы эмгекти уюштуруунун жана эмгекке акы төлөөнүн жаңы өндүрүмдүү формасына өтүшкөн. Ошондон бери айкын максаттары орундап, мурдагы жетишкендиктерин бекемдеп, ар гектардан 150 центнерден кемитпей түшүм жыйнап алышууда.

МОЙДУНОВ: - Абдыкаар республикабыздагы алдыңкы жүгөрүчүлөр менен ат сальшып келатат. Ага куйрук улай Расул, Жаныбек, Кочкор да мөөрөй алдырбай маарага жетишүүдө. Дегинкиси шакирттеримдин баары иштерман. Ошондуктан эл алдында жүзүбүз жарык.

Ооба, Жумакадыр аке чогуу иштеген тели-теңтуштарынын жана шакирттеринин эмгегине ыраазы. Ошолордун өбөк-жөлөгү да эмгектик даңкка жетүүсүнө себепкер болгонун танбайт.

- Мени эмес, мага тилектештерди мактагыла. Ошондо гана көңүлүм көтөрүлөт. «Алтын жылдызда»

алардын да үлүшү бар,- дейт Жумакадыр аке карапайым гана мээримдүү жылмайып.

Айтмакчы Жумакадыр Мойдуновдун тажрыйба мектебинен өткөндөрдүн ысымдарын атабасак баатыр жөнүндөгү баяныбыз кемип калчудай. Алар: «Шоро-Башат» совхозунан Кыргыз ССРинин Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, Ленин ордендүү Атакул Аскаров, «Өзгөн» совхозунан республикабыздын Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты Сатыбалды Маматкулов, «Куршап» совхозунан жаш жүгөрү өстүрүүчү Эмгек Кызыл Туу орденинин ээси, бүткүл Союздук Ленин комсомолу сыйлыгынын лауреаты Маматалы Максутов ак эмгеги менен алга талпынган адамдар.

Баатырдын баркын билгендерден белгилүү жүгөрүчү, Эмгек Кызыл Туу, Ардак белгиси ордендүү, райондук Советтин депутаты Абдыракманов Абдыкаар аке толкундануу менен ички туйгусун жашырбай түшүндүрдү:

- «Эр эмгегин жер жебейт» деген илгертен калган эл макалы туура экен. Мен мындан эмнени айтмакмын. Жумакадырдын жерге кылган мээнети кайтты. Анын эмгегин туура баалагандыгына мен өкмөт менен партияга ыраазылыгымды билдиремин. Эгерде ушинтип бааланбай, көмүскөдө кала бергенде ааразы болот элек. Анткени Жумакадырдын эмгекке кылган мамилесин элдин баары көрүп, билип турбайбы.

...Ушул тапта баатыр баш болгон бул аймактагы күжүрмөндөр даркан талаада коюн-колтук алышып, ыргактуу эмгектин ырахатында.

Биз, ден соолугуңуз чыңалып, кутман талааңыздан кут кетпесин Жумакадыр аке! «Алтын жылдызыңызды» коштогон жүрөк жылдызыңыз өчпөсүн демекчибиз.

***Ноябрь, 1985-ж.***

# КЫРГЫЗ КЫЛЫНЫН ЖАҢЫРЫГЫ
***(Очерк)***

Дың...Дың... Дирилдеген бул үн терезе жылчыгынан өтүп, түнкү тынч теребелге сиңип жатат. Бөлмөдөгү бүт эмеректер муюп, анын азыркы чыңалган сергек кыймылына кунт коюп көшүлгөн сымал. Дың.,, Дың... Башка шырп эткен добуш сезилбейт. Төрт кабаттуу чоң үйдүн ушул бир чакан бөлүкчөсүнөн гана үч кылдын үнү үзүл-кезил чыгып, жарык өчпөй турат.

Таттуу уйкуда жаткан зайыбы копшолуп, аны жанынан сыйпалап таппай калды. Жастыкта калган анын жытын искеди да, жылуу төшөгүнөн суурулуп чыкты. Ушалаган көзүнө түнкү 2ни көрсөткөн сааттын жебеси чагылды. Кулагында «дың-дың...» «КҮҮ» деп койду кыялында..

Ооба, ал түнү кыл жаңырыгынан күү жаралды. Жаралды да жарык дүйнөдө сезим бийлеп, комузчунун назик колунда жашап калды.

Дайыма таңшыган комуз үнүн укканымда шыңга бойлуу, кырдач мурун, буудай ыраң, буурул чачтуу ушул адам жалгыз тээк, үч кыл комузда шайыр гана кол ойнотуп олтурган калыбында карегиме тартылат. Анан ал талантынын тээ түпкүлүгүнөн кеп козгойт:

- Атам уста адам эле. Менин беш атым бар дечү бизге. Анысы мындай болучу: кайыш уста, темир уста, таш уста, жыгач уста, анан дагы сөзгө уста. Ушундан уламбы биздин үйгө өнөрлүү адамдар көп келчү. Ошолордун таасиринен болсо керек комузга шыгым артып, дилгирленүүм күчөгөн мезгилде атам мага комуз жасап, аны чертүүгө күүлөп да берер эле.

Ырас, «жигитке жетимиш өнөр аздык кылат» деген накыл сөз. Садабай Шабданов туулуп өскөн Жаңы-Жол районундагы Сыны айылында өнөрлүүлөр арбын. Өз мезгилинде атактуу жез таңдай ырчы Жеңижок (Өтө Көкөев) Кара-Суу айылынан Сыны айылына барып:

Келип калсаң Сыныга
Куюлуу кымыз чыныда.
Чертмекти чертет чекеден,
чекене эл эмес чынында,- деп ыр тизмектерин жаратканы белгилүү. Залкар комузчу Ныязалы Борошев да ушул айылдан таалим алган деген кеп бар элде. Ал эми Ныязалынын уулу Баатыркулдун уста Шабдан менен карым-катнашы тыгыз эле.

- Эсимде, Баатыркул авам биздикине келгенде «Сары барпы», «Кер толгоо», «Карагач», «Арсар күү», «Ныязалы жөргөлөк», «Кара теке талтаң», «Кет Бука» деген күүлөрдүн чыгышынын себептерин баяндап чертер эле. Азыр Баатыркулдун өзүндөй болбосо да ага жакындатып «Кет Бука» күүнү аткарып берейин...

Коомай олтуруп билегин түрүнө колун аккуу сымал комуз бетинде кайкытты.

Бука деген кол башчы,
темселептир тоо-ташты,-деп башталат күү баяны. ...Илгерки замандын бир күнүндө Бука кол башчы 80 жигитин баштап келип, кырк үйлүү бир айылды басып алды. Мал-мүлкүн тоноп элди азапка салды.

- Эркектериңер кайда? Айтпасаңар баарыңарды кырып салабыз,-деп мыкаачы Бука элди сурап, мыйыгынан күлүп сөзүнө бекем турат. Бирок, эл кыйноого чыдап эркектери жөнүндө эч сыр ачпады, кылыч сунса да сөздөрүнөн тайбады.

Кордукка чыдабай каңырыгы түтөгөн аксакал мергенчинин баласы түн кезип кыска жол менен атасына жетти. Болгон окуяны чачпай божурады.

- Кимде ким силерди айтпаса айыл боюнча үймө-үй кыдырып, ар биринин оозуна эритилген коргошун куюп өлтүрөм дейт. Эмне кылабыз ата?

- Сен барып биздин ушул жерде экендигибизди билдир балам, чабаганчы жөнөтүп кабарлашты дешсин. Сенин бизге келгениңди алар туйбасын.

Уулун жөнөтүп коюп мергенчилердин баарын жыйнап кеңешти. Кең сайды кенен ээлешип, жоонун келе турган жолун мээлеп жатышты. Аксакал мергенчи ар бирине тапшырманы так берди.

-Душманды артынан баштап аткыла. Качууга чамалары келбей калсын.

... Кабар уккан Бука айылдын эркектерин тоодон кармап келүү үчүн 40 жигити менен кол башчы кылып баласын жөнөттү. Алар сайды өрдөп калганда аксакал мергенчи белги берди. Милтелүү мылтыктар биринен сала бири атылып 40 жигит кырылды. Жаш кол башчы кайда качарын билбей алдастады.

Өмүрүндө адамга мылтык кезебеген аксакал мергенчи «менин балам да ушул курактуу, атсамбы, атпасамбы» деген ойдо термелип, бирок куралы күчтүү жоонун кутулушунан чочулайт да бутуна мээлейт. Анын багынчудай түрү жок. «Кой муну кыйнабайын». Атылган экинчи ок жаш кол башчынын жүрөгүн тепчип өттү. Ал:

Айланайын кудай ай,

Кандай айла кылам ай,- деп жүрөгүн кармап жалооруп жаткандай туюлду аксакал мергенчиге...

Ошондон көп күн өтпөй комузун колтугуна кысып алган аксакал мергенчинин баласы Буканын кыжыры кайнап ого бетер элди кыйнап атканын айтып келди. Эми өзү барбаса кайгылуу күн улана берерин сезди. Комузун койнуна катып, бөлөк айылдын кишиси кейиптенип, ак жегде дамбалчан болуп айылына салам айтып барды. Жалмаңдаган жигиттер аны дегдеңдете сүдүрөп Буканын алдына жеткирди. Койнундагы комузду сууруп алышты.

- Ушул шүмшүк билсе керек мергенчилерди, менин жигиттерим кайда экенин. Кана айт. Уккун акмак, эгерде менин жигиттеримдин тирүүсүн билдирсең эсен-аман каласың. Эгерде өлүгүн айтсаң өзүңдү баш кылып

элиңдин оозуна коргошун куямын. Ачык сүйлө!-дейт каарданган Бука.

- Ырайым кыл азиз кол башчы. Оболу элди чогултуп күү чертип берейин. Анан сиздин буйрукту аткарайын,- деп аксакал мерген суранды да баласын оң ыптасына жакын отургузуп, кулагына шыбырады!

- Атадан балага деген, жакшылап угуп ал уулум!

Күүнү үн чыгарбай черте баштады. Муңканган комуз элдин муунун бошотту. Аны байкаган Бука башын чайкап кесе сүйлөдү.

- Өлдү деп айтып жатасың шүмшүк. Эй, жигиттер коргошун эритип мунун оозуна куйгула.

- Мен сүйлөгөнүм жок кол башчы. Канча кааласаң комуздун капкагын алам ага куй, кулагын алам ага куй, тил менен күүдө айып жок.

- Күүң үчүн элиңдин оозуна куйбайм, сенин оозуңа куям.

- Баш кесмек бар, тил кесмек жок.

Сөзгө сынган Бука шылдыңга чыдабай элдин тапкан-ташыган дүйнөсүн талап жигиттери менен жолго чыкты. Алдын тороп күтүп турушкан мергенчилер Буканы тирүү кармашты. Мойнуна жип байлап, бутуна кишен салышып жылаң аяк, жылаң баш келген жагына айдашты. Ушул күндө да Бука өз элине жетелек имиш.

Кет-кет Бука, кет Бука,

кеби жаман ит Бука...

Бул күү ушинтип чертилет илгертен.

Чынында Сыны айылын таланттуулардын жергеси деп айтууга болот. Мунун жөнү бар. Эски заманда Машакара, Абдыразак, Керимбек, Асылбек, Эргешбай аттуу чоң комузчулар өткөн. Алардын жолун жолдогон кийинки муундар Бөдөш Машаев, Маден Керимбеков, Осмонбек Мадаков. Булар «эл арасы - өнөр казынасы» экенин айгинелейт. Ооба, өнөр оошот. Садабай биз атаган комузчулардан таасирленип, айрымдарынын тарбиясын көрдү. Ошолордун өнөрүн үйрөнүп, комузун

колунан түшүрбөй кол ойнотуу чеберчилигине машыга берди. Мында өзгөчө Токмок шаарындагы маданий-агартуу окуу жайынын окутуучусу Чыналиевдин өрнөгү салмактуу. 1960-жылы аталган окуу жайды бүткөн соң өз айылындагы Кара-Жыгач орто мектебинде музыка мугалими болду. Ошондо демилге көтөрүп мектепке комузчулар ансамблин уюштуруп, райондук кароодо биринчи орунду жеңип алышты. Анан Жаңы Жол, Ала-Бука, Ленин райондорунун аймактарында концерт көрсөтүштү. Эл алдында биринчилерден болуп комуздун коштоосунда тактеке ойноткон ушул Садабай Шабданов эле.

- Оштогу педагогикалык институттун музыка жана ыр факультетинде 1962-жылы окуй баштагандан эле студенттерден түзүлгөн комузчулар ансамблине өз ыктыярым менен жетекчилик кылдым. Ошондон бери шаарыбыздын, областыбыздын намысын коргоп, республикалык кароолордо дайыма жеңиштүү орундарда болуп, биринчи жана экинчи даражадагы дипломдорго татып келүүдөбүз. Биздин ансамблге катышып жүргөн 200гө жакын студент жана мугалимдердин көпчүлүгү азыр чебер комузчу аталып калышты. Атап өтсөм, Курманов Эргеш, Бакешов Кошбай, Сатаров Абдужапар, Урузалиев Замир, Бердибаев Апы, Кадыров Шакен, Баяков Фахридин, Стамкулова Фарида жана обончулар Бөдөшов Атай, Тургунбаев Бабаравшан, Кебеков Иса, Козонов Аттокур, Жоробеков Токторалы жана башкалар,- деди шакирттери менен сыймыктана сүйкүмдүү жылмайып.

Институттагы «Достук» аттуу комузчулар ансамблин уюштурууда демилгечи Садабай Шабданов экени талашсыз. Анна Лотц, Наташа Крилова, Таня Питаева, Наташа Олевнович, Гуля Ахтемова, Лена Батаева, Лена Шудренко, Лилия Булатова, Оля Слюсаренко жана солистка Людмила Дегтерова өңдүү немец, украин, белорус, орус, татар, түрк, өзбек, казак

жана башка улуттардын жаштары комуздун коңур үнүнө кумарланып, аны үйрөнүүгө ынтызар болушту. Албетте, алардын ар бири музыкага жөндүү болгону менен комуздун көп сырын көңүлгө алышчу эмес. Адегенде комузду кармоо, күүгө келтирүү, таза чертүү ыкмаларын өздөштүрүүдө далай түйшүктөнүштү. Далалаты күчтүү, комузга ышкыбоз жаштарды тарбиялоодо Садабай Шабданов чыгармачылык менен талбай изденди. Сергек мамилеси, терең көз карашы менен баарын бириктирип, максат маарасына эрчитти. Бирин экинчисинен артык көрбөй тегиз телчиктирди. Демек, ансамблге катышкандардын үмүт отун тутандырды. Ошентип, комузчулардын көп улуттуу «Достук» ансамблинин мүчөлөрү элге өнөрлөрүн тартуулашты.

Бул «Достук» ансамбли 1971- жылы «Студенттик жаз-71» жана ВЛКСМдин 60 жылдыгына багышталган бүткүл дүйнөлүк жаштардын жана студенттердин Гаванадагы XI фестивалына арналган «Студенттик жаз-78» искусство фестивалдарында ВЛКСМ Борбордук Комитетинин биринчи даражадагы дипломдору менен сыйланып, лауреаттык наамды жеңип алды. Ошондой эле Владимир Ильич Лениндин туулган күнүнүн 110 жылдык юбилейине арналган фестивалда анын уюштуруу комитети ансамблдин жетекчиси Садабай Шабдановко I даражадагы дипломду ыйгарды.

Мындан тышкары ансамбль 1980-жылы 10-майдан 16-майга чейин Өзбек ССРнин Хива шаарында өткөн Бүткүл Союздук музыковеддердин семинарына катышып, жогору бааланды. Чертүү ыкмалары кол ойнотуу, терип чертүү, шилтеп чертүү боюнча биринчи орунду камсыз кылды. Ошондуктан Хива шаарынын көп жерлеринен ышкыбоздор "Достук» ансамблинин комузчуларын чакырышып, концерттерин көрүштү. Ошол семинарда Москвадан искусство илиминин кандидаты, музыковед Алексеев Эдуард Ефимович, Армян ССРинен искусство илиминин доктору Атаян

Роберт Акшанович, Ташкенттен искусство илиминин доктору Файзулла Каримов, Бакудан искусство илиминин кандидаты Ахмед Исазаде, Тажик ССРинин мамлекеттик искусство институтунун Чыгыш элдеринин музыкасы кафедрасынын башчысы Аслиддин Низамов жана башка жолдоштор кыргыз комузуна чоң баа беришип, жакшы каалоолорун билдиришти. Ошону менен бирге эле практика жүзүндө комузду нота менен чертүүгө мүмкүн экендигин, атайын класс ачып, негизги инструмент катары сабак өтүүгө боло турганын белгилешип, кеңеш айтышты. Окумуштуу - адистердин бул пикир-сунуштарын көңүл түпкүрүндө сактап жүрүп акыры жүзөгө ашырды. Институттун музыка жана ыр факультетинде комуз классын ачууга 1986-жылы жетишти.

Кыргыз кылын кастарлап, комуз үнүн таңшыткан Садабай Шабдановдун 1967-жылдан бери институттагы эмгеги, аткарган коомдук иштери Ардак грамоталарга жана алкыштарга арзыган. Эң кубанычтуусу жана сыймыктуусу 1981-жылы» Эл агартуунун отличниги» деген ардактуу наамга татыктуу болду. Ал институтта ага окутуучу. Дале улуу устаттардан үйрөнүп, шакирттеринен билгендерин жашырбай билим үрөнүн чачууда. Мурдагыдай эле «Достук» жана «Бүчүр» аттуу ансамблдерге жетекчилигин чыгармачылык чексиз изденүү менен улантууда.

- «Каныкейдин арманы» Токтогулдун агайы Ныязалы Борошевдин чертүүсү боюнча аткарып берем,- деп окуучуларына жылмая карап, анан күү камтыган сырды муңайым төктү.

—Айкөл Манас өлгөндөн кийин Каныкейге каршы капсаландуу күндөр көбөйө баштайт. Бул чөлкөмдө тынч жашоого көзү жетпеген Каныкей ымыркай Семетейдин өмүрүн сактап калуу үчүн Бакай абасына кеңеш салат. Анын акыл-насаатын угуп, маакулдугун алган соң Семетейди бооруна кысып, Манастын курал-

жарагын алып, зоот кийимин кийип, эч кимди жанына албай тоо ашып төркүнүнө кетүүгө бел байлап жөнөйт. Эсен-аман тоо менен тоонун чектеш жерине барганда калың кыргыз журтуна бир кылчайып каңырыгы түтөйт. Семетейдин бетин ачып «балам биз экөөбүз басып келген жерге чейинки жер сенин ата журтуң, көзүңдү ачып бир карап ал. Атаганат, атаң «айкөл» тирүү болгондо ушинтип жеке баспайт элек ко, балам! Мейли кантейин, сенин өмүрүңдү берсин. Атаңдын аткарбай калган ишин сен аткарасың. Биз бараткан жолду эсиңе тут, айланайын медерим,- деп баласына бир үңүлүп, калдайган тоого, калың кыргыз калкына бир кайрылып, жалынып-жалбарып жүрөктөн чыккан кайгылуу күүсүн мынтип обондуу кайрыган экен...

Элирген тулпардай күү артынан күү кайрып, кол эргите комузга безелентип тил киргизген Садабай Шабдановдун талантынын чабыттаган убагы. 1983-жылы анын аткаруусунда 18 күү (өзүнүн эки күүсү менен) 'Мелодия» аттуу бүткүл союздук грампластинка фирмасынан «Кыргыздын инструменталдык музыкасы» деген серияда өзүнчө грампластинкага жазылып чыккан.

Бейпил заманыбыздын кучагында өмүр шериги Канайым экөө жагымдуу жашап, таттуу турмуш өткөрүүдө. Уулдары Бакыт, Талант, Болот, Марат жана Канат куттуу үй-бүлөдө ыракатка батып, ата-энеси сыймыктанарлык жетилүүдө. Ата өнөрүн өргө жетелеп, алар да кыргыз кылдуу комузду ыйык тутушат.

Кептин ыңгайы келгенде айта кетүү парз. Садабай Шабданов комуз күүлөрүн чебер аткаруучу гана эмес, аз болсо да өзүнүн уккулуктуу күүлөрү менен жумурай журтка маалым. «Бийчи кызга». Бул күүсүн автор сахнанын күзгүсү болгон балерина Бүбүсара Бейшеналиевага, ал эми «Айыл көркү» аттуу күүсүн киндик каны тамган Сыны айылына арнап чыгарган.

- Садабай Шабданович азыр «Бийчи кызга» аттуу күүңүздү угууга кулак түрүп олтурган чагыбыз,- дедим көңүлүмдүн көксөгөнүн сездирип.

- Алдын жана сен сөз кылган кыргыз кылынын өзгөчөлүгү тууралуу түшүнүк берейин. Ушул тапта көп пайдаланып жүргөн жилка кылдардан мунун айырмачылыгы мына мында. Кыргыз кылдын, башкача айтканда ичегиден эшилген кылдын үнү коңур, кооз, ыргагы шаңдуу чыгат, термелүү узакка созулат.

Бул комузду өзгөндүк комуз уста жана комузчу Нуралы Түлөбердиев мага тартуу кылган эле. Эми сен каалаган өзүмдүн күүмдү да кыргыз кыл тагылган ушул комузда чертейин,- деп комуздун толгоосун бурап, шаңдуу баштады.

Күү күчүнөн-дайрадан өткүм келип,
Күү күчүнөн-чынардай өскүм келип,
Куулар конуп көлүнө көңүлүмдүн,
кубанычтан көздөн жаш төккүм келип,
коңур күүдөн балбырап балкып турам,
комузчунун колунан өпкүм келип.

Ооба, эл акыны Сооронбай Жусуевдин жан жыргаткан ушул ыр саптары күү күчүнөн улам сезимимде бийлеп, кыялымда термелет. Булбулдай сайраган комуз үнүнө канбайм. Кубулжуп жүрөк кылын дирилдетип, муңканып көңүл сырын бириндетип айтып турса... ушуга кумармын.

Денем балкып, деңиздей чалкып ажайып дүйнөдө жашап калам.

***Июль, 1982-ж.***

# МАҢДАЙ ТЕРДИН ҮЗҮРҮ
## (Очерк)

Аптаптуу жай мезгилинин аяк чени. Асман көгүлтүр көлдөй мелмилдеп тунук. Райондун борбору Исфана кыштагындагы маданият үйү майрамдагыдай шаңга бөлөнгөн. Коoздолуп жазылган ураандар илинип, ал эми анын алдындагы кызыл-жашыл желектер желбиреп, өзгөчө көрктүү. Алтын-Бешик тоосу тараптан жорткон мээлүүн керимсел топ-топ болушуп, маектешүүнүн кызыгына батып турушкан чабандардын эмгекке туурулган жүздөрүнөн сылагылап өтөт.

Мерчемдүү мезгилде чабандардын райондук слету башталды. Зал ичи жандуу.

- Биз бүгүн жылдагыдай эле районубуздун сыймыгы чабандарыбыздын кербен башчысы, өзүнүн кажыбас кайраты менен колхоздук жана элдик байлыкты арттырууга баалуу салымын кошуп келе жаткан, бардыгыбыз терең урматтап, сыйлаган адам – Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты, Самат атындагы колхоздун старший чабаны Өсөров Жалалдын ысымын кайрадан сыймыктануу менен атайбыз. Анткени, бул эмгекчил адам өткөн 1980-жылы да карамагындагы соолуктардын ар жүзүнөн милдеттенмесиндеги 150нүн ордуна 161ден козу, ар биринен 4 килограмм 200 граммдан жүн кыркып алууга жетишти...»-деп айтты партиянын райондук комитетинин секретары.

Андан кийин алыбеттүү адам трибунага көтөрүлдү. Тез-тез сүйлөгөн калыбында эмгектик жетишкендиктери тууралуу айтып, ошону менен бирге слеттун катышуучуларына да албан ийгиликтерди каaларын билдирди. Шатырата чабылган колдор залды жаңыртты.

Ак ниет эмгеги менен жалпы журтка таанылган бул чабанды ошондо биринчи көрүшүм. Лейлек районуна жөнөп жатып гана азыноолак кабардар болгомун.

Максатым ага жолугуп, эмгек жолу менен кеңири таанышуу эле. Слеттун бүтүшүн күттүм...

Маданият үйүнүн бир бөлмөсүндө аңгемелештик. Көкүрөгүндөгү Ленин, Эмгек Кызыл Туу ордендери, депутаттык белги жана башка медалдар анын бешене теринин үзүрү экенин айгинелеп турду. Жанараакта трибунадагыдай шашып сүйлөгөнүнөн улам ага тамашалуу суроо узаттым. Ал жаратылышынан ушундай сүйлөрүн айтып, ууртунан жылмайды. Анан чындыгында бир ишке шашып тургандыгын да ачык түшүндүрдү. Алакан кагыштырып, кол кысыштык. Жалал акенин сөздөрү кулагымда кайталанып, көңүлүмдө уюп жатты...

***

... Каардуу согуш Жалал акени да кайгыдан оолак калтырган жок. Атасы кан майдандан оорукчан болуп кайтты. Ошентсе да бекер жатпастан эл катары салым кошуунун аракетинде болуп, колхоздо бир үйүр жылкы багып жүрдү. Бирок, көздөгөн максатына жетпей арадан бир жыл өтүп, жарык дүйнө менен коштошту. Артында эки кызы, үч уулу жетимдиктин күнүн көрүп, келечектен үмүт үзбөй бири-бирине ого бетер мээримдүү болуп, атанын экинчи өмүрүн улантышты. Ошолордун бири ушул эркин заманыбыздын эмгекчил уулу Жалал аке.

«Ак-Булак» сегиз жылдык мектебинен күбөлүк алгандан кийин окуусун улантууга мүмкүнчүлүгү, ары жашоо шарты туура келбеди. Буга ал көп ойлонуп чайналбады. Чечкиндүүлүгү менен эмгектенүүгө кадам шилтеди.

Адегенде аталаш тууганы Шарип Абдиевге үч жыл жардамчы чабан катары иштеди. Агасынын айткан акыл-насааттары, берген баалуу кеңештери, чабандык кесиптеги тажрыйбасы ал үчүн чоң сабак болду. Ал эми 1954-жылдын 13-мартында өзүнө бир короо кой бөлдүрүп алды. Эл ишенимине ээ болгондугун ошондо

биринчи жолу сезди. Анан эмгеги менен элге таанылууну купуя самады...

Ырас, «жакшы ниет – жарым ырыс» демекчи Жалал аке көксөгөн максатына жетти. Канча түйшүктүү күндөр, уйкусуз түндөр артта калды. Бардыгын анын кажыбас кайраты, бекем эрки жеңди. Эми дасыккан чабан аталып, жаш чабандарга өзүнүн баалуу кеңештерин айтып, аларды тарбиялап келатат.

Мен Жалал аке менен экинчи жолу короонун ичинде койлоруна от салып жүргөн жеринен жолугуштум. Эмгекке туурулган карылуу колдору менен кыса кармап, сүйкүмдүү саламдашты. Андан соң бизди ээрчитип, учурдагы абалы менен тааныштырды. Баары жайында, шайкеш турат.

Короодон чыгып келатып, сыйлык катары кезексиз сатып алган «ГАЗ-24» маркасындагы «Волга» жеңил автомашинасын көрсөтүп, баягы сурообузга эми жооп кайтарды.

- Ыраазымын, партиябыз менен өкмөтүбүзгө.

Жүрөк элжиреткен кубанычын билдире алдыга кадам таштады. Биз менен бирге жүргөн элдик контролдун райондук комитетинин председатели Дастанбек Бердиев көңүлүндө сактаган сөздөрүн ортого салды:

- Жалал акени биздин комсомол жаштарыбыз абдан жакшы билишет. Айрыкча, мал чарбасында эмгектенген жаштардын кадырлуу насаатчысы катары белгилүү. Анткени бул кишинин берген насааттарын, кеңештерин угуп, бир канча алдыңкы чабандар чыкты. Айрымдарынын ысымдарын атап койсок да болот. Самат атындагы колхоздон Назар Эргешов, Кара-Булак адистештирилген чарбасынан Шамши Разыков, «Кулунду» колхозунан Саты Сапаров өңдүү жаш чабандар Жалал акенин жолун жолдошуп орто мектепти бүтөрү менен эле чабандык кесипте калышты. Азыркы күндө абдан жакшы ийгиликтерди жаратып, чоң

абийирге ээ болушууда. Жалал аке мындан ары дагы биздин жаштардын жүрөгүнө патриотизмдин отторун жагып, өзгөчө эмгектик тарбия берүүдө кадырлуу насаатчыбыз катары түрткү берип жүрмөкчү.

Жалал акенин жүзү тамылжып, тарбиялап өстүргөн шакирттерине сыймыктануу сезими менен адатынча тез сүйлөп сөзүн баштады.

- Биздин тилегибиз ушундай. Кийинки жаштар биздин жолубузду жолдоп ойноп-күлүп иштесе, ниетибизге жеткен болобуз. Лейлек районунан эки чемпион чыгардым. Мына, Садилов Абдраим мурда ПМКда иштөөчү эле. Кийин ага жолугуп, кой чарбасына өтүп иштөөсүн сунуш кылдым. Ал менин бул сунушума макул болуп, ошондон бери чабандык кесипте үзүрлүү эмгектенип келе жатат. Ошондой эле Айдаров Талип да менин баалуу кеңештеримди угуп, тажрыйбаларымды үйрөнүп, кийинки учурларда мактоого аларлык көрсөткүчтөргө жетишүүдө. Мына ушулар менен сыймыктана алам. Булардан башка дагы Каримов Даут, Эргешов Камчыбектер да келечекте рекордсмен чабандардан болушат деп үмүттөнөмүн...

Жалал аке бир гана эмгекте ийгиликти көрсөтпөстөн үй-бүлөсүнө да абдан чоң камкор ата. Азыр жубайы Зайна экөө 7 баланын ата-энеси.

Ооба, Жалал аке менен Зайна эже 5 уул, 2 кызын чоңойтуп, ата-энелик мээрим менен татыктуу тарбия беришүүдө. Тун кызы өзүнчө үй-бүлөлүү болуп, турмушу таттуу. Бир уулу айыл чарба институтунда. Экинчиси политехникалык институтта студент. Ал эми калгандары мектепте билим алышууда.

Зайна эже алдыбыздан утурлай жарык жүз менен тосуп алды. Кең бөлмөдөн орун алдык.

- Мындан артык бакыт болобу!

Зайна эже ушуну гана айтып, жагымдуу жашоосун айгинеледи. Жалал акенин азил аралаш сүйлөгөнүнө кушубак боло ак дасторкондон даам татып, эмгекке

ширелген күлкүнүн кучагында олтурдук. Жаратылышынан ачык мүнөз, ак пейил Жалал аке акыркы беш жыл аралыгындагы ийгиликтери тууралуу кеп козгоду.

- Өткөн онунчу беш жылдыкта мага бөлүнгөн тубар койлордон 1540 козу, 51,4 центнер жүн алуу планы белгиленген эле. Анын ордуна 2432 баш козу, 75,5 центнер уяң жүн алууга эл алдында убада бергенмин. Чындыгында маңдай терим текке кетпеди. Беш жыл ичинде 2600 козу, 81,7 центнер жибек жүн өндүрдүм. Ошентип КПССтин XXVI сьездин жарык маанай менен тосуп алдым.

Жакында Жалал аке менен кайрадан жолугушуп калдым. Андан быйылкы жылдагы ийгиликтери жөнүндө сураганымда муну айтты.

- Сөзүмдүн өтөсүнөн чыктым. – Жалал аке жүзү албыра сүйлөдү. – Өзүмө бекитилген 370 баш жаңы ачманын ар жүзүнөн милдеттенмемдеги 100дөн козунун ордуна 125тен козу, ар башынан 4 килограммдын ордуна 4,557 граммдан жүн өндүрдүм... Азыр Кутчу жайлоосунда койлорумду аман асырап жатам.

Ошентип, Жалал акенин он биринчи беш жылдыктын алгачкы жылындагы ийгиликтерине кубанып, аны менен жылуу-жумшак коштоштум.

***Август, 1981-ж.***

# КАМТАМА БОЛБОГУЛА
***(Очерк)***

Бул өрөөнгө 1942-жылдын жазы жылдагыдан эрте келди. Март айы, алашалбырт мезгил. Элдин турмушу, чарбанын экономикасы жардыланып, арыкчылык. Кыштактагы ар бир адам алы жеткен жумуш менен алектенип, эртеден кечке чарбага кол кабыш кылат. Тылда туруп фронттогу жоокерлерге жакындан жардамдаш болуу-алардын уктаса түшүндө, ойгонсо оюнда. Жеке тиричиликтерин дагы унутпай ар ким тапканын термелейт.

Колхоздо жазгы талаа жумуштары али кызый элек. Анткени менен өндүрүштүн уюштуруучуларына иш да, жоопкерчилик да эки эсе күчтүү. Ошолордун катарында бригаданын табельшиги Амирбек Абдуллаев да эсеп иштери менен күн кечкиртет. Бирок, күн болобу, же түн болобу жүрөгүн өйүгөн бир нерсе ага тынчтык бербеди. Советтик Армиянын катарында кызмат өтөөгө жашы жеткенден баштап, анын оюн Ата Мекенин коргоо сезими бийлеп алган. Кең мекенибизге коркунуч келип турганда арзыбаган ишке алагды болуу арзыйбы? Мындай учурда жигит аталгандарга Ата Журттун наказы — «Эр жигит эл четинде, жоо бетинде» деген накыл сөз.

Амирбек райондук аскер комиссариатына чукул кайрылгандыктан кан майданга аттанып жаткан күнүн бир туугандары, жоро-жолдоштору түгөл уккан жок. Аны киндик каны тамган Алай районундагы Кыз-Эмчек кыштагындагылар гана узатып калышты.

-Эли-жериңди уятка калтырбай душманга каршы тур. Коркоктук жигит кишиге энчиленген эмес. «Коркок миң өлөт, баатыр бир өлөт». Сыналчуу кезде сыйга жет,- деп атасы ага кайрат айтканы менен ичинен сыздады. Мууну бошогон энеси, эжелери көз жаштарын тыя албай шолоктоп ыйлашты.

- Камтама болбогула, ыйык жерибизди кара ниет душманга тепсетпейбиз. Ушундайда керекке жарабасак тирүү жүргөнүбүздүн эсеси кайсы.-Ушул сөздөрү менен узатып тургандардын көңүлүн жубатып, өзү да кайраттанды. Туулган жерине кумарлуу коштошту.

АБДУЛЛАЕВ:-Немецтик фашисттер менен биринчи кармашуум учу-кыйырсыз кең Мекенибиздин жүрөгү болгон Москванын алдындагы Смоленск шаарынын айланасында өттү. 1942-жылдын декабрь айы эле. Кычыраган кыштын ызгаардуу суугу бети-колду аймалап турган. Мурундан чыккан ысык демден мурутка муз тоңуп, түкүрүктү жерге түшүрбөй ызырынган шамал алып учат. Мен 1138-аткычтар полкунда взводдун командиринин байланышчысы болучумун.

... Түн. Улуган бороон эленип түшүп жаткан карды уюлгута учуруп, бейпилдикти бузат. Амирбек Абдуллаев согуштук күзөттө. Албетте ушул чакта постто күзөтчүлүктө туруу солдаттан эң жоопту милдетти талап кылат. Демек, мындай учурда өтө сергектик, кыраакылык керек. Ал колундагы автоматын ушар кармап, айланасынан көз албай тигилип, сак. Бир оокумда алдынан келаткан карааңды байкап калды. Жакындап калганда жүрөгү опкоолжуп, каны дүргүдү.

- Курал алгыла! Фашист! -Үнүнүн болушунча кыйкырды. Душманга биринчи бетме-бет тургандыктан аптыгып, башка сөз чыгара албады. Белги берилери менен даяр турган солдаттар ок атышты.

Түн ортосунда каардуу кармаш башталды. Замбиректерден үстөкө-босток атылган снаряддар жарылып, кулак тундурду. Анын жарыгында ак халатчан фашисттик солдаттар бирде байкалса, бирде байкалбай советтик солдаттарды буйдалтты. Бирок, күтүүсүз бул чабуулда ар бири душманга үстөмдүгүн көргөзүшүп, каармандыктарын айгинелешти. Кармашуу узакка созулбады. Кара ниеттердин тилеги ойрон болду.

АБДУЛЛАЕВ:- Согуштук күзөттө 16 солдат турганбыз. Мына ушул түнкү капилеттен болгон таймашууда 10 солдат жарадар болду. Алардын арасында жердешим Адан Алымкулов да бар эле. Анын курсагына осколка тийип, ичегиси чубалжып калыптыр. Мен жанына барсам: «Аман калсаң ата-энеме салам айт» деп гана көзүмө муңайым тигилди. Мен дагы: «'Сен госпиталдан сакайып айылга барсаң ата-энеме салам айтып кой» деп гана ага кайрылдым. Анан санитаркалар келгенге чейин Адандын жанынан жылбадым. Оюма ар нерсе келип, каңырыгым түтөдү.

...Ошондон кийин да алар согуш оту алоологон майданга чукулдап келе беришти. Күн өткөн сайын советтик солдаттар алгалап, жеңиштүү чабуулга ишенимдүү өтүп жатышты. Катарында Абдуллаев болгон взводдун солдаттары таң үрүл-барал атканда жырткычтарга карай багыт алышты. Токой аралап баратышып эгин аянтына чыга беришкенде жашырынып жаткан немецтик солдаттар аларга ок жаадырышты. Ротанын командири капитан Новиков буйрук берди.

- Тарагыла!

Күтүлбөгөн беттешүүгө туш келген солдаттар далдоо жерлерге ыкташып, бир-бирден тарашты. Чуркап бараткан Абдуллаевге биринчи жолу ок жаңылды. Ал сереңдеп барып, чарпыла түштү. Кайра турууга далбастады. Сол буту оорлошуп жыгылды. Жоон санын коргошун тешип өткөнүн ошондо сезди. Аракети текке кетип, ордунан тура албай катып калды. Заматта жердеши Адандын айткан аманаты кулагында жаңырып, элеси көзүнө чагылды. Аңгычакты жоокер Тажибай Саатов жетип келип аны окопко алып кирип, мөндүрдөй төгүлгөн октон далдалады.

АБДУЛЛАЕВ: - Бул 1943-жылдын август айы эле. Андан кийин ден соолукту түзөө үчүн Иванов областындагы Александров шаарында госпиталда жаттым. 1944-жылдын февралында медициналык чечим

менен экинчи группадагы инвалиддикке чыгарышып 6 айга отпускага  жөнөтүштү. Өз айылыма келип бекер жүрмөк белем. Тылдагы турмушту көрүп кантип чыдайм. Келерим менен эле «Коммунизм» колхозунда өзүмө тааныш табельшиктин милдетин аткарып жүрдүм. Балдакчан болсом да тапшырылган бардык иштин өтөөсүнөн чыгууга тырыштым. Анткени кайрадан согуш талаасында болууну самадым.

Ошентип, Амирбектин патриоттук сезими, эр жигиттик туруктуу мүнөзү кайрадан согуш майданына дилгирлентти. 1944-жылдын август айында каарман советтик жоокерлер массалык чабуулга өтүп, гитлердик каракчыларды өлкөбүздүн чегинен чыгарып, жеңишке жакындап калган чакта журт намысын коргоого дагы жөнөдү.

- Эми эсен келгей элең. Бизди убайымга салбай тез-тез кат жаз,-дешип каңырыгы түтөгөн ата-энеси араң ажырашты. Кайгыга салган Гитлерге өлүм тилеп, наалат айтышты.

- Мекенден жанын аяп жашынгандар жигитпи. Мендей эки жолу майданга баргандар көп. Эми жеңиш менен келем, үмүт үзбөгүлө. -Амирбектин коштошордогу бул сөздөрү аларга дем берди. Күйүткө түшкөндөрдү чыйралтты.

... Эл-жери дегенде кан-жанын аябаган эр көкүрөк Абдуллаев адам өмүрүн жалмаган согуш талаасында далай таймашууларда болду. Польша, Венгрия жана Чехословакия республикаларынын жерлеринен баскынчыларды сүрүп чыгарууда баатырларча күрөштү. Дагы эки жеринен жараланды. Бирок, катарынан чыкпай госпиталда айыгып, кайра үрөй учурган кан майданга бет ала берди.

АБДУЛЛАЕВ:-Күндөрдүн биринде Чехословакия-нын аймагында Берлинге карай багыт алып бараткanбыз. Чек арага жакын жердеги токой ичин аралап өткөн шоссе жолунда солдаттар убап-чубап

кетип жатканбыз. Мына ошол учурда капыстан катуу кыйкырыктар чыкты. Биз фашисттер дагы токойдон чыга калышкан экен деген ойдо сестене түшүп, куралдарыбызды саздай койдук. Бул дагы болсо согуштун запкысы да. Анан: «Согуш аяктады! Жеңиш! деген жоокерлердин бийик үндөрүн укканда кубанычыбыз койнубузга батпай сүйүндүк. Бири-бирибизди кучактап, чексиз кубангандыктан көзүбүздөн жаш акты. Аны сүрөттөп айтууга сөз жетпейт. Ошентип мен улуу Жеңиш күнүн Чехословакия жергесинде тостум.

Улуу Жеңиш жергебизде сайран кургандан кийин Амирбек Абдуллаев өз айылына келип, бүлүнгөн чарбасына кирип эмгектенүүсүн улантты. Эли менен умур-жумур болуп партиялык, советтик, чарбалык кызматтарда эмгек сиңирди. Жалпы журттун жашоо тиричилигинин жакшырышына талыкпай үлүш кошту. 1948-1950-жылдары комсомолдун Чоң-Алай райкомунун биринчи секретары, кийин партиянын Гүлчө райондук комитетинин пропаганда жана агитация бөлүмүнүн башчысы, андан соң секретары, ал эми 1961-жылы Ташкенттеги партиялык жогорку мектепти бүткөндөн баштап эмгекчилер депутаттарынын Ош областтык Советинин аткаруу комитетинин бөлүм башчысы кызматтарын аткарды.

«1941-1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согушта Германияны жеңгендиги үчүн» медалы баш болгон бир нече согуштук медалдардын ээси Амирбек Абдуллаев 1978-жылдан бери ардактуу эс алууда. Ушул тапта да кайратынан тайбай жаштар менен тез-тез жолугушуп, аларга акыл-насаатын айтуудан тажабайт.

АБДУЛЛАЕВ: - Силер бактылуу замандын балдарысыңар. Биз көргөн апаат согушту, азап-тозокту билбегиле. Биз ушундай таалайлуу турмуш үчүн кан төккөнбүз. Дайыма жер жүзүндө тынчтык болсун!

Ырас, тынчтык күндө Амирбек акенин бак-бак сүйлөгөнүнө муюп, басып өткөн жолуна сыймыктанасың. Ата Мекендин мына ушундай азамат уулдарынын кулк-мүнөзү жагымдуу жашоого кумарлантып, дайыма эрдикке үндөйт.

***Август, 1980-ж.***

## Күйдүргү

Ойду, тоону кыдырып,
Ойкуштаган күйдүргү.
Орундатпай оюңду,
Ойрон кылган күйдүргү.
Опузалап обу жок,
Ороңдогон күйдүргү.

Жакшылыкты ар качан,
Жактырбаган күйдүргү.
Жамандыкты жандаган,
Жан күйгүзгөн күйдүргү.
Жоболоңдуу жосундан,
Жалкыбаган күйдүргү.

Сырты кенен, ичи кууш,
Сыпайы болгон күйдүргү.
Сай таппаган аягы,
Сайгак конгон күйдүргү.

Үйдөн безип көчөдөн,
Ичип көнгөн күйдүргү.
Үмүт этип бирөөдөн,
Илмийип жүргөн күйдүргү.

Элдир-селдир, башы оогон,
Эң эле бузук шүйкүмү.
Эч максатсыз жашоодон,
Эринбеген күйдүргү.

Арам тамак жүгүрүк,
Ар-намыссыз бүлдүргү.
Адал иштеп, ак жүрүп,
Адам болбос күйдүргү.

# ЖАҢЫЛАНУУ ДООРУНДА

## (Интермедия)

**Катышуучулар:** Бөдөнөев Бытбылдык – совхоздун директору.
Чаалыкпасов Чаарбаш – чабан.
Койчуманов Койгелди – чабан.

Күңгөй районундагы «Тескей» совхозунда кезектеги чогулуш башталды. Бүгүн карала турган бир маселе-мал кыштатуу өнөктүгүнө даярдыктын абалы жөнүндө. Совхоздун директору Бытбылдык Бөдөнөев трибунада.

**Бөдөнөев:**-Жолдоштор! (тамагын түзөп). Жолдоштор! Бул жерге бүгүн биз мында олтурушкан чабандарыбыз мал кыштатуу компаниясына карата кандай даярдыктарды көрүшкөндүгүн билүү максатында жыйылганбыз. Ошондуктан жай олтуруп, кенен кеңешкенибиз оң. Быйылкы жыл мурдагылардан такыр башкача. Анткени жаңыча иштеп, жаңыча жашоону учур талап кылып жатат. Демек, биз дагы мындай багыттан четте калбашыбыз керек. Түздөн-түз, кыйшаюсуз ишке ашырышыбыз керек. Ишиңерди, жашооңорду тез аранын ичинде өзгөрткүлө. Ансыз алга жылуу жок. Жогорку жактан бизге койгон талап ушул. Кимде-ким муну туура түшүнүп, бир бүтүм чыгарбаса, биз аны менен эч качан келише албайбыз. Ушуну оң кулагыңар менен да, сол кулагыңар менен да дыкаттап уккула. Үстүбүздөгү жылы чарбабызда өзгөчө өзгөрүүлөр болуп жатканын билип, даана көрүп турасыңар. Мисалга ала турган болсом чабандардын үйлөрү, кой короолор жай айларында эле кайра куруу үчүн тездетилген темп менен 100 процент бузулуп бүткөн. Мунун өзү кайра куруу жана тездетүү багытын турмушка ашырууга айрыкча, мурда болуп көрбөгөндөй маани берип жатканыбыздын далили болуп эсептелет.

(Директордун сөзүн чогулушта олтургандардын арасынан обдулган чабан Чаарбаш Чаалыкпасовдун үнү бузду).

**Чаалыкпасов:** - Жолдош Бытбылдык Бөдөнөевич, сиз айткандай кайра курабыз деп биз үйсүз, короосуз калдык. Азыр койлорубуз менен коюн-колтук алышып, асман алдында, жер үстүндө жатып, чыныгы бытбылдыкка айлана турган болдук. Кыш ызгаарына моюн сунбай туралы десек отун, көмүрүбүз да жок.

(Бөдөнөев чабанды андан ары сүйлөтпөй оозунан жулуп алды).

**Бөдөнөев:** - Сен туура маселе койдуң, жолдош Чаарбаш Чаалыкпасов. Ырас эске салдың. Бирок, бир нерсеге түшүнбөй жүрүпсүң. Биз быйыл көмүр, отун дегендерди үнөмдөдүк. Бул дагы кайра куруунун бир белгиси болот, билгенге. Анткени биз ички резервди аракетке келтиришибиз керек. Мына, ала турган болсок ар бир короодо койдун көңү бар. Же силер баккан койлор коргоол таштабайбы? Эмне үчүн аны эффективдүү пайдаланбайсыңар? Чындыгында отунга караганда койдун кыгы таптуу келет. Илимде да ушундай далилденген. Силер болсо аны «колдо бар алтындын баркы жок» кылып жүрөсүңөр. Ошондуктан «алма быш, оозума түш» дебей эптегенге көнүш керек. Ансыз илимий-техникалык жетишкендик өзүнөн өзү жаралбайт. Дагы бир кайталаймын. Биз жаңылануу доорун баштан өткөрүп жатабыз. Бул жерде менин орунбасарларым силерге түшүндүрүү иштерин начар жүргүзгөндүгүнүн бети ачылды. Ушул маселе боюнча дагы сөзсүз атайын чогулуш чакырып, терең талкуулообуз зарыл. Менин бүгүнкү сөзүм ушуну менен бүттү. Мага суроолоңор болсо тартынбай бергиле. Ачык сүйлөшүп алалы.

(Көпчүлүктүн ичинен Койкелди Койчуманов көрүндү).

**Койчуманов:** - Жолдош директор, биздин бузулган чабандык үйүбүз менен корообузду кайра курууну тездетүүгө болобу? Кыш ызгаарында бала-бакырабыз менен кыйналып кеттик.

**Бөдөнөев:** - (Сөөмөйүн чычайткан калыбында). Мына, жолдоштор, Койкелди Койчумановдун суроосу эң туура. Кыштын кычыраган кезинде бул актуалдуу маселени ойдон оолактатышыбыз жарабайт. Демек, үй-короонорду кайра курууга өзүңөр жапырт, активдүү киришкиле. Жетекчилерден жардам күтүп жашаганды жадыңардан чыгаргыла. Жаңылануну ар бир чабан өзүнөн баштоосу абзел. Кайра куруунун негизги принциби ушул, түшүндүңөрбү? Газета-журналдардан окуп, радиодон угуп, телевизордон көрүп, мага окшоп аң-сезимиңерди ойготкула. Жашооңорду жаңылап, ишти тездеткиле. Эртеңки чогулушубуздун күн тартибине ушул учурдагы эң маанилүү маселени коебуз. Ошондо дагы иштен сөзгө өтүп, ачык айтып, ак сүйлөшөбүз.

(Жыйналышка катышкандар опур-топур тарай башташты).

# КРЕСЛОДОН КРЕСЛОГО

Областтын борбору болгон Төш шаарынын кайсы мекемесине барып, тааныш начальниктин кабинетине баш баксаң креслодо өңү жат башка бирөө олтурганын көрөсүң. Ал эми өзүңө белгилүү телефонго коңгуроо кылсаң да тааныш эмес бөлөк үн чыгат. Баары алмашып кеткенби, же өзүңдүн башың айланып калганбы, билбей аң-таң болосуң.

Жаңылануунун мындай «жашыруун» сырларын «ачык-айкын» түшүндүрүү үчүн обкомдун секретары Муңайбасов шаардыктар менен бүрсүгүнү жолугушуу өткөрмөк. Бирок, түндөгү жаман түшү сестентип койду. Аны чечмелеткени төшөктөн башын көтөрбөй туруп төкпөй-чачпай аялына айтып берүүдө.

- Мындай деп сүйлөптүрмүн: - Жолдоштор! Силер зарыгып издеп, таппай жүргөн шаардык аткаруу комитетинин төрагасы Чулчук Чуубасаров азыр областтык коммуналдык чарба башкармасынын начальниги кызматында иштеп атат. Ал эми турак үйлөрдү пайдаланууга берүү конторасынын мурдагы начальниги Кулжук Кубантаровичти болсо областтык ремонттук курулуш трестине башкаруучулукка которуп салдык. Мына ушинтип биз кадрларды тарбиялоо ишинде кайра куруу, жаңылануу маселелерине терең маани берүүдөбүз. Демек, мындай учурда жаңылуу жарабайт, ал өтө опурталдуу иш. Ошентип өз кызматын билбеген, коомдун кызыкчылыгынан өз кызыкчылыгын жогору койгон бюрократ адамдар энчисин алууда. Ошондуктан биз мындан ары ачык айтып, ак сүйлөшүүгө милдеттүүбүз. Угуп атасыңарбы? Бүгүнкү күндүн эң бир кечиргис талабы мына ушул. Аны биз туура талдай билишибиз лаазым, жолдоштор.

Менин ушул сөздөрүмө уугуп, чыдабай эл арасынан Тайбас Чечкинбеков чыркырап жиберсе болобу.

- Жолдош Мулжук Муңайбасович, сиз айткан Чулчук Чуубасаров квартираларды бөлүштүрүүдө турак жай законун одоно бузгандыгын жана өзүнө дачалык жер алып, өжүрө куруудa кызмат абалынан кыянаттык менен пайдаланганын, пара жеп далай адамдарды зар какшатканын, ал эми Кулжук Кубантаров жүздөгөн квартираларды кароосуз калтырганын жана азыркы кыш чилдесине карата даярдыкты үзгүлтүккө учуратып, адамдарды ызгаарга тоңдурганын эсиңерден чыгардыңарбы? Же бул тааныштыктын, жакындыктын белгисиби? Же «өңдү көрсө жүз таят» деген ушубу. Кайра курууда калпыстыкка жол берип жаткан жоксуңарбы?

Чечкинбековду отургандардын баары колдоп кетти.

- Тайбастын айтканы анык.

- Коомдун колкосуна чыккан андай коркунучтуу жараларды эмнеге эле канатыңардын алдына салып калкалайсыңар?

- Э, кейип-кепчип не кыласыңар. Булардын оозун тигилер булгап койгон да. «Жеген ооз уялат» деген бар го элде. Амалкөй немелериң кресло дегенде жанын берет. – деп көпчүлүктүн ичинен бирөө жыйынтыктай бак-бак кеп урду.

Мен шашкалактап жыйындагылардын көңүлүн жайгаруууга далалат кылдым.

- Жолдоштор! Жолдоштор! Кызуу кандуулук кылбагыла. Чуубасаров менен Кубантаровду ушинтип жазаладык. Буга туура түшүнгүлө. Азыр кайра куруу маселеси айрыкча кадрлар үчүн катуу коюлуп жатат.

Эми ортодон бетке чабар Орунбаев обдулуп чыкты.

- Бир креслодон экинчи креслого которуп коюу кайра курууга жатабы? Бул карышкырга кой кайтартуу менен барабар эмеспи.

«Балык башынан сасыйт» демекчи кайра курууну сизден башташ керек экен го. Ошондо гана тазаланып,

жаңыланышыбыз мүмкүн. Тепкичтен тепкичке секирик жасаган эки аяктуу сөлөкөттөрдүн карааны бизди тажатып бүттү.

- Ырас, ырас, андайлар арабыздан жоголсун!

- Жаныбызды кейите берсеңер ташбараңга салабыз!- деген чечкиндүү үндөр ызы-чуу аралаш жаңырды.

Ушинтип жолугушууга топтолгон эл дуу-дуу менен заматта тарап кетишти. Удургуган ой-санаамды жыя албай, жылуу-жумшак креслом көзүмөн учуп башымды мыкчыган бойдон катып, муңайып жалгыз калдым.

- Түшүң түк төп келбесин ылайым. Үч ирет түкүрүп кой. Ушундай да түш көрөсүңбү. Сенин креслоңо көз арткандардын баары оңбосун. Колу-коңшуларды топтоп жети нан кудайы өткөрөлү. Мен кем-карч көрөйүн тезирээк. Тур, сен колдон жети нан алып жетип кел.

... Жети кишиден ак бата алганы менен мамыктай кресло Муңайбасовго өзү тилегендей түбөлүк буюрбады. Кийин ал олтурган креслодо башка бакыбат адам, телефондо бөлөкчө чечкиндүү добуш пайда болду.

## КАРГАЛАР ТОБУ

- Сиз аларды кайдан көрдүңүз?

- Азыр алар ээрчишип, ишсиз көчөдө жүрүшөт. Кулак төшөп турсаңыз алардын мурдагы жоругун угасыз.

***

- Биз араккечтикке жана алкоголизмге каршы күчүбүздү күчөтүшүбүз керек, - деп сөзүн баштады ишкананын жетекчиси чогулуштагыларга кайрылып. – Ооба, антмейинче ишибиз азыркы абалынан эч качан илгерилебейт. Иши илгерилей турган адамдын ити чөп жейт имиш. Ошондуктан ичкилик ичкендерге каршы

аеосуз чабуул коюшубуз керек. Мына бүгүнкү биздин чогулушубуздун өзөгү ушул болушу керек. Өзүңөргө дайын ишканабызда ичкиликке берилгендердин саны арбын, то есть ичмейинче өлүп, өмүр сүрө албай тургандар бар. Андайларга бизде такыр орун жок.

Жетекчи сөзүнүн ушул жерине келгенде араккорлор демдерин ичине ката баштарын ылдый саландатышып, ысымдары аталарын күтүп турушту. Бирок, алар ойлогондой болбоду. Ошондон улам кайра жанданып, чыйралып калышты. Адаттагыдай эле куру кыйкырык менен кеп оролу башкага бурулду.

- Мисалы, ичип алып жумушка чыкпаган жолдоштор да биздин ишканада көп. Бир күн болсо мейли эле. Жумалап, то есть он күндөп дарексиз жоголгондорду не дейбиз. Жок дегенде кайда жүргөндөрүн телефон аркылуу билдирип коюшса болбойбу? Туурабы жолдоштор? Бу заманда эмне көп, телефон көп. Алардын качан ишке келерин билбей күтө берип сар санаа болот экенсиң. Айрымдарын үйүнө адам жиберип да таппайсың. Азыр бул жерде алардын аттарын атабай эле коелу. Өздөрү билип, уялып олтурушса керек. Демек, арак ичүүчүлөр менен вино жутуучуларга келишпес мамиледе болушубуз керек.

- Ошон үчүн бүгүн ичкичтерди аныктап, тактап, иштиктүү чара колдонушубуз зарыл болуп турат. – Партиялык уюмдун секретары араккорлорго сес көрсөтүп деди эле жетекчи элеңдеп сөз нугун башкага бурду.

- Мен азыр шашып атам. Срочно райкомго барышым керек, чакырыптыр. Силер чогулушту уланта бергиле. Бирок, узакка созбой тез бүткөргүлө. Биз дагы учурдагы талапка ылайык тездетүү жолуна өтүшүбүз керек. Анан жыйынтыгын чыгарып бир бүтүмгө келгиле. Ичкиликти, кайталап айтам айрыкча ичкиликти көбүрөөк айыптагыла. Арак менен виного каргыш айткыла. Ошентип бетке ачык айткандан айбыкпагыла.

Желдеңдеген жетекчи ушинтип өкүм сүйлөп коюп, мурдагысындай эле отургандардан уруксатсыз алактап чыгып кетти. Араң турган анын жамаатташтары да убакытка уттурбай убап-чубап сыртка атырылышты. Чогулуш башкаруучунун үн салганы аларга чымын дыңылдаганчалык да угулбады. Сааттын жебесинен көздөрү өтүп, ойлору он бөлөк болгон ичкичтер тобу түз эле арак сатуучу дүкөндү көздөй чабуулга жөнөштү.

Бири автобуска асылды, экинчиси таксиге тап койду, үчүнчүсү машиналуу таанышына жармашты, төртүнчүсү дагы... Ошентип алар карaанын көрсөтпөй качышты. Ал эми зал ичинде сомсоюп сопулар эле калды.

Шымаланган араккорлор тобу райком чакырткан жетекчисин аракканада кезекте тургандардын арасынан табышты.

- Райкомго тез эле барып-келип калдыңызбы? Эми биз менен болуңуз. Азыраак убактыңызды бөлүңүз. Узак кармабайбыз сизди. Өзүңүз айткандай тездетебиз,-дешти да жетекчисинин айлакерлигине ызат кылышып колтуктан алышты. Көөдөндөгү көздөгөндөрүн тездетишти. Тездетүүнүн зарылдыгын ушул жерден чындап билишти.

Буларды көргөн - билгендер «карга карганын көзүн чокубайт» деп калышты.

## МЕКЕМЕНИН ЭРКЕСИ

Мындан бир жума мурда бизге тааныш бир мекемеде өндүрүштүк чогулуш өттү. Күн тартибинде – мекеменин белдүү кызматкерлеринин бири Мулжук Муңайбасовдун эмгектеги тартиби каралды. Партиялык уюмдун секретары болгон окуяны төкпөй-чачпай баяндаган соң Мулжук Муңайбасовго сөз берилди.

- Мен... мен силерден кечирим сураймын. Кечирсеңер кечиргиле, кечире албасаңар өзүңөр билгиле. Үйүмө тээ алыстан ат арытып, ат десе чын эле атты ойлобогула, азыркы заманда самолеттун канатын талытып бир улуу урматтуу конок келип калгандыктан аны ызаттап, шаарды кыдырттым. Үйдө олтурсак деле болмок. Бирок, аялым экөөбүздү адатынча каргап-шилебей эле үйдөн чыгарып, ишине кетип калды. Ага капаланып, кайгырганым жок. Себеби, атайы мени издеп келген мейманга ыраазы болуп, төбөм көккө жетип турган. Анан аны куру ээрчитип жүрүүдөн уялып, буфеттен элүү граммдан арак алып сый көрсөттүм. Чындыгында ушундай аты улук мекемеде иштеп атып унчукпай койсом шерменде болоорумду ойлодум. Бир жагынан аттуу-баштуу адамдын алдында эң биринчи мекеменин, силердин абийириңерди сактадым. Ушуну түшүнсөңөр болот эле. Мейли, менин кадырымды кийин билесиңер. Ал мага абдан ыраазы болуп, жетине албай кубанып, кийин жүздөн алды. Аныкын ичип алып кантип карап турам? Айткылачы? Бир жагынан ал мейман болсо. Менин ордумда силердин кимиңер болсоңор деле ошентмексиңер, туурабы?

- Туура, туура. Башка жолу жок да. «Коенду камыш, эрди намыс өлтүрөт»,-дешти жамаатташтары жабыла аны колдоп. Ал ого бетер шерденип алды.

- Ооба, менде дагы намыс- ар деген бар. Ырас, иш күнү экенин билгемин. Ошон үчүн эсимден чыгарбай кызуу болсом да жолдош начальнигиме келип түшүндүрүп, анан кеткенмин. Кантип эле кымбаттуу начальнигиме билгизбей коеюн. Көрсө ошондо силер көрүп калган экенсиңер. Мастын акылы соо болорун баарыңар эле түшүнөсүңөр го. Билип, туюп туруп эле анан мени минтип убара болуп чогулушка салганыңарга таңмын, тообо. Болуптур, акыркысы ушул болсун. Эми ичсем эле ит болоюн. Кечирип койгула. Балдарымдын, аялымдын күнүн көрбөй калайын. Эмне десеңер ошого

маакулмун. Кечиргиле. Мындан кийин оозума бир тамчы тийгизсем эле мүрт кетейин, арам өлөйүн,-деп жалынып-жалбарып ордуна көчүк койду.

- Мен иштеген эки жылдан бери эле Мулжук Муңайбасовдун жумалап жумушка чыкпай 18 жолу түшүнүк кат жазганын, эки ирет соолуктуруучу жайга жатканын билем. Жолдош Мулжук Муңайбасовго бул өнөкөт оору болуп калды. Мына эми дагы соолуктуруучу жайга түшүптүр. Биздин мекеменин, коллективдин кадыр-баркын кетирип бүттү. Аялы да бир канча жолу көз жашын көлдөтүп, арызданып келген. Качанкыга чейин эле канатыбызга калкалай беребиз муну. Мен Мулжук Муңайбасовду ушундайында иштен бошотууну сунуш кыламын,-деп кесе айтты начальниктин орунбасары. Аны чогулушта олтурган Муңайбасовдун көңүлдөштөрүнөн башкасы колдоп сүйлөдү.

- Туура, -деди профсоюз уюмунун төрагасы. – Биз Мулжук Муңайбасовдун убадасын уга берип тажадык. Мындан мурдагы чогулушта эле эми ичсем эшектин кейпин кийип калайын дегени али кулагыбызда турат. Бул каргануудан жадабады, же биз жыйналыш өткөрүп убара болуудан арылбадык. Менин пикирим мындай, мейли эмгек китепчесин булгабайлы. Суранып калды, өз арызы менен бошосун. Аялына, балдарына биздин жакшылыгыбыз ушул болсун.

Акыркы сөздү мекеменин начальниги алды.

- Жолдоштор! Мен профкомдун соңку сөзүнө кошулуп, кошумчалагым келет. Мындай ар ишке жөндөмдүү, таланттуу адисти таба албайбыз. Мага ишенип койгула. Ошондуктан биз Мулжук Муңайбасовго өчөшпөй тарбиялашыбыз керек. Муну кызматынан алып койсок чындыгында балдарынын көргөн күнү эмне болот? Ушуну да оюбуздан чыгарбаганыбыз эп. Демек, бул жолу да ушуларды эске алып, акыркы эскертүү менен катуу сөгүш берели.

Эгерде бир ай мөөнөттүн ичинде кайталана турган болчу болсо бизге таарынбасын. Анан ошондо акыркы чараны колдонобуз. Бүгүн ушундай чечимге келели да эмгек тартибин сактап, ишке киришели жолдоштор,-деп чогулуштун бүтүшүн тездетти.

- Ооба, бүгүн Мулжук Муңайбасовго акыркы эмес жөн эле эскертүү жарыялап, катуу сөгүштү кийинки чогулушка калтыралы,-деп олтургандардан бирөө какшык сөз чыгарды эле.

- Эң туура, колдойбуз. Баятан ушинтип ток этерин айтыш керек болчу,-деп мекеменин начальниги шашып-бушуп кол көтөрө койду.

Жыйынга катышкандар эки сааттан бери эмгек күнүн текке кетирген талаш-тартыштан чыккан жыйынтыкка ындындары өчүп, ыркырашып олтурбай чыгып кетишти. Ал эми начальник менен Мулжук Муңайбасов адаттагыдай мекемедеги кызматкерлердин жаман, жакшысын иргеп, бир далай убакытты бирге өткөрүштү. Анан Мулжук Муңайбасов ишенген кожосуна ичи жылып, жүрөгү элжиреп түз эле буфетке баштады. Алардын артынан кабинетинде баятан бери акмалап күтүп турган Мулжуктун айрылгыс досу ээрчиди.

Үчөө ортого бир шишени коюп алып чогулушта айтылган сөздөрдү чечмелеп, армансыз эзилишти. «Ичи ачышкандар туз жаласын» деген «кең пейил» начальнигинин акыл кебин кайта-кайта кайталап, Мулжук Муңайбасов бөтөлкөлөш жан биргесинин кулагына кумдай куйду. Ушул ак ниет начальниги үчүн азыр жүрөгүн сууруп алып жерге чаап жиберүүгө даяр экендигин билдирип бакылдады... Анан начальниги аны жөлөп-таяп үйүнө киргизип, сүйрөп барып жаткырды. Ошондон тартып дагы кызматына келбеди.

Бүгүн болсо биз билген мекемеде башкача чогулуш. Мурдагылардан өзгөчөлүгү мекеменин начальниги менен анын эркеси кызматтарынан алынды. Эбин таап

эки жеген начальникти эш туткан эки жүздүү жуукур Мулжук Муңайбасовдун эси ооп, жалаганга туз таппай далбастады. Түшүбү же өңүбү, ажырата албай аң-таң. Акырында экөө кызыл чеке болгончо кырчылдашып, ит-мышыкча ырылдашты.

- Сени эш тутуп эч кимге моюн бербей жүргөнүмдү сезбеген сен акмак. Дагы тууган имиш.

- Эркек деп эркелетип, канаттууга кактырбай, тумшуктуууга чокутпай калкалаганымды билбеген сен итсиң. Менин жакшылыгымды билбедиң. Көзүңдөн чыксын...

## ЖОЛУГУШУУ

Кечке жуук эки дос жолдон жолугушту:

- Көрүнбөйсүң көптөн бери, кайда жүрөсүң деги? Иштеген жериңе да бардым кечээ күнү издеп сени,-деп Мулжук кеп баштады.

Ошондо араң турган Кулжук башынан өткөргөн окуясын олуп-чолуп баяндады:

- Он бешинде алып айлык акы, келатсам жолдо сага окшоп жолугуп калды тырышчаак Чулчук. Ары тартышып, бери тартышып, анан ресторандагы буфетке капыстан кирип барыптырбыз жарышып. Калган экенбиз сагынышып, тынбады стакандар кагышып. Анан кеп кылып жатсам кеңкелес баягы кетип калган катынымды, жактырбадыбы анымды кашайтып жиберди жанымды дүмүрдөй болгон буфетчи келин. Өзүң билесиң менин жүрөгүм тоодой экенин... «Ажаандай болгон силер баарыңар бирдейсиңер. Эркектерди билбейсиңер, эзилип тилдейсиңер. Эки муш жебесеңер, эсирип кетесиңер, ушу ургаачылар урмайынча туйлайсыңар», деп бериптирмин ага энчисин.

- Ырас кылыптырсың. Антпесең жаагы жап болмок эмес менменсинген кара келиндин,-деди Мулжук

досунун көңүлүн улай табасы канып. Анын соолуктуруучу жайдан келатканын кийин билди.

- Ошентип... ошентип... досум, келатам чыгып «он беш күндүк» дем алыштан. Денем чыйрыгып, жалгызсырап өзүм барыштан турат элем көзүм өтүп тааныштан. Ырас жолуктуң ынак досум. Аябай сагындым эле сени... он беш күндөн бери. Жүр эми буфетке кирели, көрүшкөнүбүз үчүн «жүздөшөлү», өткөн-кеткенден сүйлөшөлү.

Эки дос жетелешип барышты. Оболу жүздөн алышты. Анан дагы, дагы. Ичтери жылып, калышты кызып. Бак-бак сүйлөп тамашага батышты. Кулжук оозуна киргенди оттой берди, көзүнө илбей отурган элди. Бир-экөө ага эскертти:

- Тынчтаныңыз,-деп кетти.

Аларга көңүл бөлбөдү, көшөрүп түк көнбөдү. Кайратына келип, кайра ашатып сөктү.

- Күкө, колубуздакыны алалы да чырдашпай тынч кетип калалы. – Мулжук аны алаксыта ордунан туруп кеткенге шашты.

- Отур, эркексинби? Коен жүрөк, мен турганда эмнеден коркосун.

Кулжук күчөп кутурду. Аргасы куруган Мулжук тыялбай досун милицияга тутулду. Кулжук оодарды күнөөнү Мулжукка, табалбай башка амал-айла...

Түшүнүктүү го калганы. Кулжук үйүнө жетпей кайра он беш күн дем алганы эми Мулжукту ээрчитип кетти соолуктуруучу жайга.

## АКЧАНЫН АЙЫНАН...

Мен театрда иштеп жүрбөдүм беле. Бул окуя ошондо өзүмдүн эле башыман өткөн. Бир чоң комузчунун автордук кечеси болуп калды. Кеченин концерт бөлүгүн алып баруу кудай жалгап менин энчиме

тийди. Театрда бош орун жок, эл лык-лык. Күү чертилген сайын дуулдаган кол чабуулар, букет-букет гүлдөр.

Комузчу көбүнчө комуз чертүү менен эле алек болду. Ага сунулган гүлдестелерди мен шыпылдата илип алып, кичипейилдик көрсөтүп кыймылдап турдум. Кезектеги чертилүүчү күүнү айтып коем да, гүлдү кучактап алып сахнанын артына жорголоп кетем. Ар номер айткан сайын гүл кучактап кайтам.

Гүл койгон столумдун үстү дароо эле дөбөлөнө түштү. «Дагы бере беришсе баарын кайда батырам?» деген ой кылт дей түштү алтын башыма. Дегеле дүйнөлүк проблема чечип аткансып терең ойлонуп калдым. Анан заматта акыл таап да жибердим. Төбөм көккө жетип, өзүмө-өзүм ыраазы боло калдым. Концертке билет таппай сыртта калып, тек айланчыктап кете албай дүпүрөп жүргөн кыз-жигиттер көз алдыма тартылды. Бир кучак гүл көтөрүп чыктым. Жабылып эле мени ороп калышты чиркин. Гүлдөрдү бирден тарата баштадым, алардын көңүлүн көтөрүп коеюн деп. Аңгыча бир үн кулагыма минтип шыбырады:

- Эй, башы жок, маң. Ар бирин бир сомдон сатсаң канча пайда көрөт элең? Ашык дөөлөт баш жарбайт, маң баш.

Эс-учуман ажырап, көзүм аңтарылып барып кайра өз калыбына келиптир. Өңүм кумсарып, бакырып жиберипмин.

- Аа-ак-акчасын бергиле!-Баары тең, чоң-кичине кулактарын делдейтип сестене туруп калышыптыр. Сороюп турган сөөмөйүмдү көрүшүп, 1 сомдон алаканыма таштай баштады. Жүзүмө кызыл кан жүгүрүп, эсиме келсем гүл жетпей калгандары кол сунуп, кайырчыдай жалдырап мени тиктеп турушуптур, байкуштар.

- Азыр, -дедим да аларга боорум ачып, чыйралып калган кайран жаным кайра жорголоп кирип кеттим.

Жолум ачылып, барып эле сахнага баш баксам комузчум да күүсүн бүтүп калган экен. Акыркы аткарылуучу күүнү күйөрмандарга жар салып коюп, колума тийген гүлдөрдү түгөл сыга кучактап өзүмдүн сыртта саргара күтүп турушкан ышкыбоздорума шаштым. Марттыгым тутуп, берешендигим күчөп, жөө күлүктүгүмө салып сыртка жөнөдүм. Базарым жүрүшүп калды. Алармандарым көбөйүп эле баратат. Анан дагы, дагы алып чыгып өз пайдама иштей бериптирмин, кайран өзүм. Аз жерден өзүмүн өпкөмү да сатып жибере жаздаптырмын.

Стол үстү бош калганда гана чекемден мончоктогон терди арчыганга алым келбей креслого көчүк койдум. Эми эле козголордо комузчум жалдырап маңдайымда турат. Будуң-чаң түшүп издеп, мени таппай жүргөнүн айттырбай эле билип алдым. Ошондо гана алып баруучу экеним эсиме түшүп, энтеңдеп сахнага кайра чаптым.

Зал аңгырап бош. Эшикке жакындап акырында калган үч-төрт кишини көрүп, көөрүктөй көөп калган өпкөм менен үнүмдү дарылдата кое бердим:

- Ээ-эй адамдар! Гүл таштап кеткиле, комузчуга гүү-үл!

Алар мени таңыркай жалт бир карап, анан эле ажыдаар көрүшкөндөй шуу көздөн кайым болушту, тообо.

Тең көргөндү теңирим сүйгөн турбайбы. Жыйнаган дүйнөмдү тең бөлүшөйүн деп кайра келип комузчуму да таппай калдым.

Анан бешене терим менен заматта чогулткан акчаларымды эсептесем бир айлык маянамдан ашып кетиптир. Мынтпесем баары бир ошончо гүл бекер соолуп калат эле да. Убал эмеспи. Ушуга түшүнбөй котур ташын койнуна каткан көралбастар ошол эле күнү артыман түштү. Ошентип, акчанын айынан эле театрдан

кол үздүм. Эми силерге собол салайын. Акчанын артынан азгырылбаган жан барбы?

## ЖОГОТОТ ИМИШ ЖОРУГУН

Жең ичинен кымырып, жеп-ичкенге балбан
Кулжук көп жылдан бери чабан.
Дале башы көтөрүлбөй жемеден,
Бешене жылытар бир кеп укпайт элден.
Буга ашмалтай болгон неме
Илең-салай илешип,
Бирде ага, бирде буга чиркешип,
Жүргөнү жүргөн.
Ага күлбөң.
Дагы бир окуясын эшитиң,
Төкпөй-чачпай айтып берейин.
Эмесе кулак сизден, ооз менден.
... Жайдын толукшуган кези.
Ыргалат жайлоонун жашыл шибери.
Асманда ай күлмүңдөп
Ак шооласын чачкан.
Бадырактай бир кылка койлор.
Теңи кепшеп, теңи үргүлөп
Уйку-соонун ортосунда
Магдырап жуушап жаткан.
Аракка курстан
Кулжук карт кекирип боз үйдөн чыкты.
Койлорун түгөлдөгөнү
Ары өттү, бери өттү.
Баары эле бирдей түстөрү.
Бирок, анын жүрөгү
Бир нерсени туйду.
Көңүлү ордунда эмес уйгу-туйгу.
Боз үйдөн уулун жардамга чакырды.
Койлорду козгоп,

Короонун чаңын асманга сапырды.
- Тообо,түн ортосунда
Бул эмне жоругуң?-деп зайыбы
Боз үйдөн атып чыкты
Ишенип, ишенбей жалганбы, чынбы.
- Жүрөгүм сезип-сезбей
Опкоолжуп турат, эки-үчөө кемдей.
Бирөө жарым кеткен го уурдап.
Калган болсо шор сурап.
Санактан өткөрөлү,
Сар-санаа болбой түн күзөтөлү,-
Деди да Кулжук эсептей баштады.
Так чыкпады эсеби баштагы.
Алдырдым деп алганбы?
Сүйүнгөнүнөн муштумдай кызыл жүрөгү
Тарс жарылып кете жаздады.
Анан өнөкөт оорусу,
Заматта тооруду.
- Кудайым ушундай берсе,
Жаралбаса керек мендей пенде.
- Эмне болду дагы
Эс –акылың жайындабы? –деди да зайыбы
Кулжуктун коондой башын кашылады.
Күкөң эки жагына алаңдады.
Аңдыгандар болсо сезип калабы
Деген ойдо араң шыбырады:
- Кудайым бизге бериптир,
Шыбагасын түндөп жибериптир.
Азыркы санакта, төрт кой ашыкча.
Эбин табалы таң атканча,
Көзгө илештирбей жоготолу,
Өлбөгөн жанга өзүбүздү коноктойлу.
Экөөнү Мулжук менен Чулчукка жеткирейин.
Алардын да сыйын көргөнбүз.
Тапкан-ташыгандарын тең бөлгөнбүз.
Чыпалактайдан бирге өскөнбүз.

Ушуларды айтып,
Көп турбай тантып,
Ишке киришти шашып.
- Муке, кудайым берди бизге.
Төрт жаныбар келип
Кошулуптур корообузга.
Буюрса, майлуу эт
Толот экен оозубузга.
Бул силерге.
Азыр эле сойгула.
Таң сүргөнчө тамшанбай
Балдарың менен тойгула,-
Деп кепке-сөзгө келбей
Андан ары Чукеге чуркады.
Олжосун берип
Анын да көңүлүн алды.
Өз короосуна келип, көңүлү эргип
Калган эки койдун кардын жарды.
Бирин казанга салды.
Бирөө эртеңкиге калды.
... Этке тойгон Кулжук эртелеп туруп
Койлорун жайытка чыгарууга ниеттенди.
«Сергилең» сезимине ой келди.
Негедир күмөнсүдү.
Дагы бир эсептен өткөрдү.
Түшүбү, же өңүбү
Төртөө кем чыкты.
Заматта жүрөгү кабынан ыргыды.
Ичи өрттөндү,
Өзүн-өзү ашатып сөктү.
Караңгылап көзү, көңүлү чөктү.
Өмүрүндө катуу өкүндү:
- Өзүмдүкүн өзүм жайладым,
Кара басып кантип жайрадым?...
Кайра кайраттанды:
- Болору болду, боесу канды.

Өзгөлөр укпасын,
Активдер чуу кылбасын,-
Деп өзөктөштөрүнө кайра чапты.
Алар ага жардам кылбады.
- Жамандыкка барбадык,
Айтканыңды эки кылбадык.
Бүдүр этин калтырбай ашадык,-
Дешти да басып кетишти.
Ойлоп да коюшпады.
Жегендерин беришти,
Ордун толукташты.
Кайгыга батып ошондон бери,
Аралай албай калың журт элди.
Жоготом деп жүрөт имиш,
Зар какшаткан жоругун эми.

# ЯПОН ТЕЛЕВИЗОРУ
## (Интермедия)

**Катышуучулар:** Ыргай
Момун
Кыйбат
Чертмекчи

Ыргай: Ушу сен эркек болбой жерге кир.

Момун: Эмне болуп кетти дагы?

Ыргай: Мен сенин адам болуп жаралып калганыңа таңмын. Деги малдан эмне айырмаң бар? Эки аяктап жүргөнүң эле болбосо… намыс-ар дегенди билбесең.

Момун: Дагы жазып-тайып эмнемен жакпай калдым?

Ыргай: Элдин эркектери тигинтип эле жоктон барды таап жашайт экен. Сен болсо дөлдөйүп жеп-ичкенден башканы билбейсиң.

Момун: Башка эркектер ичип-жегенди билбейт бекен?

Ыргай: Башымды көп оорутпачы ойду-тоону дабдырап. Эркекчилеп аны-муну таап келиштин ордуна эзилип отурасың. Кыйбаттын күйөөсү Чертмекчи чыныгы эр экен. Ошондой күйөөгө туш кылбаган асмандагы кудайга нааразымын.

Момун: Ал эмне болупдур ыя? Чоң кызматка көтөрүлүптүрбү?

Ыргай: Сага чоң кызмат да буюрган эмес. Эй, мынабу жумуру башыңды иштетпейсиңби. Эркек болуп складчылар менен тил табышты да билбесең. Сенин эмнең эркек? Сага караганда өзүм түзүкмүн складчылар менен. Ошолорго күч-кубат берсин жараткан… Мен эмнеге күйүп-бышып атам?

Момун: Сенин ичиңдеги ирик-чирикти рентген эле билбесе…

Ыргай: И-ий, күйбөгөн жеримди күл кыласың да. Менин ичиме асылбай Чертмекчинин үйүнө кирип чыкчы.

Момун: Кирсе кире берем, андан уялгыдай келини белем.

Ыргай: Эй, арсыз, ал деген 1400 сомдук Японский түстүү телевизор таап келиптир. Үч экраны бар имиш. Бирөө алдында, экөө эки капталында дейт. Бири өзүбүздүн өлкөдөн, экинчиси Япониядан, үчүнчүсү Америкадан түз эле алат экен. Кайсынысын кааласаң ошонусун бир эле учурда көрөсүң. Баягы чоңдор кабинетинде отурчуу креслодой тегеретип, бийиктетип, же болбосо ылдыйлатып алса да болот экен. И-ий, сага эмнесин айтып бышайын.

Момун: (сынамакка) Анда абдан жакшы болгон турбайбы. Сени менен жаакташканча аны азыр барып көрүп келейин. (Жөнөйт).

Ыргай: Эй, арсыз, ашыкпай токто. Уят-сыйыт деген барбы сенде. Колу-коңшу туруп, бир жагынан теңтушчулугубуз бар, куру кол кантип көрөбүз. Маскара болбойбузбу.

Момун: Сен дагы барасыңбы? Сага эмне бар тамтаңдап, көрүп алган турбайсыңбы.

Ыргай: Көрбөй-нетпей эле Кымбат өзү көчөдө сүйүнчүлөдү. Мен айтпаганда сен балакетти билет белең. Барам эле, менин деле сеникинен жакшы эки көзүм бар. Андайга бу дүйнөдө жетпесем да көзүм тойсун, арманда калбай.

***

Эрди-катын бир бөтөлкө салынган баштыкты көтөрүп Чертмекчинин үйүнө кирип барышты. Алар кучак жайып тосуп алышты. Сөз ток этер жеринен башталды.

Момун: Телевизоруңар кут болсун! Көрманалап келдик. Кана, Японский кандай болот экен көрсөткүлөчү? Ыргайдын өпкө-жүрөгү калдаңдап араң турат.

Кыйбат: Азыр көрөсүңөр, шашылбай мурда даам ооз тийгиле.

Кириш-чыгыш кылбаганыбызга да узак болуп кетти окшойт. Мынчалык телевизор албаганыбызда кирмек эмессиңер.

Момун: (Күлүп) Кантип эле. Чертмекчи экөөбүз көчөдө көп эле учурашабыз. Бирок, Ыргай экөөнү билбейм.

Ыргай: Менин ичим бышып атат. Мурда телевизоруңарды көрөлүчү. Анан жай олтуруп ичели, тамак көрөлек киши барбы. (Ыргай баштыгындагы бөтөлкөнү алып столдун үстүнө койду да, күйөөсү экөө Чертмекчини ээрчиди. Ушул учурда Кыйбат ашканага карай басты).

Кыйбат: Анда силер көрүп тургула. Мен чай ырастап келейин.

Чертмекчи: (Телевизордун жапкычын алып көрсөтөт). Мына ушул. Арзан да, жакшы да көрсөтөт экен.

Ыргай: (Мурдун чүйрүп). Тү-үү. Биздин өлкөдөн эле чыккан 140 сомдук телевизор го мунуңар.

Чертмекчи: Ооба, ошондой эле. Алыбызга жараша…

Ыргай: Кыйбат мага 1400 сомго Японский үч экрандуу түстүү телевизор алдык дебеди беле.

Чертмекчи: (Күлүп). Ал сизди тамашалагысы келген турбайбы.

Ыргай: (Жинденип). Тамашанын да чеги болот. Силер эмнеңерге мардаясыңар ыя. Жаман жамачы чапанына мактанат имиш. Бул эмне, бизди келекелеп, маскарлаганыңарбы. Силерге шылдың болуп калыптырбыз да, ээ .Мунун тамашачы болуп кеткени күйгүзөт мени. Кана, жанагы жаман катыныӊ? Чакыр бери. Качып

кутулам деп ойлобосун. Аны менен өлбөгөн жерде калам. (Жулкунуп). Мени тим эле келесоо көрүп алган турбайбы, өлүгүңдү гана көрөйүн. Буга ишенип курбу-курдаштарымдын бардыгына айтыптырмын. Эми алардын бетин кантип карайм. Уятсыз өлүгүңдү көрөйүн десе. Ай, Чертмекчи чакырбайсыңбы катыныңы. Азыр анын колуна өлүп бербесем элеби.

Момун: Токтотчу эми жинденгениңди… Тамашалагандыр деп атат го.

Ыргай: (Кагып). Куйрукка кыпчылбай жөн турчу үнүңдү басып. Ушу сенин арсыздыгыңдан мен минтип кепке кемтик болуп жүрөм. Бул салпаяктардын шылдыңына чыдабайм. (Чертмекчини сайып көрсөтүп). Азыр мунун көзүнчө эскертип коеюн. Көзүңдү ач. Эртеңден калбай Японский төрт экрандуу түстүү телевизор таап келесиң. Уктуңбу, төрт экрандуу болсун деп жатам. Билип кой, Япониянын өзүнөн барып алып келесиң. Тапмайынча астананы аттайм деп ойлобо. Бул алдамчылардын көзүнө дагы бир көрүнбөсөм элеби, Ыргай атым өчсүн. Бас, алдыма түш шүмүрөйбөй. (Чертмекчиге карап). Ызаттан айлангыла силер.

(Ыргай жулкунуп барып столдун үстүндөгү бөтөлкөсүн баштыгына салып, күйөөсүн дегдеңдете түрткүлөп сыртка жөнөдү.)

Чертмекчи: Кошуналар, нан ооз тийип чыккыла. Япон телевизору силерге эле буюрсун.

*24.04.1986*

## АК ЖҮРӨК
### *(Интермедия)*

**Катышуучулар:** Пазыл – айылдык акушердик-фельдшердик пункттун башчысы.
Зейне – Пазылдын аялы, үй кызматында.
Ботобай – жумушчу.

Үч бөлмөлүү медпункт айылдын орто жерине жайгашкан. Бир бөлмөсүндө оорулуулар кабыл алынат. Ал эми эки бөлмөсүндө медпункттун башчысы үй-бүлөсү менен жашайт. Окуя ушул жерде өтөт.

Чак түш. Бөлмөнүн ичи айылдык жасалгада. Пазыл аялы экөө маңдай-тескей олтуруп тамактанышууда. Ушул учурда эшикти такылдатып Ботобай кирип келет.

**Ботобай:** (Кичи пейилдик менен). Саламатсыздарбы?

**Пазыл:** Кел, кел. (Ордунан тура кол алышкан соң төр жакка төшөккө жаңсайт). Төргө өт. (Орун алышып, даам сызышат).
- Келген экенсиң?

**Ботобай:** Айылдык Советке барсам справка алып кел деп сизге жөнөттү.

**Пазыл:** Ии? Эмне болду эле?

**Ботобай:** Аялымдын төрөгөнүнө бир жума болуп калды. Күбөлүк алганы баргамын. Сизден справка болмоюнча бербейт экен.

**Пазыл:** Туура, туура. Берилбейт. Менин справкамсыз акысы жок. А балаң төрөлгөндө эмне үчүн мага кабар кылбадың?

**Ботобай:** Ал күнү тууй турганын билбей калып...

**Пазыл:** Андай болсо мен справка бере албайм. Мага учетко турбай туруп тууп коюшка ким уруксат берди? Айтчы ким?

**Зейне:** (Сүрөп). Ошону айтсаң. Бир нерсе болуп кетсе сен керт башың менен жооп берет болчусуң.

(Күйөөсүнө катуу тур дегендей белги билдирип, көзүн кысып коет).

**Пазыл:** (Ого бетер күчөп). Мен эч нерсе билбеймин. Справка берилбейт. Жалган справка жазып камалгым келбейт.

**Ботобай:** (Жалдырап). Жалган эмес, чын эле төрөдү. Эми бир жолу колуңуздан келген жардамыңызды аябаңыз Пазыл аке. Мындан кийин кайталанбайт. Жаштык кылып сизге көрсөтүштү билбепмин. Бул сабак болот. Жакшылыгыңызды унутпайбыз. (Көтөрө келген бир шише коньякты койнунан сууруп чыгып, дасторкон үстүнө коет).

**Пазыл:** (Кымыңдап). Биз коньяк ичпейт элек, жигит. (Аялын тиктейт, ал дагы көз кысат).

**Ботобай:** Башкасы деле болот Пазыл аке. Муну жөн эле жүздөшкөнү ала келгенмин. Сүйүнчү акчасы колго тие элек. (Төш чөнтөгүнөн акча алат да Пазылга сунат. Ал албай кетенчиктемиш болот). Азырынча ушуну болсо да алып туруңуз. (Болбой эле Пазылдын чөнтөгүнө акчаны сала коет. Зейне сүйүнүп күйөөсүнүн кабыргасына нукуп, каш серпет).

**Зейне:** Атайы убара болуп келиптир. Жазып берип кой эми.

**Пазыл:** (Аялына жал-жал тиктеп). Анан кантип отчет берем?

**Зейне:** Эптейсиң да. Жакшылыгыңды унутпайбыз деп атпайбы.

**Пазыл:** А болуптур эмесе. Сен дагы ортого түшүп калдың. (Ботобайга карап). Балаң качан туулган?

**Ботобай:** (Шашкалактап). 23-августта Пазыл аке. (Пазыл төш чөнтөгүнөн справканын бланкасын алып, толтуруп Ботобайга карматат).

**Ботобай:** (Дасторконго дуба кылып). Ырахмат Пазыл аке, ырахмат. Жамандык көрбөңүз. (Чыгып кетет).

**Зейне:** (Күйөөсүнө ыктап). Кана эми акчаны эсептечи. Канча таштады экен?

**Пазыл:** (Чөнтөгүнөн алып эсептейт) 50 сом.

**Зейне:** (Тыржыйып). Жаш туруп тырышкан неме турбайбы, куурагыр.

**Пазыл:** (Ойлонуп). 10 сомун лабораторияга, 10 сомун гинекологго, 10 сомун төрөт үйүнө берсем. 10 сому районго барып-келгенге кетсе, 10 эле сом калат турбайбы.

**Зейне:** (Табалап). Ырас болду. Дагы бекем турганыңда кошот эле.

**Пазыл:** Сен кабыргаман нукуп, ортого түшпөгөнүңдө катуу турат болчумун.

**Зейне:** Мындай ишке машыккандай эле болдуң го. Качанкыга чейин сага далдалчылык кылам. Өзүңдүн башың жокпу?

**Пазыл:** (Кабагын бүркөп). Башымы көрбөй турасыңбы? Унчукпай эле көз кыса бергениңде болмок. Мурда ошентчү элең го. Же жаш жигитти көрүп жибип кеттиңби... Ак жүрөкмүн да. (Баш чайкап өкүнөт).

**Зейне:** Көп кыжырыма тийип келжиребечи. Ошо сенин ак жүрөктүгүңөн жаңы чыккан «ГАЗ-31» маркасындагы «Волгадан» алкынтып мине албай кепке кемтик болуп жүрөбүз.

**Пазыл:** Болуптур эми бул жолу күнөө менден кетти. Өтө эле ач көз болуп баратат окшойбуз. Мындан ары дарыларды ашыкча сатканды токтотолу. Ушу жагы буюрсун. Ак тиникеден жабылган 6 бөлмөлүү заңгыраган үйүң толо гарнитур, оозуң толо алтын, алдыңда машина. Жетишет.

**Зейне:** Койчу ошо качанкы шарактаган «ГАЗ-24» да машинабы. Жарык дүйнөгө бир жаралган соң элдин көзүн күйгүзүп жашаш керек. Жашоонун жыргалын сүрбөгөн өмүр өмүрбү. Эми экөөбүз минтип акыйлашып турган менен бир тыйын

пайда чыкпайт. Азыр эле дагы бирөөлөрү өлдүмталдым дешип сагалап келишет. Андан көрө малдарга көз салып, тез кайра жетип кел. Жаш козуларга ит-куш тийбесин. Дарыга келгендерге өзүм сатып турам.

**Пазыл:** Сен бекерсиң, малга өзүң бар. Айлыкты кичине болсо да актап жейин. Кечээ өлүм алдында жатат деген киши эмне болду экен, бир көз көрсөтүп келейин. Абалы оор болсо ооруканага тез жеткирүүм керек. Элден четтеп калбайын.

**Зейне:** Ал өлбөйт. Өлсө ошондон адам кемип кетмек беле. Өзү өлгөнү жатса сага жарты тыйын берет дейсиңби. Сени тосуп алмак түгүл жаны менен алышып жаткандыр. Менден сурасаң, ал колунда жок куураган киши. Дагы эл деп коет. Салпак-салпак этип ар кимдин үйүн кыдырып, эшигин сагалап тентиреп жүрсөң өзүңдүн абтракатыңды кетиресиң. Билесиңби, сен деген врачсың. Ооругандарга жан керек болсо тапкан-ташыгандарын көтөрүп келет ушерге. Сенден башка неме болгондо эмдигиче миллионер болуп чардамак. (Эшик чертилет.)

Ай, коньякты бекит. (Кубаныып). Дагы бириси келди. (Сөөмөйүн кезеп). Эми көзүңдү ачкын. Бош келсең элеби мээңди жеймин. Көгөрүп тура бер. Мен өзүм сүйлөшөм. (Пазыл коньякты өзү отурган төшөктүн алдына катат. Зейне шыпылдай басып эшикти ачат. Күбүр-шыбыр сөз сырттан угулат. Анан Зейне колуна бир барак кагазды кармап кайра кирет).

**Зейне:** Сага милициядан чакыруу кагазы келиптир.

**Пазыл:** Оозуңа таш. Кайдагы суук сөздү айтасың. (Оордунан ыргып туруп Зейненин колунан кагазды жулуп алып окуйт). Ушундай болорун жүрөгүм сезген. Беш жылдан бери бир жолу айыл аралап койгонумда мындай шойком жок эле.

(Зейнеге кыжынып). – Сенин кылганың. Эми ак жүрөктүгүмдүн азабын тартат экенмин да. Шордуу башым. (Башын мыкчыйт).

**Зейне:** Коркпой эле бара бер. Өзүм тез-тез кабар алып турам.

**Пазыл:** Эмне-е. (Селейип туруп калат).

*1985*

## ҮЙ-БҮЛӨЛҮК КЕҢЕШМЕ

Чоң ата жана чоң эне комитетинин чечимине ылайык «Үй-бүлөдө кайра куруу жана кадр маселеси» талкууга коюлган. Бул боюнча үй-бүлө башчысы Чулчук Чуубасаров доклад жасоодо. Президиумда чоң ата, чоң эне, тайата, тайэне, ал эми залда алардын небере, чеберелери жана башчынын орунбасары.

- Урматтуулар! Өзүңөргө белгилүү жакында чоң ата, чоң эне комитети биздин алдыбызга залкар милдеттерди койду,-деп башчы отургандарды бир сыйра айлантып көз чаптырды. – Муну биз туура кабыл алып, эч бир кыйшаюсуз турмушка ашыруубуз керек. Анткени жаңылануууга багыт алган чагыбызда булардын айткандары, берген көрсөтмөлөрү биз үчүн закон. Демек, кечээ өткөн үй-бүлөлүк пленум биз үчүн эң сонун сабак болуп калууга тийиш. Анда уюштуруу маселеси да каралып, менин адресиме, ошондой эле орунбасарым жолдош Тажаал Сыйдаңовага кыйла калыс сындар айтылып, экөөбүздүн ордубуз учурунда так жана адилет чечилди.

- Бийликке келгениңе мардайба шордуу. Колуңдан эмне келер экен, көрөм,-деп орунбасары ордунан обдулду. Амалдан алынып калганына бушайман.

- Сынды туура кабыл алышыбыз лаазым жолдош Тажаал Сыйдаңовна. Азыр сындаган адамдын артынан кuugунтуктоо жарамсыз. Эскини унутушубуз керек. Ырас

мурда кетирген кемчилигибизди мойнубузга алдык. Эми аны кайталабоо үчүн жан алакетке түшүп тырышабыз. Ансыз өсүп-өнүгүү жок, -деди да эми Чулчук өзүн сындоого өттү.

- Мен бүгүнкү докладды өзүмдөн баштайм. Себеби, өзүбүздү өзүбүз сындоого көнүшүбүз керек. Учурдун катаал өкүмү ушундай. Чындыгында буга чейин кызмат ордумду ээлеп турганым менен бийликти Сыйдаңовага тарттырып жибергеним анык. Бул үчүн күнөөмдү толук мойнума алам. Эми ойлоп көрсөм жооштугум, жалтактыгым менен сырымды алдырып коюптурмун. Мындай мүнөзүм тууралуу Пленумда да катуу эскертилгеним али эсиңерде. Ошондуктан бүгүндөн баштап бийликти толук өз колума алдым. Буга жолдош Сыйдаңова каршылык кылбас деген пикирдемин. Эң негизгиси жаңылануу жолунда аң-сезимибизди калыпташыбыз керек.

- Кырчаңгылыгың калбайт экен да. Мага сүйкөнбөй эле, сүрдөбөй эле сүйлөбөйсүңбү.

Чулчук Сыйдаңованын каяшасына кайра чыйралды.

- Кеңешмеге катышып олтургандарга ачык, даана билдирип коерум, мындан ары мен чече турган маанилүү маселелер боюнча тартынбай, ишенимдүү кайрыла бергиле. Ал эми майда-барат чарбалык жана күнүмдүк азык-түлүк керектөөлөрү боюнча мурдагыдай эле Сыйдаңовадан талап кылсаңар жарашат. Мен ойлойм жолдош Сыйдаңова тизгинди колуна алса дагы чылбырды мага карматса керек. Ар ким өз функциясын так аткаруусу абзел. Буга чейин болору болду, эми кайра куруунун даңгыр жолуна түшүп, кадр тарбиялоодо тездетүүдөн артта калбообуз лаазым. Кандай дейсиңер, урматтуулар?

- Туура, туура! –дешти чоң ата менен чоң эне алакан чаба аны кубаттап. Буларды небере-чеберелери сүрөп кетти.

Шатыра-шатман кол чабуулар токтоору менен Чуубасаров сөзүн дагы салабаттуу улады. Кайын энеси менен аялынын өңү суз, ага ал тынчсызданбады. Эптеп намыс үчүн бийликти өкүм жүргүзүү керек. Ушунча чыдап келгени жетишет.

- Учурдагы заманда ачыктык, маалымдуулук талап кылынууда. Андыктан бүгүн акыйкаттык менен кеңешип алалы. Кимге кандай вазийпа жүктөлөрүн силердин алдыңарда дагы бир ирет тактап, бөлүшүп алуу зыянсыз. Мына мен үй-бүлөгө, тактап айтканда уул-кыздарыма саясий жана экономикалык жактан жалпы жетекчилик кылам.

- Жыргатасың. – Орунбасары кекетип жүзүн тетири бурду.

- Демек, ички же тышкы ар кандай иш менен мен даректер болушум керек. Менин буйругумду чоң ата, чоң эне комитетинен башкалар четке кагууга уруксат берилбейт. Эгерде жаңылып, тайып баратсам оңоп-түзөп коюуга ушулар гана акылуу. Ошондуктан силердин эсиңерге сала кетүүчү нерсе бар. Мурдагы адатыңардай мени тоготпой, укпай, өз каалаганыңардай болуп Сыйдаңованын гана буйругу менен жүрө берүүнү токтотосуңар. Ал ыкмаңар эскирди. Мен дагы мурда орунбасарым- апаңар Сыйдаңованын айтканынан чыга албай келдим. Мындан ары андай эмес башкача, жаңыча жашоого өтөбүз. Биринчи эле тартиптен баштайбыз. Тартип жок жерде ынтымак да ,ийгилик да жок.

-Тигини, тигини деле болбой калбадыбы, жаман өпкөсүн колуна кармап. – Сыйдаңованын ичи бышып атат. Чулчук ансайын күчөдү. Бийлик бир келет, пайдаланып калыш керек. Колдун кирин жууса кетет, көңүлдүн кирин айтса кетет.

- Эми жолдош Сыйдаңованын милдетине өтөйүн. Мен үйдө жок маалдарда, башкача айтканда мен командировкада жүргөн кездерде бийликти толук өз мойнуна алат.  Ошондой эле өзүнүн аткаруучулук

вазийпасынан четтебейт. Ушул кеңешмеден тартып финансы иштерин так, туура жүргүзүүсү милдеттендирилет. Анткени буга чейин айрым учурларда үй-бүлөлүк акча каражаттарынан кымырып алып жакын тууган-уруктарына, кечиресиздер, менин кайын журтума жашыруун берип жүргөн фактыларды туюп, сезип жүргөнбүз. Эми жең ичинен жойлотконун токтотот деген ниеттемин. - Чулчуктун бул сөзүн кайын энеси жактырбай, жекире тиктеп, мурдун чүйрүп алды. Жашыруун сырды билип жүргөнүнө таңданып, кызына табышмактуу карады. Кеп тизмеги тизиле берди.

- Ушуну менен бирге эле сөздөн ишке өтүүчү мезгилге жеттик. Колу-коңшу, үй-бүлөлөр менен ушак-айың кептерди азайтып, өз үй-бүлөсүнүн тиричилигине активдүү аралашсын. Силерди тазалыкка, үй-орозгер күтүүгө үйрөтүү жоопкерчилиги күчөтүлсүн. Үй-бүлө башчысына каяша айтуу, буйругун аткарбоо кечиримсиз деп эсептелсин. Бул үй-бүлө мүчөлөрүн туура тарбиялоого салакасын тийгизгендигинен улам айтылып жатат.

- Кыңк эттирбей башкаргың келеби. Кечкурун көрөм күчүңдү. Адатыңча жалдырап калба менин колумду карап,-деди орунбасары чыдамы кетип. Бийликтен түшсө да башчыга моюн бергиси жок. Анткени ишенген казан-табагы колунда да. Эч болбогондо тамактан, акчадан алакчылап коюшу мүмкүн. Муну азыр Чулчук ойлой элек.

- Жолдош орунбасарга токтоолук жетишпей атканы, өзүмчүл бюрократтыгы, сөз укпас тажаалдыгы экөөбүз баш кошкон алгачкы күндөн эле баса белгиленип келатат. Мына азыр деле байкап атасыңар жоругун. Ушул бүгүн ортого салынган ой-пикирлерден жакшы жыйынтык чыгарып, көңүлүнө кир сактабайт деген зор ишенимде каламын. Биздин максатыбыз бир-келечектеги үй-бүлөлөргө мыкты кадр даярдоо. Келечекте өз үй-бүлөсүн үлгүлүү башкаруу боюнча

балдарыбыздын аң-сезимин калыптандыруу, -деп жыйынтыктады да чекесиндеги чыбырчыктаган терин арчына ордуна отурду.

Кеңешмеге катышкандар Чулчук Чуубасаровдун докладын зор кунт коюу менен муюп угушту да, бир добуштан колдошту. Докладды талкуулоо боюнча жарыш сөзгө чыккандар менен бирге кайын атасы бул жолу күйөө баласынын чечкиндүү болуп калганына бир жагы таңыркап, бир жагы ыраазы. Ал эми кайын энеси менен орунбасары кеңешменин адилет чечимине ичтери чыкпай, же ага каршы катуу айтууга даабай маанайлары пас. «Чоңдун көчүгү тегирмен айлантат» деген ырас белем. Ошондон тартып ушул үй-бүлөдө өзгөрүү, оңолуу байкала баштады.

## СӨЗ МААНИСИ

***(Эки сүрөттүү интермедия)***

### 1-сүрөт

Үйдүн бир бөлмөсү. Капшытта стол, стул. Төр жакта кровать. Бейкапар Кулжук кроватта кардын кашып жатат. Сырттан почтальон кыйкырат.

**Почтальон:** - Оо, Кулжук? (Кулжук туруп бутуна аялынын галошун илип, көйнөкчөн сыртка чыгат. Сыртта сүйлөшүшөт).

**Кулжук:** (Жайдары). – Келиңиз ,келиңиз. Кандай, эсен-аман жүрөсүзбү? (Кол алышат). Бизге кат келдиби?

**Почтальон:** Шаардагы досуңдан кат келиптир. (Катты берип). Мына тышына «Лично в руки» деп жазып койгон экен. Ичинде бир нерсеси болсо жаш балдар алып тытып коюшпасын, өз колуна берейин деп кыйкырганым.

**Кулжук:** Аа ырахмат, көптөн бери кат келбей калды эле. Жакшы болбодубу. (Кыңыранып). Үйгө кирип чай-пай ичип чыксаңыз болот эле...

**Почтальон:** (Ынабай). – Ырахмат, дагы бир күнү ичээрмин. Кат көп, эртелеп таратып бербесем болбойт. (Почтальон кетет. Кулжук үйгө кирип табуреткага олтурат да, конвертти ачат).

**Кулжук:** Кана, кайран досум, эмнелерди жазып ийди экен. (Катты ачып үнүн чыгарып, өзүнчө жооп кайтарып окуйт). **Саламатсыңбы, Кулжук дос!** (Чочуп) Ой, өзүң эсенсиңби? Эмне мени өлдү деп уктуң беле? **Ден соолугуң жакшыбы?** Эмне, жаман деп уктуң беле? **Күндөлүк иштериңде кыйынчылык жокпу?** Кызыксың да, кыйынчылык болгудай мага бирөө туз артып айдап жүргөнүн көрдүң беле?... **Аяш кандай тынч турабы?** Соо эмессиң го дейм. Тынч турбагандай тыбырчылап кутуруп кетиптирби!

Аяш уулум да ойноп-күлүп, чоңоюп жүрөбү? (Жоошуй).

Аа-а, азыр каз-каз туруп, мени «ата» дегенге жарап калган. Эми өзүбүздөн билдирсем: Тигини, тигини, дегеле каадалуу кишиче «эми өзүбүздөн» деп. Өзүм жакшы жүрөм. Жакшы жүрсөң анын эмнесине мактанасың? Аяшыңдын ден соолугу да мыкты. Мурда темир мыктай эле эми болот мыктай болсо... Анда түзүк экен...

Эки күндө бирден төркүнүнө барып-келип турат. Мейли барып келип турсун. Барбаганда тушап же аркандап коймок белең! «Төркүнү жакындын төшөгү жыйылбайт, төшөгү жыйылса таманы тыйылбайт» деген элдик сөздүн калети жок досум.. Кош эмесе, ушуну менен сөзүмдү кыскартам. Болуптур анда. Калганын кийин айтарсың.

Айылда болгон жаңылыктардан үзбөй тез-тез кат жазып тур дос. Жакшы болот. «Чың-ың» эткен чымындан баштап... бирин калтырбай, үзүп, жулкпай жаңылык кылып жазып турам.

Менден аяшыма эстеп жалындуу ысык салам айт. Айтпай анан.. Сөзсүз катка салган саламыңды алоолонтуп унутпай айтам. Берки «жөжөнүн» бетинен мен үчүн өөп кой. (Башын ийкеп). Маакул, сен үчүн бетинен эле эмес маңдайынан да өөп коем. Өзүң качан келесиң?..

Саламым менен деп шаардык досуң Мулжук.

(Катты окуп бүтүп, кайра мурдагысындай кылып төрт бүктөп, столдун үстүнө коет да, ордунан туруп, ары-бери басып өзүнчө үнүн секин чыгарып, ойлуу сүйлөйт. Досуна ыраазы болуп).

- Ырахмат досум, биздин ал-акыбалды, өзүңөрдүн аман-эсендигиңерди билдирип ак баракка жазып жибергениңе. Ушинтип эле тез-тез кат жазып турсаң болгону... (Пауза, ойлуу).

Аяшына го унутпай «алоолонгон ысык саламын» айтам. Анан дагы берки «жөжөнүн бетинен өөп кой» дептир. Тооктунбу... же индушканын жөжөсүн айтты бекен? Шаарда жөжө көрбөй сагынган го досум. Ак тооктун 12, кара индушканын 8 жөжөсү бар. Кайсынысынын жөжөсүн айтты? (Пауза. Башын ийкеп кубанган түрдө). Таптым-таптым, ак тоок менен кара индушканын жөжөлөрүнөн бирден кармап келип маңдайларын өөп койсом кутулам да... (Кайра ойлуу). Качан кармасам? Азыр баары бир карматпайт. Карматканда да бирөөлөр, коңшу-колоңдор көрсө уят. Андан көрөкчү кечкурун коноргого конгондо кармайын да, эч кимге көрсөтпөстөн үйдүн ичине алып кирип, өөп коеюн. (Кубанып). Во, таптым. Дал ошондой кылам...

## 2-сүрөт

Айлана караңгылашып, кечкирип калган. Сырттан эки жөжөнү кекиртектен кармап Кулжук үйгө кирет. Табуреткада сайма сайып олтурган аялы анын колундагы жөжөлөрдү көрүп чочуп кетет.

**Аялы:** - Ай, Кулжук. Ал бечараларды эмне кыласың?

**Кулжук:** (Аялына карап). Ии-ие ырас эле унута элегимде суутпай айтайын. Баягы ак көңүл аяшың сага кызыл жалындуу, алоолонгон ыссык салам айтыптыр... Ал мурунтан эле жөжөлөрдү жакшы көрчүү эмес беле. Анан жөжөнүн бетинен өөп кой деген экен. Ошон үчүн өөп коеюн деп алып келдим. Кайра ордуна кондуруп коем, коркпо жаным!

**Аялы:** (Каткыра күлүп). – Хи-хи-хи-хи-ии ушуну үчүн келесоо Кулжуксуң да. Хи-хи-хи ал досуңдун аяш уулун «жөжө» деп эркелетерин ушул күнгө чейин билбейсиңби? Хи-хи-хи-хи ...

**Кулжук:** (Шыбырап). Чыш-ш, кошуналар угат.

**Аялы:** Укса эмне экен? (Ого бетер күчөп күлөт). Хи-хи-хи. Андай кошуналардан намыс кылсаң жакшыраак баамдай жүр Кукем сөз маанисин мындан ары. Кулжук атың өчүп, биротоло «жөжө» аталып калба хи-хи-хи...

(Кулжук бирде колундагы эки жөжөнү, бирде аялын карап ордунда каткандай туруп калат).

**Кулжук:** (Үнүн аста чыгарып, өзүнө-өзү суроо берет). Чын эле ушундайбы?...

## БООРУКЕР ТУУГАН

### (Интермедия)

**Катышуучулар:** Көчөрбай – Областтын прокурору
Салия – Көчөрбайдын аялы
Камбар – Көчөрбайдын тууганы.
Майра – Камбардын аялы

Үйдүн бир бөлмөсү. Көчөрбай креслодо чалкалай газетанын жаңы санын окууда. Салия ашканада тамак даярдоо менен алек. Эшик ачылды. Үйгө Камбар менен Майра ээрчишип киришет.

**Камбар:** (Бөлмөнүн ичине үңүлө үн чыгарат). - Үйдө ким бар?

**Көчөрбай:** (Ордунан ыргып туруп). Кире бериңиздер. (Аларды көрүп). Ох-хо, келиңиздер, келиңиздер. Бу, кандай шамал айдап?

**Камбар:** (Жайдары). – Шамал-памалы жок эле. Тууган жыты кылып дегендей.. Үйүңөрдү сурамжылап жүрүп араң таппадыкпы. Бу дагы болсо катташпаганыбыздын кесепети. Баары эле окшош. Кимисинен сурасак деле далысын куушурат. Бир шаарда жашап, бириңди-бириң тааныбайсыңар, тообо.

**Салия:** (Ашканадан чыгып, колун этегине аарчып, алар менен учурашат). – Зарыга күткөн тууганарыбыз келген тура. Келиңиздер, төргө өтүңүздөр.

(Отурушат).

**Майра:** (Жүзү жарык). – Кандай, балдарыңар чоңоюп атышабы?

**Көчөрбай:** Ырахмат, жеңе, жүрүшөт кыбырашып, азыр эле ойногону эшикке чыгышты. Өзүңүздөрдөн сурасак?

**Майра:** – Аманчылык. Эл-журт тынч. Балдарыбыз өздөрү менен өздөрү.

**Камбар:** - Деле айыл жакка каттабай койдуңар да. Иш деп жүрүп өмүрүңөрдү өткөрөсүңөрбү, кичине биз тарапка барып дегендей, көңүл ачып келсеңер болбойбу?

**Майра:** Кызык эле сүйлөйсүң да, балдардын атасы, кызматтагы адам кичине эле көзүн далда кылса, кол алдында иштегендер жылт коет экен го. Анан...

**Камбар:** Мунуң туура дечи. Ошондой болсо да аяк-быякка барып, тууган-урукка каттап дегендей, көңүл көтөргөн жакшы болот. Биздей туугандары түгөл турганда ойноп-күлүп алышпайбы. Туурабы Көчөр?

**Көчөрбай:** - Туура айтасыз. Ошондой болсо гана. (Терең дем алат).

**Майра:** (Көчөрбайга карап). – Ошондой болбогондо эмне. Ошондой эле болот. Шаарда машиналардын түтүнүнө чакап, өңүңөр бозоруп, кысылып жүрөсүңөр. Биздин үйгө барып тоого чыгып, таза абадан дем алып келсеңер төбөбүз көккө жетпейби. Ушундай тууганы бар экен деп эл арасында биздин дагы зоболобуз көтөрүлөт. Биздин да достон көп душманыбыз бар.

**Салия:** - Акыйкат сөз жеңе. Душман достон көп. Кайниңиз ушуну ойлоп, каттообузду үзбөйлү дейт, анан эле...

**Майра:** (Жүзүн Салияга буруп). – Ошо анан эле деп жүрүп каттообуз жок.

**Камбар:** - Тууганын тууганчылай албаган душманынын босогосун сагалайт имиш. Кудаага шүгүр, минтип силер да эл катарына кошулуп, Көчөрбай жаш болсо да бир мекемени башкарып, авторитет таап алыптыр. Айылдагы

тамашакөйлөр айтканын ишенбей койдум эле. Адам болот деген ушул. Эми угуп тургула, мен айтпаганда ким айтат силерге. Тууган күйдүрүп, душман сүйдүрүп айтат. Бул амалды сага түбөлүк буйруптурбу. Сага чейин бирөө бийлесе, сенден кийин да бирөө келет. Ошондуктан бак-таалай жылоолоп, оомады, ырыс келип турганда пайдаланып калыш керек. Мындай жупуну жашабагыла. Бирөөлөр көрсө жумушчудан бетер жашайт экен дешет. Дүкөндөрдө импортный гарнитурлар толуп турат. Ошондон бирди алып келип, үйүңөрдү оңдоп албасаңар эл сөз кылат. Ушунча чоң кызматта туруп мындай жөнөкөй жашаганыңар уят.

**Көчөрбай:** Кайдагы чоңду айтасыз Камбар ава. Эптеп оокат кылып жатабыз да.

**Камбар:** Бир жагынан жупунулук жакшы. Бирок, келген ооматты пайдаланбай калыш жакшы эмес. Мына өзүңөрдү эле карагылачы. Баягыдай эле арык жүрүпсүңөр. Мунуңар болбойт. Семирип алыш керек. Ич байлап семирген адам сүрдүү болот. Анан дагы айтарым, мурдагыдай болбой кийиминерди оңдогула. Кымбат-кымбатынан кийингин, көргөндөрдүн көзү кычышсын. Туугандык кеңешим ушул. (Аялына баш ийкеп). –Ээ Майра, алып келген белек-бечкектериңди куржундан чыгарбайсыңбы, балдар ооз тийсин.

**Майра:** (Шашкалактап). – Эсим эңгиреп, кепке алаксып калган турбаймынбы. (Куржунду өзүнө тартат).

**Салия:** - Жөн эле келсеңиздер боло, убара болуп...

**Көчөрбай:** - Аны-муну көтөрүп, алыскы жолдо кыйналыпсыздар да.

**Майра:** - Кыйналып эмне. Өзүңөрдү барат десек барбайсыңар. Тирүүлөй алып келүүгө жол алыс ,бир жагы өзүңөр билесиңер айылда машина

чыгыш тозок. Анан союп алып ичеги-карындарын калтырып, жилик, сандарын көтөрүп эле жөнөдүк. (Куржундагыларды алат). Ке, бир идиш бер Салия.

**Салия:** - Бекер убара болуп... тим эле койбой. (Ашканага жөнөйт).

**Майра:** - Убарачылыгы барбы, тууган-урук болгондон кийин силерге алып келбегенде, кимге алып келет элек.

**Камбар:** - Антип айтпагыла, келиним. Куда буюрса колубузда жок эмес бар. Бир кой деген эмне. Күн сайын келип аттык беле. Айда-жылда бир келет экенбиз. Балдарыңар да шор сурап калышкандыр, ошолорго кичине ысык-жылык кылып бергиле.

**Көчөрбай:** (Тамашалай). – Ушинтип тез-тез келип турсаңыздар биз жыргайбыз го. (Күлүшөт).

Мурдагы жылы жайында отпуска мезгилинде тууганчылап айылга барганыбыз эсиңиздеби, Камбар ава. Ошондо райондук милиция бөлүмүнүн начальнигин бир кой союп мейманчыладыңыз эле. Мени сумсайтып бир ооз чакырып койбодуңуз. Мага караганда ал тууганыңыз алда канча алыс эле. Баамымда «жумушчунун колунан эмне иш келмек эле» дегениңиз го. Сизге мансаптагы кишилерден башкалар киши эмеспи. Айылда бир жума жүрдүк, жадакалса чайга чакырбадыңыз да. Айылдагы жоро-жолдоштордун, мына, келиниңиздин алдында кепке кемтик болуп, баш көтөрө албай калдым. Өткөн иш өттү. Эми, мындан бир ай мурда тойго чакырттык эле, келген жоксуңар. Мурдагы чакыртканыбызды айтпай эле коеюн. Ошентип эле тууганчылыгыбыз алыстап баратпайбы. Камбар

ава чочугандай бир келиптирсиздер, жайынча элеби же...

**Камбар:** (тамагын түзөп). Сенин айткандарың эптүү Көчөр. Биз жыгылыштуубуз. Көр тиричилик деп жүрүп эле сага бет чүркөө болдук. Кой, мындан ары каттообузду үзбөйлү. Катташпаса бир туугандар да жат болот дейт. Эми чынын айтсам, Көчөрбай, бул жеңеңдин бир тууган эң кенже иниси түрмөдө жатат. Ошону бошотуп берсең. Ушул эле.

**Көчөрбай:** (Чочуп). – Эмне болду эле?

**Майра:** (Кайгырып). – Курган иним, бир шүмшүктүн тилине кирип, күүгүм талаш арак ичишиптир. Алагүү болгон немелер анан киного барышпайбы. Ал жерде да тынч олтурушпай коюндарына катып киришкен арақты бөлүп жутуп алышыптыр, балээни ичкирлер. Кинодон чыгышып, жөн кетишпей бир ойсокени талашып мушташышат экен. Ачуусу тез неме анан колуна тийген темир менен жолдошунун башын жара чааптыр. Эми өзүң тууганчылык кылып чыгарып бербесең элге шерменде болдук.

**Көчөрбай:** (Кейиген түр менен). – Жаман жорук болгон экен. (Пауза).

**Камбар:** Ошон үчүн сага келбедикпи.

**Көчөрбай:** Менин колумдан эмне келмек эле, Камбар ава. (Сынамакка). Өзүм кара жумушчу болсом.

**Майра:** (Таңдана). Жок-а.

**Камбар:** (Ишенбей). Жок-а. Анан мына бу кагазда прокурор Арстанов деп сенин фамилияң жүрбөйбү. Айылдагылар деле сени айтып, сыймыктанып атышат. Көчөрбай: (Дагы сынамакка күлүп). Ал мен эмес, туугандарым. Бөлөк киши. Мен аны таанытбайм. Фамилиябыз окшош тура. (Ордунан туруп ашкананы көздөй басат).

**Майра:** И-ий каран күн. (Күйөөсүнө бурула кыжырлуу шыбырап). Ушубу сенин тууганың, тууганың менен жерге кир.

**Камбар:** (Жоошута шыбырап). Мен билип коюптурмунбу. Ушул экен деп ойлогонмун. Көрсө мурдагы эле бойдон жумушчу турбайбы. Тиги бригадир Жакып дагы прокурор болгон жакын эле иниң, ошого барбайсыңбы дегенине ишенбедимби.

(Көчөрбай кирет).

**Майра:** (Обдулуп ордунан турат). – Кой, биз кетели. Үйдө мал-ал калды эле, карай турган киши жок.

**Көчөрбай:** (Жайдары). – Шашылбай бүгүнчө мейман болуп кеткиле. Эми бир келип калыпсыздар жазып-тайып, жок дегенде чай ичкиле.

**Камбар:** (Кабагы бүркөө). – Мен сени чоң кызматта, областтык прокурор десем...

**Майра:** (Өкүм үн менен). – Сөз бүттү. Баспайсыңбы дөөдүрөп, нымтырабай. Тууганыңды көрдүм, (кайгырып). Кайран гана баккан мээнетим. (Күйөөсүн эшикке карай демитип). Алдын сүйлөшүп, аныгын билип кел десем болбой гилейген кашка кочкорду жара тарттың эле, эми анын убалы кимге? Ушубу тууганың? Кайдагы бир кара жумушчуну каадалы адам көрүп, мени ээрчитип алганыңа күйөм да, күйөм!

(Майра менен Камбар эшикти тарс жаап үйдөн чыгып кетишет). (Пауза).

**Көчөрбай:** (Салияга жылмая карайт). – Мына, жакшылык-жамандыкта эсине алып, бут басып бир келбеген тууганым менен жүз көрүшүп алдым. Боорукер тууганым ай.

- Сакеш, кашка кочкордун этин ороп берчи. Алардын артынан жетип, берип келейин. Балдары шор сурап турушкандыр.

***1981***

# АЙЫП КИМДЕ?

***(Интермедия)***

**Катышуучулар:** Анипа – 65 жашта
Канымгүл – 60 жашта
Айкөкүл – 25 жашта, Канымгүлдүн келини.

Шаардык жасалгадагы бөлмө. Канымгүл үй эмеректерин чаңдан арылтып, шыпырып иретке келтирүүдө. Ошол чакта эжеси Анипа бөлмөгө кирет.

**Анипа:** (Колундагы баштыгын жерге коюп, какшык менен). - Ишиң илгери болсун сиңдим.

**Канымгүл:** (Чочуп). – Болсун, болсун. Келиңиз эже. (Кучакташып өбүшөт). Төргө өтүңүз.
(Анипа бут кийимин чечип, төрдөгү орундукка олтурат).

**Анипа:** - Келиниң кайда? (Жанын жаңсап). Отурчу мындай.

**Канымгүл:** - Тиги бөлмөдө уктап атат эле Айкөкүл.

**Анипа:** - Уктап атат дегени эмнеси ботом? Баягы эле келиниңби? Түшкө чейин да адам уктайбы, тооба. Эртелеп тургузуп, үй ичин ошого шыпыртып-сыйрытпайсыңбы, карыганда каржалып куруган турбайсыңбы сен. Эмне, келиниңди аяп, балаң экөөң бордоку кылып багасыңарбы? Эмдигиче эч жерде иштебесе мунуң. Келин болуп келгенине эки жылдан ашып калбадыбы.

**Канымгүл:** - Эми азыр жаш да эже. Алдан-күчтөн тайгыча каралаша берейинчи. Бекер олтургандан дале тажайт экенсиң.

**Анипа:** Муну балаң билеби?

**Канымгүл:** Билет.

**Анипа:** Анан кантип чыдап жүрөт ал эркек башы менен. Катындын уругу түгөнүп кетсе дагы буга окшогонду жоготпойбу? Кайын энени сыйлабаган келиндин барынан жогу жакшы.

**Канымбү:** - Мага экөөнүн ынтымак жашаганы канимет эже.

**Анипа:** - Ынтымак деп коет тура дагы, шордуу. Бу келин, уулуң экөөңөрдүн башыңарды айлантып, чүлүктөп алган го. Сени сыйлабагандан кийин булардын ынтымагынын кереги не? Эртеден кечке күйпөктөп экөөнүн баласын баксаң, анысы аз келгенсип тамактарын жасап, үйүн тазалап олтурсаң. Сен буларга эне эмес эле кул болуп калган турбайсыңбы. Мындан улуу берки балдарыңдыкына, же кыздарыңа кетип калбайсыңбы, кор болбой.

**Канымгүл:** - Кенжем ушул болгондон кийин көбүнчө ушунун колунда жүрөм да. (Уйкудан туруп, кыркма чачтары уйпаланган Айкөкүл тигилердин тушуна келип, денесин жазып эстейт. Халаты толук бүчүлөнгөн эмес. Анипаны элес албайт).

**Айкөкүл:** - Кандай, мамаша?

**Канымгүл:** (Ордунан козголуп). Жакшы балам, жакшы. Өзүң тынч уктадыңбы? (Эжеси үнсүз Канымгүлдү этектен тартып тыйып коет. Келин кайненесине жооп кайтарбай терезени карап, сөзүн улантат).

**Айкөкүл:** - Оу-уу, солнце көтөрүлүп калган турбайбы. Завтрак менен обедди бирге ичет окшойбуз наверно, мамаша. Сашка жумушка кеттиби?

**Канымгүл:** (Эжесин көрсөтүп). Ооба, айланайын. Айылдан эжем келип калыптыр, учурашып кой балам.

**Айкөкүл:** (Анипага кайрылып кол сунат). А-а. Привет эжеке. Кандай здоровье? Күйөө чоңоюп атабы? (Анипа кол сунбай мурдун чүйрүп, тетир карайт).

**Айкөкүл:** (Колун тартып). Ну, ладно. Меники кол таза болчу. Пока мен колу-бетти жуугуча чай поставь мамаша. Вместе чай попьем и поговорим. (Чыгып кетет).

**Анипа:** (Муңайып). Байкушум а-аа, сенин шоруң каткан экен. Буга окшогон келинди эмнеге кармап олтурасың? Мен болгондо муну бир күн да тургузбайт элем. «Тууган күйдүрүп , душман сүйдүрүп айтат». Мен сага күйгөнүмдөн какшап жатам. Түшүнсөң боло акыры. Бул келиниңдин колунан жакшылык келбейт. Мени айтты эле дээрсиң. «Эжени көрүп сиңди өсөт» дейт. Менден таалим алсаң болбойбу. Келинди башынан бекем кармаш керек. Антпесе сенин тамырыңды тартып алгандан кийин ушинтип мойнуңа алчактап минип алат. Анан түшүрүп көр. Ошон үчүн илгеркилер «кайын эненин камырынан» деп бекеринен айтышкан эмес.

Баягы кара дүңүрөйгөн келинимди эмне үчүн кетиргенимди билесиңби. Ал кашайгыр, биринчи келин болуп келгенде үйгө ыйлабай кирбедиби. Көрсө, арам жүргөн неме баламдын башын айландырып тийип алган экен. Анан дагы келгенине бир ай толбой жатып, теңтушунукуна тойго кетип калганын кантесиң. Анысын мейли дейин десең он бир баламдын бирин да тергегиси жок. Үйдөгү жандыктарды, буюм-теримдерди айтымыш болуп эле балдарымдын атын атайт. Мындай кордукка мен чыдаймынбы? Ата-энесин айтпайсыңбы. Кызынын эптеп күйөөгө кеткенине сүйүнүшүп, калың албайбыз дешет. Салт билбеген санда жок немелер экен. Алардын адебин берип, кызын жолго салбадымбы. Азыр эмне көп, кыз көп. Шагырап күйөө таппай жүрүшөт. Буюрса балама өзүм тандап,

чекелеринен чертип жүрүп кыргыйдай кыздардан алып беремин.

**Канымгүл:** (Ордунан туруп). Эже, отура туруңуз. Чай коюп келе коеюнчу. Сөз менен болуп эсимден ыргып кетиптир.

**Анипа:** (жинденип, кеткенге камынат). Сага айткан кайран кеп. Менин сайраганымдын бири жукпады. Өзүңдөн көр. Сага дагы чала. Сазайыңды келиниң берсин. Ушул жаман келиниң менен иче бер чайыңды. Келе, баштыгымды бер, кетем.

(Анипа Канымгүлдүн колунан баштыгын жулуп алып жөнөйт. Эжесин токтоткону артынан Канымгүл ээрчийт).

***Июнь, 1987-ж.***

# АК ЖОЛТОЙ КЕЛИН БОЛ

***(Эки көрүнүштүү интермедия)***

**Катышуучулар:** Качыбек – бир мекемеде бухгалтер.
Сайрагүл – студентка.
Сапар – заводдо кызматкер.
Анарбай – эт комбинатында жумушчу.
Гүлгаакы, Уулкан – Качыбектин жеңелери.

## 1-көрүнүш

Кеч күүгүм. Шаар көчөлөрүнүн бири. Автомашиналардын жана адамдардын тынымсыз кыймылы. Дипломат көтөргөн Сайрагүл аялдамада турат. «Волга» жеңил автомашинасы жай келип, анын жанына токтоду. Алагүү Качыбек машинадан күлмүңдөп чыкты.

**Качыбек:** (Сайрагүлгө жакындайт). Аялдамада туруп калыпсың, Сайраш! Кайда жөнөдүң?

**Сайрагүл:** Жатаканама эле. Жолдош кызымдын үйүнөн чыктым эле. Атвобус келбей атат. (Сайрагүл анча тааныбай бүшүркөйт).

**Качыбек:** (Кудуңдап). Жүр, анда биз эле жеткирип коелу.

**Сайрагүл:** (Токтоо). Ыракмат. Шашкан жерим жок... Автобус менен эле кетем.

**Качыбек:** Коркпой эле кой, бул досумдун өз машинеси, шаар кыдырып көңүл ачып жүрөбүз. Сени көрүп, атайын токтотподумбу. Жүрү эми шагымды сындырбай. Же мени тааныбай турасыңбы?

**Сайрагүл:** Тааныдым. Бизге коңшу айылдан болсоңуз керек. Ыраазымын. (Көңүлдөнбөйт).

**Качыбек:** Ыраазычылыгыңды кийин билдиресиң. Бас эми, кеттик. (Сайрагүлдүн колунан дипломатын алып жетелейт).

**Сайрагүл:** (Кетенчиктеп). Кое бериңиз элдин көзүнчө сүйрөбөй. Уят эмеспи.

**Качыбек:** Элдин биз менен иши канча. Көнбөсөң азыр көтөрүп болсо да машинага олтургузам. Сага алым жетет. (Шымалана баштайт).

**Сайрагүл:** (Элеңдеп). Коюңузчу, капырай.

**Качыбек:** Жок, көтөрүп олтургузам.

**Сайрагүл:** Мына мен өзүм... (Машинага олтурат).

**Качыбек:** Бая эле тартышпай ушинтип макул болсоң эмдигиче жетип, бөлмөңдө олтурмаксың курбуларың менен.

(Рулдагы досуна карап күлмүңдөйт). – Анарбай туура үйгө, өзүң билесиң, зымырата бер көк тулпарыңды. (Жөнөшөт. Сайрагүлгө ыктай). – Сайрагүл, сен бул жигиттерди тааныйсыңбы?

**Сайрагүл:** Жок. Билбейт экенмин.

**Качыбек:** Анда мен тааныштырып коеюн. Сол жамбашында олтурган келбеттүү жигиттин аты Сапар. Ал эми рулду оңго-солго буруп, көк тулпарын алкынтып бараткан сулуу жигит Анарбай. (Экөө тең башын ийет). Экөө тең бул шаардын көркүн чыгаргандар. Экөө тең жигиттердин гүлү. Туурабы ыя? (Күлүшөт, досторуна кайрылып). – Достор, эми бул тескейде өскөн ышкындай солкулдаган кызды силерге тааныштырайын. Аты Сайрагүл. Атына заты жарашат. Бизге коңшу айылдан болот. Менден үч класс кийин окуучу. Азыр эми политехникалык институттун акыркы курсунда. Болочок инженер. Туура айттымбы Сайраш?

**Сайрагүл:** Туура эле айттыңыз.

**Качыбек:** Билем да. А сен болсо мени жакшы билбейсиң. (Досторуна карап). Калганын мен силерге бая издеп чыкканда эле айтпадымбы. (Көңүлү көтөрүңкү сүйлөйт). Ошентип көктөн тилегеним жерден табылып, көксөгөнүмө бүгүн жеттим окшойт. Жүрөгүмдү кубаныч бийлеп алды. (Каткыра күлүшөт).

**Сапар:** Сен өзү жолдуусуң. Жеңелериң айткандай жигиттин гүлүсүң да.

**Качыбек:** Ээ, достор. Жигиттин гүлү жолдуу болсо эмдигиче шумкардай гана илип кетпейт беле, бул аккууну.

**Анарбай:** Бул эмне илгендик эмеспи? Буга чейин.... (Каткырышат).

**Сайрагүл:** (Алардын сөзүнө маани бербей). Мен жеттим. (Анарбайга). Токтотуп койсоңуз. Түшүп калайын.

**Качыбек:** Жете элексиз Сайраш. (Анарбайга буйрук берип). Айдай бер Анарбай мунун сөзүнө кулак салбай, өзүң билген жакка.

**Сайрагүл:** Тамашаңызды коюңузчу.

**Качыбек:** Тамаша-мамашасы жок эле мен сени бүгүн үйүмө алып кетем. Бүгүн атайын сени издеп чыкканмын. Ушул отуздун кырына чыкканча сабыр кылып күтүп, бойдок жүргөнүм жетишер. (Сапарга көз кысып). Мен курактуулардын алды төрттөн балалуу. Бул эки аяшыңдын да экиден балдары бар. А мен болсо сен деп бойдок бойдон жүрөм. Ушуга чейин чыдадым. Акыры тузагыма түштүң. Үйдө бизди күтүп атышат. Камылга шайма-шай.

**Сайрагүл:** (Чочуп). Эмне дейсиз?

**Качыбек:** Ошондой.

**Сайрагүл:** Жаңыласыз. Менин жигитим бар.

**Качыбек:** Билем. Бирге окуйсуңар.

**Сайрагүл:** Мен аны жакшы көрөм.
**Качыбек:** А мен сени сүйөм. Эми эмне кылмакпыз?
**Сапар:** (Сайрагүлгө). «Өзүң сүйгөнгө барба, өзүңдү сүйгөндөн калба» деген кеп бар, карындаш, то есть аяш!
**Анарбай:** (Кубаттап). Эң туура, анык сөз, акылман сөз.
**Сайрагүл:** (Булкунат). Кое бергиле, барбайм!
**Сапар:** (Сайрагүлдүн сол колун кармайт). Буудайдын барар жери тегирмен...
**Сайрагүл:** Жок, жок! (Өкүм үн чыгарат). Токтоткула машинаны! Жакшылыкча койгула, болбосо камалып кетесиңер. Мен да жаманатты болом. Андан көрө тынч жүргөнүбүз оң. Бул тентек оюнуңардын азабын тартпагыла.
(Денесин жыйрып, эки колун бошотууга аракеттенип жулкунат).
**Качыбек:** (Сайрагүлдүн оң колун кое бербей обонго салып ырдайт).

Аста секин колуктум,
Сонун жерден жолуктуң.
Кучактасаң кучакта,
Бычактасаң бычакта.
Өпкүң келсе өөп ал,
Тепкиң келсе тээп ал.

(Сапар менен Анарбай ага кошулуп обон созушат).

Өөп-күң келсе өөп ал,
Тээп-киң келсе тээп ал...

(Каткырышат).

«Волганын» ичинде ыр жаңырып үч жигит бир кыз менен алпурушуп сапар улана берди.

## 2-көрүнүш

Бул айыл шаардан он чакырым алыс. Качыбектин тойго камылга көрүлгөн үйүндө топураган эл. Атайын бир бөлмөгө көшөгө тартылып, дасторкон бети жайнап, шаан-шөкөт өкүм сүргөн.

Магнитофондон «Той ыры» ырдалууда. «Волга» автомашинасы үйдүн алдына токтоду. Сыртта жүргөн Гүлгаакы үйдөгүлөрдү чакырды.

**Гүлгаакы:** Ай, у-уй, үйдүн ичинде топурабай бол тез чыккыла. Келин келди. (Аялдар опур-топур үйдөн чыгышып келинди утурлашат. Качыбек достору менен машинадан маашырлана түшүп, кабинага карап жеңелерине көз кысат да Сапар менен Анарбайды ээрчите дердейип үйүнө кирет. Сайрагүл машинадан чыгып эле Гүлгаакынын мойнунан кучактап өпкүлөп жиберет).

**Гүлгаакы:** (Кетенчиктей таңданып). Бул эмнеси ботом? Өңүмбү же түшүмбү?

**Сайрагүл:** Өңүңүз эле жеңе. (Анан барып Уулканды да кучактап өпкүлөйт).

**Уулкан:** (Артка кетенчиктеп). Катыгүн, шерменде болбодукбу. Обу жоктонбо элдин көзүнчө.

**Гүлгаакы:** (Сайрагүлдүн колунан кармайт). Кагылайын келиним, акылың менен бол. Биз деле сага окшоп келин болгонбуз. Келиндин келиндей эле бааланып, каада күткөнү жакшы. Элдин алдында тастаңдаганың жарашпайт. Уят. Тоюңар ушул жерде түшөт. Жүр үйгө кирели. Бешенең ачык экен. Тектүү, барктуу жерге келин болуп келдиң.

**Сайрагүл:** Мен ошого сүйүнүп атпаймынбы, алтын жеңем. Жанагы жигиттин гүлүн бери чакыргыла чогуу бийлейли, ырдайлы. Бир кумардан чыгып жыргайлы. Күндө эле той болуп атыптырбы. Кана келгиле. (Гүлгаакыны колдон алып магнитофондогу үнгө кошулуп «той ырын» ырдап, бийлейт.

Той үстүнде таттуу күнде, шаттуу күнде,
Жаш жубайлар шат көлеңде, шат көлеңде.
Ан салайык, бий бийлейик, бий бийлейик.

Шарактасын шаттык үндер, шаттык үндер..
(Жаалап тургандардан дагы бирөөнү бийге чакырганда Гүлгаакы чыгып Уулкандын жанына келет).

**Уулкан:** Иий-ий катыгүн, эсепчи бала акылынан адашканбы. Келин эмес эле кайдагы бир көчөдө калган немени алып алган турбайбы. Эмне эле шаңырандап, кубанып бийлейт дейм да.

**Гүлгаакы:** Ботом ошону айтсаң. Мындайын билгенде келбей эле... Жеңе болбой эле койбойт белем.

**Уулкан:** Ушинтип тамашага батып тура беребизби. (Шыпылдап). Тайраңдатпай көшөгөгө алып кирели. Бу түрү суук салтты бузмак болду го. (Экөө Сайрагүлгө жакындайт). Болду эми калганын анан бийлейсиң, азыр үйгө кир. Башыңа ак жоолук салалы. (Сайрагүлгө жоолук салышат). Алдыңды бала, артыңды мал бассын.

**Сайрагүл:** Болуптур. Менин бир шартым бар, ошого көнсөңөр кирем. Айтып коеюн угуп тургула. Мен кыз эмесмин. Көп жигиттер менен кучакташып жатып жүргөнмүн. Ошонум угулса кийин дагы кыз эмес экен деп чатак салып жүрбөгүлө. Мени катынга алуучу жигиттен маакулдугун алып бергиле. Эгерде ал көнсө, баарын көтөрөм деп убада берсе мен даярмын. (Тургандар тарайт. Сайрагүл машина жакка басат).

**Гүлгаакы:** Эсепчи баланын бешенеси жок экен. Кыз түгөнүп калгансып бир шуркуяны тапканын кара.

**Уулкан:** Тандасаң тазга жолугасың деген ушул да. Мурдагы биринчи катыны эле түзүк болчу. Адеп келгенде биздин айтканыбызды аткарып, көрсөткөнүбүзгө көнбөдү беле.

**Гүлгаакы:** Эмнеси болсо да ал бизге окшоп айылда өскөн ыйбалу неме эле. Мунун түрү жаман. Шаар көргөн эчкиден түңүл деген ушул тура. Буга биздин туш келгенибизди айтпайсыңбы.

**Уулкан:** Кой, эмне болсо ошо болсун, үйгө кирели. Тигинин дубай саламын айтпасак экөөбүз кийин балээге калабыз. Анын жубан экенин эсепчи бала билбейт турбайбы. Катын кылып алабы, же кайра жеткирип коебу өзү билсин. (Гүлгаакы менен Уулкан ээрчише кирип кетишет. Сайрагүл машинанын алдыңкы орундугуна олтуруп от алдырат. Сырттагылар чуру-чуу, үйдөгүлөр дүрбөлөңгө түшүшүп сыртка атып чыгышат).

**Сайрагүл:** (Машинанын кабинасынан башын чыгарып ак жоолукту ыргытат). Ак жоолугуңарды келин болор кызга салгыла. Дүнүйөңөр батпай ашып-ташып атса өзүңөр тойлой бергиле, жыргай бергиле арсыздар. Чау-у.

(Бардыгы үн-сөзсүз Качыбекти жекире тиктешет. Анан машинанын карaанын узата ооздору ачылган бойдон өңдөрү кубарып, шалдая туруп калышат).

***Февраль, 1982***

## МАЛ ЭЭСИН ТАРТПАСА...

Жай чилдеси. Чаңкай түш. Кулжук аркандалуу эшегин жетелеп үйүнө багыт алды. Жол боюндагы чөптөргө жүткүнүп, эшеги баспай кыйылып атат. Аргасы түгөнгөн Кулжук амал ойлоп үч-төрт чоң тутам чөп жулду. Эшегине жыттатып, көзүнө көрсөттү да бир тиштетип туруп калганын колтугуна кысып алып жолго түштү. Адегенде эшеги анда-санда кыйыктанып, анын колтугундагы чөптөн жулуп жеп, анан эле кыдың-

кыдың. Эпчилдигине Кулжук өзү кушубак. Артына кылчайбай арыштуу кадам шилтеп келе берди.

Жарым жолдо байланган жиби эшегинин башынан шыпырылып, анын артынан ээрчиди. Тузактай чимирилген жип жол чаңытып из салды. Эшек чаңга далдоолонуп, жол четинде от жеп кала берди.

Терең ойго чөмүлүп, ичинен обон созгон Кулжук үйүнө жакындаган сайын баятан бери байкап олтурган аялы ичи-боорун эзилтип тыбырчылоодо. Ага көңүл бөлмөк кайда. Сарайдын жанына кагылган казыктан көзү өтүп баратат...

Оболу колтугундагы көк майсаны казык түбүнө таштады да, жиптин колундагы учун казыкка күрмөп байлап койду. Анан эле ичин кучактап, ыкшып маңдайында турган аялын көзү чалды.

- Хи-хи-их..

Ал араң сүйлөп сөөмөйү менен эшекти көрсөттү.

- Эшек, эш-шегиң кайда? Хи-хи...

Айкырык салып, адырда алкынып бараткан эшегин карап оозу ородой ачылган Кулжук аң-таң.

## АТКА МИНЕРДЕ АБАЙЛА

Кыштын кычыраган мезгили. Мулжук шаардан айылга дем алыш күнү көңүл ачканы барган. Анын урматына аң уулап тоого чыгууга достору камылга көрдү. Ар бири бирден ат минип, мылтык асынып мергенчиликке шайланышты. Далай жол арбытышып, чытырман токойлуу капчыгайга кирищти. Андан-мындан сербеңдеп коен качты. Бултаңдап куу түлкү оюн салды. Уучулуктун кызыгына баткан баары аттан түшүп, жөө-жалаңдап ар кай жерде. Мулжук бир колуна мылтык, бир колуна тизгин кармап элеңдейт. Ат андан, ал аттан үркөт. Тизеден карга батып, таноосу керилип-чоюлуп, көөрүктөй күшүлдөйт.

Ал кара терге түшкөндө кошкурук салган ала доңуз бет маңдайынан чыкты. Көзү чанагынан чыккан Мулжуктун колунан мылтыгы түштү. Бекинерге жер таппай, качайын десе буту шилтенбей безгек болуп калчылдап калды...

Акылына келип, ат тизгинин тартты. Сол тарабынан үзөңгүгө оң бутун коюп, ээрге чап жабышты. Улакчы ат токой аралап «дыр» койду. Тизгин колго тийбей, кайда баратканын өзү билбей Мулжук ат үстүндө бакырып-айкырып баратат. Ансайын суутулган жээрде кашканын туяктары арыштуу шилтенет.

- Кармагыла-а алып качты. Тытылып өлмөй болду-уум... Оо-оо кудай, сактай көр!...

Күлүк атка тескери минген шаардык Мулжуктун артынан кубалап, кармай алышпай айылдык достору убара. Токой ичинде каткырык менен кыйкырык жарыша жаңырып атат...

## КОШОМАТЧЫ

- Сен трибунага чыккандан эле бакылдап, начальнигиңди сындадың. Көңүлүңө көк таштай тийген экен ээ. Же алалбай жүргөн өчүң бар беле?

- Азыр талап ушундай, бийликтегилерди жүзүнө карабай сындаш керек. Өзү жокто көзү жок кылып бир кумардан чыга согуп алдым да. Мындайда бугумду чыгарып албасам жарылып кетчүүдөймүн.

- Мунуң дурус. Бирок, начальнигиң тигинде эле президиумда отурбайбы. Сенин ар бир сөзүңө уугуп, башын жерден алган жок, ал байкуш. Эми мына сенден көзүн албай арбап турат.

- Жок, антпе а. Ал сыртка жөнөгөндө карап туруп анан трибунага көтөрүлбөдүм беле.

- Сен сөз баштаганда эле кайра ордуна барып отуруп калган.

- Эмне дейт. Ал менин айткандарымдын баарын уктубу?

- Ооба, кулагым оор мен уктум анан.

- Эми чындап өлгөн турбайымбы ыя. Эмне кылсам эми? Кайра трибунага чыгып элдин көзүнчө кечирим сурасамбы?

- Оозуңдун жазасын мойнуң көтөрөт да.

- А тиги киши, тиги киши дейм да дагы. Ушу сөөгү жок соймоңдогон эки эли этти кесип ыргытып жиберсемби? Ушунун азабын тартмай болдум а-а.

## КУТТУКТОО

Кулжук кызматка орношкондун эртеси эле Мулжук жетип барды.

- Жан досум Куке, куттуктаганы келдим. Сергектик коомуна төрага болгон турбайсыңбы. Ээлеген ордуң майлуу-сүттүү болсун. Ага бизге окшогон досторуң насиптеш дайым. Жууйсуңбу эми? - Экөө кучакташып, алкым аралаштыра өбүшүп алышты.

- Сага окшогон кыйбас досторго жуубаганда жумурум катпайбы. Келериңди туюп бир шише агынан алып койгомун. Жат адамга сездирбей сейфге каткамын. Ичелиби?

- Ичпей анан, жарык дүйнөнүн жыргалы ушу да. Сендей сыр билги достордон кудай айырбасын.

- Ылайым айрылбай калалы. Ушинтип кызылын коюп, агынан алып туралы. Он шапалактан бир муштум өйдө да. Азыр базардан кой сатып алыш оңой, а муну табыш кыйын.

- Оозуңдагы ширин сөзүңдөн айланайын, кана эмесе жуттук, бийлигимдин түбү бекем болсун.

- Ылайым эле ушул кызматыңдан түбөлүккө айрылба. Бүгүн үйгө кызуу барып аяшыңа мактансам элеби төбөсү көккө жетип гана сүйүнөт. Жуттук...

# МАКТАНЫЧТЫН МАЙНАБЫ

- Сен сергектик коомуна төрага болгондон бери жыргап –куунап эле калбадыкпы.

- Колдон келип турганда жыргалчылыгын көрүш керек да атасынын көрү. Мына азыркыдай кылып каалаган учурумда арак дүкөнүн сыртынан жаптырып коем. Ичинде ушинтип беймарал дуулдай беребиз. Кана алдык.

- Какшытып ичмей.

- Какшытпаганда дагы кайдан издемек элең? Бүгүн ушул дүкөндөгү арактын баары биздин колдо. Керек болсо бир бөтөлкө калтырбай түгөтө ичебиз, ха-ха-ха... – Экөө кыйла болуп калышты.

- Эй, тиги дүкөнчүң бизди калтырып сыртынан кулпулаган боюнча кетип калып жүрбөсүн.

- Чын эле азыр буларга ишенич жок. Ай, Чулчук кайдасың? Тамашаңды коюп кел, сен дагы мындан жүздү кылт этип алчы. Иш күнүң аяктап, дарманың кетип тургандыр. Чыйралып аласың. - Үн, шыбыш жок.

- Айттым го, аның бизди оңдурган жок. Шерменде кылат эми. – Тыпырап эшикти түрткүлөштү. Чоң кулпу былк этпеди.

- Сен келбегенде ушул шойком жок эле.

- Өзүң мага мактанып ушул дүкөнгө ээрчитип келбедиңби. Аракканадагылар мени көргөндө алдастап калат дебедиң беле, акмак.

- Көзүңөн чыккыр, сага арак куюп берген мен акмакмынбы? Бекер арак ичкениңе сүйүнбөйсүңбү. Жакшылыкты, сыйды билбеген сен эшексиң...

Экөө жакалашып мушташып, бөтөлкөлүү ящиктердин алдында калды. Аларды дүкөнчү ээрчитип келген коомдук тартипти сактоочулар таап, сууруп чыгышты.

## КЕСИП АЛ

Эки жолдош маектешип баратып эле сөз талаша кетишти.

- Бизге келип кесип ал.

- Эмнени?

- Кесип ал деп атам.

- Эмнени кесип алайын?

- Бир кесип албайсыңбы?

- Бир эмес көп эле кесип алат элем. Мурда көрсөтчү ошону, кана?

- Соо эмессиң го сен. Кесип, кесип дегенди түшүнөсүңбү деги.

- Ушу өзүң соо эмес экенсиң. Мен түшүнгөн үчүн баятан бери талашып атам да.

-Эй, келесоо болбосоң эмдигиче бир кесип алат элең.

- Эмнени?

- Дагы эмнени дейт да бу башы жок.

- Эми жиниме көп тийбе. Мына бу эки далымын ортосунан чыккан койкойгон мойнума көрк берип, томолок болуп турган баш эмей сага топ көрүнүп атабы.

- Кесип дегенди билбеген баш баш эмес топ да.

- Менин асыл башыма асылбай сүйлө. Мына өзүңдүн башың анык жүн топ экен.

- Убалың өзүңө, мен кеттим.

- Токто, эми чындап эле кесип алат экен деп коркуп атасыңбы. Баштагандан кийин аягына чыгасың. Каерден, эмнени кесип аларымды ачык айтпасаң кетирбейм. Болуптур жарымын сага деле берейинчи.

Ха-ха-ах. Сага эми түшүндүм. Эй, кесибим жок иш таппай жүрөм дегениңен биздин кесипчилик-техникалык окуу жайыбызга келип бир кесип ал дебедимби.

- А асыл башымды айлантпай бая эле ошентпейсиңби анан. Ишсиз, акчасыз жүргөн жаным

бекер нерсе болсо жулуп, же кесип алайын деп жанталашпадымбы.

- Ха-ха-ха.

***Апрель, 1988***

## БИЗ САЛГАН ТАШ ЖАНАГЫ

**Жаналы:** - Э, Кулалы.
Кел, көтөртүп койчу мынаны.
**Кулалы:** - Токтой турчу, Жаналы.
Карарып бир нерсе турабы?
**Жаналы:** - Чыш-ш, биз салган таш жанагы.
Көрүп алат тигилер,
Тезирээк үстүн жабалы.
**Кулалы:** - Эми билбесе эле болгону,
Таразакеч Билалы.

***

**Таразакеч:** – А, Жаналы,
Кайдан тердиң пахтаны?
Кичине эле көрүнөт карааны,
Анан кандай
Элүү кило салмагы.
Чеччи,
Тиктебестен талааны,
Ичин ачып карайлы...

## «АК АЛТЫНЫН» ЧУУРУП...

**Куке:** - Досум Муке,
Олтурасың неге.
Көк косектерди чукуп?

**Муке:** - Көрүп турасың го,
Олтурбаймынбы ичиндеги
«Ак алтынын» чууруп.
**Куке:** - Мындан көрө арбыштуураак,
Ачылганынан эле
Терсең боло туруп.
**Муке:** - Э, Куке,
Бел оорутуп кереги не.
Бирөө-жарым калбасын угуп,
Акыл айтайын
Турчу кулагыңды бери буруп.
Жан кыйнап кечке,
Эки этек пахта тергенче
Бир этек чыгарсаң мындан
Салмагы чыгат тең эле.

***Октябрь, 1974***

## ТАППАЙ КАЛБАЙБЫЗБЫ

Уй сарайга барган кабарчы көргөн көзүнө ишенбей дал болуп калды:

- Эмне эле бүгүн баарыңар бирден күрөк, бирден челек көтөрүп уйлардын артынан ээрчип алгансыңар?

- Биздин иш тажрыйбабызды, тазалыгыбызды үйрөнгөнү коңшулаш райондон өкүлдөр келет имиш.

- Келишсе ушинтип күрөк, челек менен тосуп аласыңарбы?

- Жо-ок, алар келип-кеткенче сарайдын ичи-тышын таза кармап туралы деп уйлардын тезегин кургатпай уламкысын-улам чогултуп жүрөбүз.

- Анан уйлардын артынан бучкактап ээрчибей эле турбайсыңарбы?

- Антсек алардын тезегин таппай калбайбызбы.

## МЕН САГА КАПАМЫН

**Баласы:** Күн сайын мас болуп келесиз, ата. Ушу сизчелик көп ичкен киши шаарыбызда жок болсо керек.

**Атасы:** Ошону көрүп-билип жүрүп, анан бир ирет да бали ата, дебедиң. Ошонуңа капамын уулум.

## БИРОТОЛО АЖЫРАБАЙЫН ДЕП...

**Түкө:** Я, Куке, сен ичкиликти биротоло таштабадың беле?

**Куке:** Таштап койсом тели-теңтуштан, жоро-жолдоштон биротоло ажырап калгыдаймын. Анын үстүнө азыр ичкиликти дары катары ичип калышпадыбы.

## ТАК ӨЗҮН КӨРГӨНҮ

- Кулжук, бу шашып-бушуп кайда?

- Айылга. Андан ары тоого.

- И-и, кандай иш менен?

- Көп иш бар сен экөөбүз билбеген. Баратам Аяз атанын так өзүн көргөнү.

- Шаарда Аяз ата болбойт бекен?

- Болгону менен сакал-мурутун, кирпик-каштарын пахтадан илээштирип жасап алган экөөбүздөй эле эки аяктуу бир киши да.

## КАНТИП БИЛИП АЛДЫҢЫЗ?

**Автоинспектор:** - Мен мамлекеттик автоинспекциянын инспектору, милициянын лейтенанты Жолчу Сактановмун... Жолдош шофер сиз жолдо жүрүүнүн эрежесин одоно буздуңуз.

**Шофер:** - Жолдош милиционер, менин одоно бузганымды кантип билип алдыңыз. Мен сизди көргөн жок элем го.

## БИЛСЕМ...

**Автоинспектор:** Сиз эмне үчүн светофорго карабай жолдон жүгүрүп өттүңүз. Аз жерден тиги дүйнөгө кетип кала жаздадыңыз.

**Жүргүнчү:** (Кайгырып). Каап, аны билсем жүгүрбөй жаай басып өтөт элем да!

## ШОФЕР ЭМЕСМИН ДА

**Автоинспектор:** Сиз тигил адамды тебелетип, өмүрүнө залал келтирүүгө аз калдыңыз. Белгиленген ылдамдыкты сактап, абайлап айдасаңыз болбойбу?

**Айдоочу:** Болот. Бирок, мен шофер эмесмин да жолдош инспектор. Өзүмдүн менчик машинамды айдап келатканымды көрбөй турасызбы?

## КАЙЫП КЕЛАТПАЙБЫ

**Автоинспектор:** Машинаңызды жолдун ары жагына, бери жагына чыгара айдап келатасыз. Бир аз ичип алган окшойсуз?

**Шофер:** (Ыктытып). Бир аз эм-ес... тамак алдында 100 грамм агынан...

- Анан?

- Анан, мен тез айдаган үчүн машина кайып келатпайбы.

## «ЖҮЗДҮ» СОГУП АЛАМ ДА

- Чулчук, албарстыдай апсайбай алдырсаң болбойбу чачыңды?

- Биринчиден, жашап жаткан жыйырма биринчи кылымда мен «современный» адам да. Экинчиден, «жүздү» согуп алам да ушул чачка кетчү акчага.

***

Кабарчынын интервьюсунан:

- Сиз кантип тоок багар болуп калдыңыз эле?

- Жашымда эле тоок какылыктаганда ал жаткан жердеги кашектерди аңтара берет элем. Көрсө бул ишке ошондо эле шыгым түшкөн экен.

***

Он эки жашар Тултук атасы менен шахмат ойноп отурат. Ал атасын утуп койду. Намыстанган атасы:

- Уулум, менин шахмат ойногум келбей турат. Жакшысы ушундан көрө күрөшөлүчү,-дептир.

***

Милиционер ичип олтурган бир араккечке кайрылды:

- А, ага-ини, акыбалың жакшыбы?

- Жакшы, азыр акыркысын ичем да кетем жолдош милиционер. Эртеңден баштап таштайм,-деп колундагысын жутуп жиберди.

***

Суук тийип төшөктө жаткан аялын сакайтуу үчүн Мулжук Апендиден кеңеш сураптыр:

- Дары-дармек деле таасир этпеди. Эми эмне кылсам?

- Анда бүгүндөн калбай семиз багылган кой союп, ысык терисине аялыңды ороп кой да этин менин үйүмө тез жеткир,-деп басып кетиптир.

***

**Күйөөсү:** Мага ишканадан кесиптик майрамым күнү Ардак грамота берген атат. Ала берейинби?

**Аялы:** Деги сенин башыңдагы мээң иштейби? Грамота деп коет компоюп, аны башыңа тартасыңбы. Андан көрө бир килем алсаң болбойбу душман көзүнө. Сенде ар-намыс деген барбы?

***

**Жетекчи:** Ичкенден кийин ишканада темселебей үйүңдө жат дебедим беле. Делдейген кулагың кулакпы, же эт мантыбы?

**Кызматчы:** Эмгек тартибин бекем сактап олтурам жолдош начальник. Кетип калсам үйгө, калгандар сөз кылбайбы.

***

- Сизди жаңы кызматка көтөрүлдү деп угуп Чоң чайканага аш демдетип койдум эле. Жүрүңүз. Бүгүн мен куттуктап, белгилеп берейин. Дос-чарыңыздан ээрчитип алыңыз.

- Маакул. Бирок, азыр ачык айтып коеюн. Менин ордум сокрашение болуп кызматтан бошоп калдым.

- Ээ, ушундайбы? Анда мен кеттим. Жаңылыш уккан турбайымбы.

***

- Начальнигим экөөбүз мас болгондо ага каска кийдирбей алып жүрөм.

- Мотоциклде шляпачан кишини учкаштыруу опурталдуу. Эгерде кокустук болсо...

- Ошо кокустук тезирээк болсо гана. Ордуна мен начальник болуп калат элем да.

***

Милиционер эт комбинатынын колго түшкөн жумушчусунан сурады:

- Этти дайыма ушинтип уурдап чыкчуу белең?

- Ооба, бирок биринчи жолу силердин колуңарга түшүшүм.

***

## ТҮШҮНҮК КАТТАР

Жолдош начальник, сиздин кечээ кызматка келбей турганыңызды секретарь кыздан угуп, анан ошого байланыштуу кечээ мен да кызматка келбей калган элем,-деди бөлүмдүн кызматкери Гүлү Сыйдаңова.

***

Мындан ары досторум эле кыстабаса, өлгөндө да ичпеймин,-деп түшүнүк кат аркылуу чексиз убада беремин. Иленсалаң Алдаров.

***

Ошто оюлбаган бир гана көчө калды. Бирок, мен аны кыйнасаңар да айтпаймын. Айтсам эле ал көчөнү да казып саларыңарды сезип турам.

Түшүнүк катты чын дилден ак кагазга түшүргөн Бүдөмүк Күйдүргүев.

## БАЛА ТИЛИ – БАЛ

**Атасы:** - Тойгонуңду кантип билдиң кызым?

- Ашказанымдын капкагы «гарт» деп жабылды да. Добушу оозумдан чыкты, уктуңуз го.

***

Чулчуктун айылдан келген чоң энеси бир бакшы жөнүндө мындайча кеп кылды:

- Ал күчтүү олуя. Сени бир көргөндө эле кандай ооруң бар экенин, азыр эмнени ойлоп турганыңды билип алат.

- Анан биздин класста окуган Оля деген кыз андай эмес го,-деп Чулчук сөз кошту.

***

Атасы адаттагыдай эле баласын саарлап уйкудан ойготту.

- Мектепке жөнөр убактың болуп калды уулум. Тур эртерээк, короздор чакырып атат.

- Кимди чакырып атышат ата?

***

**Апасы:** Уялбай көчөдө жаман, кир кийимиң менен жүрдүңбү?

**Кызы:** Уят болгудай эмне, көчөдө меймандар бар бекен?

***

**Апасы:** Бекитип койгон конфеттердин бири да жок.

**Кызы:** Анан бизге көрсөтпөй эле бекитпейсизби?

***

Алты жашар кызынан апасы сурап калды:

- Айнура экөөңөр теңсиңерби, же ал улуубу?

- Экөөбүз тең экенбиз. Саар менен боюбузду теңештирдик.

***

Биринчи класстын окуучусунан эжекеси сурады:

- Эмне үчүн сабакка кечигип келдиң?

- Эрте менен корозубуз кыйкырбай койбодубу.

***

- Апа, апакебай. Радиодон сүйлөгөндү укту́ңузбу?

- Эмне деди дагы?

- Уйдун сүтү тилинде дейт. Ушул туурабы?

- Туура кызым.

- Туура болсо анан эмне үчүн сиз ар күнү уйдун эмчегин саайсыз?

## ЧЫМЫНДАЙ ЖАН

Чоң атасы менен сүйлөшүп олтурган Чулчук:

- Ата, адамдын жаны кандай болот? – деп суроо берди.

- Адамдын жаны чымындай болот, балам. Түндөсү уктаганда ошол чымындай жан учуп жүрөт. Түш көргөнүң да ошол себептен. Таң атаарда келип мурдуңан кирип кетет, -деди чоң атасы Чулчуктун чачынан сылап.

- Чыгарбай мурдумду таңып алып жатсамчы?

- Анда оозуңан, кулагыңдан чыгып кетет.

Чоң атасынын айткандарына чын эле ишенген Чулчук:

- Мисалы көп киши болуп биздин үйдө уктап жатсак. Таң ата электе бирөө келип баарыбызды чочутуп ойготуп жиберсечи?

Анда менин жаным шашканынан адашып, бөлөк бирөөнүн мурдуна кирип кетсечи? Анан анын жаны экөө болуп, менин жаным жок калбайбы?-деп чоң атасын жалдырап карады.

## ТУУГАНЫБЫЗ БОЛОБУ?

Уйкудан жаңы эле ойгонгон төрт жашар Тултук атасына:

- Ата, кечээ эртең жаңы жыл келет. Анан сен да агаңдар менен бирге майрамдайсың дебедиң беле,-деп сөзүн улады.

- Эмне, Жаңы жыл биздин тууганыбыз болобу?

## БАЛДАРЫН КИМ КАРАЙТ?

- Ата, ар жылы эле жаңы жылда Аяз ата келет да. Аяз эне деле кошо келе бербейби?

- Ээ, балам, алардын да силерге окшогон жаш балдары бар. Ошолорго тамак бышырып берип Аяз эне үйүндө олтурат. Эгерде экөө тең кетип калса, анда балдарын ким карайт?

## *КОТОРМОЛОР*

Бир күнү кошунасы Апендиден сурап калды.

- Апенди аке, сиз уктуңузбу, молдо Доорандын уулу диссертация жактап окумуштуу болуптур. Кызык, илимге кандай жаңылык киргизди экен а?

- Илимге кандай жаңылык киргизгенинен али кабарым жок. Бирок, айлыгына жаңылык киргизгени анык,-дептир Апенди.

***

Антракт учурунда бир көрөрман администратордон сурады:

- Сахнадагы актерлор эмне эле тез-тез телефондун трубкасын алып коңгуроо кылып атышат?

- Суфлерубуз ооруп калган. Ошого актерлор анын үйүнө телефон чалып жатышпайбы.

***

Бир жигит жолдо келаткан кызды токтотуп сурады:

- Жакшы кыз, айтыңызчы сиз бир көргөнүңүздү сүйө аласызбы?

- Жок.

- Анда эртеге дагы келет экенмин да.

***

- Келин-кыздар сыр сактай албайт дегендери такыр туура эмес.

- Кантип билдиң?

- Үйлөнгөнүмө мына 30 жыл болсо дагы али бир жолу да аялым менден жашырып эмне иш кылганын айта элек.

***

Цирктин директору маскарапозго кайрылды:

- Жаңы костюм тиктириш азыр эмне үчүн керек болуп калды. Үстүңдөгү костюм али жапжаңы го?

- Бу костюм эми көрөрмандарды күлдүрө албай атат да.

- Эмне үчүн?

- Бул азыр модага айланган да.

***

Кызы энесинен сурады:

- Апа, эртеге күн ачык болобу?

- Бу синоптиктерге байланыштуу кызым.

***

- Кымбатым, мен алыска-алыска кетип калсам жакшы көрө бересиңби?

- Оо, жаным, сен менден канча узакта болсоң ошончо көп жакшы көрөм.

***

Апендинин бюрократка иши түшүп калды. Эртең менен кезек күтүп кеч киргенде араң кирди. Кетүүгө камданып алган бюрократ ага кеп салды:

- Эртеге келиңиз, беймарал сүйлөшөбүз. Ишиңизди бүтүрөбүз. Бүгүн эми кеч болуп калды.

Апенди ордунан козголбой мындай деди:

- Мага бир түнгө көрпө-төшөк таптырып берсеңиз?

- Жууркан-төшөктү эмне кыласың?

- Баары бир эртеге да келишим керек экен. Убара болбой ушул жерде жатып алайын.

***

Шотландиялык коңшусуна айтып жатат.

- Элестетип көрчү, кечээ мен кинодо болдум жана ал жерде кокустан эле өрт башталды.

- И, анан акыры эмне менен бүттү?

- Бардыгы эң жакшы бүттү. Бизге билет үчүн алган акчабызды кайра кайтарып берди.

***

- Мен өзүмдүн врачтык ишмердигимде бир гана жолу катачылык кетирдим.

- Ал кандай?

- Бир оорулууну эки ирет келгенде эле сакайтып коюптурмун. Анын миллионер экенин кийин билип калбадымбы.

***

Чөгүп бараткан кеменин капитаны экипажга кайрылды.

- Силердин араңардан кимдир-бирөө кудайга сыйынууну билеби?

- Мен билем, сэр.

- О, азамат! Анда сен сыйына бер, а калгандарга куткаруучу желеткени кийүүлөрүн буйрук кылам. Бизде нак гана бирөө жетпейт эле.

***

- Айтыңызчы, сиз буга чейин өзүңүздүн поэмаңызды эч кимге окуп бере элексизби?

- Эч кимге?

- А анда эмнеге сиздин көзүңүздүн айланасы көгөрүп турат?

***

Дюпон түндөсү кандайдыр бир шыбыштан улам ойгонуп кетти. Анан столдун тартмаларын жана анын костюмунун чөнтөктөрүн аңтарып жүргөн ууруну көрүп калды.

- Сиз эмне издеп атасыз? –Дюпон сурады.

- Акча,-ууру жооп кайтарды.

- Мейли анда. Эгерде бир нерсе тапсаңыз мени ойготуп коюңуз.

***

Офицер солдатты жемеледи.

- Рядовой Дюпон, сен кечээ казармага ылжыган мас абалда келдиң жана дагы уурдалган тачканы алдыңа салып түртүп кирдиң.

- Так ушундай, менин капитаным.

- Камакка марш.

- Так ушундай, менин капитаным. Балким эстеп көрөрсүз, жанагы тачкадагы сиз белеңиз?

***

- Мынабу картинада эмне тартылган? Күндүн чыкканыбы, же батканыбы?

- Батканы.

- Эмне үчүн сен антип ойлойсуң?

- Мен сүрөтчү менен таанышмын. Ал эч качан 12ден мурда турбайт.

***

Телефондон үн угулду.

- Люсьен үйдөбү?

- Жок. Ага эмне деп коеюн?

- Мен андан карызга алган 300 франкты ага сиз берип коюңуз.

***

Эки кемпир өмүрүндө биринчи жолу ат майданга барышты. Алардын бирөө кайраттуулук кылып 5 деген номерлүү атты өзүнө ыйгарып отурду. Жарышта ал ат финишке эң акыры болуп келди. Ошондо кемпир терең дем ала сүйлөдү: - Кудай жалгабадыбы. Эгерде мен ал атты утуп алганымда аны менен эмне иш кылат элем?...

***

Мопедде бараткан бала бир жоон семиз кишини жыга коюп кетти. Жабыркаган ал бакырып жиберди.

- Сен эмне, айланып өтүштү билбейсиңби?

- Бензини түгөнүп калабы деп корктум...

# СҮРӨТТӨР ДА СҮЙЛӨЙТ



Кызыл-Кыя ш. 22-октябрь, 1958-ж.



Октябрь, 1970-ж.


30/09/81
Пансионат „Арсланбаб“ 1981 год



Ош студиясы. 1-ноябрь, 1983-ж.



Өзгөн шаары. 6-апрель, 1984-ж.



15-февраль, 1999-ж.




4-июль 2000-ж.



Июнь, 2002-ж.




Ош, 2004-ж.



Август 2007-ж.




15-декабрь, 2010-ж



17-октябрь, 2010-ж.. «Керемет» телерадио компаниясынын 15 жылдыгында «Акөргө» студиясын ачуу аземинен



17-октябрь, 2010-ж.. «Керемет» телерадио компаниясынын 15 жылдыгында «Акөргө» студиясын ачуу аземинен

# Мазмуну


| | |
|---|---|
| **Элим менен жашоо Керемет** | **3** |
| **«Кереметти» башка өлкөлөр да көрөт** | 5 |
| **Ош европаны көрөт** | **8** |
| **Ала-Тоону шаңга бөлө, «Керемет!»** | **10** |
| **«Керемет» улуу Британияда** | **12** |
| **«Керемет» калемгерлери жөнүндө баян** | **17** |
| **«Имею право по всей Америке летать бесплатно!»** | **27** |
| **Келечектүү «Керемет»** | **32** |
| **«Керемет» – это чудо** | **37** |
| **Керемет дүйнө тартуулагыбыз келет...** | **42** |
| **Жер ыйы** | **4**5 |
| **Өмүр кени** | **46** |
| **Куруучулар эмгекчинин алпы да** | **47** |
| **Сармерден** | **48** |
| **Даанышман** | **49** |
| **Сагындым** | **49** |
| **«Арашандагы» толгоо** | **50** |
| **Түбөлүк чакырык** | **51** |
| **Турмуш неге кызыктуу?** | **52** |
| **Күн өлкөнүн баласы** | **53** |
| **Кара-Шоро чакырат** | **54** |
| **Түбөлүктүү түнөгүм** | 55 |
| **Тынчтык болсун дүйнөдө** | 55 |
| **Кусалык** | **56** |
| **Мен сени сагынам** | **57** |
| **Сынаганым** | **57** |
| **Күлүп келчи** | **58** |
| **Куплеттер** | **58** |
| **Сүйүүнүн обонун созолу** | **59** |
| **Балам-бактым** | **59** |
| **Сүйүү ишеними** | **60** |
| **Түшүмө кирдиң...** | **60** |

**Сен эгерде... 61**
**Өзүңдөн кубат алам 62**
**Келсеңчи эркем 62**
**Бүлбүлдөйт элесиң алыстан 62**
**Сүйүү жазы 63**
**Поэзия 63**
**Арман 64**
**Сүйүү жазы 69**
**Сүйүү ишеними 73**
**Коммунист 75**
**Декан Даулетбаев 82**
**Мен кантип графолог болдум? 88**
**Байыркы Ошту барктайлы 94**
**Кара-Шоро көйгөйлөрү 107**
**Бак-таалайлуу байыркы Өзгөн 119**
**Ыйык сөз 138**
**Жүрөгүндө да жылдызы бар 154**
**Кыргыз кылынын жаңырыгы 163**
**Маңдай тердин үзүрү 172**
**Камтама болбогула 177**
**Күйдүргү 183**
**Жаңылануу доорунда 184**
**Креслодон креслого 187**
**Каргалар тобу 189**
**Мекеменин эркеси 191**
**Жолугушуу 195**
**Акчанын айынан... 196**
**Жоготот имиш жоругун 199**
**Япон телевизору 203**
**Ак жүрөк 207**
**Үй-бүлөлүк кеңешме 211**
**Сөз мааниси 216**
**Боорукер тууган 220**
**Айып кимде? 226**
**Ак жолтой келин бол 230**

| | |
|---|---|
| **Мал ээсин тартпаса...** | **236** |
| **Атка минерде абайла** | **237** |
| **Кошоматчы** | **238** |
| **Куттуктоо** | **239** |
| **Мактанычтын майнабы** | **240** |
| **Кесип ал** | **241** |
| **Биз салган таш жанагы** | **242** |
| **«Ак алтынын» чууруп...** | **242** |
| **Таппай калбайбызбы** | **244** |
| **Мен сага капамын** | **244** |
| **Биротоло ажырабайын деп...** | **244** |
| **Так өзүн көргөнү** | **245** |
| **Кантип билип алдыңыз?** | **245** |
| **Билсем...** | **245** |
| **Шофер эмесмин да** | **245** |
| **Кайып келатпайбы** | **246** |
| **«Жүздү» согуп алам да** | **246** |
| **Түшүнүк каттар** | **248** |
| **Бала тили – бал** | **248** |
| **Чымындай жан** | **250** |
| **Тууганыбыз болобу?** | **250** |
| **Балдарын ким карайт?** | **251** |
| **Котормолор** | **251** |
| **Сүрөттөр да сүйлөйт** | **255** |

Оморбек АБДИРАИМОВ

# ЭЛИМ менен ЖАШОО
# КЕРЕМЕТ

Редактор: Хамытова З.А.
Тех.редактор: Тойчубаев А.А
Корректор: Абдираимова Венера
жана Айжамал

Терүүгө берилди 01.06.2011-ж. Басууга кол коюлду 15.02.2012-ж.
Кагаздын форматы 60х84. 1/16 Көлөмү 16 б.т.
Нускасы 200, Буюртма № 33

Ош шаары, Курманжан датка көчөсү 236